
БЕКТУР ИСАКОВ

МАНАСТЫН ЖЕТИ ОСУЯТЫ



КОЛДОНМО

БЕКТУР ИСАКОВ

МАНАСТЫН ЖЕТИ ОСУЯТЫ



КОЛДОНМО

Нарын обл. Нарын мамлекеттик университетинин Илимий китепканасы
Илимий китепканасы
40676

Бул колдонмо мектеп окуучуларына, мугалимдерге жа студенттерге арналып түзүлдү. Бирок андан каалаган эле адам, ан ичинде саясий ишмерлер да пайдаланса болот.

© "Учкун" мамконцерни, 1997.

Бул колдонмо билим жылынын урматына карата Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин демилгеси менен жарык көрдү.

БЕТ АЧАР

Баарыбыз, буйруса, XXI кылымдын үзөнгүсүнө бут салганы отурабыз. XX кылымдын ала кетер дөөлөттөрүңүздүн арасында (ал дөөлөттөрдү ушул кылымдын этегине чейин урунсаңыз да болот) Сизге белек катары тартууланган ушул кут куржун бар. Ооба, кут куржун. Анын бир көзү толо "Манастын" өзүнөн - бир нече варианттардан терилип алынган, чакан-чакан тесте түрүндө номур менен чеги ажыратылып, кимден, кайсы китептен алынганынан бери тастыкталып берилген, жети осуятты камтыган нускалар. Ага удаа ошол нускалардын маанисин чечмелеген ой-пикирлер, сунуштар, тыянактар жайгаштырылды. Ал эми кут куржундун экинчи көзүнө "Манас сабагын" жана жети осуятты кантип окутуу боюнча усулдук колдонмо салынды. Алардын арасында "Манас" окуу программасы да бар.

"Куржун" - ар бир киши ала жүрүп (карууга, же ийинге, же атка арта салып) күндөлүк тиричилигинде пайдалануучу буюм маанисинде эле алдык. Улуу жүрүшкө чыккандарга мындай куржун "Манастан" баштап эле берилип келген. Мисалы, Каныкейдин кырк чорого арнап берген лөк куржундары эсиңиздедир. Жана да кыргыз наркында той куржун, күйөө куржун деген каадалар колдонулат. Бирок биздин куржундан каалагандын баарын ала беришке болбойт. Анткени ал чектелүү. Ага "Манастагы" эл, демократия, салт-санаа, ишеним, бир сөздүүлүк, көпкөндүк, ж.б. камтыган ондогон осуяттар салынган жок. Ал эми "кут" дегенди "жан байлык" маанисинде алдык. Ошондо "кут куржун" - "жан байлык салынган буюм" маанисин берет. Демек, жети осуятты жана "Манас" боюнча усулдук колдонмону ичине камтыйт.

Накыл кепте "Досуңдун бергенинин тишин ачпа" дейт. Бирок бул кут куржундагылардын чаркы чамалууларын ичиңизде сактасаңыз дегендик эмес. Чындык, адилеттик, түшүнгөн кишиге, достордун ортосун ачпайт, кайра бириктирет. Же куржундун оозун бүчү жиптер менен илме-кайып кылып киличтегендей бекемдейт. Ошол себептен сунуштарыңыз болсо, Талас районундагы Арал орто мектебине жибериңиз. Таберик катары кабылдайбыз.

Ошентип, бул миңдеген жылдарды кечип, нечен катаал заманларды найзадай көзөп өтүп келген "Манастагы" жан байлыктар Сиздин иш-аракетиңизге жарыгын чачсын, күргүштөгөн атуулдук арнамысыңызга өбөк, рухий бойтумар катары жаныңызга жөлөк болсун! Андан бешенеңизге мээр жандырып, очогуңузга от тутандырып алыңыз, окурман.

КУТ КУРЖУН


Биринчи көзү

...Ушу "жети" санын ыйык деп ырымдап, мен дагы улуу "Манас" дастанынан жети сабак, жети осуят алып чыктым. Ошо жети сабакты, Манас атабыздан калган жети осуятты ар кимибиз жүрөгүбүздө алдейлеп, мусулмандар өздөрүнүн беш парзын кандай ыйык тутса, биз дагы аларды ошондой бийик кармансак, анда биздин келечегибиз кең болот деп ойлойм.

Аскар Акаев

..."Маната "эмне ыйык? Ата журт ыйык, анын бөштөндүгү ыйык. Алатоонун бүтүндүгү, ак калпак журттун биримдиги ыйык. Акыйкаттыкка, актыкка, адилеттүүлүккө негизделген достук ыйык. Ата конушка агынан жарылып ачылган адал мээнет ыйык. Мекен алдындагы парз ыйык. "Маната" эмне улук? Эл-журттун мүдөө-кызыкчылыктары менен жуурулушкан абийир, ар-намыс улук. Ак жашоого умтулган, адеп-ахлак улук. "Маната" дагы эмне ыйык? Алмустактан бери келаткан ата-баба салты ыйык, наркы ыйык. Апа ыйык. Ата ыйык. Алатоого атуулдук берилгендик ыйык. Алысты болжоп көргөн акылман акыл-эс, өзүнө да, өзгөгө да аяр караган сынчыл рух ыйык... Бүгүнкү жашообузда болгон рухани вакуумду "Манастын" ушул ыйык дөөлөттөрү менен толтуруш керек. Кыргыз улутунун рухий турмушунун фундаментинде ата конушубуздун топурагында илгертен жашап келаткан ушул ыйык дөөлөттөр жатышы абзел.

Советбек Байгазиев



ЖЕТИ ОСУЯТ

Биринчи осуят

1. Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган биримдиги.

"Эч ким бузуп ала албайт,
Бирдиктүү элдин калаасын.
Ар ким жумшап кул кылат
Бирдиксиз элдин баласын".
(БВ,"Сейтек",
1960, 173-бет)
"Калкым кыргыз, сен үчүн
Курман болуп кетейин".
(Манастын сөзүнөн).

Аскар Акаев: "Манастын бүт аракети бүлүнгөн элижуртун бүтөп, үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйноодо болду. Ушул максат ишке ашканда, кыргыздын жылдызы да жанып турган. Эл ичинен ырк кетип, өздөн чыккан жат күч алганда, Манастын ордосу кулаган. Ошондо кыргыздан оомат кетип, жылдызы өчкөн. Даанышман Бакай бабабыздын кылымдар түпкүрүнөн үн каткан "Байкагыла балдарым, бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет" деген осуяты бүгүнкү күндө дал ушул биз үчүн айтылып аткандай угулат".

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Манас" эпосунун 1000 жылдыгына арналган салтанатта сүйлөгөн сөзүнөн.

1.1. Молто кан менен Алооке кыргыз элин өрт өчкөндөй кылып чабат. Калың аргын кыргыздын башын бириктирбөөнүн амалын ойлоп табышат. Ошондо Алооке минтет: "Бөтөнү турат сөзүндө, Бөлөгү турат көзүндө, Чамасы келсе бул бурут Чалышкан турат өзүмө. Ушунчадан күтүнүп, Мунун үйрүн бузуп тийбесек, Эгерде бизди соо кылбайт, Муну туш-тушка бөлүп ийбесек. Жаккан отун өчүрүп, Жан жабылта көчүрүп, Буга жер бербейли конушка, Мунун бирөөн айдап Иренге, Муну түшүрүп жибер тереңге, Бирөөнү айдап Каңгайга, Бирөөнү айда кара калмак Алтайга. Түп коргонун түз кылып, Түгөл айдап жоголткун!" *(Саякбай Каралаев, "Манас", I китеп, 1984-жыл, 35-бет).*

1.2. Молто кан Алоокенин тилин алат да,кыргыздарды гаруудай чачыратат. Эгерим кайра бирикпегидей жазаны қолдонот.

"Балбандарды башкача Басып кызык салганы, Өлгүрбөстөн житирбей, Тирүү байлап алганы. Кайран Балга, Жакыпты Кырк үйлүү кыргыз баш кылып, Алтай көздөй айдады. Бирөө айдалды Иренге, Бирөө түшүп кетти тереңге. Жер табылбай конушка Оболку дарты қозголду, Тополоңу тоз болду" *(СК, "Манас", I, 1984, 35-бет).*

1.3. Бай Жакыптын арманында калк камы жөнүндө минтип айтылат: "Долоно саптуу айбалта Муну голгонтуп ийбей ким аштайт? Бу тозуп жүргөн көп журтту Тамсортпой муну ким баштайт? Кара жаак айбалта Муну кайкалатпай ким аштайт? Камоодо жүргөн калың журт Муну капа бир кылбай ким баштайт?" *(СК, "Манас", I, 1984, 38-бет).*

1.4. Акбалта Манас жөнүндө Жакыпка минтип айтты: "Сары адырмак шыбыргак Белди табат экенбиз, Киндик кесип, кир жууган Жерди табат экенбиз. Паана берип жараткан Элди табат экенбиз, Билсең, кадыр түн келди, Бизге бир жакшылык тиер күн келди. Туулганда кара жер Токтоно албай термелди. Аты Манас бул бала, Байкасаң бизге шер келди" *(Бириктирилген вариант, "Манас", I китеп, 1958, 29-бет).*

1.5. Акбалта: "Кара калмак, манжуу журт Төбөбүздөн басканда, Кечээ быт-чыт кылып туш-туштан Баарыбызды чачканда, Кордукту койбой салганда, Мал менен башка ээ кылбай, Такыр талап алганда, Колу-бутубуз байланып, Капаланып кайгырып, Бирөөбүз түшүп Эренге, Бирөөбүз түшүп кетиппиз, Чыкпай турган тереңге" *(БВ, "Манас", I, 1958, 29-30-беттер).*

1.6. Акбалта: "Ушул бир бала чоңойсо, Сени беките турган бел болор, Керише келген душмандан Сенин кегиңди алар эр болор. Жакып, сенин үзүлгөнүң уланат, Чачылганың жыйналат, Өрттөнгөн жүрөк басылат, Аман уулуң чоңойсо, Сенин умачтай көзүң ачылат" *(БВ, "Манас", I, 1958, 30-бет).*

1.7. Акбалта: "Айдалып келдик алыстан Тууганыбыз кыргызды Таап берчи эр ошол" *(СК,"Манас", I, 1984, 55-бет).*

1.8. Акбалта: "Байланып жаткан бактынын Багын ашчу уул экен, Алтайдагы карып журт, Аман бала чоңойсо, Азат кылар шер экен" *(СК, "Манас", I, 1984, 55-бет).*

1.9. Калмактын 80 баласын кубалап алган Манасты Жакып токтотот, анан үйгө келгенден кийин аябай наалыйт. Ошондо Акбалта ага минтип айтат: Караөзөн

кайда, бел кайда, Аталаш кыргыз эл кайда? Сенин кейип жаткан бул малың Айдаса бир күн жоонуку. Бул тентек бала оңолот, Өлбөсө бир күн журттуку. Бекерге жыйган куң малың, Кыйкырса бороон, жуттуку". *(БВ, "Манас", I, 1958, 34-бет).*

1.10. Жакып душманга тартуу тартып, багынып берели дейт. Манас безге сайган эмедей секирип кетет да, минтип айтат: "Өлбөй тирүү жүргөндө Не муратка жетейин. Калкым кыргыз, сен үчүн Курман болуп кетейин" *(БВ, "Манас", I, 1958, 46-бет).*

1.11. 700дөй кол менен келген Кочку Манастан жеңилет. Ошондо "Кайнатмак болдуң шорумду" - деп Жакып кейисе, ага Акбалта минтип күүлөнөт: "Кейибе, Жакып, жөнү жок, Эркек балаң эр болсун, Эр болбосо ал бала Туулбай кара жер болсун. Аман болсоң карап тур, Күптүңдү чечер шер ушул. Өчкөн отуң тамызат, Өлгөн жаның тиргизет. Балам тентек чыкты деп, Кайгыланба, бай Жакып. Бүткүл малды чачалык, Медер кылып Манасты Кыргызды көздөй качалык. Бул Алтайда турганда Не мураска жетебиз? Медер кылып Манасты, Жүр, кыргызга кетелик" *(СК,"Манас", I, 1984, 76-77-беттер).*

1.12. Чыйырдынын Жакыпка айтканы: "Балам тентек чыкты деп, Зарлабагын малыңа, Сандыгыңдын баарысын Сары алтын мүлккө толтурат. Туурдугуң май кылат, Аман жүрсө жалгызың Сени туш-туш жерге кан кылат. Үзүлгөнүң уланат, Чачылганың жыйналат. Аман болсо Манасың, Кең-Кол, Талас жер табат, Атамдан калган мураа деп, Аргын, кыргыз эл табат. Аман болсо Манасың Күйүттүү кабак ачылат, Күйүккөн жүрөк басылат" *(СК, "Манас", I, 1984, 69-бет).*

1.13. Катагандын кан Кошою жөнүндө Акбалта Манаска буларды бала каздай баркылдап айтып берет: "Батасы элди байыткан, Дубасы жанды жарыткан Абаң Кошой кайран эр Кененче керчөө тон кийген, Керкабылан ат минген. Жети өзөндөй кайран жер Эби менен жер кылып, Азган-тозгон кыргызды Эптеп жүрүп эл кылып, Кулаалы таптап куш кылып, Курама жыйып журт кылып, Теликуш багып куш кылып, Тентиген элди жыйып журт кылып, Катагандын кан Кошой Коргонун таштан салды дейт, Азган-тозгон ал элге Башчы болуп калды дейт" *(СК, "Манас", I, 1984, 108-бет).*

1. 14. Ай кулагы калкандай, алагар көзү чолпондой болгон Кошой кыргыз элинин биримдиги жөнүндө бөтөнчө кам көрөт. Ал Манаска төмөндөгүлөрдү айтып берет: "Чоң Каракан өлгөндө, Жетик белди курчандым, Жер жайнаган манжуга Жеке кирип кол салдым. Мени

менен жанжоро Ээрчиткен кырк бир алп өлүп. Жаралуу болдум эр Кошой, Жетимиш жерден жара жеп, Томугум жара ок тийип. Селбип минер буудан жок, Караан болор тууган жок. Тукумдан бирөө чыгар деп, Сени туу кылып жүргөмүн. Туулса Манас болор деп, Сени туулбастан мурун билгемин. Кытай кыргын салганда, Көктөн ай менен жылдыз тутулуп, Көк жал Кошой абакең Көрүнөө качып кутулуп. Эрешен жыйдым, эр жыйдым, Эчен түрдүү шер жыйдым, Берен Манас сен үчүн. Келээриңди билгемин, Келет го деп жүргөмүн! Келбесең издеп барууга Азган-тозгон кыргыздын Эрлерин жыйнап алгамын. Кырк уруу кыргыз бөрүнүн Кыйынын жыйнап алгамын. Алтайдагы калмакка Кыргынды кыйла салсам деп, Ажал жетсе өлсөм деп, Айлам болсо кырк үйдү Ажыратып келсем деп, Аргындан тандап ыктуудан, Кыргыздан тандап албандан, Жоон көкүрөк балбандан, Өзү өлөрүн билбеген Ала көлдөк дардаңдан, Качпай турган эренден, Чоочубаган беренден, Кылычка кыйын ыктуудан,Кылчайбай жоого тийүүчү Кызыл моюн мыктыдан Түгөл жыйып алгамын, Уулум Манас, сен үчүн, Ушунчаны камдадым" *(СК, "Манас", I, 1984, 114-115-беттер).*

1.15. Кошойдун Манаска айткан акылы: "Жылгындуу Кеңкол, Талас бар, Мекен кылып конуп бер, Бизге караан болуп бер! Бабаңдан калган жериң тап, Өлүмдөн калган элиң тап!" *(СК, "Манас", I, 1984, 120-бет).*

1.16. Манас Таласка келет. Ошондо шумкар куштай баркылдап акылман Кошой минтип айтат: "Ар жагы Талас, Атбашы, Айланайын кулунум, Катарлаша жаталы! Жоону бирге жоолайлы, Доону бирге доолайлы, Милтени бирге чоктойлу, Бараңды бирге октойлу! Катылып жоо тийбеске, Кароолду катуу салалык. Азган-тозгон аз элге Арка кылып Манасты кан көтөрүп алалык! Балам, Манас, кулунум, Кара жаак айбалта, Кайкалатпай аштап бер, Калың кара кыргызды Каран кылбай баштап бер! Кара тоодой кан болгун, Кырк уруу кыргыз элине Касиеттүү жан болгун! Эки тизгин, бир чылбыр, Эми колго алыңыз! Эр абаңды ошондо Энишер жерге салыңыз! Муратыма жетемин, Кабылан Манас, сен үчүн курман болуп кетемин!" *(СК, "Манас", I,1984, 168-бет).*

1.17. Манастын тилеги, "Азып кеткен журтумду Бирин койбой жыйбасам, Бөлүнүп кеткен туугандын Тирүүсүн издеп таппасам, Малдан ачып баарды, Кыдырып кыйла шаарды Жетимдерди таппасам, Канат талып, бут жетер, Жерге чейин барбасам *(СК, "Манас", I, 1984, 184-бет).*

1.18. Жер очогун ойдуруп, Камбар боздун үйүрүнөн тогуз жылкы сойдуруп, Алтай элин чакыртып, келген калайык-калкка Бай минтип айтат: "Балдар, башчысы болбой марыбайт, Башаламан жарыбайт. Камдуу журт жоого кор болбойт, Жарактуу киши зар болбойт. Жайыт болбой мал болбойт, Жабылса душман жан койбойт. Калкалайм десең жаныңды, Калдайган журтум биригип, Көтөрүңөр каныңды. Кандуу журт болуп калалык, Калаба кылса кытайлар, Кайрат кылган бололук. Өлүп калсак кокустан Бир чуңкурга тололук, Тирүү болсок баарыбыз, Бир дөбөдө бололук. Калкка кабар салалык, Кайраты бар бирөөнү Кан көтөрүп алалык" *(Бириктирилген вариант, "Манас", I китеп, 1958, 70-бет).*

1.19. Кошойдун Манаска акыл айтканы: "Балам, армандуу элди жыялы, Балам, атадан Калган жер да бар, Ачылып калган көр да бар, Куру өкүмдүк не пайда, Өз күчүңдү мелжеп ал. Өрдүк кылсаң өлчөбөй, Өз башыңды кыярсың. Жулунуп кетсе курган баш, Чырагым, журтуңду шордуу кыларсың" *(Бириктирилген вариант, "Манас", I китеп, 1958, 80-бет).*

1.20. Кошой: "Ат кара тил болгондо, Жети асаба туу алып, Жер майышкан кол алып, Астыңдан тосо барармын. Чырагым, сенин өзүңө Жолдош болуп калармын. Жолум үй тиге конормун, Кырааным, сенин өзүңө Кармашта курман болормун" *(Бириктирилген вариант, "Манас", I китеп, 1958, 80-бет).*

1.21. Кошой: "Үзүлгөндү улайлы, Чачылганды жыйнайлы, Жоголгон жокту табалы, Журт айласын кылалы" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 82-бет).*

1.22. Кошой: "Колума менин сен тийсең, Кызыкты мынча салармын. Мейли, кызыл бороон жоо келсин, Кулунум, кыйкырып чыгып турармын. Токсонго жашым барса да, Түз кирип, найза сунармын. Түгөнүшөр жоо чыкса, Туу түбүндө турармын" *(Бириктирилген вариант, "Манас", I-китеп, 1958, 82-бет).*

1.23. Кошой: "Медер туткан белимсиң, Бейпайга калган бул элди Ажыратар шеримсиң. Бүгүн, Манас кулунум, Көп сүйүнүп турамын. Кеткеним келип конду деп, Картайган кезде чырагым, Кемиген жерим толду деп" *(БВ, "Манас", I китеп, 1958, 81-82-беттер).*

1.24. Кошой: "Эр жигит жерине келип конуучу, Эл ичинде азамат Эл үчүн курман болуучу" *(БВ, "Манас", I китеп, 1958-бет).*

1.25. Манастын Алтайлыктарга айтканы: "Баарыңарга эп болсо, Бала да болсом кан кылдың, Мен бийлеген кеп болсо, Көнкү кыргыз балдары, Корстон болбо дүйнөгө. Короодо жатат коюм деп, Кор болбоймун оюм деп,

Комсоо кепти сүйлөбө! Өрүштө жылкы малым деп, Өкүнүчтүү болор айткан кеп. Жайытта жатыр уюм деп, Сандыкты дүйнө-пулум деп,Санаага салсаң жаман кеп! Жүк артсам арбын төөм деп, Төөм бардан жүрөм деп, Дөөрүгөнүң жүдөө кеп! Конокко сой бир койду, Корооңо кой миң койду. Бир карышкыр кириптир, Миң койду кайдан тим койду!" *(БВ, "Манас", I китеп, 1958, 88-бет).*

1.26. Манас: "Жылдырып жылкы айдадың, Сызылтып казы чайнадың, Зыңкыйтып күлүк байладың, Сыдырым сыртты жайладың. Жоо сыртынан багыптыр, Кыйкырып добул кагыптыр, Куюндай учуп жылкыңыз Жоого кетип калыптыр. Жылкым менин арбын деп, Жыргап жатыш кандай кеп?" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 88-бет).*

1.27. Манас: "Арбагы бийик Алатоо, Барбай кантип коеюн, Атамдан калган жеримди Албай кантип коеюн" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 89-бет).*

1.28. Манас: "Ак куулар сүзгөн көл таптым,Тулпарым токтоор төр таптым. Калмакты көрсө кайышкан Тууганым кыргыз эл таптым, Капчыгай таптым, төр таптым, Айдыңдуу Талас жер таптым. Жанына жандын бара албай, Журтум, жалтак болгон экенсиң. Жабууласа көп калмак Коркок болгон экенсиң. Тукумдан тукум ээлеген Тоо сеники турбайбы, Тунуп аккан өзөндөн Суу сеники турбайбы" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 103-бет).*

1.29. Элдин сүйүнгөнү: "Үйүр сагынып ат келет, Эл сагынып эр келет. Эл башына күн тууса, Эл жараткан эр келет. Кара бороон күн жааса, Бул Манас калка болот экен го, Калдайган калың эл курап, Бул Манас арка болот экен го. Ээр токунуп, ат минип, Белеске чыгып үй тигип, Адам болот экенбиз. Көңкү кыргыз болгону Көрө турган күн бар го, Иче турган суу бар го! Башыбызга кармоочу, Байкуш болчу бул журтта Эми бала Манас туу бар го!" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 104-бет).*

1.30. Кошой: "Кулунум, көчүп келип Алтайдан, Калк курапсың ар жайдан. Кары да болсом көмөкмүн, Кашыңа сенин керекмин. Кара жанга күч келсе, Таянар болсоң терекмин. Арык жүрүп семирдим, Ачка жүрүп тоюндум, Жардылыктан байыдым, Жалгыздыктан көбөйдүм" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 107-бет).*

1.31. Акбалтанын Манаска айтканы: "Кеңчилик берсек, чырагым, Кейиген журтту эптейин, Чегишер жоонун жолунда Чебиңди сенин бектейин. Белгилүү жерден бел табам, Мен сага бек караан болчу эр табам" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 109-бет).*

1.32. Жакыптын Манаска таарынышы: "Ок өтпөгөн тоң кийген, Ок жетпеген ат минген Оен келди Манаска. Миңди көрсө шашпаган Жолборс келди Манаска. Багелектен алышкан, Балтырдан чапчып чалышкан, Бука моюн, буура сан Балбан келди Манаска. Ат күлүгүн мингизди, Баатыр сором менин деп, Манас тон мыктысын кийгизди. Жылкы тандап бээ союп, Баатырың зыяпатын арттырды. Сары казы, кыйма жал, Манас коногуна тарттырды. Уулум, Манас, өлсөңчү! Жеңичкенге жоготтуң, Менин жер жайнаган малымды. Кайнаган түмөн мал кайда, Өндүрдүү Алтай жер кайда? Калың малдан айрылып, Өлгөнү келген экенмин, Бул Манастын кордугун Көргөнү келген экенмин. Түгөттүң түптүз күлкүмдү, Сарп кылып жоготтуң, Сен, Манас, сан казына мүлкүмдү" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 174-175-беттер).*

1.33. Баба Дыйкандын Манаска айтканы: "Ата Ороздунун көзү барында, Эшигинин алдында Жүздөгөн тулпар байлаткан. Бет алыша келгенде, Душмандын шорун кайнаткан. Басташкан жоодон качпаган, Ушу кыргыз журтунду Ата болуп сактаган. Атаң өлүп, баш кетип, Андаалап журту тараган" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 176-бет).*

1.34. Манас өзү жөнүндө: "Он үчкө жашым келгенде, Алтайдан чоро жыйгамын, Каран кылган журтумду Кара кытай, манжуудан Ажыратып алгамын" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 184-бет).*

1.35. "Манас дейт менин атымды, Тукуму кыргыз элибиз. Жакында көчүп келгемин, Алатоо, Талас жериме. Жыйнасам деген нээтим бар, Кыргын, чапкын көп көрүп, Кыйрынан азган элимди" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958,184-бет).*

1.36. Эсен кандын Манасты жок кылмакчы болгон акылы: "Бу Манас оңой жоо эмес, Манасты алдап сойбосок, Өлүм кылып койбосок, Татытат шордуу тузунду, Умачтай ачат уйкунду. Убаданы бек кылам, Адам өлөр шерт кылам: Кара жолтой Манасты Кармап союп келгенге Алтын таажы кийгизем, Алтын такка мингизем, Калмак менен маңгулдун, Бир чоң кандыгын билгизем" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 268-бет).*

1.37. Кыргыз биримдигин талкалоо үчүн өздөн чыккан душмандардын аракети. "Көкчөкөз менен Көзкаман, Желтийбес менен Чаңдаяк, Орозон баштап - бул бешөө Манасты барып союуга, Канына мыктап тоюуга, Башын кесип жеткизип, Эсен кандын алдына Белек кылып коюуга, Аянбастан ант кылып, Өлүп кетер уу жалап, Чочкодон төрттү союшуп, Бичикти төшкө коюшуп, Эсен

кандын алдынан Тийсе өлтүрөр уу алып, Бээжинден чыгып жол жүрүп, Жүрүп келет беш айбан - Журтуна бузук беш айбан" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 268-269-беттер).*

1.38. Көкчөкөз менен Көзкамандын Манаска айтканы: "Серпилип качкан биз болдук, Себебин тапкан сен болчу. Томсоруп келдик, бел болчу, Тоңуп кетсек, тон болчу, Жөөчүлүк өттү, тай берчи! О, Манас, суусап кеттик, чай берчи! Арыдык, жанды семиртчи, Ачтык, курсак тойгузчу. Манжуудан көрдүк кордукту, Кара кытай, көп шибээ Калкынан көрдүк зордукту. Кабылан Манас, башынан Калкты күткөн адатың, Калмактан келген мобулар, Сенин көтөрүп учар канатың" *(БВ, "Манас", 2-китеп, 1958, 270-бет).*

1.39. Акаярдын Каныкейге айтканы: "Тууганың менмин деп жүрүп, Сенин беш калмак жетти түбүнө! Араң жан кылды абамды, Сенин Көзкаман бышты сабаңды! Жат кылды жомок ырыңды, Бээжинден келген калмагың Байкап билди сырыңды. Тууганың болуп душманың, Сенин ичиңде калды бушманың" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 279-бет).*

1.40. Шуутунун өзөктөгү өрттүн өчүрүлүшүн Манаска айтып келген жери: "Сенин кымызы таттуу тууганың, Манас, Караандар кырып коюптур, Манас, Баягы керилген аган Көзкаман Бакай кан кайсап коюптур, Манас. Алманбет атып өтүптүр, Манас. Кырааның Чубак көйкашка Кыйдалыдан жетиптир, Манас. Сенин кырдалдуу абаң Көкчөкөз, Кериктен учуп кетиптир, Манас. Сыртынан Сыргак оюптур, Манас. Калмактан келген тууганың, Манас, Кырк чоро кырып коюптур, Манас" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 293-бет).*

1.41. Манастын Шуутуга айткан жообу: "Өчкөн бир отту тамыздың, Шуутум, Өлгөн бир жанды тиргиздиң, Шуутум. Ушу бир кебиң чын болсо, Шуутум, Таласта кыргыз айлымды ал, Шуутум, Каалаган жерден зайбыңды ал, Шуутум. Азырда түмөн малымды ал, Шуутум, Аздык кылса, көөкөргө куюп канымды ал, Шуутум" *(БВ, "Манас", I-китеп, 1958, 293-бет).*

1.42. Манас: "Өзүңдөй эрлер уялаш, Мага өлүмгө орток тууганым. Пейли сүттөй берендер, Менин белимен медер кылганым. Менин ташыганым, жыйганым - Акжолтой чоро кырк кыраан - Абийирим менен ыйманым" *(БВ, "Манас", I, 1958, 294-бет).*

1.43. Манастын бет алдынан көк тулпар сындуу ат минген, көк сүлөөсүн бөрк кийген баатыр чыгат. Оң жагында он эки батман чоюнбаш байланган Бакай Манасты таң калтырат. Ошондо Манас минтип

ойлойт:"Кыраан да экен, ыктуу экен, Кылымды бузар мыкты экен. Коюбуз болсо короолош, Ашты ичсек жоролош, Белгилүү жерге бир консок, Бет алышып дос болсок, Казына күтсөк жыйгандаш, Өлүп калсак ыймандаш, Баатыр болсок билектеш. Алты ай сапар жол тарткан Бууданым болуп калсачы, Астыма келген ушул жан Акыреттик дос болуп, Тууганым болуп калсачы" *(СК, "Манас", I, 1984, 186-бет).*

1.44.Бакайдын "Ураанын ким, дайнын ким, уругун ким, айлын ким?" деген суроосуна Манас мындайча жооп берет: "Жайы-кышы кар кетпес Алатоо биздин жерибиз. Кабылан Манас өзүмүн, Элдешер көөнүн бар болсо, Эрди издеп жүрөмүн, Баатырдыгы башкача Шерди издеп жүрөмүн! Өзүм менен бирге өлчү Теңди издеп жүрөмүн, Чолпон менен Үркөрдөй Болжош издеп жүрөмүн. Найза сайып, топ бузчу Жолдош издеп жүрөмүн! Бирөө миңге татыган Жолборс издеп жүрөмүн! Өлүмдөн кайра тартпаган, Ажалдан кайра кайтпаган Эрен издеп жүрөмүн, Жети түмөн кол келсе, Жеке аралап кол салган Беренди издеп жүрөмүн" *(СК, "Манас", I, 1984, 187-бет).*

1.45. Бакай да Манасты түшүндө көрүп издеп чыккан экен. Эки баатыр табышат. Ошондо Манас мындай дейт: "Уйпаланып кайран жан Топуракка жеткиче, Тулпардын оозун буруп бер, Туйгун аба, Эр Бакай, Ата болуп өзүмө Тутка болуп туруп бер. Эки тизгин, бил чылбыр Эл бийлигин алыңыз. Кара жаак айбалта Кайкалатпай аштаңыз, Казак менен кыргыздын Жолун өзүң баштаңыз! Бирдикти колго алыңыз, Билген жолго салыңыз" *(СК, "Манас", I, 1984, 188-189-беттер).*

1.46. "Кум чогултуп таш кылып, Кыраан Манас, Эр, көкжал, Кулдарды жыйып баш кылып. Таласты ээлеп жер кылып, Азган-тозгон аз элди Кайра жыйнап сел кылып" *(СК, "Манас", I, 1984, 195-бет).*

1.47. "Күлдүр, Камбар, Чалыбай Бу да келди Таласка, Чоро болду Манаска. Кырктын башы Кыргыл чал, Серпишке кирчү Сереги, Төлгөчү Кара Төлөчү, Адык кандын Акжолтой, Баабединдин Байчоро, Артык кандын Акжайнак, Буудайык кандын Музбурчак Бу да келди Таласка, Чоро болду Манаска *(СК, "Манас", I, 1984, 195-бет).*

1.48. "Тонсуз келди бир чоро, Тонсуз келген чорого Жакасы алтын, жеңи жез, Кош бадана, торгой көз, Келеме бото, кең жака,Керишке кийсе ок өтпөс Тон кийгизди зор Манас. Атсыз келген чорого Аркар аяк, жез билек Ат мингизди зор Манас. Малсыз келген чорого Адырда жылкы ала баш, Аргымак, буудан

аралаш, Бөлүп берди зор Манас. Элсиз келген чорого Аргын менен кыргызды Бөлүп берди зор Манас. Катынсыз келген чорого Оймок ооз, бото көз, Ойкуштаган сулуудан, Кырмызы көйнөк, найча бел Кылтылдаган сулуудан Алып берди зор Манас. Оромпай салып, ордо атып, Чатыраш ойноп, даң салып, Көк сүлөөсүн бөрктөрүн Ыргап жатып калышты, Көңүлдөрү катуу өсүп, Жыргап жатып калышты" *(СК, "Манас", I, 1984, 196-бет).*

1.49. Биримдикке каршы пикир. Жакып Ажыбайга: "Кулаалы багып куш кылган, Кутурган жыйын журт кылган, Уулум дебейм Манасты. Теликуш багып куш кылган, Тентиген жыйып журт кылган Тукумум дебейм Манасты. Кулаалы учат жерине, Кутурган кетет тейине. Теликуш учат жерине, Тентиген кетет тейине. Абийирим жаман бир ачкан, Алтайда малым бир чачкан. Кетирген менин алымды, Кемитип койду малымды. Катын эмес Манаска Канчык алып бербеймин",- дейт *(СК, "Манас", I, 1984, 236-бет).*

1.50. Талкаланган өз аскерин көрүп Акунбешим көзүнүн жашын көл кылат да, "Кыйын бекен кыргыздар?" - деп Сары кыяр аярынан кеп сурайт. Ошондо Сары кыяр минтип зарлайт (мында Манастын кыргыздарды кандайча биримдикке жеткиргенин душмандын көзү менен көрүүгө болот. Б. И. "Эбин-чагын журт күтүп, Эл көрө элек экенбиз, Эрегишип урушуп, Эр көрө элек экенбиз! Ала мөңгү тоо ашып, Тоо көрө элек экенбиз, Айгайлашып урушуп, Жоо көрө элек экенбиз! Ат арытып сапардан Жол көрө элек экенбиз! Арбын черүү, улуу топ Кол көрө элек экенбиз! Ар тараптан арбыган Эл көрө элек экенбиз, Агып, ташып каптаган Сел көрө элек экенбиз, Айтканынан кайтпаган Ажалдан башын тартпаган Эр көрө элек экенбиз! Өпкө чайкап, кан ичип, Өт көрө элек экенбиз, Өзөн күйүп туташкан Өрт көрө элек экенбиз, Башыбыздан ар иштн Өткөрө элек экенбиз!" *(Сагынбай Орозбак уулу, "Манас", II-китеп, 1980, 98-бет).*

1.51. Сары кыяр кыргыз колунун бирдиктүүлүгүн, күчтүүлүгүн саймедиресе, Алоокенин Тизелик деген кабарга келген баатыры Жакыпты минтип коркутат: "Укуругуң шиш болор, Унутулгус иш болор, Туурдугуң ичмек кылынып, Туташкан журтуң кырылып. Темирден кылган очогуң, Ат така болуп ошонуң, Тебеленип мончогуң, Тепсендиде болбогун. Ээн Алтай жериң жок, Калдайган казак элиң жок. Катылып коюп каканга Кайрат кылар эбиң жок. Айдаган малдан үмүт үз, Ал малың болсо биздики, Аман калса сүйүнгүн Аманат жаның сиздики"

(СО, "Манас", II, 1980, 171-бет. Албетте, окуя кандайча аяктаганы баарыбызга белгилүү, алты жүз миң колу бар Алооке Манаска кармашпай жеңилип берет).

1.52. Чалгындан калган Чубак "Алманбет кулду соем" деп артынан чабат. "Кол бузулуптур, ат минбей эле коеюн, абаке Бакай, Чубакка Аккуланы тарт",- деп Манас Бакайды чаптырат. Жолдон Чубакты токтотуп, Бакайдын айтып турган жери: "Ай-ай, балам, токто деп, Акылым угуп, жокто деп, Аңдасаң сонун ушу бар, Ак талаанын жараткан Албан түрдүү кушу бар. Канаты менен учуп жүр, Калкылдап көктө ушу жүр. Куйругу менен конуучу, Манастын Манас болмогу Экөөбүздөн болуучу. Бузулуш бизден чыккан соң, Бутунан тартып жыккан соң, Пил да болсок жыгылдык, Миң да болсок кырылдык" *(СО, "Манас", IV, 1982, 195-бет).*

1.53. "Кыйрыңдан карыш жылган жок, Кыйыктанба, Чубагым, Кытайга кызмат кылган жок! Калкыңдан карыш жылган жок, Каарданба, кан Чубак, Карайлап келген Алманбет Капырга кызмат кылган жок! Кылган кызмат өзүңкү, Кыргызга түйшүк салганың, Кыйшык деймин сөзүңдү" *(СО, "Манас", IV, 1982, 195-бет).*

1.54. "Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, Бөлүнүп калды кыргыз деп, Бөлөк элге сөз кетет. Жарылсаң ууру алуучу, Жай уксаң акыл нак ушу. Кандыгым кеткен меники, Калкты бузуп жөнөшүң, Кандай жумуш сеники?" *(СО, "Манас", 1982, 195-196-беттер).*

1.55. "Жол билген киши жол билет, Жол билген киши кол билет, Кыйнады жанын биз үчүн, Кылган кызмат сиз үчүн, Кыргызга кызмат кылганга Кыйкырып чабыш кай күчүң? Кызмат кылды эл үчүн, Кырааның Манас эр үчүн. Өкүмөтүн алды деп, Кыйналба, балам, мен үчүн. Аскерди баштап артынан Аламан Чабыш кай күчүң?" *(СО, "Манас", IV, 1982, 196-бет).*

1.56. Чоролор Каныкей жөнүндө: "Ар жерден келдик кырк чоро Маана болду Каныкей, Үзүлгөндү улады, Чачылганды жыйнады, Салып жүрүп там кылды, Сайып жүрүп бак кылды" *(СК, "Манас", II, 1986, 43-44-беттер).*

1.57. Акеркечтин Алмамбетке чоролор жөнүндө айткаңы: "Кең Таласты жердеген Манастын жайын айтайын, Катынсыз келген чорого Кырмызы көйнөк, кыпча бел, Кыз сулуусу найза бел, Эл Журтунан сынатып, Эрикпестен тандатып Алып берген эр Манас. Тонсуз барган чорого Жакасы алтын, жеңи жез, Кош бадана, торгой көз, Келеме бото кең күрмө, Ок өтпөс тон кийгизген. Атсыз барган чорого Аркар аяк, жез билек, Ат тулпарын мингизген. Азып барган чорого Аргын, кып-

чак, ногойду Бөлүп берип билгизген!" *(СК, "Манас", II, 1986, 119-120-беттер).*

1.58. Манастын жети канга айтканы: "Куланың куба качтымбы, Сандыкта булуң чачтымбы? Атаңдын көрү жети кан, Сааныңды тие качтымбы? Манас, Манас болгону, Баатыр атка конгону Озгонумду билбейсиң. Душман жоонун бетинен Туу болуп туруп четиңе Тосконумду билбейсиң. Курама темир курч эмес, Куралган кандар журт эмес" *(СК, "Манас", II, 1986, 76-бет).*

1.59. Коңурбай Алмамбеттен найза жеп, жаралуу болуп кансырап туруп айтканы: "Өзөндө күйгөн өрт жаман, Өздөн чыккан жоо жаман, Ушу качкын болбосо, Олжолоп чаап Таласын, Ондурбайт элем Манасын" *(СК, "Манас", II, 1986, 187-бет).*

1.60. Кызыл кыргын согушта Алмамбет эгизи Чубакты издейт. Караса, дүңкүйгөн калың кол Көгаладан ажыраган Чубакты кабат-кабат курчап калыптыр. ошондо бир туугандан да жакын биримдиктин күчүн караңыз: "Кыраан Алмаң көй кашка Кыйкырыкты салды эми, Жебеден мурун жетти эми, Жеткен жерде Чубагын Бөктөрө качып өттү эми. Өчкөн отун тамызып, Акбалтанын Чубактын Өлгөн жанын тиргизип, Оң тизеге мингизип, Астындагы Сарала Олбуй-солбуй камчы уруп, Жолунда турган Көгала Жолборсуң Алмаң жетти эле, Жеткен жерде Чубакты Мингизе качып өттү эле" *(СК, "Манас", II, 1986, 194-бет).*

1.61. Жакып - өзөктөн күйгөн өрт. Ал мурда кыргыз элинин биримдигин буза алмак эмес. Манас кайтыш болду - бузукулуктун сааты келди. Аны мындайча ишке ашырат. "Кел, балдарым, келгин деп, Айтканда сөзүмө көнө бергин деп. Ат өлгөндө кесек ит, Соору керек болуучу, Ага өлгөндө иниге Жеңе керек болуучу. Кесирдүү долу Каныкей Жесир жүрүп жээликти, Келгендерден кеп уктум, Алты миң жамбы, миң кундуз Парага Бакай жеп алып, Текечинин Ормонбек Канчыкты качырып берет деп уктум. Өзөн жердин конушун Бирөөң чалсаң болбойбу? Байкасаңар долуну Бирөөнөр алсаң болбойбу? Тием десе, жеңе эле, Ника кыйып алалык. Тийбейм десе долуну Жол үстүнө сүйрөтүп, Даңгыттарга жаралык" *(СК, "Семетей", I, 1995, 42-бет).* Жакып бузукулугун салт менен жаап-жашырат, "Текечинин Ормонбегине Каныкейди Бакай көп алып, бергени жатыптыр" деп ачайын жалган кеп чыгарат. Демек, жеңени кайниси алуунун салттык негизи бар болсо, Ормонбек жөнүндөгү калп сөз шыр эле колдо ала жүгүрүүгө кириптер кылат. Ал эми Жакыптын алты

арам менен кырк акмакты кара аракка карк кылыш
максат-мүдөөгө жетүүнү тездетет. Ошентип, бузукулук д
чеберчилик менен иштелет. Азыркы кездеги шайлоолорд
да айрым депутаттар Жакыптыкындай чеберчиликке э
экенин калайык-калкка сездирип коюшту.

1.62. Жакыптын бузукулугуна Кыргыл чалг
окшогондор тез эле макул болот. Бирок аларды
арасында Шуутуга окшоп акыл калчап, калыстык сөзү
айткандар да бар. "Кырктын башы Кыргыл чал, Кыя
лында ойлончу? Эриң Манас султандын Эстегин карма
эр болдук, Эр уулу менен тең болдук. Тузу оор Ма
настын Тузу бизди сорбойбу, Арбагы асыл Манастын
Арбагы бизди сорбойбу? Кырктын башы Кыргыл чал,
Тузу ачуу Манастын Тузуна кантип сиебиз? Айлына
кантип киребиз? *(СК, "Семетей", I, 1987, 12-бет).*

1.63. Ырамандын Ырчы уулунун калыстыгы: "Көкжол
Манас барында Атсыз келген чорого Аркар аяк, жез
билек Ат тулпарын мингизди! Тонсуз келдик бирөөбүз,
Тонсуз келген чорого Жакасы алтын, жеңи жез, Кош
бадана, торгой көз, Келеме бото, кең күрмө Тон мык-
туусун кийгизди! Катынсыз келген чорого Кырмызы көй-
нөк, айча бел, Оймок ооз, бото көз, Ойкуштаган кумар
көз Кыздарын кайдан аяды?! Малсыз келдик бир чоро,
Малсыз келген чорого Адырда жылкы алабаш, Аргымак,
буудан аралаш, Бөлүп берди зор Манас. Үзүлгөнүң ула-
ды, Чачылганың жыйнады, Өчкөн отуң тамызды, Өлгөн
жаның тиргизди, Касиеттүү кан кылды, Өзүнө теңгээл
жан кылды. Салынуу коргон там болдук, Кан Кан Ма-
наска келгени Сандыргалуу кан болдук! Мына ушинтип
турган айкөлдүн Зайыбына кантип тиебиз? Кыямат
кеткен жан достун Тузуна кантип сиебиз" *(СК,
"Семетей", I, 1987, 15-16-беттер).*

1.64. Ырчы уул дагы минтип айтат: "Оо дүйнө кеткен
көкжалдын Ордосун кантип талайбыз? Ошентип тапкан
Семетей Балтыр бешик чагы эле, Баатырдын баласын
кантип сабайбыз. Ант урса, бизди урбайбы, Арбак бизди
сорбойбу? Күйүгүп турган долуга Күйүттү кантип
салабыз? Күн - Жаңжуң кытай калкындай Күйүкпөй
кантип чабабыз?" *(СК, "Семетей", I, 1987, 16-бет).*

1.65. Ырчы уул дагы минтет: "Тилимди алсаң кырк
чоро, Жеңекеме баралык, Катын да болсо жеңемди
Караан кылып алалык, Семетей он экиге чыккыча
Жетимди эптеп багалык. Бала он экиге келгенде, Белди
бекем буулук, Медер кылып жетимди Бээжидендеги
кытайдан Берендин кунун кууйлук!" *(СК, "Семетей", I,
1987, 16-бет).*

1.66. Каныкей төркүнгө кетмей болот. Ошондо ал бүт кыргыз эли менен коштошот: "Карабуура баткалым, Калың бир кыргыз эсен бол, Кызыл көйнөк, найча бел Кыз балдарым эсен бол! Кара калпак, көк чепкен, Кайран бир кыргыз эсен бол! Келеңкеп чачпак, кең соору Келиндерим аман бол! *(СК, "Семетей", I, 1987, 22-бет).*

1.67. Каныкейдин Семетейге айтканынан: "Кыркы кырк кан уулу эле, Кырк чорону кулунум, Мен эби менен эл кылдым, Үй күтүп карап турбастан, Мен катын башым шер кылдым. Сенин атаң Манастын Санаасы менен болтурдум, Сандыгынын баарысын Сары алтын мүлккө толтурдум. Салып жүрүп там калдым, Сайып жүрүп бак кылдым" *(СК, "Семетей", I, 1987, 171-бет).*

1.68. Көкчөкөз, Көзкамандардын Манаска айтканы: "Серпилип качкан биз болдук, Себебин тапкан сен болчу, Жөөчүлүк өттү тай берчи. Манас, суусап кеттик чай берчи. Үзүлүп кеттик улачы, Манас, чачылып кеттик жыйначы, Арыдык жанды семиртчи, Ачтык, курсак тойгузчу, Үшүп кеттик, тон берчи" *(СК, "Семетей", I, 1987, 194-бет).*

1.69. Манастын Көкчөкөз, Көзкамандарга кылган камкордугу, "Калмактан келген аларды, Көчүрүп келди Таласка. Тууганым деп кондурду, Өз эркинче болтурду. Атсыз келген кытайга Аркар аяк, жез билек Ат тулпарын мингизди. Тонсуз келген кытайга Жакасы алтын, жеңи жез, Ок өтпөс тонду кийгизди. Катынсыз келген какшаалга Кырмызы көйнөк, найча бел Кыргыздан чыккан сулууну Алып берди кан атаң. Малсыз келген какшаалга Ар түлүктөн мал берди. Үйсүз келген какшаалга Сан казына ак ордо Момундай үйгө киргизди. Казына оозун ачтырды, Сан казына жыйган мүлк Калмакты туган болот деп, Сарып кылып чачтырды" *(СК, "Семетей", I, 1987, 194-бет).*

1.70. Кыргыз элинин биримдигин талкалоо, анын түркүгү Манасты жок кылуу үчүн Көзкамандын жойпуланганы: "Ал-акыбалың кандай деп, Падышам, биздин алды билбедиң, Биздикине түшпөдүң, Колумдан даам ичпедиң. Кабылан Манас көкжалдан Калк тартынар кан беле, Каным Манас келгенде, Кара жаным аянбайм, Бая ит ичкирден бар беле?" *(СК, "Семетей", I, 1987, 196-бет).*

1.71. Алтын кырбу аякка мелтирете куюлган, кырк жылы ачытылган уудан коштурган суусунду Көзкаман Манаска сунат. "Түбүбүз бирге тууган деп, Көкжал Манас төрөгө Көзкаман алып сунду эле. Ала коюп имерип, Көзкаманын сунган уу Манас кан тартып жиберип.

Ичкенде көкжал бүк түшүп, Төбөсү менен тик түшүп, Кыл мурутку шыйпайып, Алагай көзү алайып. А дүйнө кетчи немедей, Сүзүлүп куу көз жумулуп, Сүрөтү качып, ич күйүп, Султаным, көрүнөө жандан түңүлүп" *(СК, "Семетей", I, 1987, 196-бет).*

1.72. Жакып элди бириктирер Манастын тукуму Семетейди жок кылмакчы болот. Бирок сыр алдырбай калп эле коңгурап ыйлайт: "Ээй, айланайын, Бакай кан, Чын эле жетим келдиби, Тилекти кудай бердиби? Алып келгин бер жакка Өлгөндө көргөн чунакты, Түптүү терек чынарды, Семетейдей чыракты! Боз ала туйгун болпонду, Балам, Манастан калган чолпонду. Ээй, байгамбар сындуу Бакай эр, Дегениңе көнөйүн, Ал казына, көп дилде Сүйүнчүгө берейин. Алып келип көзүмө, Көргөзө көргүн көзүмө. Кокуй, Бакай тилимди ал, Эшиктеги кызыл куйрук пилимди ал! Өгөөмдү коюп, бүлөөмдү ал, Кемпирим коюп, элимди ал! *(СК, "Семетей", I, 1987, 243-244-беттер).*

1.73. Баланын келгенине эбедейи эзилип, ичи элжиреген Жакып Бакай кетери менен башка түргө келет. Бакдөөлөткө минтип айтат: "Ой, кемпир, мен билгенди билдиңби, Мен туйганды туйдуңбу? Казып койгон ор келди, Кайнатылуу шор келди. Бу жетимди сойбосок, Тындым кылып койбосок, Кемелине келтирбей, Кечиктирбей өлтүрүп, Муну минтип өлүм кылалык. Жаш кезинде кырчынды Кырккан кездей кылалык. Уккан жандын баарысын Жашыгандай кылалык. Түбүнөн кыркып теректи Ээй, кемпир, аарчыгандай кылалык. Минтпей койсок оң кылбайт, Балдарымды соо кылбайт. Бакай канга бал чыла, Семетейге, ээ, уу чыла" *(СК, "Семетей", I, 1987, 244-245-беттер).*

1.74. "Үзүлгөндүн баарысын Улап жүрөт кан Бакай, Чачылгандын баарысын Жыйнап жүрөт эр Бакай" *(СК, "Семетей", I, 1987, 249-бет).*

1.75. Ырчы уулдун Манастын чоролорго кылган жакшылыгы жөнүндө айтканы: "Баатыр Манас барында Барбалактап калчу элек, Бүтүн кундуз терисин Жара бөлүп жиберип, Багелекке салчы элек, Кундуз турмак көрпө жок, Куруганың ушул кез, Атандын көрү кырк чоро, Журтта калган күчүктөй Улуганың ушул кез. Абыке менен Көбөштү Кан көтөрүп мураага Жетип калган экенбиз. А дүйнө кеткен Манастын Арбагына ок атып, Адамдыктан түрүнөн Кетип калган экенбиз. Казат кылган Семетей Кара мунар тоо эмес, Же калмактан келген жоо эмес. Кызыл мунар тоо эмес, Кыйкырып казат кылгыдай, Кытайдан келген жоо эмес" *(СК, "Семетей", I, 1987, 320-321-беттер).*

1.76. Кырк чоронун чыккынчылыгын Шууту минтип ашкерелейт: "Атаңдын көрү, кырк чоро, Түз кирип найза сундуңар, Көргөн менен укканга Чын шерменде кылдыңар. Түбө-түбө бетиңе, Түлкү шимшир этиңди, Ким карайт сенин бетиңди" *(СК, "Семетей", I, 1987, 321-бет).*

1.77. Семетей Абыке менен Көбөштү ынтымакка, Биримдикке чакырганы: "Басташарың мен болсом, Пашалуу кыргыз эл мына. Ийгилик кетсе кокустан Башымды кессең, мен мына! Буурул ат тартуу, баш сатуу, Калың казба орумду, Калмактан бетер кол салып, Кайнатпа менин шорумду. Түбүбүз бирге уялаш, Түгөнгөн колуң тыйыңыз, Ачууңузду жыйыңыз. Энекем Каныкей тартуу кылайын, Алты ага бирөөнө ника кыяйын" *(СК, "Семетей", I, 1987, 322-бет).*

1.78. Көбөш Семетейдин биримдикке чакырганын терс жоп кылат. "Айда, колду айда деп, Бу Манастын жетимин Кол жабылып байла деп, Эки көзүн тең байлап, Эки көзүн тең чукуп, Жол үстүнө сүйрөтүп, Даңгыттарга жаргын деп" (СК, "Семетей", I, 1987, 323-бет).

1.79. Семетей Абыке, Көбөштү дагы минтип биримдикке чакырат: "Жылкыдан каалап берейин, Нарбуудан өңдүү малымды ал, Керек болсо, абаке, Көөкөргө куюп канымды ал. Өйдөгө чыксам өбөк бол, Ылдыйга түшсөм жөлөк бол" *(СК, "Семетей", I, 1987, 326-бет).*

1.80. Кочкордун кырк чорону бузганы: "Кылымга кыргын сен салдың, Кылыкты Манас ал алды. Эрди сайсаң, сен сайдың, Аты калды Манаска. Манас сенден эр эмес, Кырк чоронун эрдиги Кан Манастан жөн эмес. Атаңдын көрү, кырк чоро, Арак ичпей таш ичкин, Балага чоро болгуча Атаңдын канын кошо ичкин" *(СК, "Семетей", I, 1987, 330-бет).*

1.81. Семетейдин чыккынчылык кылган кырк чорого айтканы: "Сен кызыл кырча зоо белең, Мен кытайдан келген жоо белем?! Сен кара адырмак тоо белең, Мен калмактан келген жоо белем?! Каалаганың бузукпу, Ойлогонуң тырышпы, Каалаганың урушпу?" *(СК, "Семетей", I, 1987, 337-338-беттер).*

1.82. Семетейдин Чынкожого айттырган саламы: "Өйүзбүйүз кыялаш, Түбүбүз бирге уялаш. Бирдикке келсе Чынкожо, Кеңкол Бойлой ал консо, Кең Талас бойлой мен консом, Билимди койсок бир жерге, Асманда алты уруу жылдыз козгошсок, Акыреттик достошсок. Ал экөөбүз бир болсок, Бармактуу адам батабы, Тырмактуу киши тиеби?! *(СК, "Семетей", I, 1987, 343-бет).*

1.83. Чынкожо Семетей айткан бирдикке келбейт. Кайра Толтойду Семетейге каршы тукурат: "Мына мын-

дай кеби бар, Акундун кызы Айчүрөк Манаска келин жери бар. Тил ал, Толтой баатырым, Жетиөзөндө жедигер Жетип жыйып алалык, Ооганга бүлүк салалык, Манастын уулу Семетей, Мунун катынын тартып алалык. Сенин зайбың ал алды, Анын зайбын сен алсаң, Намыс мындай акыры" *(СК, "Семетей", I, 1987, 354-бет).*

1.84. Чынкожонун каары: "Семетей менен мен тууган, Терезебиз тең тууган, Таласта бирге айылым, Чынын айтсам, Ажыбай, Айчүрөк өзүм алчу зайыбым. Каарданып урушса, Манастын уулу качкында Өзүм союп саламын, Андан келген тозокту Өзүм тосуп аламын! *(СК, "Семетей", II, 1989, 76-бет).*

1.85. Семетей Чынкожону дагы бир жолу ынтымакка чакырат: "Ой, Чынкожо, кан аба, Бөлөккө бурба пейлиңди, Күтүп ал Таласта аргын элиңди! Малдан тартуу кылайын, Айып кетсе, Чынкожо, Он төрт күлүк малымды ал, Кылыч тумшук пилимди ал, Кымбатым Кожом, тилимди ал" (СК, "Семетей", II, 1989, 114-бет).

1.86. Күлчоронун Чынкожо жөнүндө Семетейге айтканы: "Өлөңдөн күйгөн өрт жаман, Өздөн чыккан жоо жаман, Өзөктөн чыккан дарт жаман, Өздөн чыккан жат жаман, Өлүшөр Кожоожаман" *(СК, "Семетей", II, 1989, 122-бет).*

1.87. Канчоронун бузуктугунун ойгонушу. "Күлчородой көрбөйт мени деп, Ата көөдөк канкор сени деп, Бел байлаган белди таап, Бекип жаткан жерди таап, Мурдагың бузуп алармын, Бузукту саа салармын. От коермун үйүнө, Канкорум, бир жетермин түбүнө! Казынаң бузуп алармын, Сураса бербес Буурулун, Суук укурук салармын. Танабынды тартармын, Бир бокчоңду тинтермин. Кеңколдон тийип көчүндү, Келберсиген адамдан Бир алармын өчүмдү" *(СК, "Семетей", II, 1989, 129-бет).*

1.88. Канчоронун тымызын жүргүзгөн бузукулугу Кыязга канат бүтүрөт, ал элинин алдында минтип күпүлдөйт: "Кызыталак ал канкор Буурулунан айрылган. Атсыз калган канкорду Албайт деген эмине? Аябаган дүмөктү Салбайт деген эмине? Арасы эки бөлүндү, Аттонуна ажырап, Ал ант урган канкордун Алдырчу сыны көрүндү. Чөп кубарып, гүл кетип, Чоң боз кыроо болгондо, Аксакалдуу карыңыр, Калбайсыңар баарыңар. Элүү бештен ылдыйкы Жандан бирөө калбайсың. Он сегизден өйдөкү Баладан бирөө калбайсың. Канчоро биздик болгон соң, Төрөсүнгөн канкордун Төрөсүн тартып алабыз. Чубактын уулу Чунактан, Жаныбыз бирге ынактан Жең ичинен кат келди. Кармашты катуу салабыз, Канкордон өчтү алабыз" *(СК, "Семетей", II, 1989, 285-286-беттер).*

1.89. Канчоро бузукунун оюн төмөндөгүдөй жол менен ишке ашырат. "А Канчоро баатырың, Жезекчи, жойку капырың, Семетей башын кесүүгө Кумарланган баатырын, Семетейге жээлигип, Келген экен ээлигип: Түндө жатып түш көрдүм, Түшүмдө кыйын иш көрдүм, Атам Манас шер көрдүм, Аябас дүмөк мен көрдүм. Атам Манас кабылан Ачууланып калыптыр, Арбагыма мал атап, Күмбөзгө союп бербейт деп, Эчен заман, эчен күн Колдогонум билбейт деп, Ант силерди урар деп, Алган экен жакындап, Ачууланып бакылдап. Канкор тилин алалы, Кан атамдын көргөнгө Кан чыгарып, төө союп, Куран окуп, мал союп, Бир тиленип көкжалга Барып келсек болбойбу?! Арбак көөнүн алалы, Ай туяк атап чалалы, Учурабай арбакка, Уят болбой тирүүгө, Бир кутулуп калалы" *(СК, "Семетей", II, 1989, 286-287-беттер).*

1.90. Семетейдин атасы жөнүндө айтканы: "Алатоо күтүп жер кылган, Алатоонун кыргызын Эби менен эл кылган, Бардыгер журттун баарына Ата болгон шер атам" *(СК, "Семетей", II, 1989, 291-бет).*

1.91. Канчоронун бузукулугунун ачыкка чыгышы. Ал Кыяздын колунун келиши менен минтип айтат: "Чатактаашпай, чырдашпай, Кырылышып урушпай Дегенине көнсөкчү, Тартуусун такыр берсекчи. Кол көтөрүп, чуу туруп, Багындык деп турсакчы, Эки тизгин, бир чылбыр Эми колго алгын деп, Элди жөнгө салгын деп, Калкка кабар кылсакчы, Бу Таласка Кыязды Кан көтөрүп алсакчы" *(СК, "Семетей", II, 1989, 295-бет).*

1.92. Семетейдин ичтен чыккан душманга кейигени: "Кытайдан өлбөй кымбат баш, Кыргыздан өлмөк болдук деп. Душмандан өлбөй кайран жан, Өздөн өлмөк болдук деп. Атан өлбөй курган жан, Буудандан өлмөк болдук деп, Жоодон өлбөй кайран жан, Туугандан өлмөк болдук деп" *(СК, "Семетей", II, 1989, 297-бет).*

1.93. Кыяз айдап келаткан жедигер эли калыс пикир айтуудан тайсалдабайт. "Өзүбүз серпип бөрү албай, Бөрү айтуудан тайсалдабайт. Өзүбүз серпип бөрү албай, Ата куу журт оңбодук, Ар качандан бир качан Бу бузуктукту койбодук. Ушу султан Семетей, Ат качырбас боз айгыр, Телегейи тең эле. Аргын, кыргыз аз журтту Желп эткен желге тийгизбей Күтүп турган шер эле. Темирден коргон чеп эле, Теңир сүйүп мындайды Кыргызга бербейт деги эле. Жетисууда жедигер Кимиңе жапа салды эле? Калкыңа качан барды эле? Аланды ала качпаса, Казынаңды чачпаса, Кулаңды кууй качпаса, Куржунда пулуң чачпаса, Ажыдаардын

куйругун, Журтум, басып алган экенбиз" *(СК "Семетей", II, 1989, 298-299-беттер).*

1.94. Жедигер эли Кыязды ынтымакка чакырат. "Т сүйлөшүп канкорго, Түбүбүз тууган элек деп, Ат тарт шып туралы. Дидарлашып беттешип, Бир идиштен ж жешип, Душман келсе басууга, Кол чогултуп чабуу Манастын уулу канкорго Убаданы кылалы, Бирлик шай лап, кеп кылып, Убаданы бек кылып, Кол кармашы дос болуп, Кокуй, Кыяз, кетели! Бузукка мурун барбай лы, Бузук окшойт абыдан Канчоро тилин албайлы. Б кылтыңдаган Канчоро Эки тилдүү кул окшойт, Туз ур гурдун бири окшойт, Эл бүлдүрүп, журт кырган Бузук нун бири окшойт" *(СК, "Семетей", II, 1989, 302-бет).*

1.95. Канчоронун жедигерлерди коркутканы: "Жети өзөндүн жедигер, Эр өлтүрүп, журт бузуп, Кун алган келдиңер. Ушу кезде канкордун Касиети качкан кез Кызырлуу түрү жоголуп, Кырсык басып кеткен кез Эптеп жүрүп канкордун Эссбин аныктабабыз. Аргын кыргыз кайран журт, Дүңгүрөтүп чабабыз! Убадага тур басаң, Мыктылап кызмат кылбасаң, Кайра тартып элдешип, Семетейге киремин, Каччу болсоң," жедигер Каш, куйкаңды тилемин, Тобуна тозок саламын Токтотпой журтуң кырамын!" *(СК, "Семетей", II, 1989, 304-305-бет).*

1.96. "Актелкини байлай ат, Минген атын жайлай ат, Мингенин жай кылбасаң, Болотуңду мокотот, Болумуңду жоготот. Күлчоро атчан турганда, Адам алы жетеби? Кара саат Чоронун Атка балбан, жөөгө жок, Атын атып калыңар" *(СК, "Семетей", II, 1989, 314-бет).*

1.97. Күлчоронун Семетейди жоктоосу: "Эй, кагылайын кан аба, Сенин кара жаак айбалтаң, Муну кайкалатпай ким аштайт? Мына калың кыргыз, көп аргын Капалантпай ким баштайт? Асмандан түшкөн Зулпукор Ач билекке ким илер? Айкырып кытай жоо кирсе, Айгайлатпай ким тосот? Ай караңгы түн болор, Айлына чеге ким болор?" *(СК, "Семетей", II, 1989, 320-бет).*

1.98. Бакайдын Канчорого айтканы: "Ой, Канчоро кулунум, Ымыркай бала кезиңде Мойнуңа тумар таккамын, Боорго кысып кучактап, Алдейлеп жүрүп баккамын. Каныкейдин эмчегин Кадиксиз тууган болсун деп, Э, арам, сага эмиздим. Калың аргын, көп кыргыз Бөтөн эл, Канчоро, Качан балан дегиздим? Ээрчитип жүрүп эр кылдым, Эр уулу менен тең кылдым. Актаганын ушулбу? Эңкейгендө абаңды Көкбөрү кылып тарттырдың. Балам, өзөн-өзөн өзөнчү, Өзөнчөгө конуп кал! Күйөрүңдөн айрылып Өзүң мендей болуп кал" *(Бириктирилген вариант, "Сейтек", IV китеп, 1960, 23-бет).*

1.99. Айчүрөктүн чыккынчылык менен максатына жеткен Канчорого айтканы: "Эми кара жаак Зулпукор Кажатып ийбей ким аштайт? Калайык камап жоо келсе, Кагыштан тосуп ким баштайт? Толкуган эчен жоо чыкса Томсоруп турган бу журтту Тоз-тоз кылбай ким баштайт? Тоодой абаң өлтүрүп, Белге кеткен экенсиң. Томуктай акыл сенде жок, Ордолуу журт, аз кыргыз Элиңди салып тозокко, Бузулган чором, онбой кал, Селге кеткен экенсиң" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 38-бет).*

1.99. Канчоронун ой-тилеги: "Бу Семетей баатырдын Элин кыйнап, топ кылам, Энесин кыйнап, жок кылам, Өйдөлөрүн кырбасам, Өрт өчкөндөй кылбасам" *(БВ, "Сейтек" IV, 1960, 41-бет).*

1.100. "Жылгындуу Кеңкол, Таласты Ором десем оромун, Сором десем чуулатып, Ажыдаардай оп тартып, Калтырбай калкын соромун. Кыйын жиним кармаса, Кыл таштабай бул журтту Кыргын кылып коемун" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 40-бет).*

1.101. Күлчоронун Карагулга айтканы: "Баатыр да элек, шер да элек, Билекте кубат барында Балакет кайда дээр элек, Биз да тайлак басып жээр элек. Кара болот Зулпукор Көөлөгөн эрдин өзү элек, Тоодой-тоодой алптарды Жөөлөгөн эрдин өзү элек. Кыргызга кызыл туу элек, Душманга ызы-чуу элек" *(БВ, "Сейтек" IV, 1960, 70-71-беттер).*

1.102. Айчүрөктүн Күлчорого айтканы: "Тулпардан калган туякты, Туйгундан калган чунакты Жолдош кылып алыңыз, Жоого дүмөк салыңыз! Уулум сени көп эстеп, Өрттөнүп жанып күйчү элем, Сени күн-түнү күтүп жүрчү элем. Ташты бузуп жол салган Арбагың бийик шер элең. Баатыр да элең, шер да элең, Суза берсе түгөнгүс, Дарыя, чалкар көл элең, Дардайган өзөн төр элең, Бөз жерге тоодак токтотпос Боз ала тынар куш элең. Эр Султанга кез болгон Болжолсуз болот курч элең" *(БВ, "Сейтек, IV, 1960, 73-74-беттер).*

1.103. Момунжандын колунан айыккан Күлчоронун көк кенедей семирген Канчоро канга айтканы: "Салоодон салоом алейкум, Санжыргалуу Канчоро, Акылга келсең, абаке, Кекти сууга салыңыз! Келгениңде боорунду Тууган кылып алыңыз! Айрылган баш жабылар, Кол кыйраса таңылар, Бизге тууган кайдан табылар! Биттей кезде бириктик, Бир дайрадан чалкыдык, Бир уядан талпындык, Бир төшөккө жатыштык, Бир чоңоюп, бирге өсүп, Бирге чүкө атыштык. Тай, кулундай тебиштик, Талашып эмчек эмиштик. Шордуу энем Каныкей Жая кесип, жал берди, Каймакка мыкчып, бал берди, Оңдоп-солдоп эмчегин Экөөбүзгө эмизди. Жетим калып

жетилдик, Эл катары кошулдук. Арбагы оор абамы Кара жер менен тең кылдың, Бузукка туулган жан болдуң, Буудан шер көзүн жоготуп, Бу кыргызга кан болдуң" *(БВ, "Сейтек, IV,171-172-беттер).*

1.104. "Жылгындуу Кеңкол, кең Талас, Үйүрлүү Марал, Күмүштак, Журт күздөгө сен консоң, Карабуура, Канжайлак, Чаткал тосо мен консом, Бармактуу адам батабы, Тырмактуу душман тиеби?" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 173-бет).*

1.105. "Ырыс алды -ынтымак, Бирликти койсок бир жерге Катылып бирөө келеби, Кармашып душман жеңеби, Баатырсынган батабы, Сен экөөбүз бириксек, Этегиң бирөө тартабы?" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 173-бет).*

1.106. "Эч ким бузуп ала албайт Бирдиктүү элдин калаасын! Ар ким жумшап кул кылат Бирдиксиз элдин баласын" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 173-бет).*

1.107. Биримдикке чакырган Күлчорого Канчоронун жообу: "Атаңдын көрү, Күлчоро, Көрүнбөй жогол көзүмө, Жолобой бат кет өзүмө! Чымырканып чырдансам, Тирүү кайтпай өлөсүң, Кайра тартпас чын жайды Каарлансам көрөсүң! Чын мүшкүл салам түрүнө, Чындасам жетем түбүнө. Бедериң жанга салбай кет, Бээ саамдан калбай кет. Кул ордого келерби, Кандын көзүн көрөрбү?" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 174-175-беттер).*

1.108. Күлчоро дагы минтип айтат: "Кан абамдын ойрону, Жаралган жылдыз чолпону, Аты Сейтек коюлган, Иниңиз келди көрүңүз. Корсоңдошпой, чырдашпай, Кекти сууга саларсың, Асылдан калган иниңди Тууган кылып аларсың" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 176-177-беттер).*

1.109. Бакайдын батасы: "Куялы, Сейтек кулунум, Армандуу журтту азаптан Ажыратып алганың. Алтын болсун көмүрүң, Алыс болсун өмүрүң! Мингениң алтын так болсун, Маңдайыңа бак консун! Душман жолу тар болсун, Атаң Манас арбагы Силерге жолдош жар болсун! Ынтымак, ырыс, касиет Балдарым сени даарысын! Душманыңдын жолуна Тоо кара таш үйүлсүн, Басып суук боор келбесин, Басташып адам жеңбесин! Журтка мөмө болуңар, Үзүлгөндү улап бил, Чачылган журтту жыйнап жүр. Жергелеш конуп конушка, Балдарым, журттун көөнүн оорутпа! *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 256-257-беттер).*

1.110. Кайып болоордо - карыбас сапарга аттанарда эл-журтка Семетейдин айтканы: "Алатоону жер кылган, Азаматын эр кылган, Ак калпактуу калың журт, Кыйрың менен эсен бол! Биз кеткен менен сапарга Арка

болор Сейтек бар. Үзүлүп кетсе улачу, Чачылып кетсе жыйначу Берен кутман өзү бар. Кыжылдаган жоо болсо, Жолотуп жоону киргизбей, Кайып болгон биздердин Жогубузду билгизбей, Канаттууга кактырбай, Камчылууга чаптырбай, Журтка балаа тарттырбай, Өрүшкө душман жолотпой, Өкүмдү ичке киргизбей, Баш-көз болор Сейтек бар. Биздер кеттик сапарга, Өлбөс журтум, кошкула" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 25б-бет).*

1.111. Жусуп Мамайдын вариантында кыргыз элинин биримдикте болушуна кадиксиз ойду жетелеп турган төмөндөгүдөй саптар бар. Калмактын Ыраңкүдүк деген билгири Алоокеге "Кыргыздан чыгат бир баатыр, Ааламга туздай бүт жатыр" дейт. Ошондо кыргыздын кош кабат аялдарынын баарынын ичин жарууга буйрук кылат. "Кыргыздын айлын чуулатып, Куйрук улаш чубатып. Кылмак үчүн ыдыкты, Бар катынын жыйдырды. Бооздорун бир четтен Кардын жарып чыңыртты. Жатынын менен баланы Калжоо болгон иттерге Канын чачып ыргытты. Аялдарды ошентип, Ажалдан мурда кырылтты. Туубас кылып катынды, Тукум курут кылышты" *(Жусуп Мамай, "Манас", I китеп, Ош, 1995, 32-бет).*

1.112. Акбалта кыргыз элинин башын бириктирип, эркиндикке алып чыга турган жээни Манаска минтип айтат: "Олжого кеткен элиң бар. Баш көтөрсөң Алтайдан, Баш бербей калмак биздерге, Ыкыс берип турушат Карышкырдай тиерге. Кыйратып калган кыргызды. Өткүр жебе, огу уу, Төшүбүзгө кадалып. Ушалаган кордугу Учтуу таштай мадалып. Түгөнбөйлү темирдей Көмүркөйдө дат алып. Өткөн өмүр - аткан ок Артына жанып келеби? Кеткен намыс - качкан күн Оңой колго тиеби? Бошоң турсак душманга Камгактан бетер илбейби. Таркак болсок тооктой, Таруу сыяк тербейби. Күчүбүздү жыйнайлы Бөлүнгөнүн, жаманын Ылайдай жерге чаптайлы. Чачылганды курайлы, Азаматын ылгайлы". *(Жусуп Мамай, "Манас", I китеп, 1995, 81-бет).*

1.113. Акбалта алыстан издеп келип жолуккан Манаска мындай дейт: "Жээн болсоң да уулсуң, Жети ата кунун куурга Желигип минтип турупсуң. Каалаганын кылбаган Кайратсыз жигит курусун. Удул жүрсөң бурулбай, Самарканга барасың (82-б.), Кыргызыңды табасың. Кокоого душман киргизбес Кошой деген аган бар. Учурап ага кетпесең, Көөнү бизден кайтпайбы. Чоңойгондо көрүшсөң, Чоң таарыныч айтпайбы. Келип кетти мага деп, Кеп-кеңешти таппайбы. Жатындаштан жакшыраак Жүгүрүп кызмат кылбайбы. Түбүбүз бирге тууган деп, Баш булгабай турбайбы. Жакып менен Катаган Жарал-

ган бир атадан. Өтүшкөн жок өөдө-ылдый Сен экөөңөр тең тууган. Алдыңда колуң болбосо, Таянасың сең кимге? Өзүң барып көрүшкүн, Колдун учун өбүшкүң" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 83-бет).*

1.114. Акбалтанын дагы биримдик жөнүндө айтканы: "Чоң жинди турса саламат, Кекиликтей чүкүлдөп, Таранчыдай быжылдап. Таркап кетип ар кайда, Болбойлу эми жаман ат" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 126-бет).*

1.115."Батыш жакта кыргыздан Жыйырма жигит камынса, Чыгыштагы кыргыздан Жыйырма жигит барылса. Кылсам сөздүн тунугун, Кырк уруу кыргыз уругу. Ар уруудан бир башчы, Жыйылса саны кырк болор. Ынтымак кошуп кыргызым, Ырыска анда карк толор. Элиме айткан бул кебим, Эп келеби? - деди эле, Элирип Балта турду эле" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 127-бет).*





ЭКИНЧИ ОСУЯТ

2. Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.

"Асмандагы жылдыздай
Козголушту үч ойрон.
А дүйнөлүк ошондо
Дос болушту үч ойрон.
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп турушту.
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп турушту"

("Манастан")

Аскар Акаев: "Бул - "Манастагы" өзөктүү окуялардын бири. Манастын улуулугу "кейишке салса кечирип, кеткени болсо келтирип", башка калктардын ак ниет инсандарын ардактап, өз элинин колун узарта билген айкөлдүгүндө. Бу жагынан Манас менен Алмамбеттин мамилеси - биз үчүн көөнөргүс нуска. Тагдырдын жазмышы менен жергебизди мекендеген ар элдин өкүлдөрүн өз боорубузга тартып, аларды өлкөбүздүн ак пейил атуулдарына айландырып, канат-бутагыбызды өстүрүп алуу, алыс-жакын мамлекеттер менен достук мамиледе болуу Манастын өрнөгүнө ылайык азыр да биз үчүн парз."

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Манас" эпосунун 1000 жылдыгына арналган салтанатта сүйлөгөн сөзүнөн.

2.1. Нескаранын баскынчылыгына тушуккан маңгул эли кыргыздарга кошулат. "Бая Үйшүн, Үмөт дегени, Жайсаңбай ур эрени Жан жабыла Жакыптын Маңдайына келгени: Ачсаң ал алаканыңа, Абийир берсин баарыңа, Жутсаң жумуруңдабыз, Журт болуш мындан артыкпы, Этегиңдин алдына Эл кылыңыз бизди деп. Эндекей жүрүш болбойт деп, Нескарага окшогон Эр келсе эсен койбойт деп, Күлдүр жайсаң барганы, Чаганбай аттуу балам деп, Жолдош болсун Манаска. Эл болгондун белгиси, Эрке балам жалгызым, Энди кошуп алыңыз, Эби келсе баарыңыз" *(Сагынбай Орозбак уулу, "Манас", I китеп, 1978, 213-бет).*

2.2. Алчын, үйшүн жана маңгул журту кыргыздарга кошулган соң, ынтымакты бузбоо үчүн төмөндөгүдөй ант кылышат: "Өлүп калсак кырылып, Бир чуңкурга тололук, Тирүү болсок жыйылып Бир дөбөдө бололук". *(СО, "Манас", I, 1978, 215-бет).*

2.3. Жер союлуп былкылдаган калың кол келет: найзанын учу жылтылдайт, сурнай үнү такылдайт, асман чаңдан көрүнбөйт, жер кайкалап дүңгүрөйт. Баштаганы - Манас. Ээрчигени: "Башка уруудан Маңгул бар, Баатыр Жайсаң даңгыл бар, Күлдүр, Калдар беги бар, Манжуулуктан кошулган Бала Мажик эри бар. Аргын Каракожо бар, Найман, дуулат кошо бар. Абактан Айдар ханы бар, Ата уулунун баары бар. Окчу Каракесек бар, Орто жолдон кошулган Ногойдон он миң эсеп бар. Каракалпак Бердике, Каңгайлардын Келдике, Өзүбектен Дамбылда, Чымыр кара Бообек бар, Чынарстандын Шаабек бар, Кыпчактардан Көкбөрү, Кыргыздардан Жүгөрү, Кызайлардын Байкабыл, Кайсы бирин айталы. Баштап Манас алганы, Каркыранын боюна, Кара суунун боюна Кайнап түшүп калганы" *(СО, "Манас", II, 1980, 68-69-беттер).*

2.4. Манас курама жыйнап журт кылган. Ошол курама журтка төмөнкүлөр кирген: "Бердике менен Дамбылда Берендердин баары бар. Айдаркан, Үмөт ал да бар, Айдаркан уулу эр Көкчө, Үмөт уулу Жайсаң бар. Каратоко, Мажиги, Камбардын уулу Чалиги, Сары Үйшүндүн Сатайы, Алчындардын Атайы, Аргын Каракожосу, Топтун башы Токотай, Эл билгиси Элеман *(СО, "Манас" II, 1980, 149-150-беттер).*

2.5. "Арбын экен көчкөнү, Алтымыш миң үй экен, Маңгул менен калмактан Манас жакка өткөнү. Бурбай ашып Музбелди, Баштаган Манас бул элди" *(СО, "Манас", II, 1980, 161-бет).*

2.6. Алмамбеттин жалгыздык жөнүндө Акеркечке айтканы: "Батарыма тоо да жок, Барарыма жер да жок, Баш калкалар эл да жок! Текөөрү болот шумкардай Тегеренип учармын, Терек көрсөм конормун, Термелбестен көтөрсө, Ошого жолдош болормун. Канаты күмүш ак туйгун Калкылдап кайып учармын, Кайыптуу жерге узармын. Кайыңды көрсөм конормун, Кайышпай кайың көтөрсө, Как ошо жерде болормун" *(СО, "Манас", II, 1980, 267-268-беттер).*

2.7. Акеркечтин Алмамбетке Манас жөнүндө айтканы: "Таалайы артык элди айтам, Талаалатып жибербей Таяна турган жерди айтам. Арамзаада жыйылып, Ажалга сени баалашты, Көрбөй өтүп кетпегин Көкжал төрө Манасты! Тоодон улук иш кылсаң, Ашырганын жан билбейт, Эр өлтүрсөң, кан төксөң, Жашырганын жан билбейт. Төрүнө өтсөң жектебес, Кейишке салсаң кет дебес, Бүлүндүрсөң кейибес, Кадырың билер как ошо, Пейлинди билер бек ошо" *(СО, "Манас", II, 1980, 268-269-беттер).*

2.8. Манастын Алмамбет жөнүндөгү көргөн түшү: "Байнеги алтын, сабы жез, Узундугу үч-төрт кез, Сырты калың, мизи курч, Алкымы түз, кайкаң уч, Кандай болду бул кылыч? Жаткан уйдай кара таш Кылычты Манас салганы, Таш бөлүнүп калганы. Жолдон бара жатканда, Жандагы жалаң кылычы Жолборс болуп калганы, Соңунан ээрчип Манастын Жолдош болуп алганы. Карап турса жолборсу Карчыга болуп алыптыр. Куштан башка үнү бар, Куудан аппак жүнү бар, Алпкарагуш сүрү бар. Оң колуна кондуруп, Ойгонуп Манас калыптыр, Оңой эмес бул түш деп, Оюна кыйланы алыптыр" *(СО, "Манас", II, 1980, 274-275-беттер).*

2.9. Манас түшүн элге айтканы: "Аккула экен мингеним, жайбаракат бастырып, Жалгыз жолго киргеним. Кызымталдуу бир кылыч Жолдон таап алганым. Сынамакка кылычты Ташка чаптым ошо кез, Ташты кести эттен тез, Кубанып кынга салганым, Салмактанды бир кезде, Учу жерге тийгени, Тийген жерин чийгени, Кылычым бөлөк сүрөткө Нак ошо жерде киргени. Кыйшык айткан сөз болбос, Кылычым болду бир жолборс, Күн тарапка бир карап, Түн тарапка бир карап. Жолборсум турду күркүрөп. Жан-жаныбар жыйылып, Дөңдө жалгыз өзүмө Таазим кылды сыйынып. Алиги турган жолборсум Ак туйгун болуп калганы. Айбат менен караса Алпкарагуш сүрү бар. Текөөрү болот, сары аяк, Темингенин куткарбас, Үңкүр кабак, үнү ачуу, Умтулганын узатпас. Ачуу чыкты добушу, Алпкарагуш баш болуп, Аяк жагы короолу Асманга толуп калкылдап, Сыярат кылып сыйынды. Кондурган бойдон колума Ошо түштөн ойгондум" *(СО, "Манас", II, 1980, 279-280-беттер).*

2.10. Ажыбай түш жоруду: "Оңолгон экен ишиңиз, Оолуккан экен сизди издеп, Ойдогу азиз кишиңиз! Кытайга намыс бербеген, Кылымдан ашык эр деген, Кыйындарды жыйылып, Кырылышып жеңбеген, Соорондук уулу Алмамбет Өткүрлүгү кылычтай, Айтканына бек турган Убада сөздөн жылышпай! Жолборс болсо жолдошуң, Алмамбет келип биз жакка, Аркасы тийип биз жакка. Ак туйгун болгон кушуңуз, Душманга тийген мушуңуз. Канаттуулар жыгылып, Кашыңызга келгени - Как өзүнө сыйынып, Сыймыктуу эрдин баарысы Сыйынат экен өзүнө. Бул дүйнөдө жолдошуң, О дүйнөдө колдошуң, Келет экен түштөгү Алмамбет арстан жолборсуң" *(СО, "Манас", II, 1980, 281-282-беттер).*

2.11. Манастын сүйүнүчү: "Көңүлү өстү жетилип, Көшүлүп бою чечилип, Эбедей бою эзилип" *(СО,"Манас", II, 1980, 282-бет).*

2.12. Манастын Алмамбетти көрүп жактырганы: "Кызыл түктүү пил экен, Кыраан эрдин бири экен. Алыскы ишти ойлогон Акылмандын бири экен, Айбатына жан түпөс Баатырлардын бири экен, Кең көкүрөк, сом далы Балбандардын бири экен, Кездешкенин мент кылып, Алгандардын бири экен, Азуусу албарс, уу тырмак Арстандардын бири экен, Айбаты менен ааламды Баскандардын бири экен" *(СО,"Манас", II, 1980, 301-бет).*

2.13. Аккула ат минип алкылдаган, өңүрү кетип жалпылдаган Манас минтип сүйүнөт: "Айтканымды туюнчу, Арстан эрлер сүйүнчү! Түндүктү тирер түркүгүң, Жолго кирсе жолдошуң, Жоголор жерде колдошуң, Жоо качырсаң жолборсуң Алмамбет келет мен көрдүм" *(СО, "Манас", II, 1980, 302-бет).*

2.14. Манас: "Алмамбет келет мен көрдүм, Көптөн аны токтоткон Көл -дарыя ырыска Көз көрүнөө баткандай! Айла кылып токтоткон Аккан суудай ырыска Алдам берсе баткандай, Сунса колу узарып, Жумулса көзүн ачкандай!" *(СО, "Манас", II, 1980, 302-бет).*

2.15. Манас: "Аздырбай алып калыштын Акылын кылгын, көй баатыр! Айрылып калып Көкчөдөй, Арманда болуп бөксөрбөй, Жергеңде жүрсө жектебей, Окус жаман иш кылса, Осол көрүп кектебей Батырарың маалым кыл" *(СО, "Манас", II, 1980, 302-303 беттер).*

2.16. Манас: "Чогоолдук кылса көтөрүп, Өжөрлүк кылса өткөрүп, Кейишке салса кечирип, Кеткени болсо келтирип, Өчөшкөнүн өлтүрүп, Күтөрдүн камын кылыңар" *(СО, "Манас", II, 1980, 303-бет).*

2.17. Манас: "Башын тартпас өлүмдөн Баатырдык жайы көрүнөт, Пас адамга тең жүрчү Бакырлык жайы көрүнөт, Караса кайра жанбаган Капырлык жайы көрүнөт" *(СО, "Манас", II,1980, 303-бет).*

2.18. Алмамбеттин Манаска берген жообу: "Батарыма элим жок, Каңгып жүргөн бир жанмын. Ой жетпеген иш издеп, Оң каарган киши издеп, Ооп жүргөн бир жанмын. Кетмен өтпөс кериден Келер бекен суусу деп, Кечээ күндүн арыгын Казып жүргөн бир жанмын, Карсак жүрбөс калыңда Карайлаган бир жанмын, Кара башым өлүмгө Даярдаган бир жанмын" *(СО, "Манас", II, 1980, 314-бет).*

2.19. Алмамбет: "Балапан учуп уядан Ыгын билбей конордун Канатым талып жыгылып, Караган менен көз жетпей, Ырыскым кайдан болорун Жолдо калган бар жанмын". *(СО, "Манас", II, 1980, 314-бет).*

2.20. Алмамбет: "Чылбырын үзгөн тулпармын" *(СО, "Манас", II, 1980, 314-бет).*

2.21. Манастын Алмамбетке жасаган айкөл достугу: "Калабалуу кырк баатыр, Кан тартуусуз түшчү эмес! Камданар ылдам тартуусун, Кандык жолун кылган соң,

Кааласа турар элиме, Каалабаса калкымды Өзү билер кайтуусун. Күлүктөн тартуу камдаңар, Баш тулпардан байлаңар. Аялуу мүлкүм Аккелте Асалык анын жонуна, Албарстын учтуу Сырнайза, Аны берип колуна, Кийги-зиңер Аккүбө, Кийүүчү кийит жонуна! Алтын саптуу Ачалбарс, Аны байла белине, Алып кетсин баруучу Каканчын-Бээжин жерине, Калың кытай элине" *(СО, "Манас", II, 1980, 315-316-беттер).*

2.22. Манас кылган достук салттары. "Кулжадай санын түрүлтүп, Кундактай белин бүгүлтүп, Сарала менен тогуз ат, Аккула менен он сегиз, Баары буудан тептегиз, Сай күлүктү тарттырып, Сандыргалуу Алмаңдын Салтанатын арттырып, Сары улакты таптырып, Садагасын чаптырып, Чоң куржунун ачтырып, Алмамбеттин башына Кырк миң дилде чачтырып, Аскерине талатып. Кийик оту, кой эти Үч каранын этиндей, Айлантып Алмаң башынан Канаттууга чокутуп, Алмаңа кылган садага" *(СО, "Манас", II, 1980, 319-бет).*

2.23. Манастын айкөл мамилесинен кийин Алмамбет минтип ойлойт: "Аккула Манас аты экен, Кара жанына өлчөгөн, Кас тулпарын мингизген Ашкере чыккан март экен. Ак күбө Манас тону экен, Азыркысын сүйүнүп, Мага кылган жолу экен. Аккелте Манас мүлкү экен, Байкап турсам Сарала Мага ылайык жылкы экен. Айбалта менен кылычын, Ала келди найзасын, Аттонунан мен айрып, Кетирбейин айласын. Өспөгөн жаман жан кылар Өз жанынын пайдасын *(СО, "Манас", II, 1980, 321-бет).*

2.24. Серектин акылы боюнча ат чабыш болуп, чыгып келген күлүк Алмамбетке тартууланат. "Алмамбеттин Сарала ат Суулуу жерге басылып, Эки колдоп тизгинге Чапкан бала асылып, Астына келип калыптыр. Кырк чоронун баарысы Алмамбет деп чуу тартып, Айгайды бийик салыптыр. Алмамбеттин көңүлүн Билдирбей туруп кырк баатыр Бир көтөрүп алыптыр" *(СО, "Манас", II, 1980, 327-бет).*

2.25. Алмамбет Манаска, кыргыздарга ыраазы болот да, ынтымактуу жүрүүгө бата сурайт: "Батарыма жер таппай, Баркымды билер эр таппай, Өлгөн болсом кокустан Өмөлүп көмөр эл таппай. Тирилик болсо көрөрдү, Өлсөм кейип көмөрдү, Талаада калбай жасатым, Таптым бекен деп турам, Табытка салып жөнөөрдү. Тууган болсоң кырк баатыр, Тутууга келдим мен акыр, Жибектен алган өөнүм бар, Жигиттен калган көөнүм бар, Ырас, мени тур десең, Ынтымак сурайм көбүндөн, Кудай берсе ынтымак, Куусаң кетпей ысыр-бак. Мени кое салыңар, Ынтымактуу жүрмөккө Бата кылгын бааарыңар" *(СО, "Манас", II, 1980, 331-332-беттер).*

2.26. Туугандашуу салты. "Байбиченин эмчеги Жаш төрөгөн келиндей Алмамбетти көргөндө, Ат үстүнөн ийиптир. Балам, Манас, келгин деп, Бала күндө эмдиң деп, Сен эмгенсиң мурун да (336-бет), Баштап ээмп бергин деп, Байбиче айтып салганы, Мамаңды, эне, бергин деп Алмамбет чуркап барганы. Оң эмчегин алганы, Оозуна Манас салганы, Сол эмчегин алганы, Алмамбет ээмп калганы. Отуздагы баласы зоңкоюп эмчек эмди деп, Бай Жакып күлүп калганы. Энеден экөө болдум деп, Атадан төртөө болдум деп, Дайрадай ташып толдум деп, Кубанбаган бир жан жок, Куп дебеген тири жан жок" *(СО, "Манас", II, 1980, 337-бет).*

2.27. Кара буурул тон кийген, Карткүрөңдөй тон кийген, Жаңылбаган чоң чечен, Арага жүрсө бат жүргөн, Жетимиш бурку тил билген, Кара тилин кайраган, Кан алдында сайраган Аргын кандын Ажыбай мындай дейт: "Мен жеримде жатканда, Жакыптын уулу Манаска Чоро болсом дээр элем. Чамбылды жердеп көп жүрдүм, Байдын уулу Бакайга Баш күнүнөн тилегим Дос болушсам деп жүрдүм. Ал экөөнү таба албай, Баатырдыгым башкача Озгон эрдин биримин. Кумар болуп эки эрге Тозгон эрдин биримин" *(Саякбай Каралаев, "Манас", 1 китеп, 1989, 192-193-беттер).*

2.28. Бакай, Манас, Ажыбай - үчөөнүн достошуусу: "Асмандагы жылдыздай Козголушту үч ойрон, А дүйнөлүк ошондо Дос болушту үч ойрон, Ак бөкөндүн кылындай Суурулушуп турушту. Ак буудайдын унундай Жуурулушуп турушту. Ак буудай нанын чайнашып, Ай талаада эрендер Бычакты кындан алышып, Чыбык кырка салышып, Убада ушу болсун деп, Колдорун канга малышып" *(СК, "Манас", I, 1984, 193-бет).*

2.29. Ажыбай Манаска эки баатырды алып келип достоштурат: "Эки бала мен таптым, Белек да экен,шер да экен, Чолпон менен Үркөрдөй Болжоштук жайы көрүнөт, Өлүм орток жан бирге Жолдоштук жайы көрүнөт. Ордо күтүп, үй күтүп, Коно турган эр экен, Арстаным, сага чын жолдош Боло турган эр экен. Артыгы анык сынаакы, Экөөнү чоро кылсаңыз, Өзүңө тете мураапы" *(СК, "Манас", I, 1984, 194-бет).*

2.30. Манас менен достошкон чоролор. "Бирөө үзүктөй калпак эр Шууту, Бирөө Ырамандын ырчы уулу, Кыйын мүшкүл иш түшсө, Кыраан Манас кашында, Ырдап берет башында. Боз баланын баштуусу, Кыйшык-кыя сөз болсо, Кылт дедирбей билчүсү. Күйүттүү ишти бүлдүрөт, Азаматты күлдүрөт. Үзүлгөнүн улашчу, Чачылганын жыйнашчу Эр Манастын эрени". *(СК, "Манас", I, 1984, 194-бет).*

2.31. Коңурбай капканы бет алып качат. Манас артынан куун алган. Эгер Манас капкага кирсе, шаардын

дарбазасы жабылмак да, айкөлдү кытайлар өрт өчкөндөй кылмак. Ошону түшүнгөн Алмамбет Манасты сактап калат. "Жебеден мурда жетти эми, Жетип келип Алмамбет Эри өлгөндөй жулкунтуп, Эр Манасты булкунтуп, Илип алып чылбырдан Кайра тартып кеткени" *(СК, "Манас", II китеп, 1986, 154-бет).*

2.32. Алмамбеттин сөөгү бөтөн жерде калтырылбайт - бул бөтөнчө достук жана бир туугандык. "Ажыбай, Бакай эр ыйлап, Айкөлүң Манас шер ыйлап, Сараланы Бакай кан Ооздуктан кармап буркурап, Тил угуучу эмедей Аламабеттин сөөгүн Аманат кылып табыштап: "Айланайын Сарала, Башыңды жерге сала көр, Алмамбеттин сөөгүн Аман-эсен көргөзүп, Жаныбар, жерге алып бара көр!" *(СК, "Манас", II, 1986, 220-бет).*

2.33. Манастын Алмамбетти, Чубакты, Сыргакты жоктошу: "Аккула окко учурдум, аяш, Алтын айдар, чок белбоо, аяш, Алмамбет шейит кечирдим, аяш! Канатымдан кайрылдым, аяш, Кан Чубактан айрылдым, аяш! Мен Бээжинди чаптым, көп алдым, аяш, Мен Сыргагымды жеп алдым, аяш! Мен канатым окко жулдурдум, аяш, Кабыландан айрылып, Мен караңгүн жанды тындырдым, аяш! Мен канатым өрткө чалдырдым, аяш, Кабыландын баарысын Мен Каканчынга алдырдым, аяш! Эгиз козу түгөйүм, аяш, Экөөнү катар жеп алып, Мен өлбөй гана кантип жүрөмүн, аяш!" *(СК, "Манас", II, 1986, 223-бет).*

2.34. Сараланын келиши. "Көктөн көгала булут тутулуп, Алмамбеттин сөөгүн Айгайлаган сан колдон Ошондо аман алып кутулуп. Кылт дегизип суу жутпайт, Кырт этип чөп чайнабайт, Күндө тынып калбастан, Күн мезгилин албастан, Ааандай оозу ачылып, Оозунан көбүк чачылып, Ошондо башын жерге салыптыр, Айбан да болсо Сарала Айланса болот бууданга, Жаныбар аса күтүп калыптыр" *(СК, "Манас", II, 1986, 226-бет).*

2.35. Манастын Алмамбетти жоктоп, бүк түшүшү: "Колоттогу карагат, Кол кармашып кеткенге, Кокуй күн, Алмам, ала жат! Кызыл болот желегим, Алмамбет кытайдан келген белегим! Кысталыш жерде керегим, Өйдө чыксам өбөгүм, Кокуй күн, Алмам, жөлөгүм. Бек бекиткен чебимен, Чын айрылып каламбы, Береним Алмам шеримден! Ай сайын жүргөн ыркырап, Аскардуу шамал желдейим. Эч жоодон кайра тартпаган, Кара кулак шердейим - Асылым Алмам деп ыйлап, Ошондо өкүрүп Манас бүк түштү, Мээ аралаш сары зил, Кусуп ийип кан Манас, Төбөсү менен тик түштү" *(СК, "Манас", II, 1986, 227-бет).*

2.36. Манас туу туткан ынтымакты Абыке, Көбөш тебелейт. Алмамбеттин зайыбы Бурулчаны азапка салат. "Жыртык кара үй берип, Жырык кара уй берип, Эртең

эрте тургузуп, Чылгый тери ийлетип, Күн салкындап кеч кирсе, Тамашага бийлетип" *(СК, "Семетей", I, 1987, 249-бет).*

2.37. Бакайдын Семетейге айтканы: "Жаман тууган кагышат, Жай билбестер чабышат. Жарылган баш жабылат, Бир тууган кайдан табылат? Айрылса баш таңылат, Агайин кайдан табылат. Алты ай тынбай жол жүрсө, Көңүл калбайт буудандан, Найзалашып сайышса, Көңүл калбайт туугандан. Бул Көбөштүн жанын бер, Айланайын, жетимим, Бир кашыктай канын бер! Тууган сойгон оңчу эмес, Душман тууган болчу эмес" *(СК, "Семетей", I, 1987, 286-бет).*

2.38. Каныкейдин Семетейге ынтымактан ыдыраган кырк чоро жөнүндө айтканы: "Учу түптүү жибекти Чубап тартсам бөлүнбөйт, Атаңдан калган кырк чоро Чуу салбай жүрөр көрүнбөйт. Кызыл-тазыл кырмызы Кыргагын тартсам бөлүнбөйт, Кылыгы бузук кырк чоро Кылчаяр жайы көрүнбөйт. Чапчакка куйган кымызың, Чамасы келсе кырк чоро Чалыша берет тымызын. Жортуулга жүрсөң кырк чоро Табылгы чогун үйлөшөт, Жолдош кылсаң иттерди Тарчылык жерде сүйлөшөт. Жалынсаң укпайт кебиңди, Сындырар сенин деминди" *(СК, "Семетей", I, 1987, 335-бет).*

2.39. Кырк чоро Семетейге каршылык кылып кытайды көздөй качат. Семетей Тайбуурул үстүнөн түшүп, чылбырды мойнуна орой салынып, кол куушуруп туруп чоролорго айтканы: "Айланайын кырк аба, Сындырба менин белимди, Суутпа менин демимди. Буурулум тартуу, баш тартуу, Сынап уккун сөзүмдү, Балалык кетсе өзүмдөн Ушу жерде чуку көзүмдү. Кыйшыктык кетсе, кырк аба, Колуң менен союп кет, Манастын уулу өлдү деп, Колуң менен коюп кет" *(СК, "Семетей", I, 1987, 334-бет).*

2.40. Бакай Манас менен Акун кандын достошуп куда болгонун Күлчорого айтып бергени: "Оогандын каны Акун кан Канкор менен ал экөө Ободон жылдыз боз болуп, О дүйнөлүк дос болуп, Куда болуп мал айдап, Кулдук уруп май чайнап, Көңүлдүн баарын бөлүнтүп, Көп казына - сары алтын Түндүгүнөн төгүлтүп, Убада кылган кеби бар, Кудалашкан жери бар" *(СК, "Семетей", II, 1989, 30-бет).*

2.41. Үмөтөйдүн чатагы: "Менин атам эр Көкчө, Канкор Манас эр болуп, Билген чырын кылыптыр. Айдап барып Бээжинге Эрендин баарын кырыптыр. Баары айласын табалбай Балдар жетим калыптыр. Кыргынды кызык баштаптыр, Каяшаяк бергенин, Каканга барбайм дегенин Каарланып канкор шер Кырып ие таштаптыр" *(СК, "Семетей", II, 1989, 260-бет).*

2.42. Үмөтөйдүн ынтымактан кетип, жаңжал салуусунун себеби төмөнкүчө: "Алып келген олжоңдун Тең жарымын бергин дейм, Теңдик сөзгө көнгүн дейм, Атамын кунун бербесе, Айткан сөзгө көнбөсө, Андаймындай дей берсе, Каалап калкын чабамын, Эсебин эптеп табамын, Эпке көнбөй ал койсо, Калкым арбын, күчүм көп, Как куйкасын тилемин, Тобуна тозок саламын" *(СК, "Семетей", II, 1989, 261-бет).*

2.43. Эл-журт азуусун айга жаныган Үмөтөйгө караганда, калыс ой-пикирге эгедер. Алар минтип айтат: "Баатыр ай, Көкчөнүн кунун бергин деп, Кытайча кирип кун доолап, Не бет менен айтабыз? Калың журт казат кылганда, Жаңжалды жалаң көрүппү, Жалаң алптын баарысын Кыра сал мунун баарын деп, Манас кан тушап бериппи? Манаска милдет кылгыдай, Кунун бер деп кулжуңдап, Доо чыгарып тургудай Талас оңой жер бекен, Семетей оңой эр бекен?! Өнбөс жерден доо доолап, Өлүп калар бекенбиз, Болбос жерден чыр издеп, Болбой калар бекенбиз?!" *(СК, "Семетей", II, 1989, 262-бет).*

2.44. Чогоол Үмөтөйдү энеси Акеркеч да тыймакчы болот: "Энекең шордуу мен элем, Атаң Көкчө төрөдөн Колдо белек сен элең? Семетей жалгыз, сен жалгыз, Карын бөлө бала элең (262-бет). Алтымыш кызыл нар айдап. Алың жетер мал айдап, Уялашым бөлөм деп, Бөлөмдү быйыл көрөм деп, Кун доолабай бөлөм деп, Курчалып барсаң Семетей Күтүп алар шер ошол. Кун доолабай достошсоң, Сенин күлкүңдү аччу шер ошол. Үмөтөй балам, тил алгын, Ордодон тандап пил алгын, Пилге жүктөп дилде алгын, Ободон жылдыз боздошкун, Сен Семетей менен достошкун" *(СК, "Семетей", II, 1989, 264-бет).*

2.45. Үмөтөй энесинин да тилин албайт. Арпасын чийки оргонсуп Күлчорого оңуранда турган жери: "Атаң Көкчө куну деп, Кундун ушу пулу деп, Алтын дилде, зер жүктөп, Нарбуурулга артыңыз, Астыма муну тартыңыз. Кара көзүң сатуу кыл, Маган кан Бакай башын тартуу кыл! Айткан сөзгө көнбөсөң, Койгулашчу жериңди айт! *(СК, "Семетей", II, 1989, 269-бет).*

2.46. Бакай Үмөтөй жөнүндө минтип айтат: "Ал Үмөтөй эрендин Аты күлүк күрсүлдөк, Жоон өпкө дүпүлдөк, Ала көөдөн тарсылдак. Ат баштаган алты сан Тартуу кыла салгыла. Бээ баштаган беш тогуз, Кудай үчүн, мен үчүн, Көкчө, Манас шер үчүн, Барып тартуу кылгыла. Айткан сөзгө көнгүлө, Кара ниет Үмөтөй Каалаганын бергиле" ((СК, "Семетей", II, 1989, 273-бет).

2.47. Каныкей да Үмөтөй жөнүндө минтет: "Дегенине көнгүлө, Каалаганын бергиле, Кайтарып жолго салгыла,

Жамандашпай элдешип, Жакшылашып калгыла" *(СК, "Семетей", II, 1989, 274-бет).*

2.48. Семетей Күлчорого Үмөтөй жөнүндө минтип айтат: "Тилге келсе Үмөтөй Дегенине көнөлү, Адырда жылкы алты сан, Аргымак, күлүк аралаш, Ушул Үмөтөйгө берели. Кааласа алар кол берип, Арбын малды чоң берип, Бир табактан эт жешип, Дидарлашып, беттешип, Оболкуну козгошуп, Кол кармашып достошуп, Көрүшөлү баарыбыз. Эпке көнсө Үмөтөй Бек элдешип кайтып кел, Каарланып какайса, Кармап кулду жайлап кел, Эки колун байлап кел, Абаң Семетейге айдап кел. Көргөз менин көзүмө, Бир өзөнгө конолу, Бир бир туугган бололу. Эпке келсе Үмөтөй (274-бет), Каалаганы кан болсо, Кан көтөрүп алалы" *(СК, "Семетей", II, 1989, 275-бет).*

2.49. Күлчоро Үмөтөйдү ынтымакка чакырат: "Тилге келсең, Үмөтөй, Кыргыз эмес кылымга Кан кылганы турабыз. Кандыкты каалап алыңыз, Кан абам канкор алдына Тууганмын деп барыңыз. Паашалуу мына, жер мына, Баатыр, башты алсаң, мен мына, Күтүп алсаң, калаалуу кыргыз эл мына! Капанын баарын жоюңуз, Күүлөнгөндү коюңуз" *(СК, "Семетей", II, 1989, 275-бет).*

2.50. Анда Үмөтөйдүн кан ичмеси кармап, Күлчорого минтип бакырат: "Жан жыргатар кезди айтып, Жаның чыккан акмактын Айтып турган кебин көр! Жеке салыш кылбасам, Жер жайнаган колуңду Жеке өзүм кырбасам, Үмөтөй болбой өлөйүн, Туулбай туна чөгөйүн! Кан кылгын дедим кимиңди?! Сары адырмак көрүүндү айт, Салыша турган жөнүндү айт, Семетей менен достошуп, Бирге жүрүп оңбоймун. Түп коргонун түзөтөм, Түбүнө чогуу жетпесем" *(СК, "Семетей", II, 1989, 275-276-беттер).*

2.51. Момунжан Семетейдин кайтыш болгонун угуп, ыйлап жиберет да, минтип айтат: "Ата кайран, жан достум, Ободон жылдыз козголгон, О дүйнөлүк дос болгон, Ак буудай унун чайнашкан, Келеме шарып кармашкан. Ажайык, талак, күнөөнү Бөлүшө тартар шеригим, Ой, Семетей, жолдошум" *(Бириктирилген вариант, "Сейтек", 4-китеп, 1960, 87-бет).*

2.52. Момунжан досу Семетей үчүн күйүткө батат. "Ичи өрттөнүп, боору чок, Мындан башка сөзү жок. Күндөн калды Момунжан, Көп сүйлөбөй, сөз айтпай Тилден калды Момунжан" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 87-бет).*

2.53. Момунжандын арманы: "Алтын жаак айбалта Душман көздөй бурбадым. Кайран достум кабыланга Каралды болуп турбадым. Өйдөлөп найза сунганда, Өбөк болуп бербедим. Эч болбосо достума Жөлөк болуп бербедим" *(ВБ, "Сейтек", IV, 1960, 87-бет).*

2.54. Момунжандын Карадөөгө айтканы: "Айчүрөк айтса мындай деп, Арбагы артык Манастын атын сыйлап

барайын. Айдай катын Чүрөктүн Катын сыйлап барайын. Жети миң кызыл нар айдап, Ай тийгендей досума Куран окуп келейин. Барып бала Сейтектин Быйыл жүзүн көрөйүн! Шердин шери Күлчоро Назарым аныс салайын, Айлам жетсе кургурду Айыктырып алайын" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 88-бет).*

2.55. Манас менен Кайыпчалдын достугу Куялынын сөзүнөн белгилүү болот: "Менин жайым сурасаң, Асмандан жылдыз боз экен, Асыл атам Кайыпчал Атаңыз Манас кан менен Алты антташкан дос экен" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 237-бет).*

2.56. Айчүрөктүн досу Куялыга айтканы: "Кайыпчал кызы сен элең, Кан Акун кызы мен элем. Көктөн жылдыз козголуп, Кеп антташкан дос болуп, Ак буудай унун чайнашып, Бирге жолдош болууга, Бир жайлоого конууга, Эже, сиңди болууга Убаданы чын кылдык. Бараан болгун, бел болгун, Достукту сактап курбалдаш, Сарыбай колун сүрүшүп, Атышты арбын салыңыз, Жоо камаган бул элди Ажыратып алыңыз" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 238-бет).*

2.57. Казак эли менен ынтымакта болуу жөнүндө Акбалта Манаска минтип айтат: "Иленин чыгыш башында Айдаркан деген казак бар. Ар качандан бир качан Мыскыл кылат калмактар. Көбүрүп турган арактай Ичинде кыйла зардап бар. Шородой катты муңдары Жүрөгүндө аяктай. Деңиздей жүрөт буулаңып, Бир жылчыкты таба албай. Өкчөлгөндө жыгылбас Ошондо кыйла үмүт бар (83-бет). Уксаң акыл, көзөлүм, Учураша өткүнүн. Көрбөгөмүн, уккамын, Айдаркан уулу Көкчө дейт. Жалгыз аттын чаңы аз, Анын даңы билинбейт. Ыгына келсе сырдашкын, Ылайык келсе муңдашкын" *(Жусуп Мамай. "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 84-бет).*

2.58. Акбалтанын Буудайык канга жазган катынан: "Сен да алаш, мен да алаш, Намысым бир тамырлаш. Алаштын ары кетер кез, Чачылды деген жаман ат" *(Жусуп Мамай. "Манас", 1-китеп, Ош. 1995, 128-бет).*





ҮЧҮНЧҮ ОСУЯТ

3. Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет

"Аманат жаным чыкканча,
Намыс жолун кубамын!
Атамдан калган жеримди
Алдырып коюп кытайга
Аңкайып кантип турамын!"

(Манастын сөзүнөн)

Аскар Акаев: "Манасты жана анын чоролорун эл-жер үчүн ажалдан кайра тарттырбай алга сүрөгөн улуу күч ушу болгон. "Калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин" деп, алар Ата журттун ар-намысы үчүн кара башын канжыгага сайып коюшкан. Ошонусу менен Абыке, Көбөш алты арам сыяктуу тар мүдөөлүү арсыздардан асман-жердей айырмаланышкан. Улуттук ар-намысты баарынан бийик туткан ушундай атуулдук ариет ушу тапта өлкөбүздүн башкалардан калбай гүлдөп өнүгүүсү үчүн абадай зарыл экени өзүнөн өзү түшүнүктүү".

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Манас" эпосунун 1000 жылдыгына арналган салтанатта сүйлөгөн сөзүнөн.

3.1. Манастын какандан коркуп наалыган Көкчөгө айтканы: "Алты жүз кытай келгенге Алдырайсың каласың, Акылыңдан танасың, Артык сөз айтып саласың, Азамат үшүн аласың. Жалпы баары жаш бала, Буларды жалтанса кудай урбайбы! Улуктар өкүм айта элек, Уруштан тези кайта элек. Жүрөгү жоодон кала элек, Өңкөй өткүр бала элек" *(Сагынбай Орозбак уулу, "Манас", I китеп, 1978, 253-бет).*

3.2. Көкчөнүн намыс жөнүндө айтканы: "Туулмак бар, өлмөк бар, Жакшылык менен жамандык Туш-тушунда көрмөк бар. Аманат берген куу жанды Ажал жетсе өлмөк бар" *(СО, "Манас", II, 18-бет).*

3.3. Манастын жоокерлерге айтканы: "Жолдо болсун изибиз, Жоодон болсун ишибиз! Көктө болсун жаныбыз, Көөкөрдө болсун каныбыз" *(СО, "Манас", II, 1980, 21-бет).*

3.4. Манас: "Жалпы отурган ага-ини, Жалынсаң жанын калабы? Корксоң коюп салабы? Эркек козу туулуптур, Не жумушка туруптур? Эр азамат туулуптур, Не жумушка туруптур? (22-бет). Эркек козу болгондо Курмандыкка караткан, Эр азамат болгондо Намыс үчүн жараткан!" *(СО, "Манас", II, 1980, 23-бет).*

3.5. Манас: "Алтайда кантип туралык, Арбын аскер куралык, Атышкандан баш тартпай Ата жолун кубалык, Балбандан аскер куралык, Бабанын жолун кубалык. Кырылышып жеңбесек, Кытай берер тоюңду. Барган адам өлөт деп, Пас ойлобо оюңду" *(СО, "Манас", II, 1980, 23-бет).*

3.6. Манас: "Атадан не үчүн тубамын, Аманат жаным чыкканча, Намыс жолун кубамын! Атамдан калган жеримди Алдырып коюп кытайга Аңкайып кантип турамын" *(СО, "Манас" II, 1980, 24-бет).*

3.7. Манас: "Атамдан калган Нааманды Алты айга койбой албасам! Айрып жерим албасам - Атадан туубай калбасам! Эңшерип элим албасам - Мен энеден туубай калбасам. Аркандан моюн чечиңер, Ала албасак кытайдан, Аманат жандан кечиңер" *(СО, "Манас", II, 1980, 24-бет).*

3.8. Манастын мажилиске жыйылган атпай кыргыз балдарына айтканы: "Атамдан калган жер экен, Намысты кыргыз санайбы, Ынтызар болдум алууга Испара менен Алайды. Алдырып коюп кытайга Намысы жоктон жүрүпсүң. Аттангандан тартынба, Айтууга калсын артыңда. Аягың чыгар кишенден! Арбынмын деп ишенген Арбак урган капырга Санын бириң өлтүрүп, Зарыкпай аяк чечиңер, Саныңды чыгар кишенден!" *(СО, "Манас", II, 1980, 151-бет).*

3.9. Эрдик менен ар-намыстын күчүнөн майышкан Алооке жеңилет. "Азыр келди Алыке Арстан эрдин үстүнө. Таазим кылып киреди, Душманыңмын мен деди, Душман да болсом жан кыйбай, Амандык бергин сен деди. Катылбадым карадым (194-бет), Атышып алар алым жок, Кармашып алар каруум жок, Чыкпайм ушу жерден деп, Чыр саларга чагым жок. Айрылдым таажым-тактымдан, Кармашып адам жеңе албас Башында сыймык бактыңдан!" *(СО, "Манас", II, 1980, 195-бет).*

3.10. Намыстын күчү менен сексен беш жаштагы Кошой балбан күрөшкө түшөт. Кошойдун айтканы: "Капырдын көөнүн тындырбай, Канкорум шагын сындырбай, Калкыңа уят кылдырбай, Төгүлбөй турган кан барбы, Өлбөй турган жан барбы, Карысам да тобокел! Токтолбоюн, барайын! Алармын деймин намысты, Абыдан керсем арышты" *(СО, "Манас", III, 1981, 200-бет).*

3.11. Жолойдун Кошойдун намысына тие айтканы: "Кара сакал агында, карууңдун кеткен чагында, Буурул сакал агында, Муунуң кеткен чагында, Өлүм жакын табында Ажалыңдын жеткени, Абийириңдин кеткени, Кетпегенде неткени, Жашыңдан киши чыга албай, Карганда түшүп балбанга, Карап көрсөм өзүңө Каргыш тийип калган да! Бир башында, Кошоюм, миң жаның болсо коембу, Ичип канга тоембу!" *(СО, "Манас", III, 1981, 218-бет).*

3.12. Кошойдун жообу: "Атаңдын көрү, капыр кул, Үйшүнбайдын тоюнда Өлтүрбөй сени тирүү алдым, Балчакайдын белинде Айтышып сөздөн бир жеңдим, Ач бөрүдөй жулушуп, Ат үстүнөн бир эңдим (218-бет), Кулжатоонун боюнда, Кутман байдын тоюнда Катылам деп Кошойго Кан жүткүргөн жериң бар. Бөрү жолдуу Кошойду Бөлөк болду дейсиңби? Ар бир жерде алышып, Аркы-терки салышып, Алып жүргөн мен элем, Наадан Жолой сен элең!" *(СО, "Манас", III, 1981, 219-бет).*

3.13. Кан Коңурбай Мааникерди бергиле деп Бокмурунга кыстоо салат. Бокмурун Кошойго акылдашат. Кошой Манаска айтат. Ошондо айкөл катуу каарланат. "Аттигине абаке, Акылыңыз канаке? Сенден бөлөк бири айтса, Албас белем жанын деп, Төкпөс белем канын деп! Жамандыкка кыйбаган Кошойлуктан калдың деп. Ойронуң Манас өлгөндө, Ошондо тартуу берсеңчи, Азыр менин барымда Манасым бар деп айтсаңчы! Бүгүнкү күндө Мааникер Кадырына албайбы, Эртеңки күндө Кула атты Каалап кармап албайбы, Жылып-жылып жыласың Бүрсүгүнкү күнүндө Эр Төштүктүн Чалкуйрук Эбин таап албайбы? Сай кашканын баарысы (140-бет), Сай тулпардан айрылса, Сай кучактап калбайбы? Мааникер берем дегиче, Манасты өлдү десеңчи! Батаңды кыла келсеңчи" *(СО, "Манас", III, 1981, 141-бет).*

3.14. Чубактын Манаска намыс жөнүндө айтканы: "Ак болот мизин жалаштым, Намысың бирге талаштым. Ар душман менен салыштым, Айкөлүм, сенин айыңдан Ал жетпес жоого алыштым, Намыстан кайдан калыштым? Макулбу, баатыр ушунуң? Айтышканда сөздө жок, Көрүшкөндө көздө жок, Жакшылыктын баарысы, Көңүлдө жок, эсте жок" *(СО, "Манас", IV, 1982, 197-бет).*

3.15. Кочку кол салганда, он эки жашар Манастын намыстанышы: "Он экиде эр Манас Кайра жаачу булуттай, Каары бетине айланып. Тегерегин карабай, Теги жанын аябай, Кыдырата карабай, Кылча жанын аябай: Күрдөөлдүү башым барында, Күлүгүм кантип берейин, Күчөгөн экен бул калмак Мен бир күлжүктөшүп көрөйүн (72-бет), Салат экен кыргызга киши көрбөс бузукту. Кара курттай быжырап, Өнгөн кытай экен го, Кайран башым барында, Калкымды кантип берейин. Найза кармап, топ бузуп, Ажал жетсе окко учуп" *(Саякбай Каралаев, "Манас", I китеп, 1984, 73-бет).*

3.16 Душманга тартуу берели деген Жакыпка Манастын айтканы: "Кокуй, ата, не дейсиң, Торучаар берчи минейин! Жайнап жаткан каапырды Каканга чейин сүрөйүн! Өлбөй тирүү жүргөндө, Не мураска жетейин, Кырк үйлүү кыргыз журт үчүн, Курман болуп кетейин! Кокуй, ата, кейибе, Найзалашып топ бузам, Тагдыр жетсе окко учам. Согуш кылып окко учпай, Мен тартуу кантип берейин" *(СК, "Манас", I, 1984, 88-бет).*

3.17. Манас: "Кайран журтум, сен үчүн Адырга бойлой кономун. Аянбай алты ай салышып, Анан курман боломун. Күркүрөп найза салышам, Эрдикти эпсиз кылбасам, Тирүү жүрбөй өлөйүн, Туубай туна чөгөйүн" *(СК, "Манас", I, 1984, 134-бет).*

3.18. Манас: "Кокуй, Балта, не дейсиң? Ит урушун кылганда, Качты Манас дебейби! Сары изиңе чөп салып, Саргара куун кытайлар Момунтип жүрүп жебейби! Уялбай качып дардактап, Уккан менен көргөнгө, Билген менен туйганга, Кытайдан Манас качты деп, Өрттөнүп кеткен ал бурут Өз дүйнөсүн чачты деп, Өсөк кылса кылым эл Кантип жооп беремин" *(СК, "Манас", I, 1984, 135-бет).*

3.19. Бокмурундун намыссыздыгы. "Көкөтөйдүн Бокмурун Он экиге жетиптир. Өзүңө жанды теңебей, Дөөлөт мас болуп кетиптир, Жакыптын жалгыз Манаска, Көпкөндүгүн мындан бил, Кабар бербей салыптыр. Көкөтөйдүн кара ашка Манас келбей топурап, Салбай калган топурак" *(СК, "Манас", II, 1986, 7-бет).*

3.20. Нескара үстүнө жалаң алтын артып, Мааникерди менин алдыма тарт деп жанжал чыгарат. Бокмурундун эсине ошондо жыргалдуу Манас кабылан түшөт. Анан башына алтымыш санаа бир келген Бокмурун ыйлап жиберип, Кошойго айтып турганы: "Кара калмак, манжуунун Дегенине көнөлү, аба, Калкты кырып ийбесин, Мааникер сурайт, берели, аба! Сан дүйнөнү чачалы, аба, Самаркан көздөй качалы, аба! *(СК, "Манас", II, 1986, 28-бет).*

3.21. Кошойдун Манаска кабар айттырганы: "Эр болсо Манас келсин де, Калайманды салсын де, Кайнап жаткан кытайдан Ажыратып алсын де. Түгөл кара калмактар Түпкө чогуу жетти де, Түп көтөрө кыргызды Түгөтө чаап кетти де, Баатыр Кошой карыңды Калмак байлап алды де, Калган алптын баарысын Такыр кырып салды де" *(СК, "Манас", II, 1986, 29-бет).*

3.22. Жайма көкүл жаш Айдардын Манаска айтканы: "Көкөтөйдүн ашына, Көкжал Манас, барыңыз, Кара кытай, манжуудан Ажыратып алыңыз" *(СК, "Манас", II, 1986, 30-бет).*

3.23. Намыссыздык. Нескара: "Тентектикти биз баштап, Этинин баарын жеп койдук. Кайнап жаткан манжуунун Кайратсызын билет бейм, Каарданса кан Манас Бизди Каканга чейин сүрөт бейм" *(СК, "Манас", II, 1986, 35-бет).*

3.24. Мааникерди тартууга берели дегенди угуп Манастын айтканы: "Өкүмдүк кылса бул кытай Өрдөшкө жатар чагым жок, Өлүмдөн аяр жаным жок, Кытайга тартар малым жок, Мааникер берер чагым жок, Өрпөндөшсө капырың, Аянып калчу жаным жок! Акыл качып боюндан Оңбой калган экенсиң, Эрдигиң кетип

картайып, Эсил аба кабылан Болбой калган экенсиң. Үрпөңдөп кытай таарынып, Мааникер алса бүгүндө, Эртеңки күнү эскирип, Аккула кошо албайбы. Аркы күнү барбайса, Алып коёт ушинтип Керкабылан Чалкуйруктай күлүктү. Күлүктү кууп албайбы, Күндө тозок салбайбы! Тулпардан туура айрылсак, Кара кыргыз алптары Ээрди жонго артпайбы эмгекти катуу тартпайбы? Билгенин кытай кылбайбы, Анан жөөлөтүп жүрүп кырбайбы? Төрүңө кудук казбайбы, Баатырың байлап албайбы, Барбайып жөө калган соң, Балекетти салбайбы *(СК, "Манас", II, 1986, 36-бет).*

3.25. Манастын Жолой менен Нескарага айтканы: "Ардактап ашка чакырдым, Абийириң менен этиң же. Алуучу калмак сен эмес, Алдырчу кыргыз мен эмес, Чабуучу кытай сен эмес, Чаптырчу кыргыз мен эмес. Өлбөгөн жерде калышам! Күрпөңдөшөм болбосоң, кытай, Былкылдак куурай бышкыча, Мыйзамдын гүлү учкуча, Мыктап алты ай салышам" *(СК, "Манас", II, 1986, 37-бет).*

3.26. Көп калмак кемегедеги этти талап, Баймырзаны көсөө менен сабап, анын башы-көзү кан. Баймырзаны көргөн Манастын өрттөй көзү жайнайт, кан ичмеси кармайт. "Кара жаак камчыны Кармап алып имерип, Ошондо Нескарадай баатырды Төбөгө тартып жиберип, Малакай учту чыркырап, Отогот ташы быркырап. Каарына чыдабай, Алты миң кытай, миң калдай качып берди дыркырап". *(СК, "Манас", II, 1986, 38-бет).*

3.27. "Уйгу-туйгу түшүрүп, Түбүнө чогуу жетерде, Түрү суук кара калмакты Түгөл кырып кетерде, Ороккыр менен Музкиндик, Эр Коңурбай, Нескара - Аттан түшүп ушулар Аттарын тартып калганы" *(СК, "Манас", II, 1986, 39-бет).*

3.28. Коңурбай Манастан кечирим сурайт: "Тоюңа келип калыппыз, Тоюна тоюп алган соң, Тополоңдошуп калыппыз. Тополон салам деп туруп, Тозокко минтип калыппыз. Ашына келип күч кылып, Айыпкер болуп калыппыз. Бул айыпты кечиниз, Кечпес болсоң айыпты, Мынакей башты кесиниз!" *(СК, "Манас", II, 1986, 39-бет).*

3.29. Манастын так ушул ар-намыстуу аракетинен кийин Бокмурун киши кейпине келет. "Кыбыладай желдешип, Кайра баштан элдешип, Бузуктуу кепти ташташып, Оюн кептен башташып, Журт ошентип турганда, Көкөтөйдүн Бокмурун Күүгө келип калыптыр. Кайра баштан тирилип, тилге келип калыптыр" *(СК, "Манас", II, 1986, 39-бет).*

3.30. Алмамбет менен Чубактын чатагынан. Чубактын айтканы: "Атыңдын оозун бура тур, Ала көөдөн, кытай кул, Алдыңкы жерге тура тур, Он эки дүркүн кол баштап (91-бет), Чалгын салар сенсиңби?! Кеңеште жок,

кепте жок, Бээжинге чалгын чалбастан Оорукта калчу менминби?!" *(СК, "Манас", II, 1986, 92-бет).*

3.31. Алмамбеттин Чубакка айтканы: "Ойлосоң боло сен, Чубак, Олоңдогон кызыталак, Мен Бээжинди чалам ким үчүн? Арттагы калың эл үчүн, Тосмосу катуу кытайдын, Топурак учуп күйөт деп, Тоскон жолум ким үчүн, Тозоктуу Чубак, сен үчүн! Кан кыл деп айттым кимиңди?! Каның экөөң бирикчи, Каңылдаган ит Чубак, Кагайынбы бул жерде, Капкайда кеткен жиниңди?!" *(СК, "Манас", II, 1986, 93-бет).*

3.32. Эселек аял Чачыкейдин калп айтышы: "Түбө, түбө бетиңе, Түрү суук кеп айттың. Талаадагы эркектин Кушу менен иши бар. Үйдөгү катын-ургаачы Ашы менен иши бар. Качырып ийген шумкардын Үйдө отурган ургаачы Кай себептүү иши бар? (24-бет). Айтканымды билип кет, Канкоруң экөөң биригип, Кара жерге кирип кет" *(СК, "Семетей", II, 1989, 25-бет).*

3.33. Сарытаздын Семетейге айтканы: "Кызыл ала кылгыдай Кырк атаң кыргыз өчү жок. Атаң Манас көкжалдын Өпкөсүн жарып өлтүргөн Коңурбай кытай мен эмес (129-бет). Таласта кыргыз эл кандай? Кан атаңды тааныбай, Тентип жүргөн сен кандай? Буудан Манас уулу элең, Букарга тентип конупсуң, Таятаң Темиркандай митаамдын Дене кулу болупсуң". *(СК, "Семетей", I, 1987, 130-бет).*

3.34. Сарытаз: "Шамал жокто теминген Селдей байкуш бар бекен? Энесин эжем деп жүргөн Сендей байкуш бар бекен?" *(СК, "Семетей", I, 1987, 130-бет).*

3.35. Семетей Сарытаздын айтканынын аныктыгына чыккандан кийин, Каныкейге жетип, ага айтып турганы: "Катүгүн энем, эл кайда? Бекзааданын жалгызы Безип жүрөр жөн барбы? Бereним энем, эл кайда? Элге жетер күн кайда?" *(СК, "Семетей", I, 1987, 138-бет).*

3.36. Канчоро намыстан тайып, бузукулук жолго өткөндө, Күлчоро минтип айтат: "Ак жылкынын чаңы ургур, Атакем Манас даңкы ургур, Аргын, кыргыз, бир ургур, Энекем Каныкейдин сүтү ургур!" *(СК, "Семетей", II, 1989, 306-бет).*

3.37. Кыяздын колундагы Сейтекти аман сактап калыш үчүн Айчүрөктүн айтканы: "Эсер Кыяз, ук муну, Чарайнада баланын Чатагын кантип сен билдиң? Курсактан чыккан бу бала Куланды куup качтыбы, Сенин куржунда пулуң чачтыбы! Аланды ала качтыбы, Казынаңды чачтыбы? Муну өлтүрүп сойгондой, Тындым кылып койгудай, Кандарыңды сойдубу? Калкыңды бийлеп, чуу салып, Жаш бала душман болдубу?" *(Бириктирилген вариант, "Сейтек", IV, 1960, 58-бет).*

3.38. Кыяздын жойпуланышы: "Минтсең, Чүрөк, оңбойсуң, Сынасам жолду торгойсуң. Ботом, туура тапкан балама Душмандык кылсам оңомбу? Жаңыдан туул-

ган уулума, Жадаалдык кылсам болобу?" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 59-бет).*

3.39. Күлчоро: "Кымбат абам барында Кыны жок кылыч байландым, Туюкту тепсеп, жол салдым. Түмөн-түмөн жоо келсе, Туура барып кол салдым". *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 67-бет).*

3.40. Кыйноодон камчы саптай ичкерген, Ийнеликтей кичирейген, Күлчоронун өлбөй жүрүшүнүн сыры: "Өлөйүн дейт арынан, Өлбөй аман жүргөнү, Бая өлчөлүү Сейтек барынан. Семетей уулу Сейтекти Эрешен тартып эр кылып, Эр уулу менен тең кылып, Белиме таңуу кылсам деп, Кагыша кетип Кыязга Калайманды салсам деп, Төрөпейил Канчоро Төбөсүнөн бассам деп, Ойлоп жүрөт ошону" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 67-бет).*

3.41. Кыяз Күлчорону өлтүрөрдө Айчүрөк чорону ажыратып алат да, минтип айтат: "Күйбөстөн мурун күйгүздүң, Баатыр күйүп өлгүн, сен Кыяз! Кул-кутанга кол салган Эрен сендей болобу, Сени эр адам деген оңобу? Сандап жаткан элиңде, Олжого келген бизчелик Күңү-кулуң жок беле?!" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 72-бет).*

3.42. Кыяздын эки жүздүүлүгү. "Оозумду ачып өпкөнүм, Көзүмдү ачып көргөнүм, Жыргалдуу Сейтек карааным. Караанымды көрбөсөм, Өрттөнүп, бышып каламын. Жаралган жалгыз уулум бул (81-бет), Саламат барып, сак келсин, Сагындырбай бат келсин! Эсен барып, соо келсин, Эриктирбей бат келсин! Сүйлөмүш болот дүпүлдөп, Ары карап күңкүлдөйт. "Уу таштар, - дейт, - үбүмө, Өрттөнгүрдүн тукуму, Жетет го, - дейт, - түбүмө. Чылгый ичи өрт болуп, Чындап каршы боло албай, Калды Кыяз оңшоюп" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 82-бет).*

3.43. Айчүрөк Тооторуну сурайт. Кыяз адегенде: "Чүрөк, кимди шылдың кыласың, дегениңе көнбөймүн, Тоотору атты бербеймин", - дейт. Ал ушул сөзгө бек турушу керек эле. Бирок Айчүрөктүн түнөргөнүн көрүп, сөзүнөн жанат. Анткорлонуп минтип айтат: "Сынап-сынап кеп салсам, Сурданып, Чүрөк, болбойсуң, Ар качандан бир качан Кайратыңды койбойсуң! Кантип тулпар аяйын. Тооторуну берейин". *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 103-бет).*

3.44. Күлчоронун Кыязга айтканы: "Ботом, оң далым оюп кул кылган, Ордолуумду пул кылган, Шерим Кыяз сенсиңби? Абамды кууп жоготкон Эрим Кыяз сенсиңби? Кыйлага кыргын баштаган, Таласты элсиз таштаган, Кереге-уугум кыйраткан, Кары-картаң, жесирди Калтырбай тегиз ыйлаткан, Күнүмдү кара түн кылып Койгон Кыяз сенсиңби? Келме кезек келдиби, Тилекти кудай бердиби?" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 126-бет).*

3.45. Ар-намыстуу Күлчоро да аттан түшөт, аты жыгып кеткен Кыязга теңелип, аны менен жөө кармашат. "Берендер жөө турушту, Бет алышып урушту. Ким

көргөн мындай жумушту? Маңдайлашып турушуп, Кылыч менен салышып, Кылыч кыйрап быт болуп, Кабы колдо калышты, Айбалта менен салышып, Сабы колдо калышты. Жаканын баары үзүлүп, Тондор тозуп, тытылып. Кымбат баа кырмызы Ок өтпөстөн чопкуттар. Күл болуп быт-чыт тытылды". *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 126-бет).*

3.46. Күлчоро: "Ташты бузду, көч алдым, Кас душмандан өч алдым. Азыр өлсөм арман жок, Кенедей арман калган жок. Кегим калбай жазылды, Умачтай көзүм ачылды". *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 127-бет).*

3.47. Айчүрөктүн Канчоро канга айтканы: "Кыяматты, тозокту Көрбөй келдим, жан кайним, Барган жан баргыс чын дүйнө Барбай келдим, жан кайним. Айкөл кайда, шер кайда, Береке кайда, бел кайда? Медер кылган эр кайда? Кан абаңды жоготуп, Ордо күтүп, кан болуп, Эки тизгин, бир чылбыр Жеке колго алыпсыз, Көп алдында барбактап, Султан болуп калыпсыз. Көр кылдың тилек, санаамды, Бирөөнүн уулу дедирдиң, Арстандан калган баламды. Бышпастан мурун бышырдың, Күйбөстөн мурун күйгүздүң, Күйүп өлгөн, сен чоро! Капкамдын оозун кан кылдың, Таласты тепсеп чаң кылдың, Алатоо ээлеп жер кылдын, Кыргызды кыстап кем кылдың. Өз кылганың өзүнө, Убалың кара төбөнө!" *(БВ, "Семетей", IV, 1960, 181-бет).*

3.48. Турпанда аштык айдап, дан өндүргөн Манас көртирликтин, мээнеттин адамы эмес эле, анын тулкубоюнда намыс оту күйөт, атасынын Чынгышкандан кандыкты кайырчы сымал сурап алганына арданат да, Минтип айтат: "Атама карап мен турбай, Атка минип жөнөйүн. Айыгышкан душманга Салгылашып көрөйүн. Алым жетсе сыпсыйда Азуулуу тишин өгөйүн. Эки көзүн алайтып, Мойнунан башын бөлөйүн. Коркуратып өңгөчүн, Канын суудай төгөйүн. Торуна түшсөм кептердей Тозогуна көнөйүн. Түмөн кыргыз абамдай Топо тиштеп өлөйүн!" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 68-бет).*

3.49. Манас: "Калктан уктук кабарды, Алооке кандын кыргызды, Коондой карын жарганды. Талын сууруп, мал айдап, Талаага таштап салганды. Кулагың укту, Кулум деп, Куйрукка тамга басканды. Кордуктары боорума Котур таштай маталды. Мындайларды ойлосом, Жыл болду таңдын атмагы. Аталар үчүн камыккан, Энелер үчүн жарылган, Сандаган элдин муңу үчүн Кантип артка тартынам. Жонумду тоспой маанектеп, Жолборстой туруп алышам" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 68-бет).*

3.50. Манас: "Өмүргө кантип канамын, Отуз миң жыл жашасам, Эркин куунак күлгүзбөй, Элимдин жашы деңиздей. Ардыкканы тоочолук, Айрыктары коочолук. Ар

адамдын алдында Тагдыры турат зоочолук" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 68-бет).*

3.51. Ошол кезде баласын күткөн Чыйырды намысыздык жөнүндө мындай ойго келет: "Кээ бир акмак немелер Мышыктай беттен тsталайт. Журтуна душман келгенде, Жоону беттеп чыга албайт. Акыйкат үчүн күрөшөр Азаматты көрө албайт. Эмгеги тоодой турса да, Баракелде дей албайт. Таамайлап толук карасам. Татаал экен адамзат. Ушуларды ойлосом, Жүүнүм бошойт калтырап" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 69-бет).*

3.52. Чыйырдынын Манаска айтканы: "Кайраты ашкан жолборссуң, Калкым деп бассаң аттанып, Кантип сени тосоюн. Кылымдан чыккан жолборсум, Кызылы жок жошосуң. Кызматы десең элиңдин, Кыйылып кантип тосоюн. Сөзү таттуу балдайым, Сөөлөтү сонун айдайым. Үйдө тур деп чырмалып, Убалыңа калбайын. Эрик үчүн, эл үчүн Ылаачындай талбагын" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 71-бет).*

3.53. Акбалта Манаска минтип айтат: "Эр жигитке ар керек, Алды-артың байкагын. Алтынга бергис кымбатың. Ар-намысың сактагын" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 83-бет).*

3.54. Буудайык кандын ак олпокту Чубакка берип жатып айтканы: "Түбөлүк куттуу боюна, Тону болсун Манастын. Намысын кылсын алыштын, Теңдигин элдин талашсын" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 129-бет).*

3.55. Бөлөкбай уста жоо-жаракты Манаска тартуулап, Бакайдын батасын алып, кетеринде Манаска минтип айтат: "Сен балапан, мен кары. Бүгүндөн баштап журтуна Башчы болгун, эр Манас. Элиң четин бузултпай Жыйнап алгын, эр Манас. Ырысын элдин талашкын, Душмандын оозу таш капсын. Томурулгус, пил белдүү, Тоо болсо да качпагын" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 131-бет).*





ТӨРТҮНЧҮ ОСУЯТ

4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу

"Эгин айдап жай болуп,
Эсепсиз кыргыз бай болуп..."
(Саякбайдын "Манасынан")
"Кош жылаажын салдырган,
Кийсе кыба кандырган
Кырк чорого кырк өтүк
Кылып койгон мунум бар."
(Каныкейдин сөзүнөн)

Аскар Акаев: "Манас өз тегерегине ошо сөз чөйрөсүнүн бийик өнөр билимге каныкадырман адамдарды топтогон. Алардын жардамы менен ар дайым жеңишке жетишкен. Жашоонун маңызын эмгек, эпостун өзүнүн тили менен айтканда, эгин эгип, мал багуу, эрикпей иштеп жан багуу түзөөрүн ал жакшы түшүнгөн. Бүгүн да биздин элдин таянар тоосу - эмгек, билим, алдыңкы техника менен технология. Арыбас ак эмгек ар адамдын ыйык парзы, ансыз адам бул дүйнөдө жашоо парзынан кутула албайт, өлкө бакыбат турмушка жетпейт."

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Манас" эпосунун 1000 жылдыгына арналган салтанатта сүйлөгөн сөзүнөн.

4.1. Алтайга жер ооду болуп барган журттун башка элге сиңип кетиши табигый көрүнүш эле. Саанчы болуп, сүт ичип, жылкы айдап, күч минип, эчкинин тонгон майын жеп, малайлык менен эптеп жанын багып жүрө бермек, бирок мындай оор абалга тентиген калк өзүнүн билимин, акылын каршы коюп, жок болуп кетүүдөн сактанып калган. Ага акылман карыя Акбалтанын сөзүн мисалга келтирсе болот. "Алтындын кенин казалы, Кетмендеп жерди оелу, Кайрадан жан болуп кеткиче, Балдарым, кең-кесири тоелу! Кечүүгө тиккен бак да жок, Керсейип жатар чак да жок, Сегиз-тогуз жыл болсун, Жан аябай турушуп, Аябай жанды багалык Кара жер менен урушуп. Кара калмак, манжу журт Бул аштык билбес эл экен. Алып койгон эмгектин Табагын тайга сатасың. Эмгек кыл, балдар, эмгек кыл, Ачкан курсак тоюнат" *(Саякбай Каралаев, "Манас", I китеп, 1984, 37-бет).*

4.2. Акбалтанын акылы боюнча эл мээнет кылыша: "Алтын кенин казышты, Казып алган алтынды Дорбого салып катышып, Керек десе калмакка Төрт түлүк малга сатышып. Шамыянын шайлатып, кош өгүзүн байлатып, Жердин жүзүн ачтырып, Уучтап тукум чачтырып, Эгин айдап жай болуп, Эсепсиз кыргыз бай болуп, Ак буудай нанын чайнашып, Эшигинин алдына Алтыдан тулпар байлашып, Айдап алган эгиндин Кочушун койго сатышып, Табагын тайга сатышып" *(СК, "Манас" I, 1984, 37-бет).*

4.3. Мындай билгирлик менен кылынган мээнеттин үзүрү болот. Эл байыйт, эл ичинде Жакып байыйт. "Төрт түлүгү шай болуп, Төрө аган Жакып бай болуп, Алтыны жети там болуп, Адырда жылкы алты сан, Аргымак, буудан аралаш, көңүлү күндө жай болду. Алтайда манжу-калмактан Баарынан Жакып бай болду" *(СК, "Манас", I, 1984, 37-бет).* Бул байыркы учурдагы алтын казуу, аштык айдоо боюнча Акбалтанын акылы бүгүнкү күндөгү Кыргызстандагы жүргүзүлүп жаткан иштер менен окшоштугу бар экендигин белгилей кетүүгө болот.

4.4. Түш жоруй билүү - бул чоң билгирлик. Мээнет аркылуу байлыкка, байлык аркылуу башка элге тең тууган болуп калган кыргыздардын бири бай Жакыптын түшүн Акбалта минтип жоруйт: "Жоруюн көргөн түшүңдү, Оңдосун кудай ишиңди. Балам, тоого чыгып алганын, Толкуган кара калмактын төбөсүнө чыкканың. Бала барчын куш салсаң, Азуулуу кырып дагы алсаң, Балам, Ааламды билет экенсин, Барчыны бала болбойбу, Сен балалуу болот экенсиң. Балалуу болсоң кулунум, Атын Манас коесуң. Кара көкжал эр болот, Ааламды буй кылган Аябаган шер болот. Ааламга тиет пайдасы, Аз журтка тиет экен го, Ал баландын пайдасы. Аты Манас, арстан, шер, Уулдуу болот экенсиң! Балаң баатыр атыгып, Он сегиз миң ааламдын Сен туткасын кармаар экенсиң" *(СК, "Манас",I, 1984, 46-бет).*

4.5. Манастын аштык айдашы. Жолдон бир абышка жолугуп, айкөлгө минтип айтат: "Боз талаа бетин жайлайлы, Аштыкты мыктап айдайлы! Толуктап азык алалы, Кетмендеп жерди ачалык, Кочуштап тукум чачалык! Намыс кылба, ар кылба, Орток аштык айдайлы, Аштык бышар алты айда! *(СК, "Манас", I, 1984, 174-бет).* "Ошо көргөн чал менен Көкжалың аштык айдады. Алып кéлди ошо чал эки өгүздү жетелеп, Шамыяны шайлалуу, Кош жетелеп калганы, Манас кан буурсунду кармады, Жердин бетин ачты эле, Кочуштап тукум чач-

ты эле. Ортоктошуп дан айдап, Көңүлдү көкжал басты эле *(СК, "Манас", I, 1984, 174-бет).*

4.6. Манастын алган аштыгы токсон нарлык жүк болот. Ошого Аккуланы алмашып алат. "Токсон экең кызыл нар Кызыл нарды чөгөрүп, Токсон нарга буудайды Топтолтура жүктөшүп. Токсон нардан калганын Кочуштап уучтап алышып, куржунуна салышып. Аккула алып Манас кан Көңүлү турду жай болуп" *(СК, "Манас", I, 1984, 181-бет).*

4.7. Айдаркан уулу эр Көкчөнүн жер, билим жөнүндө айтканы: "Биринчиси жер пайда, Билим керек мындайда. Экинчиси эл пайда, Эмгек кылып баш байлап, Эл табуучу эр кайда?" *(Сагымбай Орозбак уулу, "Манас", II, 1980, 154-бет).*

4.8. Сынай билүү - бул өзгөчө билим. Манас Алмамбеттин жүрөктүүлүгүн төмөнкүчө сынайт. "Аттанып чыгып беш баатыр Көк колот ылдый салыңар, Көрүнбөстөн барыңар, Жаныңа жакын келгенде (303-бет), Айгай салып бакырып, Каракчы болуп чыгыңар, Капилет сайып жыгыңар, Атын коштоп алыңар, Айдап жолго салыңар, Жүткүндүрүп келиңер, Жүрөгүн сынап билиңер! Алкындырып келиңер, Акылын сынап билиңер" *(СО, "Манас", II, 1980, 304-бет).*

4.9. Манастын экинчи сыны: "Эки жүз ордо чалыңар, Элүүң жөнөп төш жакка Ат которуп барыңар, Кыркын кызык ойнотуп, Чатыраш ойнун салыңар, Тогуз, онун биригип, Тогуз коргоол алыңар, Жыйылып алып жыйырмаң Топташ-чакмак алыңар, он эки желдет ат алар, Оолактан атын алыңар, Ороюң суук салыңар, саламын алик албаңар, Жакшы экен деп көрүшүп, Жарбаңдашып калбаңар. *(СО, "Манас", II, 1980, 304-бет).*

4.10. Жубай тандоо жөнүндөгү түшүнүгүнүн тереңдиги анын атасына айткан сөзүнөн байкалат: "Эркелеткен эли бар, Эдир-эмиш кеби бар, Эртели-кеч көз кыскан Бийдин кызы болбосун. Аалимдигин ашырып, Пирдин кызы болбосун. Үкүлүк сексек, дөң маңдай Жардынын кызы болбосун. Жамандык көрсө кектеген Жарыбаган иш кылып, Талабына жетпеген Арзуунун кызы болбосун. Чачылуу чачпак, чалма этек, Караңгы үйдөн каймак жеп, Байдын кызы болбосун. Туурук таман, тултук бет, Туура тилин чайнаган Кул кызынан болбосун, Атам өзүм билерсиң, Анча-мынча ургаачы Купулума толбосун. Эркелетип өстүргөн Эркеги жок, кызы бар Жалгызынан болбосун. Атасын билбей башка өсүп, Нөкөр-жөкөр өзүндө, Өз эркинче кашка өсүп, Кан кызынан болбосун. Өкүмү бар өзүндө, Аят-адис сөзүндө Казы кызы болбосун" *(СО, "Манас", II, 1980, 347-бет).*

4.11. Манас: "Тарткан тасма белденген, Тал чыбыктай теңселген, Саамай чачы сеңселген, Акылман терең ойлогон, Ар бир түрлүү жумуштун Аркасын аңдап болжогон, Жазык маңдай, көөхар көз, Инжи тиштүү, ширин сөз, Ашкере кылган сабырын, Адамга салбай жабырын, Айтар сөзү акырын, Эл алмакка жиберген, Нечен түрлүү акылын, Боло турган жумушту Болжоп билип алыстан, Акылына жеңдирип, Ар кылган билбей калыштан, Көңүлү сылык, пейли кең, Төрт тарабы болгон тең, Жылдызы ысык, жылуу сөз, Чырагы жарык, жоодур көз, Алача моюн, түймө баш, Көкүлү көркөм, колоң чач, Ошондой кызды көрмөккө Аянбай, ата, көзүңдү ач. Акыл менен эр баккан, Айла менен эл баккан, Баркын билип мал баккан, Жалбарып акка жан баккан, Ойротто жок уз болсун!" *(СО, "Манас", II, 1980, 348-бет).*

4.12. Манас: "Болсо болсун болгондой, Көзү түшкөн пенденин Көңүлүнө толгондой! Алты жылдык жумушту Азыр билип койгондой, Берекесин көргөндө Пейли бузук адамдар Ичпей-жебей тойгондой, Санаганы баары амал, Турган менен жүргөнү Туташ баары сарамжал, Сөзү болсун шекер бал, Ошондоюн ойлогун, Оңой-олтоң кыз издеп, Окус кылып койбогун!" *(СО, "Манас", II, 1980, 349-бет).*

4.13. Бай Жакып жуучу болуп барып, Каныкейди сындаганы: "Үзүлгөнүн улаган, Көзү чалган пенденин Үзүрү болсо сураган, Жетишпедим дегенде Жеңин кесип бергендей Берендик жайы бар экен, Жеткире акыл ойлогон Тереңдик жагы бар экен. Короз моюн, колоң чач, Босого маңдай, боору таш, Бекемдик жайы бар экен, Болжогондой сөзү бар, Болор кепти бир айткан Чечендик жайы бар экен (355-бет). Азамат бакса айнытпас Жетерлик жайы бар экен, Кызылдай бою сарамжал, Кастарлуу жайы бар экен. Кыз мүнөзү кылтайбай, Тастарлуу жайы бар экен. Адамдын төмөн мүнөзү, Кеп болсо көтөрүлбөгөн, Жаманды күткөн жакшыдай, Жинди күткөн бакшыдай, Он асыйга тең экен, Ойрон болсун дүнүйө ай, Төрөөт жагы кем экен" *(СО, "Манас", II, 1980, 356-бет).*

4.14. Аскер өнөрү. "Алмамбет андан өткөнү, Алдыңкы кеткен Бакайга Аламан коюп жеткени. Абакеси Бакайды Аңтара салып кеткени. Аркасынан Ажыбай Ат койгон бойдон жеткени, Алмамбетти баш кылып, Алар сайып

кеткени. Баары аттан кулады, Узунунан сулады. Артынан жетип эр Бакай, Улак эңгеи эмедей, Алмамбетти эңип алганы, Атына кое салган. Абаң Бакай баш болуп, Жерде киши калбады, Көргөндүн чыгар арманы" *(СО, "Манас", III, 1981, 170-бет).*

4.15. Кандагай шымдын жасалышы. Эмгек, билим жана өнөр. "Абыкени баш кылып, Алтымыш мерген аткарып,Терини залал кылдырбай, Бир-бир көзгө аттырып, Күндүн жүзүн чалдырбай кургатканын кундуйтуп, Ак сандыкка каттырып. Ашаткысын эринбей Аярлык менен Каныкей Жез челекке жаткырып, Алма кабык алдырып, Алты ай малма салдырып, Анжыяндын Шагыл сарт Боекчусун алдырып, Катын бычып, кыз тигип, Оймоктуудан уз тигип, Өңкөй уздар иштеген,Кайып бектин Арууке Токсон кызга баш болуп, Тогуз күнү тиштеген. Тиштегени билинбей, Иштегени билинбей, Кайыгы көзгө илинбей Жымырата тиктирген, Жылан боор бүктүргөн. Кош кобулдап тиштеген, Ичине буулум ичтеген. Найза тийсе тешер деп, Мында да ишим бекер деп, Болот эгеп ширеткен, Жетимиш балбан бөкөгө Алым салып ийлеткен, Боегун каныш бийлеткен. Сынамакка бул шымды Сырбараң атсаң ок өтпөйт, Так үстүнө карандын Табылгы жаксам чок өтпөйт" *(СО, "Манас", III, 1981, 208-бет).*

4.16. Каныкейдин сарамжалы. Уздук, эмгек, билим жана өнөр. Кырк калпак: "Аптап урса нетер деп, Ал-кубаты кетер деп, Кедик койдун тармал жүн Таза жерге жыктырып, Тасмалдатып кырктырып, Тогуз жүз кемпир чогултуп, Тырмакка салып тыттырып, Тогуз ай башта кылдатып, Уздан узга сындатып, Сайса найза тешкисиз, Чапса кылыч кескисиз, Баары алтындан чоктолуу, Кырк чорого кырк камгак, Ысыктуу күндө кийип бак, Ышынбай жоого тийип бак" *(СО. "Манас", IV, 1982, 90-бет).*

4.17. Каныкейдин сарамжалы. Кырк тумак: "Ичин суусар ичтетип, Тышын буулум тыштатып, Үч талаа кылып бычтырып, Жаактыгын түшүрүп, Туулганын сыртынан тумчулана кийсин деп, Алкымына бүчүсүн Айкаштыра түйсүн деп, Басырык уруш салышса, Башынан түшпөй жүрсүн деп, Кырк чорого кырк тумак, Баары да баргек чоктолуу" *(СО, "Манас", IV, 1982, 91-бет).*

4.18. Каныкейдин сарамжалы. **Ич кийимдер:** "Эртелик кечти турушуп, Мылтыкташып урушуп, Жылбай жатып атышса, Ак кийимден кирдесе, Көңүлү чөгөт болор деп, Көп сөкөт бизге коер деп, Эр башына кылганым, Он эки көйнөк, он дамбал" *(СО, "Манас", IV, 1982, 91-бет).*

4.19. Каныкейдин сарамжалы. **Кырк чопкут.** "Кыркыңа кылдым кырк чопкут, Узун чоро барсыңар, Узун үлгү салгамын, Нускаңды мурун алгамын. Кыска чоро барсыңар, Кыска ченеп алгамын, Кыска үлгү салгамын. Кыйбат баа кырмызы Кыдыртып жүрүп алдырып, Алтымыш келин, кырк кызга Алты кабат курдатып, Кырк бир күндөн шырдатып, Жакпаганын сөктүрүп, табак-табак болотко Албарс эгеп аралаш, Арасына төктүрүп, Кайыганда каранга Болоттон кылган шибеге Онон бештен сындырган, Кийгендин көөнүн тындырган, Тышы торгун, атилес, Жакасы алтын: жеңи жез" *(СО, "Манас", IV, 1982, 92-93-беттер).*

4.20. Каныкейдин сарамжалы. **Кырк өтүк:** "Жүз өтүкчү алдырып, Такасынын кыюусун Тасмал менен куратып, Таманынын баарына Сары алтын салып буратып (95-бет), Коңгуроолу көк жеке, Ок кеспеген бек жеке, Таканын ичин ойдурган, Таманды калың койдурган, Кош жылаажын салдырган, Кийсе кыба кандырган Кырк чорого кырк өтүк Кылып салган мунум бар. Жай киериң бир бөлөк Барчадан байпак жоролуу, Ак кадек чылгоо оролуу Кыш киериң бир бөлөк, Түлкү байпак жоролуу, Дүрүйө чылгоо оролуу" *(СО, "Манас", IV, 1982, 97-бет).*

4.21. Каныкейдин сарамжалы. **Кырк кемер кур:** "Арнап белди байларга Аяк жагын карасаң, Табарсыкты чаптаган, Жогор жагы жүрөктүн Ай балкасын каптаган, Жаркыраган карк алтын, Жигин пенде таппаган, Карк алтындын өзү бар, Көөхар таштын көзү бар, Кыркыңа кемер курум бар, Кызматым билсең мунум бар" *(СО, "Манас", IV, 1982, 97-бет).*

4.22. Каныкейдин сарамжалы. **Жолборс үртүк жана көк доол:** "Кырк чорого кырк бедөө Кыйладан бери бактырган, Соорусуна баарынын Жолборс үртүк жаптырган, Дилде жүгөн каттырган, Куранды ээр токутуп, Кундуз көрпө тарттырып, Мамык жаздык арттырып, Басмайылды үчтөн тарттырып, Ыкыстатып ойнотуп, Ок жыландай сойлотуп, Ооздугун чайнатып, Оттой көзүн жайнатып. Кол канжыга башына Бирден доол байлатып, Сары алтынга саптаган, Пил терисин каптаган, Чымын тийсе чыңк эткен, Чыбык тийсе кадимки Мылтык аткан эмедей Кулак тунуп зыңк эткен" *(СО, "Манас", IV, 1982, 99-бет).*

4.23. Каныкейдин сарамжалы. **Күрөөкө:** "Алтын соот - күрөөкө Аркасына бөктөрүп, Бороондуу күнү суук өтпөс, Жаандуу күнү суу өтпөс, Чыйырчык алтын, чымчык

көз, Чың бадана, торгой көз. Торгой көзү жыбырап, Тоок көзү шыбырап. Машанын мурду батпаган, Чиркейдин мурду өтпөгөн Айга салып караса,Алакан жүзү көрүнбөс (99-бет), Кас буудандын баарына Бирден соот бөктөрүп, Өзүнүн атын боштотуп, Жолдошуна коштотуп" *(СО, "Манас", IV, 1982, 100-бет).*

4.24. Аккелтени Манаска Бакай тартуулайт. **Аккелте:** "Дөөтү досу Кара уста Ошо байкуш жасаган. Кундагын курчтан кердирип, Акысына карандын Так миң байтал бердирип, Болоттон ичке тарттырып, Бутаны жара аттырып. Каран калган Аккелте караса кыба кандырып, Алтын, күмүш аралаш Бооруна чаптырып, Буулум менен оротуп. Бөлүнүп огу жаркылдайт, Ботодой үнү буркурайт, Туура тийген огуна Душман чыдап тура албайт. Тийгени жалын, Күйгөн өрт Тиктеп адам тура албайт, Тигинен тийсе аткан ок Тутамдай сөөгү табылбайт. Ойноп атсаң очогор, Чындаганда койчагыр" *(СК, "Манас", I, 1984, 189-бет).*

4.25. **Кандагай шым.** (Ушул осуяттагы 4.15 саны менен белгиленген мазмунга салыштырып окуса да болот). "Кийсе моокум кандырган, Кармаса колду талдырган, Ичин буулум ичтеген, Эсил катын Каныкей Жети жыл тынбай тиштеген. Тиштеп жатып ал шымды Кашка тиши жоюлган, Тиктеп жатып ал шымды Кара көзү кардыккан. Ашагандан машаган, Кошой абам киер деп, Ылайыктап жасаган. Баранды огу батпаган, Келтенин огу кеспеген. Болбогон жерин сөктүргөн, Эгеп ийип болоттон Табак-табак төктүргөн. Табылгы жакса чок өтпөс, Очогор атса ок өтпөс, Багелеги саймалуу" *(СК, "Манас", II, 1986, 42-бет).*

4.26. Каныкейдин сарамжалы. **Аколпок:** "Жакасы алтын, жеңи жез, Кош бадана, торгой көз. Кемеме жака, кең күрмө, Керишке кийсе ок өтпөс. Найзанын учу тешпеген, Нар кескен огу кеспеген. Жылан боор кайыган, Караган пенде таң калып, Адамдын көзү тайыган. Сыртына жибек орогон, Арасына карандын Ар түркүн курчтан сологон. Атадан жалгыз береним, Аколпок кийип турсун деп, Айгайлаган жөө болсо, Айныбай боюн урсун деп, Билбей койсом болбойт деп Кызмат кылып бербесем, Эгерде ишим оңбойт деп" *(СК, "Манас", II, 1986, 59-бет).*

4.27. Эчкилүүнүн тоосундагы Манаска даярдалган жай - өзгөчө билгирликтин белгиси. Ал сөөк коюудагы өзүнчө өнөрдү да чагылдырат. "Ачык көмсөм асылды Көрүн ачып алат деп, Жол үстүнө сүйрөтүп, Даңгыттарга

жарат деп, Кыйшыгы жүргөн душмандар Минтип өчүн алат деп, Эчкиликтин Каразоо, зоонун бетин ачтырып, Манастын жайын каздырып, Ооз жагын жасатып, Жалгыз киши баткандай, Аржак жагын көөлөтүп, Алты миң кой жаткандай. Үстү түшүп кетет деп, Алтындан түркүк орнотуп. Ичи жарык жатсын деп, Жакут таштар жардырып, Сексен уруу жерине Чырак кылып салдырып. Ичи чирип кетет деп, Кайран жеңең Канықей Эптүүлүгүн билгизип, Үстүнөн аккан кара суу Ичи менен жүргүзүп, Алтындан жаткыч салдырып, Үстүнө суптан жаптырып, Асты чирип кетет деп, Арчанын күлүн төктүрүп" *(СК, "Манас", II, 1986, 240-бет).*

4.28. **Мээнет.** Сарытаздын көмүр өчүргөнү. "Төө оюн чоң оргок Кош колдоп кармап алды эле, Астында кара токойду Оргок менен койгулап, Түбү менен жойгулап, Төөчө жөөлөп калды эле. Ачып көздү жумганча, Андаймындай дегиче, Тоодой кылып жыйгылап, Үрпөйгөн жердин баарысын Келтек, таяк колунда Такыр койбой ургулап. Кытай оттук, боор таш Кырып ийип чок коюп, Күү дегизе бир үйлөп, Куу тезекке от коюп, Кырк кулач көсөө колунда Тегерегин үйүрүп, Кара көсөө калтырбай Жолум үйдөй чүйүрүп. Көмүрлөрү көрүнүп, Көсөө менен бөлүнүп. Алты көнөк суу баткан Өгүз баш кара жан аяк, Кайнар кара булакка Күп дегизе малды эми. Жаймалантып төгүлтүп, Сууну сузуп алды эми. Кур дегизе бир ууртап, Күп дегизе бир бүркүп, Бир бүркөн жок, миң бүркүп, Кырк кулачтай көсөөнү Көмүрүнө салды эле. Көк букадай чапчылап, Төгөрөккө жайды эле,Алтымыш төөгө жүк көмүр Өчүп жатып калды эле" *(СК, "Семетей", I, 1987, 127-бет).*

4.29. **Сүрөт өнөрү.** "Кыжы-кыйма чоң бүлүк Каканчынын кагышын,Чоң Бээжиндин чабышын Чогуу тарттым сүрөткө. Азууларын аркайтып, Ат өлүгү тоо болуп, Муруттарын сербейтип, Эр өлүгү тоо болуп, Муну тарттым сүрөткө (155-бет). Чоң өтүк бутта чойкоет, Короздой мойну койкоет, Көзайнеги балкылдайт, Көөкөрдөй болгон шуру таш, Ээй, төбөсүндө жаркылдайт. Атаң Манасты сайган Коңурбай, Алгарага мингизип, Аны тарттым сүрөткө. Аккуланы мингизип, Каптап жаткан кытайды Какайлатып сүргүзүп, Сенин атаңды тарттым сүрөткө. Азизкандын Алмамбет Аяш атаң болучу, Аны тарттым сүрөткө. Астыга салса акжолтой, Айдап жүрсө сан колдой Сыргакты тарттым сүрөткө. Ач айкырык, куу сүрөөн, Алышса ааламдын алы жетпеген, Арстандын тиши өтпөгөн (156-бет) Аяш атаң Чубакты

Аны да тарттым сүрөткө. Капилетте сөз тапкан, Караңгыда көз тапкан Бакайды тарттым сүрөткө. Кара тилин кайраган, Кан алдында сайраган, Жетимиш уруу тил билген (157-бет) Аяш атаң болуучу Мен Ажыбайды тарттым сүрөткө..." *(СК, "Семетей", I, 1987, 158-бет.* Каныкей тарттырган ушул сүрөттөр жөнүндө 220-222-беттерде да сөз болот).

4.30. Бакайдын Абыкеге айтканы: "Сабырдын түбү сары алтын, Сабыр кылсаң озорсуң, Сабырсыз болсоң тозорсң" *(СК, "Семетей", I, 1987, 283-бет).*

4.31. Семетейдин тулпарларына Айчүрөк да жолборс үртүк жасатат. "Он төрт атка жабууну Жолборс түрдүү кылыптыр. Ичин буулум ичтетип, Тигишин келин-кызга тиштетип, Четине алтын нокоо салдырып, Бетин чылк жибек менен сайдырып, Түгүн түктүү бурдуруп, Түсүн көргөн кишиге Как жолборстун түрүн кылдырып, Он төрт атка жаптырып, Туягына туягын Туура жолборс окшотуп, Кулагына кулагын Куп жолборско окшотуп" *(СК, "Семетей", II, 1989, 68-бет).*

4.32. **Устачылык жана өнөр.** Төкөр уста Бөлөкбайдын Семетейге жасап берген курал-жарактары. **Айбалта:** "Уңгусу болот, учу курч, Сабына алтын тарттырган, Мизин миздеп кындадым, Мизин кылдап чыгарттым, Ажыдаардын уусуна Алтымыш жолу сугарттым" *(СК, "Семетей", II, 1989, 138-бет).*

4.33. Бөлөкбайдын Семетейге жасап берген Сырнайзасы: "Таштуу жердин кайыңын Тандап жүрүп кыйдырдым (138-бет), Кабыгы менен катсын деп, Көлөкөгө жыйдырдым. Кыйшык жерин түзөт деп, Тизге салып бастырдым, Жыгаччыга сомдоттум, Бөлтөк жерин жондуруп, Кырк калчага оңдоттум. Кокус сынып кетет деп, Төрт жерге жез тарттырдым. Ачык калган жерине Тарамыштан солоду, Ичине желим куйганда Бөлөкбайдын казына Арбыныраак короду. Кокус сынып кетет деп, Пил терисин каптаттым, Кан тийсе чирип кетет деп, Түпөктүн ылдый жагына Булгаар менен чаптаттым. Колдон тайып кетпеске Тутам жерин нылдаттым, Тутам жерин сырдаттым. Түпөгү кыл чоктолуу, Бир найзанын баасы Сексен нарга токтолуу" *(СК, "Семетей", II, 1989, 140-бет).*

4.34. Каныкейдин Аколпокту жаңыртышы. "Абыке, Көбөш алты арам Аколпок тартып алганда, буласы булап калыптыр, Булайт кийип салыптыр. Күндүзүндө тынч албай, Түн ичинде уйку албай, Аркагын алып ийридим. Ар дүркүн кымбат буюмдан Этегине кийридим. Кериге

салып кептедим, Аколпокту эптедим" *(СК, "Семетей", II, 1989, 142-бет).*

4.35. Каныкейдин Семетейге арнап тиккен Кандагайы: "Кармап тартса Кандагай Желим болуп чоюлган, Кое берсе Кандагай Шили болуп жыйылган" *(СК, "Семетей", II, 1989, 143-бет).*

4.36. Боло турган өтө оор тагдырды, кесепетти Айчүрөк алдын ала боолгоолоп билет. Ошол себептен ал чыңырып ыйлап, Семетейдин чылбырына чырмалып, түшүн айтып турганы: "Бөөдө жолду баштаба, Айлыңды караан таштаба. Барганыңан келбейсиң, Базар үйүң көрбөйсүң. Түндө жатып түш көрдүм, Башымда мүшкүл иш көрдүм. Кең дарыя казынам Соолуп көлчүк болуптур, Бул эмине болуучу? Калкка паана чынарым Канчоро каргап коюптур, Бул эмине болуучу? Тултук мүйүз көк бука Суу түбүндө аңгырап, Жер түбүндө бакырат Бул эмине болуучу? Алтын мүйүз ак серке Күндү көздөй маарады, Бул эмине болучу? Атадан калган Акшумкар Айды көздөй сызыптыр, Бул эмине болуучу? Оң мүрүндөн колуң жок, Оң тизеңден бутуң жок, Тууганым жапа салды деп, Туш келгенге айтыпсың, Бул эмине болуучу? (288-бет). Атаңан калган зулпукор Ортодон кыйрап сыныптыр, Бул эмине болуучу? Колуңдагы айбалтаң Уңгусу төрткө бөлүнүп, Мизи сексен кыйраптыр, бул эмине болуучу? Бууданым, сенин Аккелтең Ортосунан үзүлүп, Кундагы такыр кыйраптыр, Бул эмине болуучу? Бул түшүмдү жоручу? Үстүңдөгү Аколпок Канчороң кийип алыптыр, Бул эмине болуучу?" *(СК, "Семетей", II, 1989, 289-бет).*

4.37. Айчүрөк көргөн сырдуу түшкө окшош нерсе Чоң казат мезгилинде Каныкейге да сезилген. Ошондо анын кабырга сөөгү сөгүлүп, Көзүнүн жашы төгүлүп ыйлап турган жери: "Тултук мүйүз көк бука Суу түбүндө өкүрөт, Сырттаным Алмам өлгөн бейм?! Карга айдаган Акшумкар Канаты жок калыптыр, Акбалтанын Чубагы Бир кордукту көргөн бейм?! Узун бойлуу чынары Кыбыла көздөй сулаптыр, Кымбатым Сыргак өлгөн бейм?! Айкөлүм минген алтын так Буту кыйрап калыптыр, Аттиң ай, Аккула окко учкан бейм?!" *(Бириктирилген вариант, "Манас", II, 1958, 277-бет).*

4.38. Момунжандын билгирлиги. Кандай дарыласа да, Күлчоро айыкпайт. Ошондо ооруга себеп болсун деп, күн кылкылдап батканда, элдин алды жатканда, аяш ата Момунжан башкача бир дарылоо ыкмасын колдонот. "Көнөчөк баштуу көк даңгыт Көкжалдан калган ит

экен, Баса калып Момунжан Көк даңгытты сойду эми, Кесип алып кечирин Күлчорого салды эми. Күлчоронун далыга Ит кечирин эп кыйып, кырма кызыл дарыны Кырк жолу сыйпап салганда, Кайнатма кара дарыны Канча жол сыйпап салганда, Ата байкуш чоронун Ооруган жери басылды, Умачтай көзү ачылды (91-бет). Ошентип, нечен күндөрдөн кийин Күлчоронун "Сүйрүсүнө сүт толуп, Ийрисине эт толуп" (91-бет) оңолот. Бир кезде Семетей бар кезинде чоролор күчүн мындайча сыначу экен: "Токсон кетмен койчу элек, Жебе зуулдап жетүүчү, Токсонун тешип өтүүчү" (92-бет), ошол сыңары Күлчоронун күчүн да так ошондой сынашат. "Токсон катар кетменди катар коюп берди эми. Шай колдогон Күлчоро Колуна болот жаа алып, Эрдин тиштеп, тиш чайнап, Бели ийилип, мекчейип, Көз тумандап чекчейип, Бармагынан май чыгып, Билегинен Чоронун Чыпылдап кара кан чыгып, Талыбай жааны тартты эле, Кетменди Чоро атты эле, Токсон катар кетменден Токтолбостон өтүптүр, Кетменден өтүп, жаа огу Катар жерге житиптир" *(Бириктирилген вариант, "Сейтек", IV, 1960, 94-бет).*

4.39. Көкчөкөз, Көзкамандар ууландырган Манасты айыктыруудагы Каныкейдин билгирлиги жана табыпчылык жөндөмү. "Ажал жетип кетпеске Жерден себеп издеди. Оролмо тоону чалдырып, Элден себеп издеди. Себеп болчу дарыдан Миң түрдүүсүн алдырып, Уйпачы ууну жандырып, Уу ичкен Манас аны ичсе, Ооруган жери басылат Умачтай көзү ачылат. Күчтүүлүгүн көргөнү, Кашыкка ченеп бергени. Айкөл шериң ошондо Өлгөндө араң мал болду Кырк жеринен тешилип. Тешикке себеп болот деп, Ичтеги заардын баарысын Тышын көздөй сорот деп, Кысырыктын кырк байтал Күнү баарын сойдурду, Казысын бузуп, ойдурду. Арстанынын денесин Алтымыш күн болгуча Казыга күн-түн бөлөгөн" *(Бириктирилген вариант, "Манас", I, 1958, 280-бет).*

4.40. **Устачылык: билим, эмгек, өнөр.** Бөлөкбай душмандын кордугун көп көрөт. Бутун майрыйтып толгойт, төкөр болуп калганы да ошондон. "Тузду билет татыган, турмушту билет жашаган, кайгыны билет каржалган, азапты билет аксаган" дегендей башынан өткөргөндөрү төкөр уста Бөлөкбайды кек алууга тарткан. Кантип? Манаска курал-жарак жасоо менен. Бакай, Кошой, Жамгырчы жардам берсе, Бөлөкбай төмөндөгүдөй куралдарды жасоо тилегинде. **Аркескен:** "Мен жасаймын Аркескен, Ачуусу келсе нар кескен, Түпкүч болуп

ийилген, Туура сынып кетпеген" (440-бет). **Ыспыян:** "Эки миздүү Ыспыян, Оң-тетири шилтесе, Эки жүздөн баш алган. Көөдөнгө урса, баш жарган, Жыгачка урса, таш жарган. Темирди талдай таарыган, Уруштуу күнү узарган, Учу өрттөй кызарган. Күн чагылып жарк эткен, Үн угулуп шаңк эткен, Түптүү чынар туш келсе, Баш булгабай жалп эткен, Шилтегенде кылычты Жалын чыгып жалт эткен" (440-бет). **Аккелте:** Жалтылдаган Аккелте, Ай далыга чак келте. Найына жакшы сай берип, Бет алган жерден тайдырбайм. Кароолун алтын орнотом, Сары жезден кошпостон. Үйгө койсо Үркөрбоо, Үнү ачуу, Койчагыр, Ойноп атса Очогор, Ойлогон жерде от болор. Чындап атса замбирек, Тийген жери солк этет. Чайкалып тоонун теңизи, Көлдөр толкуп чайпалат. Дүңгүрөйт үнү асманда, Коргондор кулап солкулдап, Уюлгуп турат жер чаңдап. Кароолу дажаал, огу ажал Кандай адам кутулар" *("Кыргыздар" китебинен, 1991, Жусуп Мамай, 441-бет).*

4.41. **Устачылык: билим, өнөр, эмгек, Сырнайза:** "Он эки жагын кырдатам, Үн чыгарып ышкыртам, Отуз эки түр менен Оюу-чийүү сырдасам, Тийген жерин ырбатам, Мындай найза болбойт деп, Жамакчыга ырдатам. Жайдын күнү болгондо. Колу тердеп кетпеске Коло менен чырмасам, Кыштын күнү болгондо, Колу үшүп кетпеске, Кой бакмал менен каптасам. Сайганын тешпей калбаган, Кара таштан жанбаган, Суу чыбыктай бүгүлгөн, Туура сынып кетпеген Найза жасап чыгарам" (442-бет). **Айбалта:** "Сомо темир сом балта, Сомдоп согом Айбалта. Как ыргайга саптаймын, Пил терисин каптаймын. Мизин чапсаң айбалта, Сырты калың чокморчо. Эки курал бир болот, Аты болот Айбалта (443-бет). **Туулга:** "Туулга куям бир кабат, Тогуз кабат туулгадан Бышыктыгы дагы артат. Токсон күнү кайнатып, Улам богун чыгарып, Болотун тандайм тунуктап (443-бет). **Аколпок:** "Зээри учуруп турсун деп, Алтындан кошуп септирем. Чапса кылыч кесе албайт, Сайса найза теше албайт. Отко салса түтөбөйт, Бараңдын огу бата албайт, Жебенин огу жете албайт" *("Кыргыздар" китеби, 1991, Жусуп Мамай, 444-бет).*

4.42. Бөлөкбайдын болот алуу өнөрү. "Очоктордун үстүндө Алоолонгон от болду. Үйдөй жалын бөлүнүп, Асманга учуп жок болду. Кен таштар эрип көлкүлдөп, Бороктогон суу болду. Жалынды карап Бөлөкбай Кебин баштайт оштонуп: "Таштар эрип көлкүлдөп, Көк жашыл тартып көрүнөт. Үстү кара каймактап, Очоктогу

темирдин Өзгөрүп өңү ар кандай, Ыраңы болсун сары май, Сүзүлүп өңү саргайсын, Сүттөй өңү агарсын. Көк жашылданган эпкини, Көрүнөр көзгө калбасын. Ошол кезде байкасаң, Каймактын үстү килтилдейт (449-бет), Асты кызыл жылтылдайт. Орто жери ак сары, үч түрлөнүп калганда, Болот чыгат бүт баары. Сугатын жакшы сугарсам, Көк айкын муздай мелтирейт, Көк даттанып кирдебейт. Сал муздай болуп мелтирейт, Сары дат алып кирдебейт. Ийилет, сынбайт морт кетип, Чапсаң тайбайт таш кесип. Сымап болуп куюлуп, Бетине жукпайт кан уюп. Үч түрлүү сынын көрсөтүп, Отту койду өчүрүп. Шамал соксо болбойт деп, Очоктун оозун кемдүрүп. Кырк күндөн кийин ачтырса, үч кабат болуп катыптыр, Көк уюл таштай жатыптыр" *("Кыргыздар" китеби, 1991, Жусуп Мамай, 450-бет).*

4.43. Кырк күндөн кийин ачканда, көк уюл таштай уюган үч кабат катмардын мүнөздөмөсү: 1) "Эң үстүнкү кабаты Кырым-орум болоту. Атар мылтык, ач албарс, Саяр найза, айбалта Мен ушундай бүтөйүн". 2) "Ортосу болот шеги жок, Туулга кылам баатырга. Кендин экен асылы Мындай темир теги жок". 3) "Эң түбүндө калганы Коло, чоюн, коргошун. Айыптуу болор өнөрүм, Андан түк да кошпоюн" *("Кыргыздар" китеби, 1991, Жусуп Мамай, 450-бет).*

4.44. Бөлөкбай устанын узанган дүкөн үйүнүн көрүнүшү: "Дүкөн үйү беш катар, Өнөрлүүдөн башкалар Дүкөн үйгө башбакпайт. Сегиз киши барсанчы, Сегизи турат балкачы. Барскан чапса дөөшүдө Ширөө чыгып шырылдап, Жалын учуп чырылдап. Отто темир бороктоп, Кайнап жатат быжылдап. Барскан менен балкачы Тер чууруп жымылдап. Бел курчоодон кызган жер Көлчүк болуп чыпылдап" *("Кыргыздар" китеби, 1991, Жусуп Мамай, 451-бет).*

4.45. Бөлөкбай устанын Манаска арнаган кылычынын жасалышы: "Оргуштап аккан булактын Шар суусуна чумдурду. Чылпылдатып жылкынын Майы менен майлатып. Күн тийгизбей далдалап, Салкын жерге койдурду. Бир жума жатты көлчүктө (451-бет), Балыктын майын сызгырып, Жыландын өтүн жыйдырып, Алып келип кылычты Үстүнө жата куйдуруп. Ыштуу сары курмушу Алып келип оротту. Бир жума жатты күн көрбөй, Устадан башка жан көрбөй. Ороосун сыйрып ачтырып, Курмушусун алдырып, Эгеген кызыл алтындан Эби менен буу берип, Күнгө койду астырып. Сары алтындан чынжыр боо Алты кабат тактырып. Кырмызы жибек ча-

чылуу, Кызылдан боосу тагылуу. Келтирген экен бөлөкбай, Миң кубултуп түс алат Көгүчкөндүн мойнундай. Күн чагылса, жарк этет, Доош чыгып шаңк этет. Ары-бери имерсе, Кызыл жалын балп этет. Кылычты кармап колуна, Кыраан бала Чоң Жинди (452-бет), Чынарга шилтеп жиберди. Былк этпей чынар турду эле, Аны Мажик билди эле. Саландап турган шагынан Тартып койду кичине. Теңселип терек кулады, Жерге тийип сулады" *("Кыргыздар" китеби, 1991, Жусуп Мамай, 453-бет).*

4.46. Камчынын жасалышы: "Тандап туруп Бөлөкбай Алтымыш эркеч сойдурду, Бардыгы окшош сур болду. Жыдытып жүнүн кердирди, Алтымыш көктөн тердирди. Өзөгүн толгон бурдурган, Темирден ширей урдурган. Өткөрө чапкан кишини Саргартып кулак тундурган. Чокусуна чок койду, Сары алтындан бөрк койду, Түшкүнүгүн учуна (455-бет) Сомдоп карыш ок койду. Келиштирип камчыны Табылгыга саптады, Кызыл жез менен мыктады. Күдөрү кылган ак кайыш, Чаян түйүп, терс байлап, Бүлдүргөсүн тактырды" *("Кыргыздар" китебинен, 1991. Жусуп Мамай,456-бет).*

4.47. Манас атасына таарынып, Турпанга барып, Караногойдун колунда туруп калат да, аштык айдайт (Кабарын укkан Жакып ал жылы кырк төөгө кийинки жылы алтымыш төөгө буудай артып кетет). "Чоң жинди бала тың экен, Жанына Мажик ык экен. Каңтарып жерди аң кылып, Туйлатып суусун шар кылып. Желкилдетип аңызга Сугатка толук кандырып. Аябай экти эгинди, Аштык бышып болгондо, Дан жетишип толгондо, Оруп-жыйнап жам кылып, Тоодой кырман дан кылып. Күжүрмөн Манас атагы Тарады элге даң болуп" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 56-бет).*

4.48. Акбалта жээни Манаска Аккулага катуу үчүн жүгөн тартуулайт. Ал кыргыз элинин устачылык өнөрүн чагылдырат. "Жасаткан экен Акбалта Байлыгына төндүрүп. Келтириптир борумун Сап алтынга көмдүрүп. Кармаса колго жарашкан, Ноктосу жибек кенептен. Жүгөнү бугу кайыштан, Өрмө көгү жүз бештен. Көкүлүн көзгө керттирген, Көкүлдүгүн келтирген. Учуна тогоо тактырган. Ичине темир кошпостон, Уюткан сары алтындан. Жагоолору сап алтын, Жалтылдаган сары алтын. Ооздуктан башкасы, Көмкөрмөсү баары алтын" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 80-бет).*

4.49. Бөлөкбай уста Манастын жоо жарагын камдап бүтөт. Бирок ал да Ата журт камын ойлогон намыстуу жан экен, астына тартууланган Жибекжал деген тул-

парды, жайнаган алтын, күмүштү албай коет. Бакайдын ак батасын гана сурайт. Ошондогу Бакайдын берген батасы: "Болотту суудай эриттиң, Балкалап уруп ширеттиң. Канжарың чыкты мокобос, Камгактай ташты жиреттиң. Жалында көзүң карыкты, Балкада билек талыды. Тарамышың чоюлду, Коюу каның суюлду. Куйкаланып эпкинде Каш, кирпигин келтейди. Эртеден кечке козголбой, Белиң какшап мекчейди. Ширөөлөрдү көзөтүп, Чечекейиң чекчейди. Аз болбоду эмгегиң, Ата журт үчүн тердедиң. Көргөндөрүң көөхардай, Кармаганың камырдай. Зоболоңуз зор болуп, Турмушуң күндө оң болуп, Топоңдогон душманың Төбөңүздөн жоголуп. Көлдөй тунсун көңүлүң, Узун болсун өмүрүң" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 131-бет).*





БЕШИНЧИ ОСУЯТ

5. Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк

"Аты да Манас турбайбы,
Заты да Манас турбайбы.
Өзү да Манас турбайбы,
Сөзү да Манас турбайбы".
(Чубактын сөзүнөн).

Аскар Акаев: "Маната көккө жеткире көкөлөтө даңазаланган өзөктүү осуяттын бири - адам жана адамгерчилик. Эпосто адам - ата-баба менен урпактарды байланыштырган көпүрө, ал ириде өзүнүн рухий касиеттерине жараша бааланат. "Манас" эпосу бу жагынан, асыресе, баланы тапкан, бапестеп баккан аял - энени, анын асыл аракет - эмгегин даңктоо, адамга бийик урмат менен кең пейил мамиле жасоо жагынан бүгүнкү урпак үчүн улуу нуска. Анда коомдун соолугу үй-бүлөнүн соолугу менен, ата-бабаны урматтоо урпактардын келечеги менен, элдин бакыбат турмушу анын рухий байлык деңгээли менен тыгыз чырмалышкан. Манас - айкөлдүктүн, бири-бирин кечире билүүнүн гимни.

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Манас" эпосунун 1000 жылдыгына арналган салтанатта сүйлөгөн сөзүнөн.

5.1. Бала Манас адегенде эле адамгерчилиги менен калк көзүнө көрүнөт. Маңгулдарды талаган Нескарына жеңет. Колго түшкөн 6300 жоокерди өлтүртпөйт. "Жаныңар аман, каалаганыңар мага карагыла", - дейт. 3600 жоокер Манаска кошулат, калганы аман-эсен элине кетет. Анан душман талап алган дүнүйө-мүлктү маңгулдар Айдаркан, Жакып, Дөңгөнүн алдына алгыла деп суранышат. Ошондо бала Манас минтип айтат: "Маңгулдар сага не болду, Акылың кайда жоголду? Айырып алган дүнүйө, Айырып алдык жоодон деп, Аксакалдар муну алса, Анан кайдан оңолду? Чабылдың да, чачылдың, Бетиңен пардан ачылдың. Жазайыл мылтык түздөн ал, Керектүүң болсо бизден ал. Он мин эле жылкыңыз, Оодарылды мүлкүңүз. Ыйлап жүрдүң үч күнү, Эми чыксын күлкүңүз" *(Сагымбай Орозбак уулу, "Манас", I китеп, 1978, 211-бет).* Манастын ушундай адамгерчилигине ыраазы болгон маңгулдар кыргызга эл болуп кошулат.

5.2. Манас бийликке жутунбайт. Алтайлыктар аны кан көтөрүп салганда да, жыйындын ортосуна чыгып, муну

айтат: "Акылга дыйкан көй баатыр, Айтууа менде сөз жатыр. Мал жагында арман жок, Башыма мүшкүл иш түшсө, Тууганымда дарман жок, Карып калан Жакыпта Кайрат кылар шайман жок. Казак, кыргыз бир тууган, Кан болуучу жан болсо, Бирөө чыксын бел бууган. Талаада бир ат сойдум деп, Кан көтөрүп койун деп, Өз напсиме тартпайын, Тоодой токонаалатты Эз мойнума артпайын. Калмагың бар, маңгул бар, Кызагың бар, кыргыз бар, Каңгай менен тыргоот бар, Ел байлаган болсун деп, Мени боштон койсун деп" *(СО,"Манас", I, 1978, 268-бет).*

5.3. Текес кан жеңилет. Манас талоонө умтулган жоокерлерди токтотот да, аларга минип айтат: "Албаңар жырык ийнесин, Не кыласың калмактын Эзелден жыйган дүйнөсүн" (44-бет), Ошоно нааразы болгондор мындай дешет: "Канкор Манас түбөнгүр, Калмакты аяп не кылат? Үйүрү өскөн айгырлар Кысырагын бээ кылат, Кызыталак куу канкор, Кытайды аяп не кылат?" *(СО, "Манас", II, 1980, 44-бет).*

5.4. Манас дагы жеңилген Текес элине Каныңарды өзүңөр шайлап алгыла" - деп айкөлдүк кылган жери: "Текес өлдү дуу-дууңар, Текши баарың турдуңар. Башаабыз өлдү дединер, Башы жок кало денеңер, Тирилигиң болобу? Каныңарды каала деп Калкына айтып турумун. Жакыныңдан кан шайла, Жалганы жок мунумун" *(СО, "Манас", II, 1980, 45-бет).*

5.5. Сайкал - 80 жаштагы Карачанын баатыр кызы. Ошону менен ал өтө сулуу. "Эт чыбыктай ийилген, Эркекче кийим кийинген, Акак тиштүү, кыйгач каш, Жазык маңдай, түймө баш. Ак-кызылы бөлүнгөн, Айнектей көзү көрүнгөн, Нурдуу кызыл бети бар, Уюздан аппак эти бар, Короз моюн, кобул кол Талабы журттан бөлүнгөн, Жуткан кызыл кымызы Тамагынан көрүнгөн" (47-бет). "Жазы маңдай, жайык таш, Кобул мурун, көөхар көз, Жүзүң нурлуу, инжи тиш" (56-57-беттер). Мына ушул сулуу кыз сайышка чыкт. Манас анын сулуулугун урматтайт. "Катуу сайсам кетер деп, Кокус өлүп кетер деп, Өзүм алчу кыз экен, Өлүп кетер бекер деп" *(СО, "Манас", II, 1980, 57-бет)* ойлоп, абайлап, аят саят. Натыжада Манас өзү алдырып коё жаздайт.

5.6. Манас дайыма калк менен акылдашып, кеңешип маселе чечет. Зордобойт. Каалаганына коет. Мисалы, Алтайдан Алатоого көчөрдө чогулган элге минип айтат: "Көрбөгөн жерге баргын деп, Зордобосмун силерди. Алтайда ата жериңер, Анжиянга барууга Бизге уруксат бериңер! Каалаганың калыңар, Каалаганың, барыңар

(152-бет). Жакканың айткын жакты деп, Араң турган журт бардыр, Алтайдан бизди какты деп. Көчпөдүң деп кордобойм, Көпчүлүгүң өзүң бил, Көч деп сени зордобойм. Калганың мында калыңар, Караң түгүл, каныңар Алтайдын жери жерге чет, Ант урган кытай барыңа Ар качан десең жоого бет" *(СО, "Манас", II, 1980, 153).*

5.7. Алмамбет Манастын айкөл адамгерчилигине ыраазы болот да, пейилге пейил менен жооп берет: "Чаап жүрсөң чаалыкпас, Алты айга минсе талыкпас Аккула экен атыңыз. Аккулаң колдон бир чыкса, Айбанга өтпөс датыңыз. Ар кандай тулпар минсең да, Арылбас аттан арманың. Марттык кылып башында Мага берип салганың Байкамакка пейлиңди Макул көрүп алгамын (339-бет). Сандаган журтум бүт болсун, Сарала ат мага кут болсун. Атпай кыргыз журт болсун, Аккула сизге кут болсун!" *(СО, "Манас", II, 1980, 340-бет).*

5.8. Көкөтөйдүн ашында Манас жамбы атып түшүрөт. Бирок Манас жамбыны барбалактап чөнтөгүнө салып албайт, Кан Кошойго тартуулап, чоң адамгерчилик, сый, нарк көрсөтөт. "Колундагы жамбыны Колго тамам көргөзүп, Арбагы журттан артканы, Ак сакалдуу Кошойго (178-бет) Алпарып тартуу тартканы. Абаке, муну алгын деп, Ак сакалдуу карымсың, Калк көтөргөн канымсың, Касиеттүү жанымсың Мына ушуна алгын деп, Батаңды берип салгын деп" *(СО, "Манас", III, 179-бет).*

5.9 Кошой да кайра Манаска нарк көрсөтөт, "Кошой абаң кеп айтып, Койгун балам деп айтып. Кашыңдагы бир чалды , Карып калган бир жанды Өзүңдөн азиз көрбөгүн, Артты журттан өнөрүң, Тырмак асты оолжоңду Алган бойдон жөнөгүн!" *(СО, "Манас", III, 1981, 179-бет).*

5.10. Көкөтөйдүн ашындагы сайышта Манас чыраксынган Коңурбайды аттан ыргыта саят. Алгараны коштоп ала кетүүнү ойлоп да койбойт. Байгесин Манас колунда жокторго бөлүп берет. "Байгенин саны тогуз миң, Тогуз жүзү төө экен. Төрт миң кара малдарын Карып-мискин алсын деп, Жана калган беш миңин Калкка чачты тамамын" *(СО, "Манас", III, 1981, 253-бет).*

5.11. Манас Бакайдан "Көңүлүнө албаса, Айтты деп наалат кылбаса, Айтканым макул көрсүн деп, Азыркы кандыгын Алмамбетке берсин деп" (116-бет) кандыгын суратса, Бакай айкөлдүк менен макул болот. "Арбагым башка конгону Жаманатты кабарым Жалгыз пенде укkан жок. Нече жерде кан болдум, Башыма мүйүз чыккан жок.

Жарлыгын жалган ким кылсын Жайдары Манас төрөмдүн, Жалдырабай эки кул, Чапчаңыраак жөнөгүн.

Ал Алмамбет арстанды Манастан да артык көрөмүн, Бир сураса ал үчүн Миң кайтара беремин. Баатыр Алма султанды Баламдан жакын көрөмүн. Башкарып алсын аскерин, Бачымыраак жөнөгүн" *(СО, "Манас", IV, 1982, 119-бет).*

5.12. Манастын өтүнүчүн Бакай айкөлдүк менен орундатат, кандыкты берет. Бирок муну тетири түшүнгөндөр да болот. "Эгер Манас оңбосун, Элге мурун көргөзүп Эр Бакай сындуу жолдошун, Азыр журтка кан кылып, Алмамбет сындуу жолборсун. Калмактан келген жай таппай, Казактан келген бай таппай, Тентиген бир кул сай таппай, Кан көтөрүп салыптыр, Калк бирдигин алыптыр" *(СО, "Манас", IV, 1982, 122-бет).*

5.13. Артта куугун. Шашып чаап келген Чубак Манасты ойготмокчу болот. "Баатыр, өйдө тургун!" - деп кыйкырат. Ага айкөл ойгонбойт, Кулагына келтирип, куру доол кагат. Манас ойгонбойт. Анан Чубак көкжалды өз боюна тең кылып көтөрөт да, жерге таштап жиберет, Анда да айкөл ойгонбойт. Чый-пыйы чыккан Чубак атка мине салат да,. Манастын как соорусуна найзасын малып алат. Ошондо көкжал ойгонот. Чубакка минтип айтат: "Урунбай жүргөн тоо барбы, Урушпай жүргөн жоо барбы? Азыркысын, Чубагым, Деги аманат жаның соо барбы? Жоо болсо нетербиз, Жолуң болгур, ыйлаба, Уруша-уруша чыгып кетербиз" (308-бет). Айкөлдүн кебелбеген, кенебеген түрүн көрүп алып, Чубак минтип ойлонот: "Аты да Манас турбайбы, Заты да Манас турбайбы, Өзү да Манас турбайбы, Сөзү да Манас турбайбы. Манас болсо жолборсум, Алмамбет болсо жолдошум, Корксом кудай урбайбы!" *(СО, "Манас", IV, 1982, 309-бет).*

5.14. Алооке жеңилет. Андан көп олжо-буйла калат. Ошондо Манас чоролорун чаптырып, Анжыяндын Сынчыбек, Маргаландын Малабегинен тартып Кошойго чейин чакыртат да, көп дүйнөнү үлөштүрүп берет. Чексиз марттык, берешендик кылат. Манастын чабармандарга айтканы: "Дегениме көнсүн де, Ыкчамыраак келсин де, Кубанчыга кансын де, Олжологон сары алтын Көрүп бөлүп алсын де. Кан абам Кошой келсин де, Бу кызыкты көрсүн де. Кабылан канкор Манастын Тырмак асты олжосун Азган менен тозгонго Үлөштүрүп Кошой дөө Колу менен бөлсүн де" *(Саякбай Каралаев, "Манас", I, 1984, 213-бет).*

5.15. Саякбайдын варианты боюнча Көкөтөйдүн ашында Манас Коңурбайды жыга сайып, Алгараны олжо кы-

лып коштоп алат. Ошондо Коңтөрө келин болуп жүгүнүп, Алгараны сурайт. Айкөл: "Бирөөнүн тону тон болбос, Бирөөнүн аты ат болбос. Баатыр эле Коңурбай, Атын алып нетейин. Атын тартып мен алып, Не муратка жетейин" *(СК, "Манас", III, 1986, 63-бет)* деп, Алгараны берип коет.

5.16. **Кечиришүү.** "Башымды кессең мен мына, Канымды төксөң жер мына! Көгала түгүл Алаке, Сага башым тартуу деп, Бука тери чылбырды Мойнуна турду салынып. Аттан түшүп эр Чубак Алманды көздөй жүгүрүп, Тизеси жерге бүгүлүп, Эки колу боорунда, Көгаланы жетелеп, Күнөөмдү кеч деп тиленип, Алмамбетке келди эми" (95-бет). "Ыраазы болду Алмамбет Ичинде калбай эч бир кек, Ошондо айтат мындай кеп: Кандын уулу эр Чубак Касиеттүү жан эле. Каканчындын Бээжинге Караан кылып баргын деп, Айткан кеби бар эле. Чалгынга жеке кеткеним, Чубакты кылып кабарсыз Ойлосом уят минткеним. Деп аттан түшүп түйүлүп, Сараланы жетелеп, Чубакты көздөй жүгүрүп, Камчысын салып мойнуна Күнөөмдү кеч деп Чубакка, Алмамбет турду жүгүнүп" *(СК, "Манас", III, 1986, 95-бет).*

5.17. Каныкейдеги улуу касиеттердин бири - Семетейди сактап калгандыгы. Керт башынын амандыгына караганда ага келечекти - Семетейди сактап калуу, аны эрешен тарткан эр кылып жетилтүү кымбат. Ошол үчүн Каныкей бардык кайынчылыкка чыдайт. Оболу ал Семетейге кошуп кайненеси Чыйырдыны да көтөрүп алат. "Энендин тизеси жерге бүгүлүп, Кабырга сөөгү сөгүлүп, Эки адам кошуп көтөрүп, Энекен күлүк болуп баратат. Күйүктүн белин аша албай, Энекен күйүп бир ыйлап баса албай. Жапалак учпас талаадан Жалгыз бир басып зоругуп, Түлкүлөр жүрбөс түмөндө Түндө бир басып оолугуп. Басайын десе Каныкей Балтырдан кара кан кетип, Таманы түтөп оюлуп, Тамандын эти жоюлуп" *(СК, "Семетей", I, 1987, 32-бет).*

5.18. Күлчоро менен Канчорону Каныкей ардактап "Казы кертип, жал берип, Кымыз чайкап бал берип" (308-бет) багат. Анан Семетейге бир тууган болуп жүрсүн деп он эмчегин Күлчорого эмизсе, ууз сүт чыгат. Канчоро эмген сол эмчектен кара кочкул кан чыгат. Каныкейдин сексен тамыры зыркырап, Канчоро түбү жоо болорун билет да, тындым кылып сал деп Семетейге айтат. Бирок Семетей ага болбойт. "Бу кебинди ким уксун, Бир караңгы түн уксун! Казылган кара көр уксун! Аяш атам Чубактан Белекке калган Канчоро. Мен балага тийгиче, Туубай туна чөгөйүн, Тирүү жүрбөй өлөйүн" *(СК, "Семетей", I, 1987, 308-бет).*

5.19. Күлчоро Сейтекке жедигер эли жана кечиримдүүлүк жөнүндө минтип айтат: "Кулунум, Сейтек, тилимди ал, Туюкту бузуп, жол салса, Турбай душман кол салса, Караан болот, бел болот, Карааны бар жедигер Бизге акыры эл болот. (128-бет). Баштыгы акмак эмеспи, Баары журтта не жазык? Жок чатакка чатылба, Жедигер журтка катылба. Журт толкуган көл болор, Толкуган журттан айрылып, Эренге кандай күн болор?" (129-бет). Сейтек Күлчоронун тилин алмак түгүл чоң атасы айкөл Манасча марттыгын көрсөтөт. "Жедигердин баарысын, Жашы менен карысын, Жетим-жесир начарын Тегиз жыйнап алды эми, Казына оозун ачты эми. Калың кара көп журтка Сарып кылып чачты эми. Буттан алтын, кызыл зээр Толуп жаткан сан дүйнө Алган адам карк болду. Бөкчөңдөгөн чал да алды, Ойногон бала ал да алды. Эр Кыязга караштуу Адырда жылкы алты сан Олжого кууп келди эми. Жетим-жесир байкушка Үлөштүрүп берди эми" *(Бириктирилген вариант, "Сейтек", IV, 1960, 129-бет).*

5.20. Манас менен согушуп, Көңтөй жеңилет. Эми кыргыздар калмактан көп жылдан берки ала албай келген кегин, өчүн алышы керек болучу. Бирок Манас айкөлдүк менен минтип айтат: "Койчу, тага, койчу - деп. Элден талап олжо алган Эл башкарган улуктар. Калкты кордоп кул кылган Кан тактыда укмуштар. Карапайым тим элдин Кайсысында жазык бар? Калмак чаап үйүндү, Жаккан отун өчүрдү, Сай-салаага көчүрдү. Ойлоп көр канча какшадың, Ок тийгендей жаткансың. Турмуштагы ачууну Туздан кыйын таткансың. Башыңдан өткөн ишинди Ойлоп көрсөң болбойбу? Эси жоктор кордосо, Эстүү Балта, Жамгырчы Кой деп койсо болбойбу? Жаш балдарга теңелип, Жакшы болду дегенсип, Жарыша чаап, Мал айдап, Ортого түшпөй айайлап, Аксакалдын иши эмес" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 147-бет).*

5.21. Манас: "Жайбаракат болсун - деп, Жай-жайына койсун - деп. Жайыла талап олжо албай, Колуңду балдар тарткын - деп. Жаш Манас айтып кейиди, Уккан кулак мейиди. "Айтса- айтпаса ырас" деп Бакай күлүп жиберди" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 147-бет).*

5.22. Манастын жеңилген калмактарды талатпай койгонуна карыялардын ачуусу келет. "Акбалта менен

Жамгырчы, Бай Жакып, Шыгай, Текечи. Ачуусу келип урушуп, Керкеңдеше турушуп. Жазыла элек чекеси, Ого беттер курушуп. Мулжуң-мулжуң эшитип, Ачууланып кемшейип" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 147-бет).*

5.23. Ал эми Сыргак Манастын кечиримдүүлүгүн туура түшүнөт. "Жар чакырып эр Сыргак "Журтуңа конгун калмак - деп, Жолсуз иш кыргыз кылбайт - деп, Бээңди байлап ачытып, Арагың тартып жай жат" - деп. Агасы айткан сөздөрдү Алдын ала бүтүрдү" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 147-бет).*

5.24. Манастын мындай кечиримдүүлүгүнө калмак эли да ыраазы болот: "Манастыгы чын экен, Айткан сөзү жөн экен. Кылымга бүлүк салуучу Кыргызга сыймык уул экен. Ушалансын улуктар (147-бет), Эл башкарчу бул экен. Болоттон соккон капканы Талкалачу эр экен. Букарада не жазык, Биз делс канга гүлазык. Кыл дегенин кылганбыз, Кылыч шилтеп турганбыз. Калың элге убал деп, Качан колду тартканбыз?! Бул өңдөнгөн жардыкты Айттырбаган паашабыз. Акылы тунук жан экен, Адилеттүү кан экен" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 148-бет).*

5.25. Кечирим берип калмактардын дүнүйө-мүлкүн, мал-жанын талатпай койгону үчүн Жакып Манаска катуу нааразы болот. "Чылбырына тийбе - деп, Ийримди менин жандырды. Ырыскыдан кантарды" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-китеп, Ош, 1995, 148-бет).*





АЛТЫНЧЫ ОСУЯТ

6. Табият менен таттуу мамиледе болуу

"Төбөсү бийик көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун!"
("Манастан")

Аскар Акаев: "Дегеле көчмөн цивилизация табигатты эне катары ыйык тутуп, аны менен кылдат алака түзүүнүн, ыгына жараша эриш-аркак жуурулушуп жашоонун адамзат тарыхындагы эң алдынкы өрнөгүн жаратып кеткен. Көчмөн дүйнөнүн акыркы могиканы - кыргыз эли аны "Маната" өтө таасын чагылткан. Эгерде биз эпостогу ошол орошон жөрөлгөнү ыйык туталсак, анда дүйнөдөгү бирден бир бийик философиялык-экологиялык маданияттын ээси болобуз. Манастан калган ажайып Алатообузду келечек урпактарга көркүнө көрк кошуп, баа жеткис энчи катары калтырып кеталабыз.

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Манас" эпосунун 1000 жылдыгына арналган салтанатта сүйлөгөн сөзүнөн.

6.1. Таластын көрүнүшү: "Жылгындуу Кеңкол, кең Талас, Жердеген адам тунбайбы, Жер соорусу турбайбы. Өлкө-түзүн караса, Токою бар, талы бар (170-бет), Жан бүткөндүн баары бар. Аккан тунук булагы, Бейиштен артык сыягы Тегерегин караса, Айланган тоо чеп экен, Адырынан, төрүнөн Аркар оттоп куюлат, Адырдын чөбү сүюлат. Будур-будур тоосунан Бугусу чү деп куюлат, Будурдун чөбү суюлат. Ордо күтүп, эл жыйып, Жатпай турган жер бекен! Жон-жонунан кароолду Салбай турган жер бекен. Ордо күтүп кан болуп Калбай турган жер бекен!" *(СК, "Манас", I, 1984, 171-бет).*

6.2. Каракулжа жери: "Аскасы бийик зоосу көп, Тар капчыгай коосу көп, Курбусунда кулжа бар, Будурунда бугу бар. Дүйүм жыгач баары бар, Жабыр баян дагы бар, Кылыч куйрук, тайбасы, Кыйындардын баары бар. Кабылан менен шери бар -169-бет). Ач уулаган киши жок, Алаткак, жезит дагы бар, Тумшугу жез киши бар, Убара чаркөө дегени. Адам ноо, чыңыроон, Айтылгандын баары бар, Жер жүзүндө кесенде Ар сонундар дагы бар. Карыя Бакай абасы Көмүрдөй кара кулжадан Көбүн атып салыптыр. Каракулжа атагы Так ошого калыптыр"

(СО, "Манас", II, 1980, 170-бет). Айрым сөздөргө түшүнүк. Жабыр баян: 1) эпикалык укмуштуу айбан, 2) күчтүү жолборс; жезит - жез тумшук, албарсты сыяктуу жаныбар; алаткак: 1) желмогуз, 2) жапайы адам маанисинде.

6.3. Чүй жери: "Көз учунда мунарык, Көз жетпеген тунарык! Таз кара учса шашкандай, Таңдайы күйүп качкандай, Таз адам барса жазганбай, Маңдайы күйүп качкандай, Куландар барса азгандай, Туягы күйүп качкандай! Томуктай болгон тоосу жок, Кашыктай болгон карыс жок, Кара-бута шаары жок. Абаңды талаа сары өзөн, Оюна көзүн салыптыр, Жейрени койдой жайнаган Жерине айран калыптыр" *(СО, "Манас", II, 1980, 290-бет).*

6.4. Катагандын кан Кошоюнун Каркыра жөнүндө айтканы: "Баарыңарга эп болсо, Бабаңар айткан кеп болсо, Күн батыш жагы Ысыккөл, Ар тарабы бирдей тең, Иледен ылдай айдаса, Ат чабуучу жери кең, Ашка ылайык ушу бар, Ар тараптан сандалып, Аккан булак суусу бар, Кең Каркыра атагы, Сиркедей шакел чыкпаган Кайнатып алма тузу бар. Карагай, кайың, тереги, Канчалык жагып жатсаң да, Отунга тиер кереги. Ат чабылар жери мол, Ашка ылайык жер ошол" *(СО, "Манас", III, 1981, 77-бет).*

6.5. Дагы Каркыра жөнүндө: "Аты угулат Каркыра, Артыкча башка ошо жер, Аңыз кылат биздин эл. Мүдүрүлөр аңгек жок, Суур жеген кемер жок, Каркыранын түзүндө Нелер бар да, нелер жок! Сай-сайынан шаркырап, Миңден булак куюлган, Үкүрчүнүн оюна, Үчкапкактын боюна Кемегени казчу жер, Кең тамаша салчу жер" *(БВ, "Манас", II, 1958, 14-бет).*

6.6. Абыке, Көбөштүн чапкынынан кийин оор азапка кабылган Каныкей Букарга качат. Ошондо табият Каныкейдин кайгысына тең ортокшот болот. "Жеңең ыйлап баратса, Кайың ыйлап, тал ыйлап, Жанжаныбар баары ыйлап" *(СК, "Семетей", I, 1987, 32-бет).*

6.7. Качып бараткан Чыйырды менен Каныкей бир түп байтеректин түбүнө байырлашат. "Ошо турган Байтерек Бутагында куштары, Жаныбар, булкунуп турат учканы. Терегинде куштары, Теминип гана турат учканы" *(СК, "Семетей", I, 1987, 48-бет).*

6.8. Ошол байтерекке Каныкей минтип жалынат: "Биз өндөнгөн бакырга Ата болчу Байтерек. Кайран жандан түңүлдүк, Алдыңызга жүгүндүк. Өчтүм, отум тамызчы, Байтерек ата, өлдүм гана жанды тиргизчи! Үзүлүп кеттим улачы, Жансыз да болсоң Байтерек, Менин абалымды сурачы?" *(СК, "Семетей", 16 1987, 49-бет).*

6.9. Ошол кезде байтерек күңгүрөнүп сүйлөгөнсүйт. Аңгыча бир бутактын түбүнөн булактап сүт чыгат. "Бир бутактын четинен Ошондо, Булактай агып сүт кетти. Ачка болгон карыптар Жан аякты сунушуп, Жайнап чыккан аппак сүт Тосуп ичип тунушуп. Баягы сүттү ичкенде, Ооруган жерлер басылып. Баягы Канымей менен Чыйырды Умачтай көзү ачылып" *(СК, "Семетей",1, 1987, 49-бет).*

6.10. Теректин сүтүнө тойгон эки айым уктап калат. Ошондо бир бугу пайда болот. "Ошондо он эки айры ак бугу Чуркап жетип келди эле, Бешиктеги беренин - Семетейди көрдү эле. Оозу, башын каккылап, Туяк менен баланын Ошондо кундагын кирди чапкылап. Үч айланып балага Эне болуп калды эле. Кундагынан суурулуп, Ойноп кетти Семетей. Кыбыланы бет алып, Кыңкайып жетим жатты эле. Эмчегин берип ал бугу Мойнун гана бөлөк буруптур. Бу баланын өзүнө Эмчегин гана берип туруптур. Ошо кезде ак марал Ийип эле турат көрдүңбү?!" *(СК,"Семетей", 1, 1987, 50-бет).* Ушул эле көрүнүш 52-бетте да сүрөттөлөт. Эки айым ойгонсо бала жок. Экөө тен чыркырап ыйлап жиберишет. Канымей из куба келип, бугу эмизип турган жеринен табат. "Эне кылып маралды Ийип турган кези экен, Бир эмчегин эмгиче, Бир эмчеги маралдын Ийип турган кези экен. Көлпүгүп тердеп жетимиң Болуп турган кези экен, Элдир-селдир эмчегин Соруп турган кези экен" *(СК, "Семетей", 1, 1987, 52-бет).*

6.11. Канымейдин башына оор мүшкүл иш түшкөнүн Кеңкөлчүк да сезген сыяктуу. "Кеңкөлчүккө келгенде, Көлчүгү соолуп калыптыр, Тегереги чынар бак Такыр гана куурап калыптыр. Баягы салынуу сарай, салкын жай Такыр урап алыптыр" *(СК, "Семетей", 1, 1987, 62-бет).*

6.12. Ошондо Кеңкөлчүктүн соолуп калышын Чыйырды Канымейге минтип түшүндүрөт: "Көлчүгүн соолуп калганы - Көкжалың Манас өлгөнү. Терегин куурап калганы - Кордук кылып өзүнө Көп чочко малды бөлгөнү. Чынарың куурап калганы - Тайган иттей желгенин, Таластан гана тентип келгениң. Сарайың кулап калганы - Замананың кетип башынан, Кулдарың гана эмчек жарганы" *(СК, "Семетей", 1, 1987, 64-бет).*

6.13. Чыйырдынын айткан акылы боюнча Канымей көлчүктүн ортосундагы казамбактай кара чымды "Манас колдо!" деп туруп кантарса, Кеңкөлчүк калыбына келет. Демек, бул жакшы белги - Семетейдин келечегинин жакшы боло тургандыгын туюндурган жышаан. "Аңтарганда ал чымдан Кайнады булак шыркырап (64-бет). Көлчүк болуп көлкүлдөп, Баягы белги кылган жер

толду. Багы көктөп алды эми. Чынардын шагы ийилип, Чыркырап долу сүйүнүп. Байкуш жеңең караса, Башына булбул конуптур. Булбулу сайрап таңшыса, Чиркин ай, муңдуу гана киши уккусуз. Буркурап ыйлап эки айым, Түбүнөн гана карыш чыккысыз" *(СК, "Семетей", I, 1987, 65-бет).*

6.14. Табияттын мындай сырынан Чыйырдын мындайча жыйынтык чыгарат: "Бул төлгөбүз келген соң, Куурап турган чынарга Кайрылып булбул конгон соң, Какшып калган көлчүгүң, Кайрадан сууга толгон соң, Үзүлгөн нерсе уланат, Чачылгандар жыйналат" *(СК, "Семетей", I, 1987, 65-бет).*

6.15. Каныкей төлгө кылып чапкан Тайтору жарышта чыгып келет. Семетей Манастап ураан чакырат. "Бала Манас дегенде, Кайың ыйлап, тал ыйлап, Караган жандын баары ыйлап" *(СК, "Семетей", I, 1987, 106-бет).* Табият, кыязы, адамдын азабына, ыйына гана эмес, кубанчына да тең ортоктош болгондой.

6.16. Каныкейдин төөлөрдүн Семетейди тосуп алышы жөнүндө айтканы: "Төө атасы Бозбуура, Төө энеси Куу-инген Келериңди билгендир, Сени күйүп жүргөндүр. Асыл каймал, тай тайлак (158-бет), Астыңдан чыгат тайтаңдап. Өркөчтөрү делпилдеп, Чуудалары селкилдеп, Тегиз боздоп чуркурап, Чуудалары бөлүнүп, Көзүнүн жашы төгүлүп, Сени жыттап турат буркурап" *(СК, "Семетей", I, 1987, 159-бет).*

6.17. Каныкейдин Желмаян жөнүндө айтканы: "Ушу быйыл Желмаян Токсон беш асыл болгондур. Атаң арстан өлгөнү Бөгүп калган Желмаян. Көздүн жашын иргилтип Төгүп калган Желмаян. Манастан калган Желмаян Он эки жылга күйгөндүр. Сен төөлөргө барганда, Желип келет Желмаян. Көздөн жашын иргелтип, Төгүп келет Желмаян" *(СК, "Семетей", I, 1987, 159-бет).*

6.18. Ээр белдей белести ашса, Семетейге Талас-атасы, эли-журту мекендеген жер көрүнөт: "Эңкейип көрсө көк чалкак Таластын ичи көрүнөт. Бөөт-бөөт бел келет, Бөтөнчө жыргал жер келет. Бөлүнгөн эчен төр келет, Бөлөкчө бейиш жер келет. Өзөнү чалкак кайкайып Адырдан аркар куюлуп, Адырды чөбү суюлуп (213-бет), Будурдан бугу куюлуп, Будурдун чөбү суюлуп. Тектирден теке камалып, Керүүдөн кийик токтошуп, Мунун текеси жүздөн топтошуп. Бөөт-бөөт сазы бар, Бөлүнүп учкан казы бар. Кылкуйругу кылкылдап, Кызыл баш өрдөк былкылдап. Кайыңга туун куштары Камчыланып учканы. Чынарга туун куштары Чыңданып турат учканы. Тоосунда улары, Токоюнда мелтирейт, Кызык

өскөн чынары. Оролуп чөпгөн жүрөп албай, Бугу, марал улагы" *(СК, "Семетей", I, 1987, 214-бет).*

6.19. Семетейди Кумайыктын тосуп чыгышы: "Пенде көрбөс түрү бар, Ажыдаардай сүрү бар, Анда-мында улуса, Киши укпаган үнү бар. Бөксө менен бөгүлүп, Бөгүп келди Кумайык, Көрүпкөнү жетимге Сыйлап келди Кумайык. Айтайын десе тили жок, Куруп турат Кумайык, Сай сөөктү сыздатып Улуп турат Кумайык" *(СК, "Семетей", I, 1987, 214-бет).*

6.20. Семетей анда Кумайыкка минтип айтат: "Айланайын Кумайык, Темиркандын шаарына Тентип кеткен мен байкуш! Тең курбуң Манас шерден айрылып, Темтейип жүргөн сен байкуш! Каракандын шаарына Качып кеткен мен байкуш, Кан Манастан айрылып, Каңгарып калган сен байкуш! Атамдан калган мен карып, талаада жүргөн сен карып" *(СК, "Семетей", I,1987, 215-бет).*

6.21. Семетей менен Кумайык. "Кумайыкты көргөндө, Манастан калган жетим кул Атасы Манасты көргөн эмедей Көңүлү кетип бөлүнүп, Көзүнүн жашы төгүлүп, Кабырга сөөгү сөгүлүп. Атасы Манас тирилип, Алдына келген эмедей Аңгырап ыйлап кучактап, Алек бир болду Семетей. Кумайык улуйт аңгырап, Семетей ыйлайт заңгырап. Бөдөнөдөй кайран көз, Бөлөк-бөлөк жаш кетет. Ителгидей кара көз, Ирмеген сайын жаш кетет. Кумайык менен көрүшүп, Семетей адамдан бетер өбүшүп" *(СК, "Семетей", I, 1987, 215-бет).*

6.22. Манастын Акшумкары да Семетейди күтүп жүргөн экен. Ал айкөлдүн арбагын сыйлап, балапанын Семетейге кошуп берет. Акшумкардын балапанынын сыны мындай: "Туурасынан караса, Турумтай сыны көрүнөт, Жан-жанынан караса, Жагалмай сыны көрүнөт. Кыр-кырынан караса, Кыргыйдын сыны көрүнөт, Текөөрү темир, тээги жез, Тегерек эки кез, Көзү кара, көкшал бут. Канатын жыйып шукшурбас, Же казды көлдөн учурбас. Куйругун жыйып шукшурбас, Жаныбарым, куюну көлдөн учурбас" *(СК, "Семетей", I, 1987, 216-бет).*

6.23. Талас суусунун кэрүнүшү. "Таластын суусу ташыптыр, Ташбашынан ашыптыр. Үрбүстүн суусу кирипгир, Үстүнөн үйөр жүрүпгүр. Түбүнөн ташы калдырап, Үстүнөн көбүк жалбырап, Антарылып сөгүлүп, Төө өркөчтөп төгүлүп. Төмөн жагын карасаң, Төрт дайрадай көрүнүп. Карагай кулап, сал агып, Кайың менен тал агып, Жардын боору тууралуп (216-бет), Жаш балаты, карагай түбү менен жулунуп" *(СК, "Семетей",I, 1987, 217-бет).*

6.24. Баары Каныкейдин айтканындай болот. 700 төө Семетейди карай чуркашат. "Жаңырыктын жар кыя, Жалгыз малдын чубама. Жетим аныk, ээй, келерин, Жети жүз төө, ээй, билиптир. Төөнүн баары, ээй, буркурап, Баары бирдей, ээй, чуркурап. Асый тайлак, аа, тай тайлак, Баары чуркап, аа, тайтаңдап. Чуудалары, эй, бөлүнүп, Көз жаштары ээй, төгүлүп, Тегеректеп, ээй, буркурап, Жетимди тегиз жыттап, ээй чуркурап" *(СК,"Семетей",I, 1987, 223-бет).*

6.25. Ал эми Желмаян көз жашын төгүп көрүшөт. "Аны көрүп, ээй, Семетей, Көңүлү жаман,ээй, бөлүнүп. Колтугуна, ээй, баш тыгып, Ыктап турду, ээй, Желмаян, Куркуратып, ээй, жетимди (223-бет), Жыттап турду, ээй, Желмаян" *(СК, "Семетей", I, 1987, 224-бет).*

6.26. Желмаян жөнүндө улама. Желмаян анан Манастын күмбөзүнө келет, үч жолу удаа боздоп-боздоп жиберет да, жерге чөгүп кыбыланы баштанып жатып алат. Анан шарт боюнча Семетей Желмаянды Манастын арбагын атап мууздайт. Башынан алтын ноктону алат. Ошол ошо болот. Желмаян кайып болуп кетет. "Караса көзгө илинбейт, Кайда экени билинбейт, Жерге тамган каны жок, Качып кеткен түрү жок, Басып кеткен изи жок. Көздөн кайым бир болуп, Кетип калды Желмаян. Жуманын кадыр күнүндө, Бейшембинин түнүндө, Эки өркөчтүн түбүнө Жыланач бала минет дейт, Жалпак өркөч кара нар, Бүгүн да тирүү жүрөт дейт, Кан Манастын күмбөзгө Жумасына келет дейт" *(СК, "Семетей", I, 1987, 224-бет).*

6.27. Нарбуурулдун Семетейди тосуп чыгышы. "Он эки жылга толду деп, Быйылга казатка минер кадырлаш, Келер кези болду деп. Кымбат тулпар Нарбуурул Көкүлүн көккө зыргыты, Кара жердин кыртышын Чапчып-чапчып ыргытып, Куйрук, жалы бөлүнүп, Көзүнүн жашы төгүлүп. Окуранып болкулдап, Ичин жыйып солкулдап. Манасты көргөн эмедей Айбандын зору Буурулду Мойнуна кармап буркурап, Уртунан жыттап алды эми. Көкүлдөн кармап кур жыттап, Куркурата бек жыттап. Кайың ыйлап, тал ыйлап, Караган жандын баары ыйлап" *(СК, "Семетей", I, 1987, 288-бет).*

6.28. Каныкей менен Кумайык. "Он эмчектен бир жыттайт, Сол эмчектен бир жыттайт. Каныкей турат зар ыйлап, Кумайык турат дагы ыйлап. Кумайык ыйлап турганда, Кайын ыйлап, тал ыйлап, Калың Букар жалпы ыйлап. Калайык ыйлап, кан ыйлап, Улуксунган жан ыйлап, Атасы Темиркан ыйлап" *(СК, "Семетей", I, 1987, 295-бет).*

6.29. Алакөлдүн көрүнүшү, "Ай, жаныбар, Алакөл, Бе-
төнчө түрдүү жаны бар (16-бет), Бөрсөлөндөп жүгүрө-
Бөрсө деген дагы бар. Эл жок, журт жок талаасы
Бөйрөгүнөн бөрсөйүп, Көрүнөт экен, ой тобо, А
бөрсөнүн баласы. Кылкуйругу кылкылдап, Кызыл башы
былкылдап, Кайнап учуп каздары, Илбесини чуркурап"
(СК, "Семетей",II,1989, 17-бет).

6.30. Үргөнчтүн көрүнүшү: "Үргөнч деген суу экен,
үстү көбүк буу экен, Уккан жанга чуу экен. Үстүнөн
үйөр жүрүптүр, Үч айрылып кириптир. Таш агызып
күркүрөп, Чоронун бою дүркүрөп. Ак чалма болуп ылай-
лап, Жанына келген пендеси Жакасын кармап кудайлап.
Төө өркөчтөп көрүнүп, Жайнай түшүп төгүлүп,
Жекендин башы желпилдеп, Камыштын башы калкыл-
дап. Үстү көбүк кир болуп, Капчыгай менен бир болуп.
Агыны катуу шар агып, үстүнөн үйөр, кар агып, Орто
жерин карасаң, Билектей кара кан агып. Тегеренип оң
агып, Теңизден канча чоң агып. Тегирмендей кара таш
Тегеренип калдырттап, үстүндөгү көбүгү От жаккандай
жалбырттап" *(Бириктирилген вариант, "Семетей", III,
1959, 186-бет).*

6.31. Үргөнч: "Жарылып тийген жерине Жар туруштук
бере албай, Бурулуп тийген жерине Муз туруштук бере
албай. Адырын түлкү жойлобой, Аралга жакын үйөрге
Найза сайса бойлобой. Аркы четин карасаң, Ысыккөлдөй
көлкүлдөйт, Берки четин карасаң, баш айлантып
мелтирейт. Атыла түшүп бөлүнүп, Жайнай түшүп төгү-
лүп, Карап турган адамга Жан алчудай көрүнүп, Күкүк
болуп күүлөнүп, Күңгүрөнүп сүйлөнүп (186-бет), Бай ка-
рагай, балаты Тамыры менен суурулуп, Жардын башы
туурулуп, Үйдөй болгон боз чалма Камырдай болуп жу-
урулуп. Мөңгүнүн баары бузулуп, Мөңкүп сууга
кошулуп. Төөдөй болгон балыктар Токтоно албай бура-
лат. Калдыраган кара таш Камчы саптай куланат. Чар-
пындысын карасаң, Чарк айланып чубалат" *(БВ,
"Семете", III, 1959, 187-бет).*

6.32. Таң агарып аткан кездеги табияттын керемет кө-
рүнүшү: "Тан агарып атканда, Тараза жылдыз батканда,
Адырдын жели зыркырап, Алыстан кулун чуркурап,
Асмандагы жылдыздар Кезек менен дыркырап. Камыш-
тын башы куудурап, Кара кыяк, калың чөп, Ойку-кай-
кы шуудурап. Торгой, чымчык чырылдап, Тараза жыл-
дыз кыбындап, Теректин башы дырылдап. Бешикте бал-
дар тыбырап, Түн катып учкан канаттуу Туюкту көздөй
зымырап" *(БВ, "Семетей", III, 1959, 172-173-беттер).*

6.33. Ысыккөлдүн ажайып көрүнүшү: "Эңкейип артын
караса, Көгөрүп көл көрүнүп, Көлдө жаткан көп өрдөк

Ылаачын тийсе бөлүнүп. Өндүрүнөн карагай чирип жыйылган, Колоттон туптунук булак куюлган. Жайлоосу жакын турбайбы, Жайласа кыргыз тунбайбы. Кыштоосу жакын турбайбы, Кыштаса кыргыз тунбайбы! Өндүрдөн элик бакырат, Күдүрдөн элик чакырат. Берекелүү жер экен, Адыры бетеге, шыбак чөп экен. Эчен түрдүү кайып бар, Эгинге бай, малга жай, Эчен сонун жайы бар. Тектиринде теке бар, Адырында аркар бар, Бурулушта бугу бар" *(СК, "Семетей", II, 1989, 149-бет).*

6.34. Ысыккөл: "Жылгасы башка миң болгон, жыргалы журтка дүң болгон. Ташында алтын кумгандай, Жердесе кыргыз тунгандай" *(СК, "Семетей", II, 1989, 149-бет).*

6.35. Ысыккөл, "Муң ачуучу көл экен, Муң чечүүчү жер экен" *(СК, "Семетей", II, 1989, 149-бет).*

6.36. Ысыккөл: "Өзөнүнө журт таркап, Конбой турган жер бекен, Өзү баатыр ар бир жан Болбой турган жер бекен! Кемпири куйрук кескилеп, Чайнабай турган жер бекен, Азамат миңден жылкыны Айдабай турган жер бекен. Кош-коштоп кийип суусар бөрк Ыргабай турган жер бекен! Короолош конуп биздин эл Жыргабай турган жер бекен!" *(СК, "Семетей", II, 1989, 149-бет).*

6.37. Кыргыз, казак элинде куш, бүркүт таптап салуу өнөрү бар, так ошондой эле кытай, калмак элинде чек араны жаныбарларга кайтарткан учурлар кездешет. Куутүлкү мындайча кызмат аткарат. "Анын өрттөй жүнү кызарып, Кырк кулач болуп узарып, Быйыл алтын түркүк чатырга, Эр Коңурбай баатырга Кызматты мыктап кылды дейт, Ошо кароолго түлкү турду дейт" *(СК, "Семетей", II, 1989, 158-бет).*

6.38. Куукулжа да чек араны кайтарат. "Ошо кызыталак Куукулжа Балдырканы чоңоюп, Жетик жашка толду дейт, Жерге кароол болду дейт" (159-бет). Кууөрдөк: "Кароол көлдүн четине Чыга калып караса, Кароолго турган жашында, Өрттөнүп өлгөн Кууөрдөк Турган жайы баякы Алачыктай ташында" *(СК, "Семетей", II, 1989, 161-бет).*

6.39. Элде "Мал боор эт менен тең" деген кеп бар. Тайбуурул көзгө ысык тулпар гана эмес, керек жеринде адамдай эстүүлүгү менен Семетейдин өмүрүн сактап калат. Ал мындайча. Семетей Карагулга алдатып, сууга агат. Каран күн башына түшөт. Эптеп бир дүмүрчөгө токтойт. Оозунан чанач-чанач суу кетет. Ошол кезде кызыл буурул, тайкы жал, нардай болгон Тайбуурул Семетейди издеп келет. "Окуранып шокшоктоп. Кара жерди токмоктоп. Өрдөктөй мойнун койкойтуп Ийген экен нар Буурул, Семетей сууда экенин Билген экен нар Буурул. Семетейди көргөндө, Кулунун көргөн

немедей Ағып жаткан дайрага Алты-жети кишенеп, Кирген экен Буурул ат. Эр Семетей баатырга Эми жетип алыптыр, Кучак болгон куйрукту Тозо берип калыптыр. Куйруктан төрөң алган соң, Айта-буйта бегиче, Ачып көздү жумгуча, Буурулуң сүйрөп калганы" *(СК, "Семетей", II, 1989, 179-бет).*

6.40. Табият жансыз, керең, дудук нерсе эмес. Керек жеринде кимдин иши ийгиликтүү болорун, кимдики үзгүлтүккө учурарын, жолдун болор-болбосун да билдирип тура алат. Төлгө таш ошондой касиетке ээ. Каныкей тил албаган Семетейди чоролору менен төлгө ташка жөнөтөт. "Көкжал Манас төлгөсү - Көнөктөй кара ташы бар. Эч болбосо, чунактар, Туура тартып бул жерден Төлгө ташка чыккыла! Манас жолго чыгарда, Ушул ташка барчу эле, Аккуладан арбайып, Аттан түшө калчу эле. Көнөктөй болгон ал ташты Бута атым жерге көтөрүп, Апарып таштап салчу эле. Ошондон кийин аттанып, Бет алган жакка кетчү эле. Же болбосо ошону Көтөрө албай калчу эле. "Эми жолум болбойт" деп, Тим эле кайтып келчү эле. Ошол ташты, чунактар, Көтөрө албай калсаңар, Көбүрбөй кайта салгыла!" *(БВ, "Семетей", III, 1959, 299-бет).*

6.41. Ошентип, Каныкейдин айтуусу боюнча Семетей эки чоросу менен төлгө ташка барат. "Муну көрүп Семетей Аттан түшө калды эми, Баягы ташка барды эми. Алып мындай салам деп, Көтөрө албай калды эми. Дагы барып алды эми, Обдулам деп ордунан Жылдыра албай калды эми. Көзүнүн жашы сызылып, Көөнү кетти бузулуп, Мурдунан каны тамчылап" *(БВ, "Семетей", III, 1959, 300-бет).* Төлгө ташты Күлчоро да көтөрө албайт. "Бардык күчүн аябай, Күлчоро колду сунду эле. Кыймылдабай кара таш Жабышкандай болду эле. Өпкө, боору бириғип, Кабышкандай болду эле (300-бет), Мунундары шылк этип, Оң жак буту кырт этип, Аксап калды Күлчоро" (301-бет). Анан кезекти Канчоро алат. "Кара ташка барды эле, Тебетей алган эмедей Колуна кармап алды эле. Канчоро анда кеп айтат, Келберсип туруп бек айтат: "Сен Семетей болгону, Күлчородой көрбөдүң, Ошо күндөн ушул күн Мындайымды билбедин, Арбагымды көрбөдүң! Жүргүн, баатыр, баралы, Ак боз бээни чалалы. Мен ыргыткан кара таш, Төлгөнүн ушул келгени. Тилеп келген тилекти Кудайым анык бергени. Жакшы болду, абакс, Бул ташты чороң жеңгени" *(БВ, "Семетей", III, 1959, 301-бет).*

6.42. Тайбуурул да Сейтекти тосуп чыгат. "Кабыргасы каржайган, Калактай саны тартайган, Омуртка сөөк оркойгон, Карын эти бөлүнгөн, Ар кабырга үстүнөн

Саландап ириң төгүлгөн" (137-бет) Тайбуурул Сейтектин ыйыгына ээк артып турат. "Ыйыгына ээк артып, Ыктап турат Буурул ат, Тегеренип, онжоңдоп Жыттап турат Буурул ат" *(БВ, "Семетей", IV, 1960, 137-бет).*

6.43. Күлчоро Кыязды жеңгенден кийин, Таласка келип, Канықей менен ыйлап көрүшөт. "Күлчоро ыйлап буркурап, Эне, бала, кезигип, Кошулуп ыйлап турганда, Караган калың эл ыйлап, Катуу кара жер ыйлап Жыгач боздоп, тал ыйлап,, Көргөн жандын баары ыйлап. Чыркырап чымчык, бото ыйлап, Кара көңүл куу ыйлап. Эне, бала кошулуп, Үзүлгөнү уланып, Жоголгону табылып, Ай кабагы ачылды, Армандын баары басылды" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 166-бет).*

6.44. Канчоро көрсөткөн кордуктан улам карыган Бакай өксөп ыйлайт: "Коңгурап Бакай ыйласа, Куурап калган баш да ыйлап, Аркайган зоо, таш да ыйлап, Аккан булак суу ыйлап, Албан түрдүү чөп ыйлап" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 183-бет).*

6.45. Кайыпка айланган Семетейдин көрүнүшү. "Бул Семетей абаңыз Тирүү десе, өлүктөй, Өлү десе тириктей. Амандык сөзгө келген жок, Былк деп жоп берген жок, Мыктуу эрди көргөн жок. Жаңдоо менен иш кылат, Кулагы керең, тили жок" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 201-бет).*

6.46. Кайып болуп кетүү, "Сапарыбыз карыбас, Кезип жүрөр кез келди" - дешип Бакай, Канықей, Күлчоро менен Семетей, Айдай катын Айчүрөк - Бешөө кайып болушуп, Кетмек болду сапарга. Тигип койгон айлы жок, Сапарынын дайны жок, Бүгүн көргөн эртең жок, Ушундай экен дүйнө шок" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 257-бет).*

6.47. Манас Ысыккөл жөнүндө: "Береке экен, бел экен, Пенде көрчү жер экен. Жердегенде адамды (109-бет) Кан кылуучу жер экен. Жээк-жерге баарысын Бай кылуучу жер экен. Ортосу көпкөк көл экен, Суусунда миндей төр экен. Жердеген адам бай болчу, Көлүндө ырыс бар экен. Боз мойнокчо, дөбөчө Түшүп Манас жер чукуйт. Эки эли жерин оодарса, Түгөнгүс алтын бар экен" *(СК, "Манас", I, 1984, 110-бет).*

6.48. Манас Акбалтанын акылы боюнча Көкчөгө жолукмак болуп Алтайга барат. Ошондогу жер сыпаты мындайча сүрөттөлөт: "Күндө жамгыр төгүлүп, булуту тоону кучактап, Боорун сала үңүлүп. Шамалга учкан кебездей Туманы турган бөлүнүп. Кээ бир жерге үзүктөй Күндүн нуру куюлуп. Жашыл тартып карагай Жалбырагы жуулуп. Турган экен алтайлык Тумшуктан коюу чубуруп. Кой келген шибер төр менен. Күркүрөп соккон жел менен, Көл жерден өтүп Чоң жинди Чыга калса

белеске. Кайкысы ойдуң түз экен, Калдайган түйүм гүл экен. Кара кыяк жалтылдык, Белге чапкан чөп экен" *(Жусуп Мамай, "Манас", I китеп, Ош, 1995, 85-бет).*

6.49. Кошой жашаган чөлкөмдөгү Тарагайдын көрүнүшү: "Өйүздө кызыл тоосу бар, Өркөчтөй арсак чоку бар. Көгөрүп кокту-колоту, Көмүскөлөнгөн зоосу бар. Бирөө эгип койгондой, Өзөнү бадал, түнт токой. Аялдар сайган куракпы? Аңкыйт жыпар бурагы Төш боорунда ыргыштап Туйлап турган булагы" *(Жусуп Мамай, "Манас", I китеп, Ош, 1995, 90-бет).*




КЫРГЫЗ

ЖЕТИНЧИ ОСУЯТ

7. Кыргыз мамлекеттигин чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо

"Балам, Манас, кулунум,
Кара тоодой кан болгун,
Кырк уруу кыргыз элине
Касиеттүү жан болгун!
Эки тизгин, бир чылбыр
Эми колго алыңыз!
Кабылан оозун бурамын,
Ажалым жетип өлгүчо
Туу түбүндө турамын"
(Кошойдун сөзүнөн)

Аскар Акаев: Айкөл Манас атабыз баштаган бабаларыбыздын бүт өмүрү ушул аруу максатка арналды. Алар мындан миң жыл мурун улуу кыргыз мамлекетин куруп, кыйырына дан толуп, өрүшүнө мал толуп, мамыр жашоо кечирди. Бирок "Манастын" өзүндө айтылган кейиштүү себептердин айынан Кыргыз мамлекети акыры кыйрады. Ошондон кийин миң жыл бою кыргыз кайра биригип, бирдиктүү дөөлөт куралбады, бөлүндү-жарынды болду. Кыргызды тарых майданына толук жок болуу коркунучунан Октябрь революциясы, Совет мамлекети сактап калды. Тарыхтын бул чындыгын танууга биздин эч акыбыз жок. Кыр-кырда жүргөн кыргыздын башын бир жерге, бир чамгарак алдына бириктирип, көз каранды болсо да, өзүнчө мамлекеттигине негиз салып, алдыңкы маданиятка жол ачкан да совет бийлигинин шарапаты.

Бүгүн, миң жылдан кийин, кыргыз эли эгемендүү мамлекеттигине ээ болуп, өз тарыхында багымсыз чабытка экинчи ирет чыгууда.

Бул айкөл Манас атабыздын өчкөн отунун кайра жанышы. Ошондуктан, бу күндө төрт жашка толуп, үч миңинчи жылдыктын босогосунда нариете баладай талпынып, келечекке үмүттүү карап турган жаш мамлекетибизди көздүн карегиндей сактап, эпосто айтылгандай, эрешен тарткызып эр кылып, эр уулу менен тең кылуу биздин ар бирибиздин ыйык парзыбыз".

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Манас" эпосунун 1000 жылдыгына арналган салтанатта сүйлөгөн сөзүнөн.

7.1. Чаркастын оюна сексен төрт жигит аң уулап барышат. Беш күн конушуп, ит агытып, куш салат, бөрү түлкү көп алат. Алтынчы күндөн соң, "арабыздан бирөөнү кан шайлап алалы, ак тердикке салалы, атын союп жейли" дешет. "Ууда жүрдүк дебейлик, Алдап атын жебейлик. Төрө кылып, кан кылып, Касиеттүү жан кылып, Каркыттап күтүп алалы, Калк ичине барганда, Каныбыз деп калалы. Мартың барбы союңар, Сараң болсоң коюңар, (235-бет). Талаада мындай дедик деп, убаданы танбаңар, Ушу кептен жанбаңар, Ушу кептен жанам деп, Убайымга калбаңар" *(СО,"Манас",I, 1978, 236-бет).*

7.2. Атын союп берип, ким кан болот? Шакун, Назарбек, Айнакул, Калдар, Эр Көкчө, Чалыбай, Деркембай, Коной - баары кан болуудан баш тартышат. Анан 84 жигиттин ичиндеги эң кичүүсү Манаска токтолушат. Ошондо Манас минтип айтат: "Ата улуудан арбын бар, Баарыңарга эп эмес, Атын союп кан болуш Адам угар кеп эмес. Талгак болсоң баарыңар Бир жылкынын этине. Ат минбесем коеюн, Алып келип жыгынар, Аккуланы соеюн. Атын сойбойт экен деп, Ойлобосун оюңар" *(Со, "Манас", I, 1978, 240-бет).*

7.3. Манастын айтканын укkан Чегебей ордунан ыргып тура калат да: "Манастын атын сойбос ниети жок, бирок Аккула арык, анын ордуна семиз боз быштыны сойгула, ал да Жакыптын малы", - дейт. Көпчүлүк муну макул табат да, боз быштыны союп салышат. Манасты кан көтөрөт. "Качкан менен болбостон Кабылан Манас баланы Камалап кармап алганы, Коюңар десе болбостон, Алып келип Манасты Ак тердикке салганы, Каныбыз деп дүркүрөп, Кан көтөрүп алганы, Кан нөкөрү бизбиз деп, Кашындагы боз балдар Каткырып күлүп калганы" *(СО, "Манас", I, 1978, 241-бет).*

7.4. Манас шайланары менен эл-жерди коргоо ниетин ишке ашырып, балдарга буйрук берет: "Кан көтөрүп салдыңар, Качкан менен болбодуң. Баарыңарга эп болсо, Алтай тоодо Аңырты Ашып аны алабыз, Ар жагы Уркун дайра бар, Маралкечүү барабыз (241-бет). Каракчы болсо кармаймын, Ууру болсо тутамын. Кыйынсынып аттанып, Кытайдын жортуул бар бекен? Кан болгон соң Манасың Карап жатчу жан бекен?" *(СО, "Манас", I, 1978, 248-бет).*

7.5. Алтайлыктар көрүнгөн баскынчынын жеми болгончо, кандуу журт болууну максат кылышат. Бирок кан болуп, эл башкарууга киши чыкпайт. Ошондо Айнакул: "Ай талаада ак быштыны союп, Манасты кан көтөрүп койгонбуз. Биз көтөргөн кан силерге эп болор бекен",- дейт. Манасты кан көтөрөбүз деп көпчүлүк толкуп кетет. Алты кулач ак кийизге ата-баланы - Жакып менен Манасты отургузуп журт көтөрүп алат. "Болду, балдар, болду" - деп Жакып жерге түшүп калат. "Жеке Манас баланы Көтөрүп алып көпчүлүк Алиги турган жыйынды Жети айланып барганы. Жергесинде калайык Жеттик мүдөөбүзгө деп, Кужулдашып калганы. Кан өкүмүн тийгизди, Кан таажысы ушу деп, кан Манастын башына Жыгалуу бөрктү кийгизди. Ошондо Жакып ой кылды, Токсон бээни сойдуруп, Тогуз күнү той кылды. Жергесинде кыргызды Кызматына тургузду. Ногойдон калган кызыл туу, Жакыпта калган мына бу. Оболотуп аштады" *(СО, "Манас", I, 1978, 272-бет).*

7.6. Кыргыздын Алтайдан Алатоого көчүшү кан Манастан чымырканууну, билгирликти, чечкиндүүлүктү талап кылган. Манас буга катуу даярданат. "Атасы Жакып болсо да, Мойнуна койсо кылмышын Кайсаса канын төгүүчү, Жаны калбай аянып, Жатпай чыкты үч түнү. Жалаң кылыч таянып. Чыканак жерге салбады, Чырым уйку албады, Сырын билген чоролор Коркуп жаны калбады" *(СО, "Манас", II, 1980, 148-бет).*

7.7. Анан Манас элди акылдашууга чакырат: "Тилимди билген журт болсо, Тилим менен келсин деп, Тил билбеген журт болсо, Тилмечи жоop берсин деп. Өзүмдү билген журт болсо, (148-бет), Өзүмдү билип келсин деп, Өзүмдү билбей калгандар Өкүмөттүү Манас деп, Сөзүмдү билип келсин деп, Кабар салды калкына, Калың кыргыз жалпыга" *(СО "Манас", II, 1980, 149-бет).*

7.8. Манас маселенин баарын өзү эле бийлеп чечип салбайт. Калайык-калк менен кеңешип, анан бир бүтүмгө келет. "Баатыр Манас кеп айтат: Мажилиске жыйылдын, Баарың уккун деп айтат. Атамдан калган жер үчүн Аттанганы турамын. Бабамдан калган жер үчүн Башым ооду, калайык. Ойлонуп көргүн калкым сен, Көөнүңө салдым Манас мен. Туулмак бар, өлмөк бар, Ал да берген аманат. Ажал келсе бермек бар. Аттангандан тартынба, Аягын чыгар кишенден! (151-бет) Ата улуулар, малдуулар Алайды барып жайласын. Азыр турган кара журт Айтыңар жоop мунума. Калганың кал быякка, Тарбагатай, Аратоо. Эдил суунун боюна. Элди баштап барууга Не жумуш түштү оюма. Көрбөгөн жерге баргын деп, Зордобосмун силерди. Калганыңар калыңар,

Каалаганың барыңар -152-бет). Жакканы болсо жакты деп, Жакпаганы жакпайт деп, Айтыңарчы жарыя" *(СО "Манас", II, 1980, 153-бет).*

7.9. Манастын Алатоого көчүү жөнүндөгү кандык сөзү кадыресе калк акылмандары тарабынан талкууланат. Кыпчактардын чечени Таз, анын уулу Үрбү, Айдаркан уулу эр Көкчө сүйлөйт. Ошондон соң эл кан Манастын өтүнүчү боюнча мындайча жыйынтыкка келет: "Көчмөкчү болду көпчүлүк, Көңүлгө түштү көп түлүк. Эл келгени эп болду, Эртеден кечке кеп болду (155-бет). Ак сакалдын баарына Жал менен жая тарттырып, Ата уулуга бир тондон Аземдүү тондон жаптырып. Айыл башы, ак сакал, Топ башынын баарына Жоргодон тандап миндирди, Жоо бөрүсү эр Манас Жоомарттыгын билдирди" *(СО, "Манас", II, 1980, 156-бет).*

7.10. Манас кандык бийликти такай өзү алып жүргөн эмес. Кырдаалга жараша аны башкаларга да берген. Маселен, алты кан Манасты басынтмакчы болот. Бирок айкөлдүн сүрүн көрүп, ооздорунан кеби түшөт. Дагы Манас алты канды кандык бийликти ал деп кыйнаган жери бар. "Кана, каныңарды каала деп, Баатырың турду тагында. Кан болгун деп камады, Карап турган кандардын Кайраты бойдо калбады. Үч кайтара сурады, Үлкөн жыйын турганы, Үндөй албай бир адам Үшкүрүп кандар курганы" *(Со, "Манас", IV, 1982, 60-бет).*

7.11. Кандыкка эч ким чыкпагандан кийин гана Манас өз жарлыгын айтат: "Канчалык айтсам, укпадың, Камалдын баарың, ыкталдың, Кандыкка киши чыкпадың. Өкүмөттөн корксоңор, Өзүм бирди камдадым. Кара кыргыз журтунан Касиетин тандадым. Бектер, сага эп болсо, Мен бийлеген кеп болсо, Атка минсе - ак жолтой, Атышкан жоодо сан колдой, Айтышканда сырдашым (61-бет), Наалышканда мундашым, Ак сакал Бакай абамды, Калк агасы бабамды Кан көтөрсөк канетет?" *(СО, "Манас", IV, 1982, 62-бет).*

7.12. Ошентип, жалпы кыргыз колуна Бакай кан болуп калат. "Катчыга катын жаздырды, Жыйып алып кандарын Жыгалуу мөөрүн бастырды, Эр Бакайга тапшырды. Таруудай тарлык жок болду, Бакайга кандык токтолду" *(СО, "Манас", IV, 1982, 62-бет).*

7.13. Колго кандык Бакайга берилген соң, жол бийлиги Алмамбетке берилет. "Баарыңарга эп болсо, Ушу жолдун бийлигин Алмамбетке берелик. Көргө түшсө түшүүгө, Көлгө түшсө, тобокел, Көт жагынан сүзүүгө, Дабан ашса ашууга, Шамалга учса учууга" *(СО, "Манас", IV, 1982, 68-бет).*

7.14. Кийин, кол чарчап, башкарылбай калганда Манас Бакайдан кандыкты суратып алып, аны жарлык менен аскердик чоң билими бар Алмамбетке берет. "Баашалыгын билгизди, Барган жерде баатырың (121-бет) Башына таажы кийгизди. "Ушу жаткан кара журт, Бириң эмес, баарың ук! Жашың менен карың ук, Жалпы аламан баарын ук! Бакайдан кандык кетти деп, Бадышалык өкүмөт Алмамбетке өттү деп, Аңдаңар ушу кепти деп, Ырамандын ырчы уул Жар чакырып ийиптир" *(СО, "Манас", IV, 1982, 122-бет).*

7.15. Алмамбет кан болор менен тартипти бекемдейт. "Онун санап өтүптүр, Он кишиге бири киши Он башы коюп кетиптир. Жүзүн санап алганы, Жүз адамга бир адам Жүз башы коюп салганы. Миңди санап алганы, Миң кишиге бир киши Миң башы коюп салганы. Он миңди баатыр башы деп, Жүз миңге барып бек кылды. Отуз болду бек саны, Ойбойду Алман бек салды" *(СО, "Манас", IV, 1982, 124-бет).*

7.16. Кан Кошой Үйүрмөнүн сазына үч күнү жыйын кылып, кыргыз элине Манасты кан көтөрөт. Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу үчүн бийлик бир адамга топтолушу керек эле. Кеменгер Кошой муну даана билген. Ошон үчүн Манаска журт алдында минтип айтат: "Балам, Манас, кулунум, Кара тоодой кан болгун, Кырк уруу кыргыз элине Касиеттүү жан болгун! Эки тизгин, бир чылбыр, Ээ, кулунум, эр Манас, Эми колго алыңыз! Кабылан оозун бурамын, Ажалым жетип өлгүчө Туу түбүнө турамын! Бет алсак жоого чыгарбыз, Береним Манас, аман бол, Белиме таңуу кылармын Кабылан Манас өзүңдү Караан кылып тураармын!" *(СО, "Манас", I, 1984, 168-бет).*

7.17. Манастын алдында үч чоң мамлекеттик маанидеги милдет турган. Биринчиси - элдин башын бириктирүү, ынтымак, экинчиси - балбан, баатыр чоролорду, тилмечтен тартып элчи болчу адамдарга чейин чогултkан, үчүнчүсү - Алоокенин эзүүсүнөн кыргыз элин бошотуу.

Мисалы, Алабектен эле Алооке алты миң жамбы, миң кундуз салык алып, турган (213-бет). Ошентип, Манас кан катары мойнунда турган үч милдетти тең аткарат. Өзгөчө Алоокени жеңип, кыргыз жерин бошотуу чоң тойго айланат. Ойлогон тилеги ишке ашкан Кошой барбалактап сүйүнүп, минтип айтат: "Бирдикти койсоң бир жерге, Катылып душман келеби, Кармашып адам жеңеби, Бармактуу адам батабы, Тырмактуу жан тиеби? Башчы кылсаң Манасты Күн тийген зоңгок бел ошол" *(СК, "Манас", I, 1984, 215-бет).*

7.18. Кошойдун сөзүнөн кийин кандын баары буркурап, калың журт чуркурап кан Манаска мындайча ант беришет: "Төрө Манас көкжалдын Төп айткан тилин албасак, Төшү түктүү жер урсун, Төбөсү ачык көр урсун! Аккелтенин огу урсун, Ак милтенин чогу урсун!" *(СК, "Манас", I, 1984, 215-бет).*

7.19. Манас дагы бир жолу кандыкка көтөрүлөт. Бирок бул кандыкты өзгөчө деп эсептөөгө болот. Анткени Манасты кан көтөрүүгө сегиз кан катышат. Демек, кыргыз элин Алоокенин эзүүсүнөн бошотконду үчүн Манас кандардын үстүнөн кан болуп көтөрүлөт. Ал эпосто мындайча баяндалат: "Алтын гүлдүү килемге Айкөл Манас төрөнү Калкка атын билгизип, Төөдөй болгон алтын так Алып келип Манасты Отургузду мингизип. Ал килемдин этегин Кошой кармап барбактап, Туура келген килемди Сегиз кандын баарысы Туш-тушунан алды эми. Айкөл эрди ошондо Ай талаада калайык Кан көтөрүп салды эми. Дегенине көндү эми. Алоокенин сан дүйнө Келген жандын баарына Абаң Кошой ошондо Камчыга ченеп бөлдү эми" *(СК, "Манас", I, 1984, 215-бет).*

7.20. Манас такка отуруп сурак да кылган. Төөдөй такты желмаянга жүктөтүп, өзү менен кошо ала жүргөн. "Букарадагы чынар бак, Көкжал келди ошол тап, Желмаянга жүктөтүп, Ала келген эмеспи, Төрөсү минчү төөдөй так" *(СК, "Манас", I, 1984, 240-бет).*

7.21. Чоң казатта Жолой, Ылама, Бөрүкөз өлүп, Нескара колго түшүп, Эсенкан жеңилет да, Чет Бээжиндин кандыгын Манаска берет. Айжаңжун кызы Бирмыскал менен Чубакка, Эсенкан кызы Бурулча менен Алмамбетке ника кыйылат. Жакут, дилде, көөр ташты атандарга, аппак күмүш, сары алтынды пилге артып Манастын колуна тартуулашат. Эпосто Манасты кан көтөрүү мындайча сүрөттөлөт. "Кырк жылы сууга чыласа, Кыярып түрү оңбогон. Кырк жылы селге кетсе да. Кылт этип чети койбогон Алтын түрдүү килемди Алып келип жайды эми, Айкөл Манас султанды Ал килемдин үстүнө Отургузуп алды эми, Кан Эсенкан баш болуп, Манасты чын көтөрүп алды эми, Каканчындын Бээжинге Кан көтөрүп салды эми" *(СК, "Манас", II, 1986, 162-бет).*

7.22. Үзүктөй калпак эр Шуутуну Желмаянга мингизип, Таласка сүйүнчүгө чаптырат. Анын "Алтын таажы кийгизип, Алтын такка мингизип, Айкөл Манас баатырды Чет Бээжинге кан кылдык" деген сөзүнө Канькей сүйүнбөйт, боздоп ыйлап жиберет да, минтип айтат: "Бээжинди билди дегиче, Бейпайга калды десеңчи, Алтын так минди дегиче, Ажалы жетти десеңчи. Аркада эркек

бала жаш Мени тозокко салам дедиби?! Бээжинге туруп кан болсо, Кыймалуу тактан чалдырат!" *(СК, "Манас", II, 1986, 163-бет).* "Таласка тез кайтсын!" деп алакандай кат берип Шуутуну кайра Тайбуурул менен Бээжинге чаптырат Канықей.

7.23. Сырт душман келип чаба албаган Төрткүлдүн төмөн жагындагы Кайнардын кара көзүндөгү кан Манастын зор ордосун айкөлдүн бир туугандары Абыке, Көбөш талкалайт. "Жамгырдай кылып жаа тартып, Мөндүрдөй кылып ок атып, Көбөш кирди кыйкырып. Жабыла баары кирген соң, Тамынын баарын уратты, Талынын баарын сулатты. Кан Манастын ордодон Канчалык кызык көрүштү. Каныңыз, Манастан калган сан дүйнө, Камчыга ченеп бөлүштү. Адырда жылкы ала баш, Аргымак, буудан аралаш, Аны тийип кирди эми. Өрүш толгон түмөн кой, Матап койгон сансыз төө, Түгөл тийип кетти эми, Түпкө минтип жетти эми" *(СК, "Семетей", I, 1987, 20-бет).*

7.24. Тул түбүндө зыңгыраган кандуу бети жыртылуу Каныкейди да аябайт. Заар тилин агыткан Көбөш ага минтип айтат: "Сураса бербес тулпарың, Канчыгым, суук укурук салдымбы?! Жалынса бербес жакут таш Сенин көзүңчө тартып алдымбы? Манасын менден эр бекен?! Манастан Көбөш кем бекен?!" *(СК, "Семетей", I, 1987, 20-бет).*

7.25. Каныкейдин жазаланышы. "Кара жаак айбалта Кармай калып имерди, Оң далынын кечирге Ойрон энең бейбакты Ошондо тартып жиберди. Кайран жеңең Каныкей Чаңырып ыйлап бүк түштү. Керилип Көбөш чапканда, Ошондо төбөсү менен тик түштү. (20-бет). Оо дегенде оозунан Жеңеңдин өжөк-өжөк кан кетти. Эсинен кетти алактап, үстүнө каран түн түштү. Алмадай башты аларда Жеңеңди даңгыттарга жарарда, Үзүктөй калпак Шууту кул Түрдөнүп гана кептен салды эми, Кайран жеңең долуну Кан Көбөшкө чаптырбай Ажыратып алды эми *(СК, "Семетей", I, 1987, 21-бет).*

7.26. Талкалангандан кийинки ордонун абалы. "Жарты буудай дан калбай, Жаман чаап кетиптир. Даакылуу тайды таштабай, Түпкө минтип жетиптир. Бүлдүргө болор жип калбай, Бүлкүлдөп үрөр ит калбай. Как этип учкан карга жок, Кук этип учкан кузгун жок. Кара кылар адам жок, Ээ, кудай, кайсап кетер эме жок. Кең дүнүйө тар болуп. Ааламдын каны Каныкей Айкөлүнөн айрылып, Эми тентимек болду көр болуп" *(СК, "Семетей", I, 1987, 22-бет).*

7.27. Манас өлгөн соң Бакай төө кайтарып кеткен. Колунда 500 түтүн журту бар. Бир күнү уйкудан чоочуп

ойгонуп, Манастан калган жетим жесирди көргүсү келет. Көктулпар менен Төрткүлгө чаап келсе, Манас курган мамлекеттин борбору - ордо кыйраган. "Таш калааны талкалап, Такыр чаап алыптыр. Ар кайсы жерде оркоюп, Ордонун орду калыптыр. Каныкейдин Ак сарай, Қаалга темир, сом калай Төрткүл дөбө болуптур. Как эткенден карга жок, Курулай талаа калыптыр" *(СК, "Семетей", I, 1987, 35-бет).*

7.28. Каныкейдин Ысмайылга Манастын мамлекетинин талкаланышы жөнүндө айтып бергени: "Кеңколдон чапты көчүмдү, Келберсиген иттерден Ала албай гана чыктым өчүмдү. Жездекеңден айрылдым, Иним, отуз эки гана жашымда. Таалайлуу жездең өлгөндө, Алты арам салып кордукту, Ашкере гана кылды зордукту. Алтынды жыйган жездекең, Асылын көргөн алты арам, Азабын тарткан эжекең. Алты арам бузукту башка салганда, Эсебимди тапканда, Эмчегим жара чапканда, Төбөмдөн иттер басканда, Төрт түлүк малды чачканда. Эри өлгөндө катынга Төркүнү жакын болот деп. Дүнүйөм болбой тыйынча, Чачып келдим, иничек" *(СК, "Семетей", I, 1987, 70-бет).*

7.29. Манасчы Саякбайдын вариантында кыргыз мамлекетинин түркүгүн сууруп алууга, белин омкоруп келүүгө, демек, Манасты жайлап салууга камданып келген Көкчөкөз, Көзкамандар окуясы "Семетей" эпосунда айтылат. Карыкан элинен чечендерди, акылмандарды жана баатырларды чакырып, мындай шарт коёт: "Убаданы бек кылам, Адам өлөр шерт кылам. Кара жолтой Манасты Кармап союп келгенде Алтын таажы кийгизем, Ушу турган чоң Бээжин Чоң кандыгын билгизем" *(СК, "Семетей", I, 188-бет).*

7.30. Кары кандын бул жарлыгына "Манаска катылган тирүү калбайт, Барган жан кайра тартпайт" деп манжу, кытай баатырлары бушайман болот. Ошондо бул тапшырманы орундатууга кара кытайдын колунда кул болуп жүргөн кыргыздар бел байлайт. "Кыргызды манжу кырганда, Кечээ колго түшкөн кул экен, Көкчөкөз менен Көзкаман, Желтийбес менен Чандаяк, Орозон баштап - бул бешөө кара кытай кулу экен. Жарыктык Манас көкжалга Туугандыгы бар экен.Манаска барып союуга, Башын кесип жеткизип, Кары кандын алтын так Белек кылып коюуга Ыламанын алдына, Чоң буркандын түбүнө Өлө турган ант кылып, Өлүп кетер уу жалап, Тийсе өлтүрөр уу алып, Бээжинден чыгып

жол жүрүп, Ат аябай мол жүрүп, Манаска кетип баратыр" *(СК, "Семетей", I, 1987, 189-бет).*

7.31. Манас келген туугандарын кучак жайып тосуп алат. Тулпардан ат мингизет, ок өтпөс тон кийгизет, ар түлүктөн мал берет, үстүнө үй тигип берип, аялсызын үйлөндүрөт. Туугандарынын урматына казына оозун ачтырып, сан казына, жыйган мүлктөн чачтырат. Өзгөгө кылган жакшылыкты айкөл өз тууганынан аяйт беле. Чачылган кыргызды жыйноо анын башкы максаты болчу да. Чачылган жыйналганда, үзүлгөн уланганда гана кыргыз мамлекети күчтүү болмок. Бирок Манастын чачылганды жыйноо деген акылман саясатынан да душмандар жылчык таап өтүп кетишти да, айкөлгө уу беришти. "Алтын курбу аякка Мелтирете куйду эле, Түбүбүз тууган бирге деп, Көзкаман алып сунду эле. Ала коюп имерип, Манас кан такыр тартып жиберип. Ичкенде көкжал бүк түшүп, Төбөсү менен тик түшүп, Кыл муруту шыйпайып, Алагар көзү алайып" *(СК, "Семетей", I, 1987, 196-бет).*

7.32. "Манас өлдү деген тыянакка келген Көкчөкөз жекеге чыгып, минтип бакырат: "Султан кыргыз, эр бурут, Сенин бүгүн сурагың бүтөр кези деп" *(СК, "Семетей", I, 1987, 208-бет).* Бирок өздөн чыккан жаттардын тилеги таш кабат. Кыргыз мамлекетинин бели омкорулбайт - төө көтөргөн балбан Акаяр менен Каныкейдин эрдиги аркасында Манас аман калат.

7.33. Көп кыйынчылыктардан кийин кыргыз эли энсеген мамлекеттүүлүк калыбына келет - Семетей кан көтөрүлөт. "Ошондо Манастын уулу жетимди Алтындан соккон чон килем Зор килемге салды эми, Алтын таажы кийгизип, Алтын такка мингизип, Оомийин деп Таласка кан көтөрүп алды эми *(СК, "Семетей", I, 1987,308-бет).*

7.34. Бирок алты арам бул кандыкка да каршы чыгышат. Эйбит таздын эр Үрбүсүн, Көкчөнүн уулу Үмөтөйдү, Музбурчак уулу Буянбекти, Шыгайдын уулу Чынкожону Семетейге каршы көкүтүшөт. "Ошонун баары чогулуп, Убаданы бек кылып, Манастын жалгыз жетимин (312-бет) Чогулуп кармап алууга, Курмандыкка чалууга, Тындым кылып салууга, Өлтүрүп жанын кыюуга, Өлүп кетер шерт кылып" *(СК, "Семетей", I, 1987, 313-бет).*

7.35. Алты арамдын элге кылган кордугу. "Алты арам бизге кан чыкты, Каарынан жан чыкты, Алым-салык көп салды, Калайманды баштады. Каяшаяк бергенди

Кааранып алты арам Такыр кырып таштады. Алман салып тай алды, Алымына чыдабай Качып-качып тарады" *(СК, "Семетей", I, 1987, 324-бет).*

7.36. Ички душмандарды жеңгенден кийин, Семетейдин кандыгы, жалаң Талас менен чектелбей, аргын менен кыргызды тең кучагына алат. "Ордо күтүп, кан болуп, Олуя заада жан болуп, Алтын таажы кийгизип, Аргын менен кыргызды Кылтылдатпай билгизип, Кан көтөрүп алды эми. Арта туулуп Семетей Султан болуп калды эми. Аргын менен кыргыздын Үзүлгөнүн улады, Чачылганын жыйнады" *(СК, "Семетей", I, 1987, 340-бет).*

7.37. Канчоронун Семетейдин кандыгын талкалоо жөнүндө Кыяз менен калың жедигерге айтканы: "Кандарын байлап сабагын, Калкынын баарын талагын. Чынарын кыйып сулатып, Ордосун түртүп уратып, Өрт өчкөндөй кылынар" *(СК, "Семетей, II, 1989, 305-бет).*

7.38. Семетейдин жеңилиши. Адегенде астындагы Нартору жүрбөй калат. "Астындагы Нартору Карчыт эти үзүлүп, Көткү саны бүгүлүп, Ылдый карай тартканда, Өпкөсү көөп болкулдап, Өйдө карай тартканда, Ичекарды солкулдап, Кулагы тердеп, баш чайкап, Алкым кыя белести Ашпай турду Нартору, Арам өлүп шалпылдап, Баспай турду Нартору" *(СК, "Семетей", II, 1989, 311-бет).* Андан кийин ага Кыяз найза саят. "Арт жагынан айланып, Баатыр Кыяз барды эле. Боз кисенин бети деп, Өпкө-боордун чети деп, Камбыл турган эр Кыяз Качырып Найза сайды эле. Кабырганын көк этти Төөнөй сайып салды эле, Эки түгөй кабырга Өөнөй сайып салды эле" *(СК, "Семетей", II, 1989, 317-бет).* Аңгыча аба ырайы өзгөрөт. "Коктудан шамал табылып, Тоо-тоодон туман жабылып, Асмандан аяктай мөндүр төгүлүп, Булак ташып, жер көчүп, Асмандан алты сай мөндүр тыбырап, Жер силкинип бөлүнүп, Күн бузулуп, түн түшүп, Каптал урап, тоо көчүп, Артык мүшкүл болду эле (318-бет). Мурага абам жетиптир, Боз кисе тыштап аманат, Болжолу жок шер абам Кайып болуп кетиптир. Перизаада Көкмончок Сыйкыр байлап дуба окуп, Уккус кылып кулагын, Адам көрбөс иш кылып,Дуба төгүп көз байлап, Мурасына жетиптир. Акшумкар менен Актайган Ажыратпай сыйкырлап, кошуп алып кетиптир" *(СК, "Семетей", II, 1989, 320-бет).*

7.39. Семетейдин жеңилишинен кийин Талас талоонго түштү, кандык талкаланды. "Чогуу каптап жедигер Кан

абасы Бөлөкбай Карсылдакка алыптыр. Төкөр уста кылдатты Жол үстүнө сүйрөтүп, Даңгыттарга жарыптыр. Казынаны калтырбай, Куп талоонду салыптыр. Жалгындуу Кеңкол, чоң Талас Адам өлүп, кан агып, Талоонго түшүп калыптыр. Семетей атын жоюптур. Канчоро кандын эли деп Журттун атын коюптур" *(СК, "Семетей", II, 1989, 321-бет).*

7.40.Канчоро ордону талкалап тим болбойт, Бакайды кырк балбанга көкбөрү тарттырат, Акбаланын таманын тилип туз салат, чокусун тилип курт салат, Күлчоронун оң далысын оюп, кечирин кесип, жылкычыларга отунчу кул кылып берет. Айчүрөктү Кыязга тартуулайт. Канынкейге музоо кайтартат. Өзү пикирдеши Чачыкейге үйлөнөт. Айчүрөктүн таштан кыйып тоо кылган, айланасын зоо· кылган, күмүш менен кындаган, алтын менен сырдаган, эки киши унчукса, өзүнөн өзү ырдаган ак сарайды Канчоро ташталканын чыгарат. "Казына оозун ачты эле, Агар алтын, ак күмүш Олжо кылып жедигер, Омуроо бою чачты эле. Жибекти сабап, жүн кылып, Агача келин ак сайкал Алып талап күң кылып. Чаап алып ордону Түркүгүн сууруп коргондун, Таштан шаарын талкалап, Такыр талап алды эле. Билген чырын кылды эле, Кызыл куйрук пил айдап, Нар куйругун өрүшүп, Кумгандай алтын, күм дилде Куптап талап бөлүшүп. Кыргыздын баары камалып, Кыз олжо болуп таланып" *(СК, "Семетей", II, 1989, 335-бет).*

7.41. Бириктирилген вариантта кырк таман ордо жөнүндө кызык маалымат бар. Манас тоорумак менен ичке түшөт да, чүкө черте баштайт. Ошол кезде кырк төөгө алтын арткан кербендин алды ордого келип жетет. Атайы алдынкылары ордону тебелете келип токтойт. Элинди чабам, жеринди басам деп сыр көрсөтүп турганы. Ошондо Манас ачуусу келип, чүкөнү катуу чертет. Чүкө октой катуу чыркырап учат. Астынкы эки нардын чүкө тийген жилиги сынып кетет. Анан салгылашты көрүп ал. Кербенчи деген эки жүз жигит кербенчи эмес экен, курал-жарагын ичтен байланып алган душман - болгондо да Манасты байлап алууга даярданып чыккан, Эсенкан жумшаган, Дөөдүр алп жетектеген жоо экен. Сыртынан караганда бул окуя жөнөкөй эле, дайыма боло жүргөн салгылаштын бир учуру чагылдырат. Бирок мында окуянын экинчи мааниси - жышааналуу жагдайы да бар. Ордо - бул мамлекет. Ортосунда - быдымакта кан бар. Эки тарап бул мамлекетти жеңип алуу үчүн кармашкандар. Мына -

Манас чүкө чертүүдө, демек чабуулда. Аңгыча ордо оюнундагы майданга реалдуу душман келди. Болгондо да мамлекетинди талкалап, ордоңду бузуп, очогуңду өчүрүп, каныңды жалап кетем деген ниетин билдирип, ордону атайы тебелетет. "Эмне кыласың, бурут? Колуңан эмне келет, бурут?" - мактанып да, кордоп да, кемсинтип да, тийишип да турат. Бир тиктөө менен Манас душмандын аракетинен ушуну туйду. Ачуусу келди, каарданды. Чырылдап учкан, ок болуп учкан, төөнүн жилигин талкалай тийген чүкөлөр - мамлекетти тебелей келгендерге карай атылган каардын, намыстын чагылышы. "Кырк таман чийип ордону, Чийип койгон чийинди Кара баспай, ак басып, Кыйшыгы жок так басып, Кадамыкты кадашып, Оюн салып жатканда, Тоорумак тооруп аткандай, Ичке түштү жаш Манас, Чүкө чертер чоң оюн Ишке түштү жаш Манас. Кызыкка кыйын батканда, Чүкө чертип жатканда, Эсен кандын кырк нары, Кырк нарынын астында кыйла баалуу кызыл нар, Арт жакта эки жүздөй балбаны, Кызматкерди шаштырды, Атып жаткан ордонун Ортосун жара бастырды. Ачууланып эр Манас бир чүкөнү черткени, Чыркырап чүкө кеткени, Эсен кандын эки нар Чүкө тийген жилиги Талкан болуп быркырап, Кызыл нар кыйрап жыгылды" *(БВ, "Манас", I, 1958, 44-бет).*

7.42. Канчоронун каныгы. Салык. "Сайылган бактын баарысын "Канчоро кандын багы - деп, - Салынуу турган алтын так Канчоро кандын тагы" - деп, Атактуу көкжал аттарын Айттырбастан жойдурду, Канчоро атын койдурду. Киши тапкыс ой кылып, Адамдан сайып алты жүз, Ат чаптырып, той кылып. Кан болгондо Канчоро Элге өкүм чачты эми: "Миң карача төө бер - деп, Миң кара кашка бээ бер - деп, Бир миң төөгө чай бер - деп, Миң атанга жүк чыкчу Кызыл алтын зер бер - деп, Калкка салым салды эми" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 17-бет).*

7.43. Мындай каардуу кандын салыгына чыдабаган журт туш тарапка качып кетмекчи болот. "Жайсыз канга кезиктик, Жай таба албай кайран журт, Безип кетер бекенбиз. Күлазыкты чачарбыз, Күүлөнчү болсо Канчоро, Күйүтүнө ким көнсүн, Туш-тушту көздөй качарбыз" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 18-бет).*

7.44. Туш-тушка чилче тарап качмак болгон эл Кутубийдин баласы Акжолтойдун акылына көнүшөт. "Айчүрөк айым ичинде Алты айлык талгак бар. Эгер эркек уул болсо, Чокмор кылып алалык. Кайрандан калган белек

деп, Карааң кылып алалык. Журт бүлдүргөн чорого Керишти кенен салалык, Жеткилең бир кек алалык. "Канчоро каардуу болду" - деп, Айрылбайлык калайык, Алатоо сонун жериңден" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 19-бет).*

7.45. Ордо төңкөрүшүнө алдыртан Чачыкей да тилектеш болгон. Ал кабарчыга минтип айтат: "Кечээ төрө аман барында, Күйүттүн көбүн билчү элек. Канчоро менен экөөбүз Күбүрөшө жүрчү элек. Кыраңга элкин конууга, Эрди-катын болууга убадабыз бар эле, Сүйүнчүңө алтын ал" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 21-бет).*

7.46. Кеби нуска, сөзү бал Куту Кыязга минтип айтат: "Канды кудай урарда, Катыны менен кабышат, Калкы менен чабышат, Жакыны менен жат болуп, Өз эли менен жоолашат. Канды балаа басарда, Жумшаган кулуң кежектейт, Үйүндө ашын эсептейт, Кан башынан бак кетет, Астынан алтын так кетет, Ала аскардай бел кетет, Карга, таандай чуркурап, Андан кийин эл кетет. Канды кудай урарда, Калкы турмак, койнунда Катыны менен жоо болот. Баатыр Кыяз сен элең, Журт чечени мен элем, Бөлүптүрсүң санааңды, Бөлөктүн уулу депсиң го, Бөйрөктөн чыккан балаңды" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 55-бет).*

7.47. Сейтек өз эл-жерин билип чоңоет. "Ойноо бала чагымда, Айдай долу Айчүрөк Энекемен көп уккам. Кыйын душман жедигер, Кыйраң бөлөк деп уккам. Кең колоттуу Алатоо Жериң болот деп уккам. Аргын кыргыз көп уруу Элиң болот деп уккам" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 79-бет).*

7.48. Сейтек: "Жети өзөн мага жер эмес, Жедигер мага эл эмес. Каңгырап жүргөн экемин. Тууну жыккан Канчоро, Туу өрттөгөн Кыязды Чамам келсе чабышып, Чаркым кетсе чалышып, Тагдыр жетсе өлөмүн" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 78-бет).*

7.49. Сейтек: "Элге кетер күн кайда, Катыгүн энем, эл кайда? Талас кайда, жер кайда, Таласта кыргыз эл кайда? Элге барар жол кайда, Эңише кетчү зор кайда, Каралды кылар шер кайда, Кармаша кетчү жоо кайда? Алатоо өзөн жер кайда, Айылдаш конгон эл кайда? Аянышта не пайда?" *(БВ, "Сейтек", IV, 1960, 78-бет).*

7.50. Элдин Сейтекке Канчоро жөнүндө айтканы: "Капканча чапты белиңди, Шибелеп торгоп жолуңду, Журтум жипсиз байлап колуңду. Көрсөн бузук Канчоро Эренди жайлап, төөнү алды, Эр өлтүрүп, бээни алды. Жапаа салып, чыр кылып, Кыяны тосуп, көч алды. Тартып алды кызыңды, Татытты нечен тузуңду.

Зордуктап алды пулуңду, Кыргызга салды кыйынды (168бст). Аргын менен кыргыздын Жактырбай отун өчүрдү, Жабыла журтту чуулатып, Кыштын күнү көчүрдү. Эсерден жыйып кол алды, Өз журтуна кол салды" *(БВ,"Сейтек", IV, 1960, 167-бет).*

7.51. Күлчоро менен Сейтек Ата Журтка - Таласка келет. Ошондогу элдин ал абалы. "Калың элди буй кылып, Канчоро доорду сүрүптүр. Нардан жүздөн төө бер деп, Алты миң кысыр тай бер деп, Төөгө жүктөп чай бер деп. Аргынга салым салыптыр. Алапайын табалбай, Айтканына көнө албай, Салымын таап бере албай, Аргын көчкөн бир жайга. Он эки төөгө чай бер деп, Кырк минче кысыр тай бер деп, Кыргызга салым салыптыр. Элкин өскөн кайран журт Дегенине көнө албай, Салыгын таап бере албай, Тели куш учкан темине, Тентиген кеткен жерине. Кулаалы учкан темине, Курама кеткен элине" *(БВ, "Сейтек", IV, 1969. 169-бет).*

7.52. Чачылган кыргыздардын биригиши менен Ороздунун кызыл туусу кайрадан көтөрүлөт. Ал мындайча баяндалат: "Турганы Бел-Саз жер болду, Балта, Жакып баштаган Калдайган кыргыз эл толду. Ороздунун кызыл туу Жакып байда бар болчу. Айчыгын алтын тактырды. Манастын атын жаздырды. "Көтөрүп жоодо жүргүн" деп, Кырыгылчалга тапшырды" *(Жусуп Мамай, "Манас", I китеп, Ош, 1995, 133-бет).*

7.53. Ороздунун кызыл туусу көтөрүлдү. Эми элди ким башкарат? Жакып минтип элге кайрылат: "Баштын мээси деген бар, Тизгинсиз аттай жүрбөйлү, Элиңди кимиң башкарар? Эл көсөмү болбосо, Элиңдин чети чачылар" *(Жусуп Мамай, "Манас", I китеп, Ош, 1995, 134-бет).*

7.54. Бакай Манасты кан шайлаш үчүн элге мындай деп кайрылат: "Башчы болбой иш болбойт, Бардык ишиң жайгарар. Оң-тескери сүйлөбөй, Ойлоп туруп шайлаңар. Залалга дуушар болбосун, Түпкүлүктүү пайданар. Көзү ачык чоңуң бар, Көптү билген зоруң бар. Баш кишиңер ким болот, Жашырбай айта салыңар" *(Жусуп Мамай, "Манас", I китеп, Ош, 1995, 156-бет).*

7.55. Анан эл Манасты кан шайлашат. "Алаштын кылып адатын, Ак кийиз деп жабышып. Алдына колду салышың. Арстан Манас баатырды Отургузуп алышып. Жетимиш киши көтөрүп. "Кан көтөрдүк муну" - деп, Калайыкка көргөзүп" *(Жусуп Мамай, "Манас", I китеп, Ош, 1995, 156-бет).*

7.56. Манаска бийлик тийгенден кийинки элдин айткаңы: "Тизгинди бердик Манаска, Бас деген жерге

басабыз. Баарыбыз тең орток, Шаттык менен капабыз. Ажал келсе жыйылып, Бир чуңкурда жатабыз" *(Жусуп Мамай, "Манас", I китеп, Ош, 1995, 160-бет).*

7.57. Манастын кан болгондон кийинки элине айткан акылы: "Күчүм бар деп билекте Бөтөнчө чеңгел урбагын. Аттанам деп душманга Ашыгып дүрбөөн салбагын. Өзү эле келип тийишет Өкүмсүп жүргөн калмагың. Сайып алган Көңтөйдөн Бүлдүргө тыйын албадым. Катышып калса кол салып, Аянып тура албаймын" *(Жусуп Мамай, "Манас", I китеп, Ош, 1995, 160-бет).*



ДОСТУК
АР-НАМЫС,
МЭЭНЕТ
БИЛИМ, ӨНӨР
АЙКӨЛДУК
ТАБИЯТ
МАМЛЕКЕТТИК
ЧЫНДОО
БИРИМДИК

ЖЕТИ ОСУЯТ ЖӨНҮНДӨ

"Манас" - өзүбүзгө өзүбүздү далил кылган улуу зат. "Манас" аркылуу биз өзүбүздү өзүбүз бекемдейбиз, ким экенибизди далилдейбиз жана келечекке көз таштайбыз. "Манас" бирөөлөр үчүн жөн эле кызыктуу окуя, алыста жаткан жомок сыяктуу. Канча айтсак да, бул улуу санжыра бизге али космостук түшүнүк. Ал ар бир урпак үчүн руханий кубат".

(Чыңгыз Айтматов, "Кыргыз Туусу" гезитинен, 25.08.1995).

Болуп өткөн "Манастын" миң жылдыгы кыргыз элинин кичинесинен чоңуна, кароолчудан мамлекет башчысына чейин эпосту кайрадан жан дүйнөсүнүн элегинен өткөрүп баа берүүгө, маани-маңызын иликтеп түшүнүүгө кириптер кылды. Демек, мындай ишке кыргыз журту бүт катышты. Массалык маалымат каражаттары да Серектей сергектик, жаш Айдардай тездик, Ырчуулдай жарчылык менен аларды калайык-калкка жеткирип турууга үлгүрө алды. Ошентип, жеке пикирлер жалпыныкы болду. Бирдики миңге, миндики түмөнгө таралды. Тойдон мурун-кийин, ар кандай чөйрөдө, жагдайда сүйлөнгөн сөздөр, ой жүгүртүүлөр, изилдөөлөр, илимий тыянактар миң жылдыктын урматы үчүн көтөрө чалып ооз көптүрө айтылган жасалма шандануу эмес эле, мазмуну боюнча алганда, "Манасты" таануу жана үйрөнүү багытында орошон иштер бүткөрүлдү, аларды келечекке кызмат кылат деп тарткынчыктабай эле айтууга болот, ал эми түрү боюнча алганда, бир үйдө уй мүйүз тартып олтуруп маектешкен алым сабак пикирлешүүнү элестетет. Себеби кеп оролу, ой түрмөгү бир эле нерсенин - "Манас" эпосунун тегерегинде жүрдү. Биринде айтылганы экинчисинде өнүктүрүлдү, үчүнчү бирөөндө кайталанса да бышыкталды, такталды (ал эми кайталоолор ашмалтай тавтологиялык туунду катары эмес, ой-пикирлердин ырасталышынын теңдешсиз мисалы боло ала тургандыгын да эстен чыгарууга болбойт), дагы бирөөндө байытылды. Учуктуу ой улантылды. Маселен, Манастын осуяттары Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаев тарабынан негизделген. Адегенде жети эмес, үч эле осуят тандалын алынган. Анда... Бирок шашпайлы, сөз ырааты, кеп кезеги менен болсун. Аларды кургак шакылдаган сөздөргө, автордук кыйыр кепке айландырбай, миң жылдык жөнүндөгү айрым ой-пикирлерди (баарын камтуу мүмкүн эмес, ошол себептүү жүздөн бирин болсо да) кандай айтылса, так ошондой, бирок кенен-чонон, чогуу-чаран камтып, дил-маек түрүндө берүүнү ылайык таптым.

Аскар Акаев (мамлекет башчысы): Айкөл бабабыз Манас бизге, урпактарына үч улуу осуят калтырган. Анын биринчиси - элдин биримдигин чыңдоо. Улуулардын башы кошулуп, эл ичинде ынтымак болгондо гана, калайык-журт каалаганына жетет. Экинчи осуяты - эл арасындагы достукту чыңдоо. Достук болгон жерде эл бактылуу болот. Элди жикке бөлүү, бөлүнүп-жарылуу бүлгүнчүлүккө алып келет. Ошол себептүү айкөл Манас эл менен элди достоштурууга, ынтымагын арттырып, эриш-аркак жашоого бүт күч-аракетин жумшаган. Бекеринен анын баатырлары ар кайсы улуттун өкүлдөрү болгон эмес. Манастын туусу астында кытайдын, казактын, өзбектин, башкырдын, түркмөндүн баатырлары баш кошуп, эл достугу, эл эркиндиги үчүн күрөшкөн. Манас бабабыздын бизге калтырган үчүнчү осуяты - улуттук мамлекеттүүлүктү бекемдөө. Күчтүү мамлекет болгондо гана башкаларга көз каранды болбойсуң. Ал эми күчтүү мамлекет болуу үчүн кыргыз урууларынын башы кошулууга тийиш, өз ара чабышып, бийлик талашууну токтотуу керек, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгаруу менен гана мамлекетти күчтүү кылууга болот. Элибиздин биримдиги, ынтымактуулугу үчүн, элдердин ортосундагы достукту чыңдоо үчүн, экономикасы гүлдөп өскөн мамлекетти куруу үчүн бүт күчүбүздү, мүмкүнчүлүгүбүздү аябайбыз. Алдыда келе жаткан кылым биригүүнүн кылымы, элдердин өз ара достугунун чыңдалышынын, тынчтыкка багыт алуунун, гуманисттик максаттардын жүзөгө ашышынын мезгили. Бириккен Улуттар Уюму менен ЮНЕСКОнун 1995-жылды Манастын жылы деп аташканынын себеби да жогоруда мен атап өткөн үч осуятка байланыштуу. Бүткүл өнө бою гуманизмге толгон, достукка, эркиндикке чакырган идеяга сугарылган бул дастан кыргыз элинин дүйнө маданиятына кошкон татыктуу салымы. Ал баштан аяк жалпы адамзатка тиешелүү гуманисттик идеяларга жык толгон. Адамдагы эң асыл сапаттар - айкөлдүк, улууларды сыйлоо, ата-энеге кайрымдуулук, Ата мекенди сүйүү, ыймандуулук, тынчтыкка, эркиндикке умтулуу дастанды баштан аяк шөкөттөп, нурдай жаркыратып турат. Мына ушул идея жер шарынын ар кайсы жеринде жашап жаткан бардык адамдар үчүн азыр да актуалдуу, тарбиялык зор мааниге ээ.

Автор: Мындагы Аскар Акаев бөлүп көрсөткөн Манастын үч осуяты - кыргыз журтунун өзүнчө эл, мамлекет болуп түтүн булатып турушунун алмаштырылгыс жөлөнч-таянчы. Биримдик, ынтымак бузулганда, мамлекет жоюлат, эл таруудай чачылып, бөлөк калкка сиңип, улуттук өзгөчөлүгүн: тилин, дилин, үрп-адатын, наркын акырындап жогото берет. Андай бөлүнгөн элди,

таланттуу акын Байдылда Сарногоев айткандай, бөрү эмес, бөлтүрүк да жеп кетет. Ошентсе да тарыхтын жана мезгилдин катаал да, татаал да оомалуу-төкмөлүү оош-кыйыштарында күчтүү жоонун кыргын-чапкынынын натыйжасында башын жоготуп азайса да, мамлекеттүүлүктөн кол жууп калса да, Мекенинен ажырап куугун-сүргүндө жүрсө да, кул-күңгө айландырылса да, күм-жам болбой, өзүнүн жүзүн, турпатын жана эң башкы, эң уюткулуу касиетин - тилин сактап калган элдин, өжөрлүк, көктүк жана эрдик менен ташты да как жарып тамыр жайган арча мисал көктөгөн, үзүлсө уланган, бөксөрсө толгон, чачылса жыйналган, тукумкурут болуп тыптыйпыл кырылды дегенде да, дарак сыңары түбүнөн кайра чаялап өсүп отурган элдин куралы эмне? Таянган тоосу кайсы? Ооба, таянган тоосу, куралы - улуу "Манас". Эпос жогоруда сөз кылынган жана атайы бөлүп көрсөтүлгөн үч осуятка камтылган көөнөрбөс идеянын, акыл казынасынын негизинде кыргыз элин жок болуп кетүүдөн сактаган, бар болуп жашоого жана кыйынчылыктарды жеңип чыгууга үйрөткөн. Ошентип, калайык бул улуу чыгармасына чөгөргөн билгир акылынын, мүдөө-максаттарынын убайын миң жылдап көргөн. Демек, "Манас" - миңдеген жылдарга саймаланып, өрүлүп калган кыргыз элинин рухий жаны. Аны мурас деп атоо пастык кылат. Ал эпос деп атоого да сыйбайт. Ал - Улуу Нарк, Улуу Педагогика, Улуу Эрдик, Улуу Сулуулук, Улуу Ыйман-ызаат, Улуу Сүйүү, Улуу Сөз, Улуу Намыс! "Манас" - Улуу Жол, Улуу Мектеп, Улуу Сыймык, Улуу Ыр, Улуу Толгоо жана Улуу Санаа! Бир эле Улуу Сүйүү дегендин өзүн чечмелөө толгон-токой сөз кылууга, оболу изилдөө жүргүзүүгө арзыр эле. Манаска болгон жалпы элдик жана жеке инсандык сүйүү ал жаралганы эч бир заманда токтолгон да, бөксөргөн да эмес. Ошон үчүн ал муундан муунга, замандан заманга шыдыр өтүп келет. Демек, көөнөрбөс улуу сүйүү, сый жана урмат, бул керемет эмес, турмуштагы реалдуулук. Азыр "Манаска" Гомердин "Илиадасы" менен "Одиссеясына" салыштырып баа берүү эскирип калды. Жана өзүнөн жыйырма эсе кичине чыгармага салыштырууга өнтөлөп жабыша берүү "Манасты" бөксөртүп көрсөтөт. Оболу анын энциклопедиялык мазмунун көрө билүү канчалык туура көрүнсө да, "Манастын" Улуу Сөз менен Улуу Эргүүдөн уюп бүткөн көркөм жанын туюндурууда чабалдык кылат, анткени эпос жалан маанилер топтомунан турган казына эмес. Бир карасаң, "Манас" Материя менен Мезгил сыяктуу. Баш-аягы жок өндөнөт. Кайра карасаң, "Манас" баштылышы бар Улуу Агым. Ошол эле учурда анын бир учу көккө байланат, "Асман менен Жериндин Тиреөчүнөн

бүткөндөй" деген түшүнүк Теңирге барып такалат. Демек, Чыңгыз Айтматов айткандай, "Манас" - космостук түшүнүк. Ошол эле учурда ал төшү түктүү жер эненин перзенти, жердеги тиричиликти чагылдырат жана андан урпактар, "ар дайым руханий кубат алат" (бул да Ч.Айтмаовдон). Демек, ага фольклордук чыгарма катары маани берүү - бир беткейлик, же А.Акаев белгилегендей, мазмундагы өлчөмсүз тереңдикти көрө албагандык. Ошентип, "Манастын " миң жылдыгын майрамдоо мезгилинде Президент Аскар Акаев жогорудагы үч осуятты дагы толуктап, саны жетиге жеткирилди. Ошол себептен кептин тизгинин дагы Президент улантсын.

Аскар Акаев: Миң жылдан ашуун илгери түзүлгөн Кыргыз мамлекети эмне үчүн кулап калган? Миң жылдан ашуун мезгил бою биздин эл эмне үчүн кайра биригип мамлекет кура албады? "Манастагы" тарыдай чачыраган кыргыз элин бириктирүүнү көксөп зар какшаган арман-тилек кайдан келип чыккан? Миң жыл зарлап күткөн үмүтү бу күндө тарыхтын жазмышы менен өзүнөн-өзү ордунан чыгып, ооматы келип турганын Манастын бүгүнкү урпактары туура түшүнөбү? Жс кан төкпөй, азап чекпей, арзан келген жеңиштин баркын женил баалап, ырысын көтөрө албай кетишеби?

"Манас", менимче, бизге мына ушул сыяктуу орчун суроолордун тегерегинде ой термеп, жан дүйнөбүздү аруулап, басаар жолубузду, бараар багытыбызды белгилеп алууга жардам берет. Айтор өзүбүзчө чамгарак көтөрүп, дүйнөдөгү алыс-жакын өлкөлөр менен өзүбүзчө алака түзүп, үч миңинчи жылдыкка баш коер алдында - ата-бабаларыбыздын тарыхый тажрыйбасына жана рухий мурасына астейдил саресеп салып, "Манастан" үйрөнө турган асыл өрнөктөрүбүз, ачуу сабактарыбыз эң эле арбын. Андан азыркы адамзат турмушунун не бир көйгөйлүү жагдайлары, коомдук, саясий, этикалык, ыймандык, экологиялык жана жалпы философиялык проблемалары менен үндөшүп турган көп маселелерди көрүүгө болот.

"Манас" эң оболу кыргыз эли өзгөнү өзгө деп өгөйлөбөгөн өтө кең пейил, алыска да, жакынга да, кучагын жайып турган меймандос калк экенин кабарлайт. Эпосто Тынч оксандын Босфорго чейинки келберсиген кең Евразиянын жүздөгөн жер-суу аттары аталат. Ошол аймакты жердеген уруу, тайпалар тууралуу эскерилет. Мунун баары биздин эл эзелтен элс мына ушул эбегейсиз мейкинди мекендеген эчен бир калайык-калктар менен тыгыз карым-катнашта болуп келгенин күбөлөйт.

Адатта "Манас" эпосу кыргыз элинин өз эркиндигин, өз эгемендигин жана улуттук ар-намысын коргоп, кылымдар бою кармашып келген баатырдык күрөшүнүн даңазалуу баяны экени ар дайым аксиома катары айтылып жүрөт. Ошол эле учурда эпосто алыс-жакын коңшу-колоңдор, тили буруу, дини бөлөк элдер, жеңилген жана жеңилбеген кас жоолор менен болгон алака-мамилеге өтө маанилүү жагдай катары өзгөчө көңүл бөлүнөт. "Маназта" биздин эл бир дагы өзгө калкты бөлөк-бөтөн деп бөлбөйт, өзүнө өчөгүшкөн кас-жоо катары санабайт. Элди элге кагыштырып, каршы кылган - бул, ириде, өз кызыкчылыгын, куру намысын биринчи орунга койгон төбөлдөр экенин кыргыз эпосу ташка тамга баскандай так жана таамай ажыратат. Ошондуктан, сүргүндө тентип, чачылган журтун кайра жыйнап, ордолуу Ата-конушун табыш үчүн Манас Алтайдан Ала-Тоого аттанганда ошо өз төбөлдөрүнөн кордук көргөн кай бир кара кытай, калмак, манжуу тайпалары кыргыздар менен кошо өчөт.

Элинин тынчтыгы үчүн Манас көңүлү түз шериктердин санын көбөйтүп, эңкейгенге эңкейип, алысты көздөгөн саясат жүргүзгөн. Манастын айтылуу кырк чоросунун арасында ар түркүн калктардын, атүгүл аны менен кас жоо болуп кармашып жүргөндөрдүн өкүлдөрү да кезигет. Алар акыры келип кыргыздын бир бөлүгү болуп калат. Муну Айкөлдүн "кулаалы таптап куш кылдым, курама жыйып журт кылдым" деп айтканы да айдан ачык айгинелейт.

Кандай кызыл кыргын, кара сүргүн кармаш болбосун, Манас жеңилген жоосуна эч кордук көрсөтпөйт. Жоонун туткунга түшкөн жоокерлерин кое берет же аларды кааласа аттап-тондоп, үйлөп-жайлап, бооруна тартып алып калат. Туусу жыгылган тарап бейчеки таланып-тонолуп, зордук-зомбулукка туш болбосун деп, жоокерлерин катуу эскертет.

Ошону менен эле бирге, арийне, Манас отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн, эч качан жаңылып жазбаган, жаздым баспаган кандайдыр бир элден бөлөкчө бүткөн бөтөнчө касиеттүү каарман деле эмес. Манас дагы жаңылат, жазат, туура эмес иш кылат, пендечилик ышкы-сезимге алдырат, акыры ар бир адамдын башына келүүчү тагдырдын жазмышына эл сыяктуу а деле аргасыз моюн сунат. Ошентип, Манастын армандуу баяны аркылуу кыргыз эпосу дүйнөлүк адабият менен философия кылым санап түбүнө жеталбай келаткан адам жана тагдыр, инсан жана анын коом менен болгон алака-мамилеси, бийлик жана байлык үчүн күрөш, арамдык жана чыккынчылык сыяктуу түбөлүк темалардын түпжайын козгойт. Эпос адамдагы ич тардык менен көрө

албастык элди акыры келип кандай алаамат кейишке салаарын санаттап, урпактарга эскертүү катары сырткы жоодон ашып түшкөн Көзкамандардын жийиркеничтүү элесин көз алдыга тартат. Мансап, байлык үчүн дос, тууган эмес, бүт эл-журтту кыйып жиберүүдөн баш тартпаган өзөктөн чыккан өрттү, өздөн чыккан жатты азыр ушу XX кылымдын акырында да көп жерден көрсө болот.

Жеңишти бирге жеңгенден, тойду бирге тойлогондон, кандаш тууган болгондон, сүйлөгөн тили, тутунган дини бир болгондон эле адам менен адам жакындашып, жакшы санаалаш болуп кетпейт. Адамды пикирлеш кылган, жанкүйөр шерик кылган нерсе - бул асыл касиеттүү акыл-эс, абийир-арист, ынсап-ыйман, адамгерчилик. Эпостун бизге кайра-кайра какшап эскерткени да - мына ушул көөнөрбөс акыйкат. Мына ушундай омоктуу негизге таянганы үчүн Манастын Кошойдой кеменгер, Бакайдай даанышман насаатчылары, Каныкейдей акылдуу жубайы, Алмамбеттей санаалаш досу менен мамилеси бекем да, таттуу да. "Катагандын кан Кошой - батасы элди байыткан, пейили жанды жарыткан, бешенеси жарык жан". Акылман авасы Бакай "алдыда жүрсө ак жолтой, артта жүрсө сан колдой". Жаңшерик жарынын жайын айтсак, "атадан бетер ар качан, арка болот Каныкей, иниден бетер белсенип, иш бүтүрөт Каныкей". Ал эми Алмамбет болсо - "жолго кирсе жолдошу, жоголор жерде колдошу, жоо качырса жолборсу".

Ошентип, эл өзүнүн сүйүктүү баатырын эпосто көптү көргөн, башында акылы, көөдөнүндө көзү, оозунда сөзү бар илим-билимдүү, баам-парасаттуу, иш билги инсандар менен, азыркыча айтканда, адамгерчиликтүү, тубаса интеллигенттүү кейипкерлер менен бапестеп курчайт. Булар өздөрү эмес, эл үчүн күйүп-бышып, ойлогон оюн жашырып жаппай, Айкөлдүн көзүнө карабай айтып турушат. Эпосто өзгөчө орун ээлеп, өзгөчө маани берилген каарман -Алмамбет. Көтөргөн идеялык жүгү, психологиялык жактан иштелиши, көркөмдүк таасири боюнча Алмамбеттин бейнеси дүйнөлүк адабияттагы кайталангыс каармандардын катарында турат. Дастандын Алмамбетке арналган бөлүмдөрүндө бу жалганга бөтөнчө жаралып келген, анысын өзү да билген, бирок ошол орошон мүмкүнчүлүгүн турмушка ашырууга заманы жол бербеген өзгөчө инсандын өзөктү өрттөп, жүлүндү сыздаткан арман күүсү жаңырат. Бул - келберсиген кең аалымга башы батпай, жалгыздык азабын тарткан, өмүрүн саяр иш издеп, жаншерик болоор киши издеп, зар каткан адамдын арманы. Акыйкаттык, адилдик үчүн ак жерден күйүп, азап тарткан асылзат адамдын айтып

бүткүс арманы. Алмамбеттин арманында кыргыз эпосу дүйнөлүк эпиканын кыл чокусуна көкөлөп көтөрүлгөн. Жана бул жагдай биздин эпосту жер жүзүндөгү бардык элдердин жүрөгүнө жакын кыла турган өзгөчө жагдай. Бүтүндөй бир түбү түптүү элдер Ата-конушунан айдалып, камгактай каңгып сандалганын өз көзү менен көрүп билген биздин XX кылымдын адамын эпос мээримдүүлүккө, бирөөнүн муңун түшүнгөн кең пейилдикке үндөйт.

Эпосто Манастын тегерегиндеги акылман эрлердин катарында алардан эч кем калышпаган кеменгер аялзаттардын өзүнчө бир асыл галереясы түзүлгөн. Алардын ичинен айрыкча бөлүнүп тургандары, албетте, Каныкей, Алмамбет менен Манастын энелери - Чыйырды менен Алтынай, Көкчөнүн канайымы Акеркеч, кыраан баатыр кыз Сайкал сыяктуу кайталангыс каармандар. Буларда үйдүн куту, эрдин жаншериги, баланын энеси болгон аялзаттын сулуулугу, акылы, асылдыгы тууралуу элдик элес-түшүнүктөр эсте каларлык көрк-кунары менен эң сонун чагылдырылган.

"Манас" дастанын баштан аяк тепчип өткөн дагы бир жалпы адамзаттык тема - ата менен баланын ортосундагы өз ара мамиле маселеси. Эпосто Манастын атадай тутунуп туу туткан адамдары Бакай, Кошой, Акбалталар. Ал эми өз атасы Жакып болсо эпосто элдин эркиндиги үчүн жанын сайган туугандарынын, зарлап жүрүп көргөн карачечекей уулунун улуу максатын түшүнбөй, эл намысынан өзүнүн күнүмдүк көр оокатын жогору койгон тайкы, керек болсо баласын, элжуртун, эркиндигин да садага чабууга даяр турган ачкөз, өзүмчүл жанбактынын классикалык образы. Ата-журтуна кайта оролгонуна, эл-жерге азаттык келгенине өкүнүп, Жакып "кайнаган түмөн мал кайда, өндүрдүү Алтай жер кайда, кабыргалаш турчу элек, кара кытай эл кайда, Манас" , -деп кайра күнкор болсо да Алтайда айдоодо малы тынч, жаны тынч жаткан күндөрүн эңсеп зар ыйлайт.

Ал эми Жакыпка окшоп, көз каранды болсок да, кечээги турмуш жакшы эмес беле, эгемендиктен табаарыбыз эмне деп, эмгиче боштондуктун чыныгы баасын түшүнө албай жүргөндөр арабызда азыр да четтен табылат. Улуу "Манас" дастаны бизге бул жагынан да көңүлгө алаарлык көп нуска айтып тургансыйт.

"Манас" эпосу ириде баатырдык эпос катары эсептелээри жалпыга маалим. Ошондуктан, анда кызыл кыргын, кара сүргүн салгылаш, согуш темасы негизги орундардын бирин ээлери табигый иш. Бирок, ошентсе да, эпосто мына ушунун баарысы, чексиз Аалам астында жеңишиң да - жеңилишиң да экөө бирдей опоосуз

кұрдалбас экенин ачык түшүнүп, сай-сөөктү сыздаткан мұң-зар угулат.

"Чоң казаттан" кайткандагы жаралуу Манастын үч баатырын жоктоп өксүгөнү, ал ыйласа - кайың ыйлап, тал ыйлап, калың журттун баары ыйлап, аза күтүп турганы "Манастын" согушка каршы маңызын айдан ачык күбөлөйт.

Манасты жоктоп боздогон акылман Кошой аба, "токсонго чыккан кары өлбөй, эмне үчүн Манастай эрен эрте өлөт? - деген өз суроосуна жооп табалбайт. Эмне үчүн бу дүйнөдө периштедей тазалык, баладай баёлук, жакшылыкты аркалаган ак ниет дайыма жабыр тартат да, арамдык, жүзү каралык, пастык үстөмдүк кылат?

Мына ушул кейиштүү суроолор "Маната" баштан аяк коңгуроодой кагылып, добулбастай жаңырган бүтпөс суроолор. "Манасты" изилдөөчүлөр адилет белгилеп жүргөндөй, бул эпостун көптөгөн эпизоддору, чындыгында да Шекспир жазган трагедиялардын башатында тургандай. Демек, жер үстүндө кыргыз барда, адамзат жашап турганда "Манастын" ыры да, сыры да эч качан бүтпөйт.

Ошондуктан, биз кыргыздар, ардактуу Чыңгыз Айтматов агайыбыз айткандай, "Ала Тоо койнунда кылымдан-кылымга жашап келген кыргыз баласы бул дүйнө үчүн нени берди, адамзаттын өнөрүнө, маданиятына нени кошту дегенде, бирден-бир жообубуз "Манасты" берди дейбиз".

Андагы көтөрүлгөн көйгөйлөр - бүткүл адам баласынын көйгөйү, мезгил менен мейкиндикке сыйбай, улам түрүн өзгөртүп, түбөлүк жүрө берээр маселелер. Ошондуктан, бул улуу эпостун дүйнөлүк коомчулукка анчалык белгилүү болбой жатканы өкүнүчтүү. Өз асылзатыбыз менен башка элдердин кеңири тааныштыруу милдети али алдыбызда. Экинчи дагы чоң маселе - Манасты терен изилдөө. "Манасты" биз тек эртегинин эстелиги катары гана эсептейбиз. "Манасты" биз өзүбүздүн бүгүнкү турмушубузга түздөн-түз катышып, элди баш коштуруп, эртеңге шыктандырган жана болочокто да, урпактан-урпакка ошондой боло бере турган өлбөс-өчпөс улуу рух деп билсбиз.

Ошондо биздин бүгүнкү муундун "Манастан" алаар сабагы кайсы болмокчу?

1. Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги.
2. Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.
3. Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет.
4. Арыбас мээнет, алдынкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу.
5. Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк.

6. Табият менен таттуу мамиледе болуу.

7. Кыргыз мамлекеттигин чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.

Ушу "жети" санын ыйык деп ырымдап, мен дагы улуу "Манас" дастанынан жети сабак, жети осуят алып чыктым. Ошо жети сабакты, Манас атабыздан калган жети осуятты ар кимибиз жүрөгүбүздө алдейлеп, мусулмандар өздөрүнүн беш парзын кандай ыйык тутса, биз дагы аларды ошондой бийик кармансак, анда биздин келечегибиз кең болот деп ойлойм.

Миң жыл илгери Айкөлүнөн айрылган Канықей энебиз "өксөгөн өксөп тим болор, өтүп кеттиң дүйнөдөн, сенин өрнөгүң ээси ким болор" деп, зар ыйлаган экен. Манастын бүгүнкү урпактары Айкөл атабыздын өрнөгүн татыктуу улантып, арбагын ыраазы кылууга Айкөлдүн ыйык элесин жүрөктүн толтосунда бекем сактап, бабаларыбыздын көтөргөн туусу менен чакырган ураанын ар дайыма бийик тутууга ар-намысы да, кудурети да жетет деп ишенебиз.

Үчүнчү миң жылдыкка баш багып турган кезибизде миң жыл мурда элибиздин башынан өткөргөн тажрыйбасынан кеңири сабак алалы.

(1995-жылдын 28-августундагы Манастын миң жылдыгына арналган салтанаттуу жыйындагы сөзүнөн).

Ишенбай Абдыразаков (мамлекеттик катчы): Мени көптөн бери түйшөлтүп, түмөн ойго салган нерсе "Манастын" өзү эле эмес. Маселен, "Манастан" биз кандай сабак алып, аны келечекте кандай пайдаланабыз? Менин оюмча, кыргыз бир кездерде ички биримдигинин жоктугунан тышкы душмандарга кор болуп, өзүнүн мамлекеттүүлүгүн жоготуп койгон. Ошентип, кылымдар бою өзүнүн улуттук даражасына жете албай келаткан арман десек болот.

Кандай кылып, азыркы заманга ылайык элдин атуулдук, улуттук ар-намысын ойготуш керек? Мына ушунда биз жанагы "Манастагы" жети осуятка" токтолобуз. Улуттун тарыхы бай. Көптөгөн майда улуттар тарых аренасынан жок болуп кеткен. Айрымдары баш көтөрүп, өзүнүн пайдубалын көтөрүп, бекемдеп, дүйнөдө татыктуу орунду ээлеп келе жатышат. Мисалга алсак, еврейлер, башынан канча кыйынчылыктарды кечирип, дүйнөлүк беделге жетишкен. Себеби, еврейлер да рухий тирөөчү, көрөңгөсү болгон "Торасын" ыйык тутуп келишкен. Ал Библиянын тегерегинде өзүнүн диний рухун жоготпой, ошону кастарлап, ушул күнгө чейин жашап калган. Бул жөн эле формалдуу нерсе эмес. Элге дем, күч болуп турган нерсе, ансыз улут улут болуп калыптана албайт.

Ошондой ишеничи, таянычы жок элдер жоголуп кетүүгө дуушар болушкан. "Манас" дагы кыргыздарга чоң тирөөч болуп калган.

"Манастын" жети осуятынын бир жакшы жагы - бири-бири менен байланышып, бири-бирин толуктап тургандыгында. Мына ушунун бир чордонунда кыргыздын мамлекеттүүлүгүн, эгемендүүлүгүн чыңдоо жана сактоо тегерегинде калгандары турат.

Эми кыргыз элиндеги арманыбыз - атуулдук "ариет" дегенде өтө эле аша чаап кетмей жагы болбош керек. Бул бир улутту көкөлөтүп төбөгө кармап, калгандарын кодулоо дегендикке жатат. Тескерисинче, алар менен ынтымакта, достукта жашоого умтулуу керек. Достук дегеним биз "улуу калкпыз" деп эле көтөрүлө бербей ар кандай майда-барат нерсеге кечиримдүү, түшүнүү менен караганыбыз абзел. Улут арасында ынтымак, достук, гумандуулук, айкөлдүк, көтөрүмдүүлүк сапаттарына жетишип, башка элдер менен жашай билишибиз керек. Улут десе эле өз алдынча кекирейип, өзүнүн оокатын кыла албай, башкаларга да жашоо бербеген жагдайлар болуп калат.

"Бирге гүлдөө" деген сөз бар. Аны кандай түшүнсөк болот? Бул кандай гана адам же улут болбосун өзүнүн ишин гана ойлобой, калгандардын да кызыкчылыгын айкалыштыра билүү. Муну айтканымдын себеби республикабызда көп улуттуу калктар жашагандыктан алардын баарын өзүбүздүн боорубузга тартып, мамлекетибиздин татыктуу атуулу болуп калгандай деңгээлге жеткиришибиз оңдуу. Маселен, "Манастын" өзүндө эле Алмамбетти алалы. Ал ак ниети менен Манасты колдоп, кыргызды коргоп келген. Мына бул жерде да ушундай саясат болушу керек. Болор-болбос нерсеге теригип, кыр көрсөтүүдөн жыйынтык болбойт. Ушунун баарын ишке ашырыш үчүн кыргыздын өзүнүн биримдиги керек. Биримдиктин эң чоң шарты - феодалдык патриархалдык аң-сезимден кутулуу. Өзүңдүн эле кокту-колотуңду ойлобой, кыргыз эли жөнүндө ойлоого убакыт жетти. Башка өнүгүп келе жаткан мамлекеттерден артта калбай ошолордун катарында өнүгүп кете алабызбы, мына ушуну ар бир кыргыз билиши, түшүнүшү зарыл. Антпесе атуулдугу, патриот болгону кайсы. Бул жагы дагы "Жети осуятта" жакшы келтирилген.

Осуяттагы дагы бир масселенин маңызы бул - адамгерчилик, дөөлөт, мээнет. Маселен, жөн эле мээнет эмес, "мээнет" дегенибиз бүгүнкү күндөгү жашообуздагы илим-билим, жаңы технологияга таянып, улам кийинки жашоо, келечек үчүн мээнет кылуу, дүйнөлүк деңгээлге умтулуу дегендикти билдирет. Чыгыш өлкөлөрүндөгү

конфуцианствонун таасириндеги Япония, Кореяны алып көрөлү. Бул мамлекеттин элдери эмгекке болгон дилгирлиги, чарбакерлиги аркылуу чоң ийгиликтерге жетишип жатат. Мына ушундай эле "Жети осуятты" биздин элдин канына сиңгендей иш жүргүзүү зарыл.

"Жети осуяттын" мааниси өтө көп кырдуу. Алар ар дайым ар бирибиздин назарыбызда болуп, жашоо нормасы болуп калыш керек. Мына жакында эле, Президентибиз Чыгыш Азиянын бир катар өлкөлөрүндө болуп кайтты. Ал Индонезия, Малайзия, Филиппин өлкөлөрүндө да Конституцияга киргизилген осуяттар бар экендигине өзү ынанып келди. Мындай осуяттар элдин, мамлекеттин өсүшүнө өзүнүн чоң таасирин тийгизип келе жаткандыгы өзүнчө чоң сөз.

Менин оюмча, "Жети осуят" биздин Конституциянын нормаларына кийирилсе, элдин рухий деңгээлин көтөрүп, саясий кругозорун кеңейтүүгө абдан чоң түрткү болмок. Ал эми мына ушул осуяттарды кичинеден чоңго чейин маңызын түшүндүрүп берүүдө мектептин, атайын жана орто окуу жайларынын, массалык маалымат каражаттарынын ролун күчөтүү зарылдыгы келип чыгары шексиз. Ар бир күндү, же бир жылды гана камтыбастан, такай теле берүүлөр уюштурулуп, окутулуп, гезит беттеринде атайын рубрикаларды ээлеши керек.

("Эркин тоо" гезитинен. N 61. 13.09.95.)

Советбек Байгазиев (профессор, Эл аралык коомдук Айтматов академиясынын академиги):

Мен дагы өзүнчө уруу-журтмун деген ар бир элдин төбөдөгү чоң кудайдан кийин дагы башка бир катар сыйынган ыйык кудайлары болот. Бул улуттун туу тутуп, төбөгө көтөргөн ыйык идеялары. Ошондой сыйынган идея - кудайлары, пир туткан рухий адеп-ахлак абсолюттары болбогон эл эл болуп, өзүнчө бүтүн, жумуру журт болуп жашай алмак эмес. Андан калк тигиштери сөгүлүп, дал-далынан кетип айрылган кийим шекилдүү ичинен өзүнөн өзү ыдырап, бириндеп, чабылып-чачылып, азып-тозуп, акыры эл катары жок болуп кетиши тарыхта боло келген иш.

"Биз дагы эне тууган эр элек, эзелден берки эл элек" делст "Маназта". Дал ошондой жалпы журттун ыйык көрүп, туу туткан таберiктери этностун ички өзөгүн тепчип өткөн, аны ичтен чыңап, чыйралтып турган өзөктүү, чордондуу идеялары бар болгону үчүн кыргыз эли эзелден бери карай эл болуп жашап келе жатат. Ошондой кыргыз элинин те байыртан бери карай көңүлүнүн түпкүрүндө, жүрөгүнүн толтосунда алдейлеп туу тутуп келаткан, эч нерсе менен алмаштырылгыс ыйык идеясы - бул ак калпак калктын азаттыгының, эркиндигинин, көз каранды эместигин идеясы, ата

журттун бөштөндүгүнүн, анын кол тийгистигинин бүтүндүгүнүн идеясы, Кыргыз улутунун биримдигинин идеясы, бир боор эл-журт үчүн, Ала-Тоо мекен үчүн карууну казык, башты токмок кылып кызмат кылуу идеясы, керек болсо булар үчүн кайран жанды курман чалуу идеясы, "Манас" эпосу мына ушундай бийик жана улуу идеяларды те илгертен өзөгүндө сары майдай сактап, көк асабадан желбиретип көтөрүп, укумдан тукумга үгүттөп өткөзүп келе жатат. Биздин "Манасыбыз" ушунусу менен улуу, түбөлүк көөнөрбөс да, ар дайым актуалдуу. Эркиндиктин, көз каранды эместиктин, патриотизмдин идеяларын кээ бирөөлөр ойлогондой биз Европадан же башка жактан көчүрүп алган жокпуз. Мындай дүйнөлүк, жалпы адамзаттык маанидеги идеялар, асыл-нарктар кыргыздын өзүнүн топурагынан өнүп чыккан. Ала-Тоолук калктын өзүнүн азаптуу, ачуу тарыхый тажрыйбасынан жаралган. "Манас" дастанынын башындагы кыргыздардын башына түшкөн, жан чыдагыс трагедияны карачы. Капыстан баскан күчтүү жоодон кыргыз эли тымтыракайы чыгып тарап жатат. "Бирөө тентип Алайга, бирөө тентип Кытайга, бирөө тентип Эренге, бирөө түшүп теренге". Калдайган журттун башына каран түн мынча түшкөн эмес экен. "Бул өңдөнгөн кордукту пендесине бербе - деп, калайыктын баары ыйлап, өлөйүн деп өлө албай, өз жанын өзү кыя албай" кан жутуп турат кайран эл. Эркиндиктин, көз каранды эместиктин идеясын, Кыргыз элинин биримдигинин философиясын мына ушундай кандуу алааматтардагы, каардуу бороондордогу кыргыздын кыйын тагдыры жараткан. Бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгаруунун, өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө болуунун зарылдыгы ошол сыяктуу кыйын кезендерде айкындалып чыккан эмеспи. Чилдей тарап, тополону тоз болгон элди көрүп, ичинен кан өтүп, тишин кычыратып туруп, ошондо Манас атабыз күңгүрөнүп турат.

Энеден не деп тубамын,
Эрлердин жолун куумын.
Эзелки жерим албасам
Эс алып кантип суумын?!
Ак асаба, кызыл туу
Аягын жерге сайбасам,
Асабасын жайбасам,
Атым очуп калбайбы.

Атадан калган конушту
Алдырсам кудай урбайбы.
...Ажалым жетип өлгүчө
Туу түбүндө турамын!

Мына ошентип, эркиндик, биримдик патриотизм идеялары кыргыздын кыртышына кан кечип, өрт кечип өсүп чыккан бир боор өзүмдүк идеялар. Кыргызды ушул өндүү өзөктүү, түптүү идеялар далай кыяматтан сактап калган жана сактап келди. Кыскасын айтканда, өйдөкүдөй асыл нарктар кыргыз ичинде илгертен жашап келатат.Бул дөөлөттөр жөнүндөгү сөз кечээ эле же бүгүн чыга калган сөз эмес, бул "Манастын" башында айтылгандай, кылымдарды аралап, "белес-белден бороондоп, беш удургуп өткөн сөз, кызыл бороон кыр менен, кыйкырык-чуу сүр менен, аркар баскан бел менен, булут шашкан жел менен, катар арыш керген сөз, кошо жашап сөз, баласына атасы энчи кылып берген сөз".

Баса, айтмакчы, ушул энчи жөнүндө бир даана айтылган сөз бар. "Эгерде түбү түптүү, уламалуу салтты, традицияны жок кылсаңыз, анда сиз социалдык организмди коргонуу механизминен ажыраткан болосуз да, аны акырындык менен сөзсүз өлүп, жок болуу тагдырына туш кыласыз" (Б.Малиновский). Айрыкча, кыргыздын соңку муундары ата-бабаларыбыздын байыртан келаткан түптүү рухани дөөлөттөрүнөн жакшы элс ажырап калган. Чынын айтыш керек, "Манас" өзүнчө томдор түрүндө басылып чыгып, калайык-калкка таратылганы менен, анын ичинде чөгүп жаткан жогорудагыдай жаркыраган асылбаа идеялар активдүү түрдө жар салынып, үгүттөлүп, жайылтылып, окутулуп, өсүп жаткан тукумдардын энчисине айландырылган эмес. Улутчул катары айыпталып калыштан чочулап, "Манасты" дүңгүрөтүп көтөрүүгө батына алышпаган, биздин социалисттик жарандар.

Өсүп турган дарак тамырларын кыртышка сойлотуп, азыкты ошояктан алып турган сыяктуу инсандын рухани дүйнөсү жана тутунган асылнарктары да илгертен уланып келаткан улуттук түптүү, уңгулуу дөөлөттөрдүн аңызынан тамыр алып чыгышы шарт. Ошол улуттук кыртышка бекем таянып турса гана инсандын рухани саламатчылыгы мыкты болуп, тыштан келген жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү жакшы, жаманын ылгап, кабыл алууга жөндөмдүү болот экен. "Түбүн тааныбаган - түпсүз кул" делет кыргызда. Бөлөк жактан келген бөтөн таасирлердин шамалына ар дайым камгак сыяктуу учуп турган инсандан жана калктан өткөн байкуш жок дегибиз келет. Адам дарак сыяктуу өзүнүн улуттук аңызына тамырларын житирип турушу лаазым.

Бүгүн маселе момунда турат деп ойлойм. Илгертен ата-бабаларыбыздын "канында" жашап келген, сансыз жылдарды аралап, "белес-белден бороондоп, беш удургуп өтүп" келген улуу "Манастагы" жанагы асылбаа идеялар, нарктар менен азыркы жаштарды сугаруу керек. "Манастын" ошондой жогорку энергиясы менен жаштардын рухун "заряддоо" зарыл. Ала-Тоодогу ар бир инсандын "мотору" "Манас" таалимдеп турган ушул уңгулуу идеялардан от алып, айланып турса гана атаганат. Бүгүнкү бийик материалдарынды койчу айланайын, жан багайын, мал табайын, "өзүмдүкү дегенде өгүздөй кара күчүм бар" деген заманда, көр оокаттын артынан сая түшүп, акча, дүнүйө деп акактап турган учурда "прихватизация" заманында маданий жана атуулдук деңгээли төмөн түшүп кеткен кыргыз баласын "Манастын" рухунун бийиктигине акырындап сүйрөп чыгуу күн тартибинде турган номур биринчи маселелерден. Мындай тарбиялык ишти колго албасак, кыргыз турмушунун энциклопедиясынан, "Кыргыз рухунун туу чокусу - "Манастын" ыйык булагынан суу ичирбесек, кыргыз пендеси көп өтпөй рухий каңаттан жана тирөөчтөн ажырап, жер менен жер болуп, боортоктоп сойлоп калышы мүмкүн. Улут деген, коом деген элинин өткөнү-кеткени, келечеги менен иши жок, эсеп-кысаптан башканы билбеген, капчыгы кампайганына ыраазы, тумшугунан алысты көрбөгөн жетеленме, эрчиме, көпчүлүк менен эмес, өз ишенимине жана позициясына эгедер улуттун сыйынган ыйык нарктарын ичинен кадыр тутуп жашаган, улуттук өзүн-өзү аңдап түшүнүүсү жана ар-намысы өнүккөн инсандары менен күчтүү турбайбы. Эгерде улут ичинде ушундай маданияты жогору атуулдар сейрек болбой, массалык көрүнүш болсо, анда мындай элди, коомду эч кандай бороон ала албайт.

Кыскасын айтканда, бүгүнкү жаңыдан ээ болгон суверенитетибизди, эгемендүүлүгүбүздү, көз каранды эместигибизди, азаттыгыбызды сактоо, аларды андан ары чыңдоо жана коргоо зарыл болуп турган тушта, уруучулук психологиядан, трайбализмден, жер-жерлерге бөлүнүүчүлүктөн азап чегип жаткан кыргыз элинин ички биримдигин, баш кошкондугун, бекем консолидациясын камсыз кылуу муктаждыгы күчөп турган чакта жамаатыбызды оор экономикалык жана адеп-ахлак кризисинен алып чыгуу үчүн карууну казык, башты токмок кылган атуулдук ишмердик абадай керек болуп турган убакта биздин акыл-эсибизге жана жан дүйнөбүзгө таяныч, ориентир, маяк болуп бере турган идеялык-нравалык нарктарды ичине камтыган залкар "Манастын" актуалдуу-

лугу аябай артып жатат. Ушундай кыйын жоопту учурда рухий-идеологиялык тарбия, үгүт-насыят иштерибизге олуттуу омок бере турган дүйнөлүк деңгээлдеги классикалык улуу мурасыбыздын бар экенине ичибизден сыймыктанып коелу, кудая шүгүр дейли.

Дагы бир баса белгилей турган нерсе, "Манастын" рухий казынасынын дүйнөлүк улуу универсал идеялар менен ашташып тургандыгы. Дүйнөлүк акыл-эс кыйналып жатып, тирмийип тиктеп туруп тапкан универсал идеялардын бири - бул жарык дүйнөдөгү бардык нерселердин өз ара чырмалышкан байланышы жана өз ара бири-бирине багынычтуулугу, дүйнөнүн бир организм сыяктуу бүтүндүгү, бирдиктүүлүгү жөнүндөгү философия. Биздин "Манасыбыздын" түпкүрүндө да ушундай фундаменталдык идея чөгүп жатат, ал идея эпосто активдүү аракетте турат.

Ата-бабаларыбыздын түшүнүгүндө өзүнчө бөлүнүп, изоляцияда жашоо мүмкүн эмес, мындан эч убакта, эч бир заманда эч ким оопа тарткан эмес. Ошон үчүн элибизде те байыртан "Тирчиликтин күчү бирдикте", "Ынтымак түбү - ийгилик, тиричилик түбү - бирдик". "Жалгыз дарак токой болбойт", "Бирдик болбой тирдик болбойт" деген өндүү акылман философия жашап келет. "Манас" - дал ушундай философияга сугарылган чыгарма. "Манас" эпосунун түндүгүн көтөрүп турган үлкөн идеялардын бири - интернационализм, достук, ынтымак идеясы дал ушундай концептуалдык дүйнө түшүнүктөн агып чыгат. "Маназта" айрыкча, коншулаш, тектеш түрк калктарынын достугу, биримдиги жөнүндөгү идеянын күчтүү берилгендигин баса белгилегибиз келет. "Байлык - байлык эмес, бирдик байлык", "Жалгыз аттын чаңы чыкпайт". "Жалгыз эрдин даңкы чыкпайт", "Түбү бирге - түтпөйт" делет кыргызда. Тыштан басып келген зордукчул кара күчтөр ар дайым түрк калктарын бири-биринен ажыратып бөлүп таштоого, алардын түбү биргелигин таптакыр унуттурууга, ынтымагын ичтен ыдыратып бузууга жандалбастап келген. Бекеринен Касым Тыныстанов "Алашка" деген ыры үчүн ырайымсыздык менен жазаланган эмес. Бекеринен Ош окуясы үчүн дагы Ч.Айтматовдун телеграммасындагы "Биз түрк атанын балдарыбыз" деген сөздөр жогорку бийлик тарабынан сызылып ташталган эмес. Жакшылып карасак, "Маназта тарыхый тамырды сезүү, түрктүк өзүн өзү аңдап түшүнүү (тюркское самосознание) кыйла күчтүү өнүккөн "Манастын" каармандары өздөрүнүн түбү кайдан экендигин эч убакта унутушпайт. Ар дайым тили, дили бирге канатташ элдер менен баш кошууга, бирдикте

болууга умтулушат. Манастын атасы кан Жакып мындай дейт:

Анжиян менен Алайга
Атайын кабар салайын.
Ага-иниңдин баарысын
Башын кошуп жыяйпын.
Кашкар деген кыштак бар
Кабат-Арт менен Сары-Колдо
Кабырга тууган кыпчак бар.

"Маната" кыргыз баатырлары, Казактын Көкчөсү, Түркмөндөрдүн Музбурчак, Өзбектердин Санжыбек, Афгандык Акун-Хан, башкырлардын Жамгырчы, Каракалпактын Бердике бир атанын балдарындай бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышып, кыйын-кезеңде ийгилик, жеңиш үчүн, ынтымак жана коопсуздук үчүн тикелеринен тик турушат.

Эпосто боордош калктардын биримдиги, баш кошкондугу өтө бекем болгондуктан жаалы келген ниети кара жоо аларды бир эле журт катары санап, "Капчак, Казак, Кыргызын калтырбай кырып таштайлы" деген чечимге келип жатат.

Бүгүнкү экономикалык катаал кризистин дайрасы "Семетейдеги" бир жагынан тал агып" ээ-жаа бербей албууттанган Үргөнч суусундай күрпүлдөп катуу агып жатат. Бул кризистин бууракандаган дайрасын ар ким өзүнче жалгыздап кечсе, ала салып агып кетээри да ажеп эмес. Ошон үчүн улуу "Манастын" сабагын айтып тургандай, Түркстан элдери биримдикте, бекем кол кармашып алып кечсе, кризистин дайрасынан зыянсыз, аман-эсен чыгып кетишери шексиз. Жакында пайда болуп, акырындап иштей баштаган Борбордук Азиядагы жалпы экономикалык мейкиндик жөнүндөгү идея Стамбул-Алматы темир жолунун долбоору, "Манас" сыяктуу улуу мурастарда катылып жаткан түрк атанын балдарынын боордоштук ынтымагы, достугу идеясынын чукуранып ойгонуп, аздап турмушка кире баштагандыгынын күбөсү дегибиз келет. Бул кош колдоп колдоого алчу жөрөлгө. "Манастын" биримдик идеясы бүгүнкү жаңы геосаясий кырдаалдардын ыңгайынан караганда да өтө актуалдуу. Башкача айтканда, айлана-тегерегибиздеги алыскы, жакынкыны "алышса адамдын алы жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн" империалардын ортолорунда жашап жаткан чагыбызда посткоммунисттик Түрк республикаларынын өз ара ынтымагы, баш кошкондугу, бирге лешкен союзу абадай зарыл нерсе. Кыскасын айтканда, Кыргыз элинин "Манастагы" жалпы Түрк калктары үчүн орчундуу маанисн бар үлкөн идеялык нарктарды камтып тургандыгы жагынан да баа жеткис

ыйык мурас. "Манастын" тереңинде Түрк элдеринин консолидациясы, интеграциясы, идеясы бүтүн жатат. 1994-жылдын 1-июлунда Түрк өлкөлөрүнүн маданият министрлеринин Бишкектеги жолугушуусунда президент Аскар Акаевдин" Биз цивилизациялуу дүйнөгө түрк тилиндеги этностордун интеграциясы аркылу киребиз" деп айткан алысты көргөн терең ойлуу сөзүн "Манастын" ошол чоң идеянын бүгүнкү тукумдар тарабынан уланты-лышы катары түшүнүү керек. Бул жагынан "Манас" жалпы түрк дүйнөсүнүн сыймыгы катары байланышка толук акылуу. "Маната" достук, ынтымак идеясы жалаң түрк калктарынын тилектештиги менен чектелет экен деп ойлош жарабайт. Түрк боордоштугу "Манастын" тышкы дүйнө менен гармонияда, бирдикте болуу, тирлик өткөрүү жөнүндөгү глобалдык идеясынын бир гана бөлүгү. Эпосто Манасты хан көтөрүүгө дини, тили бөлөк ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү катышат. Дегеле, "Маната" адам тегине, улутуна, расасына, карап эч качан бааланбайт. Улуу чыгармалардын таянган тоосу туу кылып башына көтөргөнү биринчи ирөттө чындык, акыйкат, адилеттүүлүк, адамкерчилик, айкөл жүрөк, ак кызмат, адал мээнет. Атактуу "Жолборс терисин жамынган баатыр" дастанынын каармандары - кыйышпас достор Автандил араб, Тариэл индиялык. Фридон түрк - ар түрдүү элдердин балдары, бирок алар бири-бири үчүн жан кыйууга даяр. Анткени, буларды жогорудагыдай универсалдуу, ыйык асылнарктар данакерлеп турат. "Манастагы" Алмамбет менен Манастын достугу жөнүндө да дал ушунун өзүн айтууга болот. Манас менен Алмамбет көртирликтин майда-баратынан, бытовизмден, этникалык, улуттук тосмолордон өйдө көтөрүлүп, акыл-ой маданиятынын өтө бийик чокуларына көкөлөп чыккан каармандар. Адилеттик, таянар күч издеп бөлөк жакка аттанып жатканда "кайда барасың?" деп Агеркеч сураганда Алмамбст:

"Терек көрсөм конормун,
Термелбестен көтөрсө
Ошого жолдош болормун.
Канаты күмүш, ак туйгун
Калкылдап, кайып учармын.
Кайыптуу жерге узаармын.
Кайынды көрсөм конормун.
Кайышпай кайың көтөрсө,
Так ошо жерде болормун" - дейт.

Чындык, акыйкат каерде болсо, Алмамбет ошол жерде. Термелбеген, кайышпаган чындыкты ал Манастын айкөл дүйнөсүнөн табат. Манасты тааныгандан кийин, кыргыз элинин ниетин, пейилин, үмүт-тилегин, мүдөөлөрүн ич

жактан аңдап түшүнгөндөн кийин, чындыкка көзү жеткен соң Алмамбет:

"Ала-Тоо артык жер үчүн,
Ак калпак кыргыз эл үчүн,
Жанымды курман салайын"

деген бүтүмгө келет. Ушунусу үчүн кыргыз эли Алмамбетти өзүнүн бир боор кулуну катары эсептеп келген.

Манас Алмамбетке чындык, акыйкат үчүн күйгөн жүрөгү үчүн, айкөл акыл-эси үчүн ишенет. Бул экөөнүн достугу рухий достук, бийикте чабыттаган кеменгер акыл-ойдун достугу. Ошон үчүн Манас Алмамбеттен эч шек санабайт. Чоң казатта Манас кыргыздын колун Алмамбетке башкартып, өзү катардагы жоокер катары урушка катышат. Ушул жерден кыстарып айта өтө турган нерсе, достук, интернационализм кишинин ички жан дүйнөсүн, калктын дилин, тилин, тарыхын түшүнгөн соң гана чындап бүчүр жарып көктөй баштаса керек. Чыңгыз Айтматовдун "Саманчынын жолу" чыгармасындагы Толгонай эненин тагдырын окуп түшүнгөндөн кийин орус адамы - армиянын офицери: "Бул кыргыз аялынын алдында колумду куушуруп, башымды ием", - деп жазып олтурат. Орус элинин жан дүйнөсүн терең аңдап туюнган соң Алыкул Осмонов: "Эй, Россия, Россия бир боор энем", - деп агынан жарылып ачылса, улуу Токтогул "Тутулуп кетип болуштан, тууган таптым орустан" деп ырдаган эмеспи. Ал эми кыргыз калкынын тилине улуу урматы үчүн Константин Кузьмич Юдахинге Ала-Тоолук элдин алкышы чексиз. Чыныгы достук, интернационализм ушундай өз ара терең түшүнүшүүнүн кыртышында гуманизмдин бийик сересинде гана гүлдөп өнүгө алса керек. Тарыхтын, турмуштун сабагы ушундай: интернационализмди кыйкырып декларациялабайт, интернационализм достук менен аба сыяктуу дем алып жашайт. "Манас" эпосу жасалма түрдөгү эмес мына ошондой бийик гуманисттик ишенимдерге негизделген актык, акыйкаттык жана жандуу жар сүйүү сезимдери менен дем алып турган реалдуу достуктун өзөгүн жар салып тургандыгы үчүн бизге ого бетер кымбат. Бүгүнкү "устаранын мизинде оодарылган" (Арстанбек) татаал заманда эгемендүү республикабыздын ичинде да, тышында да инсандар аралык жана улуттар аралык ынтымакты, тынчтыкты сактоо бөтөнчө зарыл болуп турган мезгилде, "Манастын" достук, биримдикке байланышкан философиялык идеяларынын, көрсөтүп турган сабактарынын абдан чоң идеологиялык тарбиялык маанниси бар экендигин баса белгилемекчибиз.

"Жакшы эр элин өргө сүйрөйт, жаман эр элин көргө сүйрөйт", "Жакшы киши калааны курат, жаман киши калааны бузат", "Бөлүнгөндү бөрү жейт", "Жарылганды жоо алат", - дейт кыргыздын элдик акылмандыгы. Тарыхтын татаал жолун баскан калкыбыз кезегинде элдин "көргө" сүйрөгөн "эрлерди" да, курулган калааны, ордону бузган жамандарды да көрүп, бөлүнгөндүн айынан бөрүгө алдырып сыздаган кыяматтуу мезгилдерди да баштан кечирген. Ушул жагынан алганда улуу эпосубуз "Манас" кыргыз улутуна кандай жолдун керексиз, опурталдуу, коркунучтуу экендигин эскертип тургандыгы менен да бизге чоң сабак. "Маната" акылман Бакай жамы кыргыздын ынтымагы, биримдиги дегенде ичкен ашын жерге коет. Бир боор журттун сак-сактай карап, өздөн чыгар жаттан, өзөктөн чыкчу өрттөн ар дайым чочулап, тынчы кетип турат. Кеменгер Бакай Чубакка мындай дейт: "Манастын Манас болмогу экөөбүздөн. Биз бузулсак, "Пил да болсок жыгылдык, миң да болсок кырылдык. Бүлүнгөн соң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет". Бакайдын ою боюнча, эгер ички биримдигиң, ичтен ширелишкендигиң жок болсо, анда сан жагынан көптүгүң да, бапыраган байлыгың да, баатырдыгың да кеп эмес, миң да болсоң кырыласың, пил да болсоң жыгыласың. Бирок, беш кол тең эмес дегендей Ала-Тоо ичиндегилердин баары эле Бакайчасынан баш катырып, кыргыздын ар-намысы, журт тагдыры жөнүндө ойлоно бербейт. Манас баатырдын жанында түбөлүгүн ойлогон дааныштандар да бар, күнүмдүгүн ойлогон акылсыздар да жүрөт. Журт башынын артынан аңдыган "Токутуп атын минсем деп, Толкуган кыргыз балдарын, Түрүлтүп жеке билсем деп, Манастын башын жесем деп, падыша болдум десем деп" деген сыяктуу арам ойлуу, чолок акыл, тар мүдөөлүү, колтугунда котур ташы бар, калааны бузаар каапырлар да аз эмес. Бир сөз менен айтканда, жыйнаганды кайра чачып, уланган нерсени кайра үзүп, араңдан зорго бириккен элдин ичин бүлгүнгө учуратып, калкты бириндетип тараткан, Манастын ак ордосун бузган Абыке, Көбөш алты арамдын жана Көзкамандардын, Канчоро, Кыяздардын кыска ойлуулугунан чыккан трагедия улуу эпосубуздун бизге айтып турган, эч качан унутпай турган тарыхый сабактары.

Бүгүнкү эгемендүү жаш республикабыздын ичинде "Абыке, Көбөш" фактору активдүү түрдө аракет кылып жаткан жок деп кимибиз айта алабыз. Жогоруда казармалык социализмдин тушунда чоң Родинаны СССР мамлекеттин сүйүү биринчи орунга коюлчу, социалисттик

жалпы Мекенге берилген советтик патриотизм баарынан маанилүү болчу, ал эми кичине Мекенге берилүү, өзүңдүн улуттук ата-конушуңду сүйүү анча деле маанилүү эмес эле деп жаздык. Чоң мекенди таназар албай жалаң өз бир тууган ата конушуңду туу тутуп жашасаң улутчул деп бааланып айыпталышың да ажеп эмес эле. Айтайын дегеним, өз алдынча суверендүү мамлекет болуп түзүлгөн чагыбызда СССРдин учурунда көп жагынан маңкуртчулук илдетине чалдыккан биздин кыргыз жарандарына улуттук өзүн-өзү аңдап түшүнүү сезимин кайра кайтарып берип, аларды мурдагы кичине Родинага - Ала-Тоо мекенге, бир боор ата конушубуздун жалпы таламдарына патриоттук берилгендиктин духунда азамат атуул, граждан катары тарбиялоо жумушун активдүү түрдө колго алышыбыз керек эле. Бирок, жолубуздан күтүүсүздөн базар экономикасы деген чыкты. Жарандарыбызда патриоттук жогорку аң-сезим, өзүмдүк таламдар менен бирге улуттук жалпы кызыкчылыктарды пир туткан атуулдук чоң маданият калыптана элек кезде жеке менчик сезимин туу кылган, жеке менчик үчүн карууну казык, башты токмок кылууну жандалбас кылып үгүттөгөн саясат чыкты. Мына ошентип азыр кыргыз балдарынын базар экономикасы деп бакырып, жеке менчик деп ураан чакырып, акчанын, байлыктын, пайданын артынан кууп калган чагы. Жалпы кызыкчылык, ата журттун ар-намысы жөнүндө ойлонууга эч кимдин чолоосу жок. "Байлыкты сүйгөн - намысты билбейт" дегендей ар ким өзүнө "сары үкүнүн уясын" куруп алуунун жандалбасында. Кашыктап жыйнаган нерсе, чөмүчтөп чачылып, республиканын байлыгы жырткычтык менен таланып-тонолуп чакчелекей будуң-чан түшүүдө. "Прихватизация" процессинде, айрыкча, колунда бийлиги бар. мандаты бар атка минерлер, акимдер, а түгүл депутаттар да активдүү роль ойноодо. Баса, алардын ичинде элдин тагдыры жөнүндө кооз фразаларга жамынган, а ичинде эл камы жөнүндө кылчалык ойлонбогон, байлык деп суусап, бийлик деп көзү чекчейген, Акаевди ала салдырсам, алтын такка олтурсам деп ичинен элеп-желеп болгон, мансап үчүн керек болсо эл-жерди сатып жиберүүгө даяр тургандары канча дейсиң. Ээ Кудай, айланайын, ушинтип ар ким тумшугунун алдындагы "жеке менчик участогунан" башканы көрбөй, момолой чычканчасынан жанталашып, өз ийинин каза берсе, курган ата журтубуздун тагдыры эмне болор экен? Тушташынан талап, кемирип жеп атып мекенибизди жоготуп албагай элек. Анан калса какаганга муштаган дегендей, журтубуздун ичин трайбализм, уруучулдук, жердешчилик

деген балээлердин уялап алганын карабайсынарбы. Айтмакчы, ушундай шартта газет беттеринде кыйкырып айтылган алиги түштүк жак бөлүнүп кетсе да болот, борборду Ошко көчүрүү керек деген сыяктуу "новатордук" идеялар кыргыз калкынын биримдигинин таламдарына канчалык даражада кызмат кылат болду экен? Кыскасы, ар ким өз көмөчүнө күл тартуу менен алек болуп, жалпы улуттук стратегиялык таламдар унутулган заманда жергебизди батыштын уят-сыйытсыз порнографиясы каптады, республикабыз наркотик заттарды оңой-олтоң алып өтүүчү эл аралык коридорго айлана баштаптыр. Ай дээр ажо, кой дээр кожо жок экенин билип, четтен келген ар кандай диний миссионерлер каалаганындай үгүт жүргүзүп, кыргыз жаштарын өз топурагынан ажыратып, бөлөк диндерге тартып жатышат. Христиан динине өтүп жаткан кыргыз жаштарынын саны күн санап көбөйүүдө. Ушундай шартта кантип сарсанаа болбой, тынчсызданбай коесуң. Кээде келечегибизден чочуп да кетесиң. Бир ууч калкыбыздын бир бөлүгү жүрө, жүрө христиан динине өтүп, бир бөлүгү исламды тутунуп, дагы бир бөлүгү Будданы кабыл алып, ошентип, акыры алакандай журтчулугубуз дин жагынан үчкө, андан да көпкө бөлүнүп, ансыз да жармаң ички биримдигибиз ого бетер ыдырап сөгүлүп, оңой менен айыкпас дартка, калабалуу каргашага кабылып жүрбөйлү? Ушундай болочоктун болбошуна ким гарантия бере алат? Элестетиңизчи, айт майрамын бир бөлүгүбүз майрамдайбыз да, экинчи бөлүгүбүз майрамдабайбыз. А диндик негизде кагылашуу, кан төгүлүү мүмкүндүгүчү? Кыскасын айтканда, улутубуздун келечеги үчүн опурталдуу болуп эсептелген мындай кооптуу жагдай жөнүндө азыр олуттуу ойлонуп, тынчсызданган эч ким жок. Демократия деген ыйык нерсени үстүртөн түшүнүп, калкыбыз башы жок бака, көзү жок көгөн болуп калгансыды. Бир сөз менен айтканда, кыргызга илгертеден кылгылыкты кыла келген айтылуу "Абыке, Көбөш алты арам" феномени бүгүн алдыртан жанданып кайрадан бөлөкчө вариацияда күчүнө кирип, улутубузга коркунуч туудуруп турган кези. Ушундай улам биздин эгемендүү жаш жумуриятыбыздын ичинде төмөнкүдөй терс потенциалдык мүмкүндүктүн бугуп жаткандыгына алдын ала эсеп берип, чындыкка тике караганыбыз оң. Эгерде "Абыке, Көбөш" факторун ооздуктабасак, бөлүнүп жарылуучулугубузду тизгиндебесек, жүрө-жүрө бир күнү кырсык басып, капыстан катастрофа башталып, рухий "жер көчкүлөр" күчөп, мунун айынан акырында түштүгүбүз Өзбекстандын составында калып, түндүгүбүз Россиянын, Казакстандын

жс Кытайдын бир областына айланып, мамлекет катары жок болуп кетишибиз да ыктымал. "Бөлүнгөндү бөрү алат, жарылганды жоо алат" деп ата бабаларыбыз бекер эскерткен эместир. Кудай мунун жүзүн ары кылсын, андай карантүндү пендесине бербесин. Алды жактан жакшылыкты гана тилейли. Бирок, жакшылык жадырап-жайнап келиши үчүн эли-журтубуздун көч башы интеллигенциябыздын өзгөчө көрөгөч болушу шарт. Биздин карапайым жөнөкөй элибиз жол көрсөтө турган акылман интеллигенцияга муктаж. Антпесе букара көпчүлүк адашып калышы толук мүмкүн. Азыркы кыргыз ичиндеги "Абыке, Көбөш алты арам" факторунун бүлдүргүч, бузгуч, ажыратып-адаштыргыч күчүнө альтернативаны биз ушу "Манастагы" Манастын, Бакайдын, Кошой дөөнүн жаратуучу, түзүүчү, бириктирүүчү күч-кубатынан изилдөөгө тийишпиз деп ойлойм. Манас, Бакай, Кошой - булар калк кызыкчылыгын кайтаруунун өрнөгү, улуттук стратегиялык акыл-эстин символу. Аталган ата-бабалардын аң-сезими жана иш-аракети бизге азамат атуул болууга жол көрсөткөн жарык нур. Бекеринен эпосто Манас "акылмандын тунугу, ак калпактын улугу", Бакай болсо, "Караңгы түндө көз тапкан, адамзаттын туйгуну, Олуяттын кулуну", Кошой "Абам Кошой карыям, айла тапкыч олуям" делип мүнөздөлбөйт. Бүгүнкү кыргыз интеллигенциясынын авангарды элге баш-көз болуу жагынан "Манастагы" дал ушул олуя ата-бабалардын көсөм жетекчилигинен өрнөк алсак мыкты болор эле. Биз бүгүнкү жеке менчиктин артынан түшүп, прагматизм жагына ооп, ар кимиси өз-өзүнчө биринден кетип бараткан кыргыз жарандарын өйдөдөгү Манас, Бакай, Кошой бабалардын жогорку патриоттук аң-сезиминин духунда тарбиялоону кечиктирбей чукулунан колго алууга тийишпиз. Кыргыз калкынын ички монолиттүү биримдигине биз ушундай рухтагы тарбия аркылуу келебиз го дегим бар. Акылман Кошойдун Манасқа айткан төмөнкү программалык сөздөрү ар бир кыргыз жаранынын ар дайым кулагында да, рухунда да жаңырып турса гана атаганат.

Үзүлгөндү улайлы,
Чачылганды жыйнайлы.
Жоголгон жокту табалы;
Журт айласын кылалы.
Азган-тозгон аз элге,
О, балам караан болуп туралы.

Ала-Тоолук ар бир атуулда ушундай коомчул нраваны калыптандырууга жетишибиз керек. Ар бирибиздин ичибизде Кошойдун руху отурсун. Ошондо гана ишибиз оңолуп, өзүбүз да мекенибиз да гүлдөмөк.

"Абыке, Көбөш алты арамдын" азабын тарткан Бакай атабыз те кылымдардын түпкүрүнөн бизге карап: "Байкагыла балдарым, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетпесин, кагылайындар" деп тынчсыздана астыртан кайра-кайра кулагыбызга шыбырап тургансыйт. Ал эми Манас бабабыз болсо биздин ар бирибизге сүрдүү карап: "Кулаалы жыйып куш кылдым, куранды жыйып журт кылдым" эми бооңор бек болсун. Атаныңар элем, аркы дүйнөгө аттандым. Атан өлсө тайлак бар, жүгүн жерге таштабайт дейт. Артымда тайлактарым калды, санаам тынч, деп күңгүрөнүп тургандай. Ырас эле, биз өтмө катыштыктын мыйзамына ылайык баатыр бабаларыбыздын бизге ишенип, жонубузга арткан рухий жүгүн сыймыктануу менен көтөрүп, байыртан келаткан улуу кыргыз көчүн татыктуу улап кете албасак, анда Манастын тукуму болгонубуз кайсы?

("Талас турмушу" гезитинен. 05.08.1994-жыл).
Советбек Байгазиев.

I. КИМИСИНИКИ ТУУРА? "ЖАҢЫЧЫЛ" КЫРГЫЗДАРДЫКЫБЫ ЖЕ "ЭСКИЧИЛ" ФРАНЦУЗДУКУБУ?

Соңку убактарда айрым мекендештерибиздин азыркы илим-техниканын заманында, атом кылымында байыркы доордун туундусу архаикалык "Манаска" ориентир жасоо, илгерки фольклордук эпоско таянуу, аны идеал кылуу адашкандык деп жазгандарын гезит беттеринен окудук. Албетте, азыркы экономикалык кризистен чыгуунун жолун "Манастан" издегенибиз, же болбосо бүгүнкү коомдук турмушубузду "Манастагы" жамаат тирлигинин үлгүсүнө салып уюштурабыз дегенибиз жарабас. Бирок кыргыз коомунун руханий турмушун, идеологиясын куруу жагына келгенде, "Манаска" байланыштуу олуттуу түрдө ойлонууга туура келет. Рухий тармак аба ырайы тез, тез өзгөрүлүп турган экономика же саясат тармагы эмес. Руханият сферасында кээде модачыл инновацияга караганда кылымдарды карытып келген байыркы архаика алда канча маанилүү, алда канча керектүү болут чыгат. Нан деген эски нерсе, байыркы нерсе, бирок адамзат баласы үчүн нан ар дайым жаңы, өлбөс, түбөлүктүү мүлк. Руханият тармагынын спецификасы башка. Бул жакта нан сыяктуу дайыма жаңы, эскирбеген, түптүү, түбөлүктүү кенчтер болот. Анан калса, адамдын өзү да эски байыркы жан эмеспи. Бүгүнкү адам өзүнүн түшүнүгү, ой-өрүшү жагынан өзгөчөлөнгөнү менен биологиясы, инстинктери, сезимдери, пендечилик касиеттери жагынан

ошол элс байыркы бойдон. Пенде тирлиги кайталанма, түбөлүктүү айланпа сыяктуу. Киши азыр деле ошол байыркы адамдай сүйөт, кайгырат, кубанат, кызганат, ичет, жейт, уктайт, күн чыкканда турат, күн батканда жатат, ыңаалап туулат, боорун көтөргөндө үйлөнөт, балалуу болот, карыйт, өлөт, кайра туулат, кайра эле ошол жолду басат. Демек, байыркы, илгерки адамдардын жашоо тажырыйбасынан жаралган нерселер бүгүнкү адамдар үчүн чоочун, бөлөк-бөтөн эмес. Ошон үчүн кыргыздын элдик акылмандыгы айткан мынабу: "Алды жакты бир жолу карасаң, арт жакты миң жолу кара" деген макалда чоң маани бугуп жатпайбы. Маданияттын тарыхын изилдеген айтылуу академик Дмитрий Лихачевдун мобу сөзү да кыргыз макалынын маанисине үндөшүп турат: "Өткөнгө кызыгууну мен келечекке болгон камкордук катары түшүнөм". Ал эми кыргыздын айрым скептиктеринин "Манаска" карата айткан жогорудагы алабарман ойлоруна караганда, мага бүгүнкү француз консерваторлорунун ошол эле өйдөкү кыргыз макалынын духунда айтышкан ою көбүрөөк жагып турат: "Чоң аталардын жана чоң энелердин моралы күнүмдүккө эмес, түбөлүктүүлүккө, багытталган. Тарыхый тажрыйба адам пендесинин турмушунда жаңылыкка караганда ар дайым кайталанып, кайра келип турган түбөлүктүү, түптүү нерселер көбүрөөк экенин күбөлөп турат. Мына ошондуктан, жаңылыктардын артынан кубалайм деп отуруп, кылымдап калыптанган "ак чач" нормаларды, эрежелерди унутуу опурталдуу экенин эскергибиз келет".

Кыскасы, бүгүнкү күндө цивилизациялашкан дүйнөнүн өзүнүн өткөндөгү байыркы маданий "прафеноменинене" кайрылып, ал жактан кандайдыр бир омок болор таяныч-тарды издеп жатышы бекеринен эмес.

2. ИНДИВИДУАЛИЗМ ЖАНА МАНАС

"Манас" эпосунда тээ илгертен бери карай кишилердин башын катырып келаткан "канткенде адам уулу адам болот?" деген өндүү түбөлүктүү чоң маселеге, кандайдыр бир даражада жооп берилген. Адам кандай болуш керек? деген суроого улуу эпосубуз, Манас атанын образы аркылуу жооп берип тургансыйт. "Манас" инсанды эң жогорку адеп-ахлак, чен-өлчөмдөрү менен таразалайт. Мындайча айтканда, инсан "Маната" жамааттын, эл-журттун, ата мекендин алдында "айкүрүнөн" турган милдеттердин контекстине салынып каралат. Жеке пенде "Маната" адамкерчилик, абийир, жигиттик ар-намыс, ата журт, калайык-калк алдындагы атуулдук (граждандык) парз, патриоттук милдет деген сыяктуу чоң түшүнүктөр

менен ченелип-бычылат, ушул үлкөн түшүнүктөрдүн турнабайы аркылуу каралат, киши ушул борбордук мерчемдерге болгон мамилесинде бааланат. Кыясы, бүгүн биз адамды баалоодо ушундай чоң чен-өлчөмдөрдү көп жагынан мокотуп да, жоготуп да алдык окшойт. "Маната", а түгүл, үйдөгү очок башындагы ургаачыга карата коюлган талап-критерийлер да өзүнүн максимализми менен айырмаланат. Маселен, Манас баатыр үчүн аял жайынча гана зайып, балдардын энеси, үйдүн куту эмес, эр азаматтын теңтайлаш шериги, акылгөй кеңешчиси, үйдүн гана эмес, эл-жердин да куту, калктын кызы. Ошон үчүн Манас: "Оюмда жүргөн кызды алам, керемети кенди алам, акыл-эси ошонун, мени менен теңди алам, алты жылдык зыянды, биле турган кызды алам, акыл кошуп жанымда, жүрө турган кызды алам", - деп досторуна сырын төгөт. Кийин Каныкейдин акылмандыгын, калк үчүн, жоокерлер үчүн көргөн камкордугун, Чоң Казаттка камдаган гүлазыгын, зоот-чопкутун көрүп Манас кубанып: "Ата, анан дебеске, артылта камчы салбаска, артынан күнү калбаска, Аккелтенин огу урсун, Көкмилтенин чогу урсун" - деп ант берет.

Бүгүнкү айрым философиялык агымдардын: "Коллектив, жамаат, коом кишинин индивидуалдуулугун, өз алдынчалыгын жутуп коет, жамааттын тутумунда инсан өзүнүн Мекенинен ажырап, ар кандай катаал талаптардын, эрежелердин туткунунда калат, пенде коомдон, жамааттан безип, тышкы чөйрөнүн талаптарынан бошонуп, өзүнүн жеке МЕНинин чебине келип жашынганда, жалгыздыктын ээндигине келип такалганда гана өзү менен өзү болуп, толук эркиндиккке ээ боло алат, адам өзүнүн менчик эрежесинен башка эч кандай тышкы законду моюнга албоо үчүн туулган" деген сыяктуу бүтүмдөрү "Манастын" адеп-ахлак философиясына жат. Өз керт башынын гана камын индивидуализмди, эгоизмди, өзүмдү өзүм билем, өтүгүмдү төргө илем деген сыяктуу эркиндикти "Манас" кабыл албайт. Мындай жосунга "Манас" өзүнүн бүткүл турпаты, жаратылышы менен каршы. Мындай жол "Манас" үчүн нагыз, дана адам болуунун жолу эмес. "Манастын" ар-намыс, адеп-ахлак кодекси такыр башка ишенимдерге негизделген. "Манастын" инсан концепциясы кыргыз акылмандыгынын: "Өз камын ойлогон өспөйт, эл камын ойлогон көктөйт", "Эл ичи алтын бешик", "Элинен безген, эр оңбос, көлүнөн безген каз оңбос". "Элден безген - эр эмес", "Ата баласы болбосоң болбо, эл баласы бол", "Жаман киши өз камы үчүн жүгүрөт, жакшы киши эл камы үчүн жүгүрөт", "Эр жигит эл четинде жоо бетинде" деген өндүү жашоо

тажрыйбасынан жаралып, кылымдардын кыйырына баскан философиясынан агып чыгат Манас баатыр кенедей кезинен дал ушундай көз караш, рух салтында тарбияланган. Манастын пир туткан кудайы, сыйынган дини - элдин кызыкчылыгы, Ата Мекендин эркиндиги, журттун ар-намысы. Анын акыл-эси ар дайым өз ата журтунун, элдин стратегиялык маселелери менен алек. Өзүн Мекендин алдында турган милдеттерден бөлүп караоо анын түшүнө да кирбейт. Жогорку даражада өнүккөн патриоттук ар-сезим, ар-намысы тынчтык бербей: "Атым өчүп калбайбы, атамдан калган Ала-Тоо, Алтайда калбай албасам", - деп Манас дайыма толгонуп турат. Өз ата конушунун бирөөлөрдүн бийлиги алдында калганына катуу чычалап, арына келип, ичи өрттөнүп, санаа чегет: "Жердеп турат жеримди, ээлеп турат элимди, Текес менен Алооке, кетирип турат кебимди", - деп Манас баатыр дамамат түтөп турат. Манас дал ушундай күн тартибинде турган бийик патриоттук милдеттердин сересинен туруп, айланасына көз чаптырат, кыргыз журтунун ичиндеги камырабастыкты, алысты көрбөгөн кыска ойлуулукту, күнүмдүк менен чектелүүчүлүктү сынга алып, өз мекендештерин журт башына келчү коркунучтун алдында көздү чоң ачууга, сергек болууга, сак турууга, алдыда турган атуулдук милдеттерди сезе билүүгө чакырат:

"Корстон болбо дүйнөгө,
Короодо жатат коюм деп,
Кор болбоймун оюм деп,
Комсоо кепти сүйлөбө.
Өрүштө жалкы малым деп,
Өзгөчө кыйын алым деп,
Өкүнүчтүү болор айткан кеп,
Жайытта жатыр уюм деп,
Сандыкта дүйнө - булум деп,
Санаага салсаң жаман кеп,
Жүк артсам арбын төөм деп,
Төөм бардан жүрөм деп,
Дөөрүгөнүң - жүдөө кеп.
Конокко сой бир койду.
Корооңо кой миң койду.
Бир карышкыр кириптир,
Миң койду кайдан тим койду.
Корооңо канды толтурду,
Кырып баарын болтурду,
Аны кылды бөрүңүз,
Артын байкап көрүңүз".

Манас атанын бул акыл-насааты бүгүнкү кыргыз тукумдары үчүн да абадай керек. Бул терең маанини камтыган жарандарды масштабдуу ойлонууга, көрөгөч болууга үндөгөн: сары алтындай уюган накыл кепти бүгүн да ар биребиз жадыбалдай жаттап, көңүлүбүздүн түпкүрүндө

сактоого милдеттүүбүз деп ойлойм. Кечээ эле биз Кыргызстандын жайыт толо ую бар, короо толо коюбар, өрүш толо жылкысы бар, кор болбойбуз деп компоё тартчу эмес белек. Бүгүн ошол короо толо коюң кайда, өрүш толгон жылкың кайда?

Бүгүн да дүнүйө жыйсам деп дүмүрөндөгөндөр, пулум болсо дүйнөм түгөл болор деп күнүмдүккө корстон болгондор, экономика болсо элим да бар, деп камырабай ой жүгүрткөндөр арбын. Түпкүлүгүндө кыргызды экономика сактабайт, билсеңиз. Туура, экономика керек. Бирок кыргызды түбөлүктүү кыла турган нерсе байлык эмес. Кыргызды уюткулуу, ордолуу дух сактайт, рух сактайт, алды-артын ойлонгон, жер тыңшаар Мамыттай жүз жылдык келечекти алдын-ала болжогон акылман акыл-эс, алысты көргөн айлакер саясат сактайт. Жогоруда айтылгандай азганактай кыргыз элибиз өңчөй дөө-шаа мамлекеттердин ортосунда жашап жатат.

Тыягыңды карасаң да, быягыңды карасаң да азуулуу арстандар Ала-Тоону карап комдонуп жаткандай. "Жаман айтпай жакшы жок" дейт кыргыз акылмандыгы. Бу дүйнөдө түбөлүктүү эч нерсе жок. Ошон үчүн "бүгүн көргөн эртең жок, ушундай экен дүйнө бок" деп айтылат эмеспи "Маназта". Кокус эртең Россияда Жириновский же ошол өндөнгөндөр жазып-тайып такка отуруп калса, арааны ачылган арстандын колтугунда турган кыргыздын тагдыры эмне болот? Бир күнү кылымдык Кытай ичинен бузулуп, тополоң толкуну тоолорубузду каптаса кандай күн башталат? Мына ушул сыяктуу улуттун өмүр-тагдырына тиешелүү стратегиялык чоң маселелер жөнүндө өз убагында түн уйкусун, күн тынымын коюп ойлонгон кеменгер Кошой Манаска төмөнкүдөй кеп кеңешин айтат эмеспи:

"Кенен ойло башынан,
Кебелбес болсун казынаң.
Калың бороон, катуу күн,
Кулунум, канчалык өтөр башыңан.
Кыр-кырда кыргыз элиңе
Кызыккан жандар дагы бар.
Кылчайбай канды агызар.
Кызыталактын баары бар.
Элиңди түгөл башкарып
Өз алдыңча болгондо,
Сени таштап койбос жепжеке.
Суроодон угар дайныды,
Күтүнбөстөн сен жатсаң
Бир күнү чабар айлыңды.
Ошого моюн бербеске,
Ок өтпөгөн тон камда.
Куусаң жетпей калбаска,
Ок жетпеген ат камда".

Кошойдун Манаска айткан бул кеңеши эч качан эскирбейт дегибиз бар. Бул кеңештин мааниси түбөлүктүү. Бүгүн да, эртең да кыргыз үчүн айрыкча, актуалдуу мааниси бар терең ойлуу картайбас мүлк. Калкың кичине болсо кармаган кылычың чоң болсун деген кеп бар го. Байкасак, "Манас" эпосундагы Кошойдун насаатынан улам бүгүнкү күндө Ала-Тоодо күчтүү Кыргыз Мамлекетин түзүү идеясы келип чыгат. Ырасында эле, кыргыз элин күчтүү Кыргыз Мамлекети гана сактай алат жана гарант болуп бере алат. Улуу казынабыз - "Манас" бизге ушуну астыртан ишара кылып айтып турбайбы. Экономикасы да, илим-билими да, коргонуу жөндөмдүүлүгү да, жарандардын патриоттук духу да күчтүү, "Ок өтпөгөн тону бар, ок жетпеген аты бар" кубаттуу Кыргыз Мамлекетин түзүү биздин бүгүнкү улуттук идеяларыбыздын бири болуп калууга тийиш деп ойлойбуз. Философ Жамгырбек Бөкөшов өзүнүн үгүттөп айтып жүргөн күчтүү Кыргыз Мамлекетин түзүү жөнүндөгү бараандуу идеясын ушул "Манастын" дүйнөсүнөн чубап чыгып жатса керек.

"Маната" жана элибиздин ичинде аңыз болуп жашап жүргөн "Кошой коргон" түшүнүгү керек болсо, символдук мааниге ээ. Бүтүндөй кыргыз элинин өзүнүн "Кошой коргону" болуш керек. Улутубузду бекем, түбөлүктүү салынган "Кошой коргон" калкаламак. Бирок "Кошой коргон" десе, Ала-Тоонун айланасын курчай "кытай дубалын" куруу керек экен деп түшүнбөө керек. Сөз күчтүү илим-билимден жана Кошой менен Манастыкындай күчтүү патриоттук рухтан курулган "Кошой коргон" жөнүндө болуп жатат.

Демек, Манас атабыз айткандай "Жүк артсам арбын төөм деп, төөм бардан жүрөм деп", дүнүйө-пулга каниет кылып, бейкапар жүрүш акылы кыскалыктын белгиси. Мындай курсагы тойгонго кудуңдаган коймааректик акыр түбү инсан келечеги үчүн да, улут болочогу үчүн да опурталдуу. "Манастан" сабак ал, бурадар.

"Талаада аккан булак жок,
Дардайып жатар убак жок.
Кесүүгө тиккен бағың жок,
Керсейип жатаар чағың жок".

3. УРПАКТАРДЫН КОКТУСУ ЖАНА УЛУУ МАНАСТЫН ЧОКУСУ

19-кылымдын 60-жылдарында Ысык-Көлдүк кыргыз уруулары өз ара бийлик талашып, кырылышууга чейин барып, генерал Г.А.Колпаковскийге жарыша арызданышып, орус улугунун эшигин жыртышат. Колониалдык ад-

министрацияга келип түшкөн каттардын биринде мындай деп айтылат: "Өзүңүз ойлоп көрүңүз, атабыз Шералынын заманынан бери бүтүн элди бийлеп келген адамдарбыз. Эми сиз Белектин кичүү уулдарынан улук коем дейсиз. Эгер Муратаалыны койсоңуз ураныбыз Муратаалы деп, Зарыпбекти койсоңуз ураныбыз Зарыпбек деп кыйкырабызбы? Дагы бир жолу өтүнөбүз: ата-бабабыздын жолун биз башка бирөөгө берип туралбасбыз" ("Кутбилим", N21, 1994). Көрүнүп тургандай, өздөрүн кыргыздын жакшыларыбыз деп санаган кат ээлеринин аң-сезиминде жалпы улуттук түшүнүк али калыптана элек. Бул адамдардын көз караштары толугу менен уруулук аң-сезимдин алкагында турат. Кат ээлери үчүн өздөрү менен бир аймакта, бир өзөндөн суу ичип жашап жаткан кою бирге короолош, конушташ бир боор кыргыз уруулары бөлөк-бөтөн эл, ураны башка чоочун калк сыяктуу. Чоочун орус администрациясына расмий кайрылып жаткан соң жалпы кыргыздын намысын ойлоп, керек болсо бүтүн кыргыздын кызыкчылыгын көздөп иш кылыш керек эле. Ал эми иш жүзүндө кат ээлери өздөрүнүн уруусунун гана ураандарын моюндарына алышат. Ошон үчүн генерал Колпаковский өзүнө кайрылган тоолуктардын чектелгендигине башын чайкап: "Бир атадан тараганбыз деп көкүрөк койгулашат. Мындайга келгенде кырылышабыз деп коркутушат. Ким менен кырылышат?" - деп таңгалып турбайбы. Ушундай уруулук аң-сезимдин алкагында турган "жакшыларды" жалпы кыргыз журтунун башына коюп койсо, кайран калаык-калктын көргөн күнү эмне болот? Эл кашкайган трайбализмдин таманы астында калат деген сөз да. Дагы бир жолу айтып коелу, ушул азыр да ошол кат ээлеринин акыл жүгүртүү ыгы, ойлоо манерасы бүгүнкү билимдүү деген кыргыз тукумдарынын аң-сезиминде жана психологиясында да өчпөй, учугу уланып жаткандыктан ишибиз оңолбой, оңкобуздан түшүп жатпайбызбы.

Мурдагылардан кийин туулуп, кийин жашоо кечөөкүлөрдөн акыл-эстүү болуп калды дегендикке жатпайт деген кептин жөнү бар белем. Өйдөгү кат ээлери илгерки "кулаалы жыйып куш кылган, куранды жыйып журт кылган" Манас атадан канча кылым кийин туулуп, цивилизацияга жакын турса да, аң-сезими таш кылымындагыдай бойдон кала берген. Ошол кат ээлеринин аң-сезимине салыштыра караганда байыркы Манас атанын аң-сезими канчалык бийик, канчалык кенен. Тээ байыркы тарыхый түпкүрдө жүрүп, коктулук аң-сезимден өйдө көтөрүлүп чыгып, ак шумкарчасынан Ала-Тоонун чокусуна конуп, ошол ооологон ой чокусунан талаа-түз-

элга-жыбыттардагы, жокту-колоттордогу ачылган кыргыздарды бир бүтүн журт, улут катары карай билип, жамы кыргыз балдарынын таламы үчүн каруусун казык, башын токмок кылган Манас атага кантип сыйынбай кое аласың. Манас - бул кыргыз улутунун өзүн-өзү аңдап түшүнүүсүнүн символу (символ национального самосознания). Мына ушундай ат көтөргүс, төө көтөргүс опол тоодой идеянын жүгүн аркалап келаткандыгы үчүн кылымдардан бери Манас Манас атыгып жашап келатса керек. Ошон үчүн ал "арстан", "шер", "айкөл" деген атка конгон да. Бүгүнкү биздин ички бытырандылыгыбыздын жана көбүбүздүн коктулук провинциализмибиздин шартында кыргыз журтунун жалпы түндүгүн кырк уук сыяктуу биригип чогуу тиреп көтөрүү идеясын жар салып турган улуу Манас бабабыз, кандайча бизге үлгү болбой кое алат?

4. БҮГҮНКҮ БИЗДИН УЛУКТАР КИМГЕ КАРАП ТАЗАЛАНУУГА ТИЙИШ?

Азыркы бизди кыйнап жаткан реалдуу проблемалардын ынгайына салганда, козголгон маселенин нугунда кепти дагы бир аз улантууга туура келет.

Манас өз айланасына жолдоштору, чоролору, журт башкарган улуктарды тегине, жерине, уруусуна, тууган-дарына, жакындыгына карап топтобойт. Ал адамга биринчи иретте, ишмердигине, баатырдыгына, чынчылдыгына, адамгерчилигине, атуулдук ар-намысына, ата журтка ак кызматына жараша мамиле жасайт жана баалайт. Тегерегиндегилер да Манастын бул акыйкат, айкөл принцибине жогору баа беришип, сыйга сый, сыр аякка бал дегендей, көк жал баатырды ичтеринен терең кадырлашып: "Уулу Манас турганда, жалтансаң кудай урбайбы, арстан Манас баатырдын аркасынан жүрөлү, атышкан жоосун сүрөлү" дешип өздөрүнүн жол башчыга өтө берилгендиктерин көрсөтүшөт. Манас баатырдын айкөлдүгүн, арстандыгын көрүп Акбалта карыя:" Кабылан Манас өзүңө, караан болуп турбасам, Акбалта атым өчпөйбү, башымдан сыймык кетпейби. Мандайда баргек тынарым, балбылдап күйгөн чырагым" - деп агынан жарылып ачылса, Ат-Башыдагы Кошой абабыз "Алтайдан Манас табылды, абийирим минтип жабылды", - деп ыраазы болуп, санаасы тынгандай болот. Ал эми өз кезегинде Манас да Кошой карыянын акылмандыгына жана эл, жер үчүн башын сайган ченде жок баатырлыгына, намыска туулган туйгундугуна кубанып: "Өйдө турсам өбөгүм, ылдый турсам - жөлөгүм, астыга салсам - ак жолум, ар-

тымда жүрсө - сан колум", деп төбөсүнө көтөрүп, кастарлайт.

"Маңаста" журт башында турган көсөмдөрдүн, баатырлардын өз ара мамилелеринин тамыры "ак калпак калктын аеолуу кызыкчылыктары деген жогорку чекиттен кездешип, ошол уюлдан жалгашып, өрүлүшүп, анан бери карай түшүп келет. Алардын өз ара бекем рухий ширелишкендигинин башаты ошоякта. "Манастагы" калк башчыларынын бири-бирин астыртан аңдышмай, бири-бирине кыйынсынмайы, бут тосмою, так талашмайы жок өз ара айкөл мамилелери бизди суктантпай койбойт. Жур башында турган азаматтардын, лидерлердин ортосундагы өз ара адамдык жана атуулдук ак мамилелердин үлгүсүушул "Маңаста" берилген. Манас түздүгү, актыгы, адалдыгы үчүн өзүнүн үзөнгүлөш, тагдырлаш досторуна ушунчалык берилген, аларды өз бир тууганынан да артык көрөт. Ошон үчүн анын чоң казатта туйгундарынан, кыраандарынан ажырап, Таласка кайтып келип Аруукеге арманын айтып жашып турган жерин көргөндө, сайсөөгүң сыздабай, баатыр менен кошо ыйлабай койбойсуң: "Төбөлөп келген калмактан, намысын кайрып мен алдым, аяш! Эл намысы деп жүрүп, аяш, мен эгиздерди жеп алдым, аяш! Мен канатым өрткө алдырдым аяш! Кабылан-дын баарысын мен каканчынга алдырдым, аяш! Ач арстан, ары шер, жардыгында өлбөдүм, аяш! Алмамбет, Чубак, Сыргагым, бардыгында өлбөдүм, аяш!" Манас баатырдын күйүтүн эпос ушул саптар аркылуу жогорку көркөмдүк күч менен өтө таасирдүү берген.

Мындан кандай жыйынтык чыгат? Эпосто Манастын образы аркылуу калк башчысы, мамлекет жетекчиси ажо, кан жөнүндөгү элдин идеалы берилген. Манас - бул ажонун символу. Манас кандайдыр бир айла-амал менен, дос-тамырлардан турган колдоочу кожолордун жана сүрөөнчүлөрдүн жардамы менен, жулунуп мансапка умтулгандыгы аркасында бийликке келбейт. Манас бүткүл калк алдында өзүнүн эмгеги менен көрүнүп, баатырлыгын жана кеменгерлигин далилдеп, анан кандыкка көтөрүлөт. Манасты калк чуркурап өзү кан көтөрөт. Демек, улуу эпосубуз бизге башчынын, падышанын такка келиш жолу да акыйкаттын, ак мээнеттин жана эрдиктин жолу болуш керек деген идеяны айтып турат.

Балдар, башчысы болбой марыбайт,
Баш-аламан жарыбайт, - делет "Маңаста".

Калайык-калк качан марыйт? Манастай башчысы болгондо марыйт. Эл баш-аламандыктан качан арылат? Манастай башчы болгондо гана эмес, ошол ажонун айланасында элдин, мекендин жогорку кызыкчылыктары үчүн

жуурулуша баш кошкон, бири-бирине кылдай арамдыгы жок, ниети кардай аппак, пейили булактай таза Бакай, Кошой, Ажыбай, Канықей, Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу жол көрсөтөр чыгаандар жана кеменгерлер турганда гана журттун иши оңолуп, ташы өйдө кулайт деген өтө баалуу, терең маанилүү ой берилип жатпайбы "Маназта". Ырасында эле, Манас ажонун сиңирген эмгеги жана көрсөтүп турган таалими ушунда: ал өз тегерегине, азыркыча айтканда, жогоркудай күчтүү командаңы топтой алгандыгы үчүн кыргыз калкы кырылып, жоюлуп кетүү коркунучунан аман калып, кайрадан эл болуп биригип, өз алдынча мамлекет болуп, эңсеген мүдөөсүнө жетет. Акылмандыгы жана арстандыгы аркасында ар кай жакка чачылып кеткен кыргыздарды баш коштуруп, бириктирип, Ала-Тоо конушту кайра алып, "кулаалы жыйып куш кылган, курама жыйып журт кылган" эмгеги, эрдиги үчүн биз Манас атага түбөлүк таазим кылып, ар дайым өрнөк кылып, аны менен сыймыктанып, төбөбүзгө туу кылып көтөрүүгө тийишпис. "Маназта" эл башчысынын гана эмес, анын кеңешчилеринин, увазирлеринин жана чоролорунун да кандай болуш керектиги жөнүндө үлгү-идея берилген. Бүгүнкү бутуна жакшы туралбай жаткан эгемендүү жаш жумуриятыбыз, эл башында турган жогорудагы сыяктуу күчтүү командадан тукулжурап, кыйналып турган кезде, Манастын көрсөтүп турган мындай өрнөгү биз үчүн өтө керектүү мүлк. Азыркы биздин журт башчыларыбыз жана улуктарыбыз кез, кези менен улуу Манас бабабызга карап, тазаланып турушса жакшы болор эле.

5. ЖОГОРКУ МОРАЛДЫК АБСОЛЮТСУЗ АДАМ ЖАШАЙ АЛАБЫ ЖЕ "МАНАСТЫН" КААРМАНДАРЫНЫН АДЕП-АХЛАГЫ ЭМНЕ ҮЧҮН БЕКЕМ?

Даанышмандар жетектөөчү жогорку идеясыз улут да, жеке адам да жашай албайт деп абдан туура айтышкан экен. Эгерде туу туткан тумары, ыйык санаган табериги, карманган адеп-ахлак багыты жок болсо, кишинин жүргөн бир социалдык макулукка айланып, жер менен жер болуп, боортоктоп сойлоп каларын, туш келди баш-аламан күн көрүп, анархияга туш болорун тарыхый тажрыйба көрсөтүп турат. Бүгүнкү кыргыз жергесине көз чаптырыңызчы. Коммунисттик идеалдын туусу кулагандан кийин, күч менен үлгү кылынып келген жасалма идолдор кыйраган соң биздин турмушубузда багытсыздык, башаламандык келип чыгып, кимди ким көрдү, Быржыбайды

там басты дегендей болуп отурат. Адеп-ахлак жагын эле карайлычы. Илгери түрктөр боз үйгө киргенде адегенде энесине бүгүлүп, жүгүнүп, анан атасы менен учурашчу экен (Гумилев Л.П. Древние тюрки, 74-бет). Ал эми кыргызда эненин сүт акысынан аны Мекеге үч жолу аркаңа жөө көтөрүп барсаң гана кутуласың деген сөз жашап келген. Азыр бизде эмне болуп атат. Энеге аккарат келтирген бала, апасын токмоктогон кыз, атасын сөккөн же өлтүргөн уул, үйдөгү карысын карылар үйүнө өткөргөн уул-келин, чаламайдын чак түшүндө тономой, ууру кылмай, зордуктамай, киши өлтүрмөй, денесин сатмай, абийирин акчага алмаштырмай, ала жипти аттамай, ыйык нерселерге түкүрмөй, тепсемей, жүгөнү жок аттай туш келди басмай, өзүн өзү билмей, өтүгүн төргө илмей сыяктуу көрүнүштөр демейки окуялардын бири болуп калды. А Манастын убагында кандай эле? Ушул жерден атактуу Акира Куросаванын бир ою эске түшөт. Куросаванын "өткөн тарыхты карап арылаган сайын адамдар ошончолук ири, нравалуу. Алар бизден жакшыраак", - деп айтканы бар. Чын эле "Манастагы" чоң энелерибиз, чоң аталарыбыз кандай ири, кандай нарктуу. Калп айтуу, жалган сүйлөө, адамдык наркын төмөн түшүргөн жорук-жосун жасоо, жеке инсандык жана элдин ар-намысынын тепселишене жол берүү алар үчүн өлүмгө тете. "Ак жазганын көрөмүн, намысым үчүн өлөмүн" - дейт Манас. Маселен, Көкөтөйдүн ашында кыйын кырдаал түзүлүп, кыргыздын намысына шек кетмек болгондо Кошой карыя элди уятка калтырбас үчүн 80ден ашканына карабай, тагдырын тобокелге салып, "төбө чачы сүксүйгөн, жеп ийчүдөй үксүйгөн" каардуу Жолой менен кыл чайнап, күрөшкө түшөт.

"Манастагы" каармандардын ич жактан бекем, рухани жактан сулуу болгон себеби, алардын ич жактан туруктуу тутунган, ишенген моралдык абсолюттары, айланып турган адеп-ахлак "ат мамысы", тегеренип турган уюлу, ыйык көрүп сыйынган "Каабасы", жетектөөчү жогорку идеалдары бар. Ал ыйык абсолюттар, каабалар - Эне, Ата, Ата Журт, мекен эркиндиги, бир боор калктын кызыкчылыгы, ар намысы, атуулдук парз, абийир, адамгерчилик, ата-баланын асылнарктары, жеке инсандык бийик ар-намыс. "Манастын" каармандары адам болуп жашоонун жолун дал ушундай абсолюттар, "ат мамылар" менен өз өмүрүн, жүрүм-турумун тыгыз байланыштырып жашоодон көрүшөт. Бул чоң түшүнүктөрсүз өздөрүн элестете алышпайт, адаммын деп сезе алышпайт. Ушундай жогорку ориентирлерди жана чен өлчөмдөрдү жетекке алып жашап, нускалуу өмүр сүрүшкөндүктөрү

үчүн алардын мисалы бүгүн биздин терең кызыгуубузду туудуруп жатат. Манас, Бакай, Кошой, Канықей, Акбалта - булар жайынча гана адабий каармандар, образдар эмес, булар бизге таалим катары тартууланган мезгил карытпас, көөнөрбөс моралдык жандуу үлгүлөр, жалпы адамзаттык маанидеги элдин бийик адеп-ахлак нормаларынын символдору. Ушул жагынан алганда, "Манас" бизди бай, терең этикалык мазмуну, ыймандык максимализми менен суктантпай кобойт. Биз суктана турган нерсе, эпостун каармандарындагы күжүлдөгөн багынбас, козголоңчул дух. Ороздунун он уулу ата-бабаларынын нарктары, баатырдык салттары менен мактанышат, ак калпак кыргыз болуп жаралып калганына ичтеринен сыймыктанышат. Кандай гана кыйын шартта калышпасын Ороздунун көк туусун жерге жыкпай, ар дайым оболотуп көтөрүп турушат.

Биздин элди сурасаң -
Баатырлар менен жүрөктөш,
Балбандар менен билектеш,
Эрендер менен маңдайлаш,
Чечендер менен таңдайлаш,
Бөрү жалдуу кабылан,
Бөтөнчө эл-журт олуя.
Беттеп адам барбаган,
Ар душман жеңип албаган

- дешет "Манастын" каармандары. Кокусунан кырсыкка кабылып, душман "таманга басып жүн кылып", "колу артына байланып, кой ордуна айдалып" айла түгөнгөн кезде да, алар ичтеринен эч качан жоого багынбайт. Кайра чыйралышып, бири-бирине кайрат айтып: "Тумшугубуз катпайлык, туюкта минтип жатпайлык. Минтип тирүү жүргөнчө, туулбай туна чөгөлү. Курган жан аман турганда, кордукка кантип көнөлү, койгулашып өлөлү" - дешип дайыма козголоң чыгарышып, жоого каршылык көрсөтүүнү токтотушпайт. "Манастагы" багынбас, баатырдык дух, патриоттук ар-намыстын духу кыргыз тукумдарында кечөөкү күнгө чейин эле күчтүү уланып келген. Буга маселен, Курманбек, Эр Табылды, Тайлак, Балбай баатырлардын, Курманжан датканын, Алымбек уулу Абдылдабектин мисалдарын көрсөтө кетсек болот. 19-кылымдын экинчи жарымында Ала-Тоого илимий экспедицияга келген атактуу чыгыш таануучу В.В.Радлов кыргыздардын мындай өзгөчөлүгүн абдан туура байкаган: "... кара кыргыздар ушул убакка чейин аларга таандык болгон эр жүрөктүүлүк духун сактаган, алардын аңсезими башка түндүк түрк урууларына караганда өтө өскөн. Өткөн кылымдарда узакка созулган согуштар

идеялык жагынан аларды бекем бир бирдиктүүлүккө бириктирген".

Кыскартып айтканда, "Манастагы" бабалардын адамдык чоң нарк-насили, ар-намыстуу духу алардын жогорудагыдай ичтеринен бек тутунган нравалык абсолюттарынан, идеалдарынан, ыйык көрүп сыйынган "Каабаларынан" азыктанып чыгат, ошол тирөөчтөрдөн күч-кубат алып, көгөрүп-көктөп турат. Биз бүгүн жанагыдай адеп-ахлак чен-өлчөмдөрү мокоп, улуттук идеалдардан ажырап, көп жагынан багытсыз калган жарандарыбыздын, жаштарыбыздын жан дүйнөсүнө ата-бабаларыбыздын өйдөгүдөй маанисин, мазмунун жоготпогон түбү түптүү нравалык абсолюттарын, рух тууларын кайрадан орнотуубуз керек. Бир сөз менен айтканда, бүгүнкү коомубуздагы адеп-ахлак илдеттерин "Манас" менен, анын руху жана идеялары менен дарылоо зарыл. Байкасак, тарбия ишинде улуу эпосубуз потенциалдык мүмкүнчүлүктөрү абдан кеңири. Кайра жаралуу дейбиз. Кайра жаралуу деген нерсе, биздин оюбузча, турмуштун, тарыхтын элегинен өткөн улуттун илгерки көөнөрбөс асылнарктарын кайрадан жандандырып, актуалдаштырып алдыңкы планга алып чыгып, анын жардамы менен кыргыз инсанынын рухий-нравалык негиздерин чыңдоо, бекемдөө деген сөз.

6. АЗЫРКЫ ЖАҢЫЧЫЛ ДЕМОКРАТТЫН АК ЧАЧ МАНАСТАН АЛАРЫ БАРБЫ?

Дагы кошумча айтар кеп бул. Ушул "архаикалык" Манас бабадан бүгүнкү демократмын, жаңы кишимин (современныймын) деген инсандар да үлгү алса болот демекчибиз. Манас ата, биринчи иретте, боорукер, гуманист. Ал ар дайым эңкейген карыларга, эмгектенген балдарга, ак элечек аялдарга, жетим-жесирлерге өзгөчө аяр мамиле жасайт. Урушка кирер алдында жоокерлерге: "Жамандык кылба, жан кыйба, жесир калган баарысы, жетим уулу, тул катынга, айтканым алсаң эсиме, жетилсин сенин урматың" - деп айтып талоончулукка жана зордукчулукка жол бербөөнүн зарылдыгын эскертет.

Манас баарынан мурда адамдагы иш билгиликти, компетенттүүлүктү баалайт. Ошон үчүн Чоң Казатка жөнөгөндө өзүнүн армиясын чоочун элдин сырын, жердин уусун билген Алмамбетке башкартып, өзү катардагы жоокер катары салгылашка катышат. Чалгынга да кытай-калмак жакты коен-жатагына чейин билген Алмамбетти жиберет.

Кыргызда "Жакшы жаңылса өзүнөн көрөт, жаман жаңылса өзгөдөн көрөт" деген сөз бар. Манас өз

кемчилигин сезип, аны моюнга ала билген ийкемдүүлүгү менен да айырмаланат. Ал Кошой карыянын: "Манас, Манас дегенде, барбая калат экенсиң, чала үйлөгөн чаначтай, дардайа калат экенсиң", деп жосунсуз жоругу үчүн сын коюп жемелеп айткан сөзүн туура көрүп, артка кетенчиктеп, үндөбөй муюп ойлонуп калат.

Өз элин, өз журтун сүйүү, урматтоо жалаң эле анын жакшы жактарын көрүп, кемчиликтерине көз жумуу деген сөз эмес. Бир боор калктын кемчил, өксүк жактарын көрүп билген көзү ачыктык - бул улут үчүн өтө пайдалуу касиет. "Эгер калк өсөм десе, ал өзүн өзү даана көрүп, өзүнүн кебетесинен өзү уялып турушу керек" - деген акылгөй сөз бекеринен айтылбагандыр. "Элимди аябастан сындаганым - калкымды ошончолук сүйгөндүгүм" деп да, акын бекер ырдап жаткан жери жок. Эпостогу эң позитивдүү нерсе - бул Манастын образынын сынчыл духту алып жүргөндүгү. Бийик чокуга чыксаң, айланаң даана көрүнөт эмеспи. Манастын артыкчылыгы ушундай, өйдөтө белгилегендей, тубаса кеменгерлигинин жардамы менен бүркүтчө обого калкып чыгып, ошол бийик акыл-эс кыл чокусунан өз элинин, ата журтунун учу-кыйырына сын көз менен серп таштай билгендигинде, мекендештеринин кемчилигин көрүп, аны тайманбай бетке айткандыгында. Жалпы калайык-калк, мыктылар, жакшылар кеңешке чогулган жерде Манас көпчүлүккө тике карап туруп:

Ажал жетпей, күн бүтпөй,
Анча эмне жүдөдүң!
Жаныңа жандын бара албай,
Журтум, жалатак болгон экенсиң,
Жабууласа көп калмак,
Коркок болгон экенсиң.
Атамдан калган жер экен,
Намысты кыргыз санайбы.
Ынтызар болдум алууга
Ыспара менен Алайды.
Көрбөгөндү көрүпсүң
Көрүнөө көбүң өлүпсүң.
Алдырып коюп калмакка,
Намысың жоктон жүрүпсүң,

- деп абдан катуу жана ачуу сын айтат. Манас ушундай чынчылдыгы, бетке чабар сынчылдыгы менен көпчүлүктүн көзүн ачып, жарандардын намысына тийип, алардын патриоттук сезимин ойготуп, артынан ээрчитет. Манастың триумфалдык жеңиштерге жетишишин шарттаган булактардын бири - бул анын өзгө да, өңгөө да, жеке өзүнө да сын көз менен кароого жөндөмдүүлүгү, улуттук өзүн өзү аңдап түшүнүүсү күчтүү өнүккөндүгү деп айтсак болот. Эгерде азыркы ак калпак

Элдердин ар биринде Манас атаныкындай өзүн-өзү аңдап түшүнүүсү мыкты өнүккөн чынчыл жана санчыл дух болсо, анда улутубуздун рухани саламатчылыгынын бекем болоруна жана анын прогресстин, цивилизациянын жолуна төтө жол менен чыгарына ишенип койсо болот. "Манастын" бизге каңкуулап турган дагы бир ишара-сабагы ушундай.

Манастын дагы бир артыкчылыгын белгилебей койсок болбос. Эл эчинде "Кеңешип кескен бармак оорубайт", "Отуз өлчөп, бир кес", "Он жолу ченеп, бир жолу кес" деген акылман макалдар бар. Биздин кыргызда илгертен эле демократия өнүмдөрү боло келген десек эч ким "кой аныңды" дебес. Элибизде маанилүү маселелер дайыма көпчүлүктүн элегине салынып чечилип келген. Мындай көрөңгө болбосо азыркы демократия кыртышыбызда түйүлдүк алып, тамыр байлап, көгөрө баштабас эле. Манас ата да калкыбыздын ошондой демократиялык жөрөлгөсүн боюна сиңирген инсан. Бекеринен ал эпосто айкөл делип аталбайт. Калк тагдырына тиешелүү чордондуу маселелерди Манас ар дайым ортого коюп, эл менен кеңешип, акылдашып чечет. Калайык-калктын эркн, бүтүмү ал үчүн ыйык. Маселен, Анжиянды ээлеп жаткан Алооке кандын элчи аркылуу айттырган сунушун талкуулоо үчүн, Манас өзүнө кыргыз-казак урууларынын эл бийлеген жакшыларынын, баатырларынын, акылга дыйкан аксакалдарынын бардыгын чакырат. Көпчүлүк чуркурап бир корутундуга келгенден кийин гана Манас Алоокеге каршы аттаанып чыгат. Элдин ой-пикирин, Бакай, Акбалта, Кошой сыяктуу акылман карылардын акыл-кеңеши жата калып угуп, дайыма көпчүлүктүн ыгы менен болот. Манас атабыздын мындай демократиялык маданияты бүгүн кандайча бизге үлгү эмес?

Кыскасын айтканда, эпосто сүрөттөлгөндөй, Манас "көзү тоонун быткылдай, көрүнгөндү жуткудай" балбан, баатыр, дөө-шаа гана эмес, ички жан дүйнөсү да аруу, сулуу, сергек, түшүнүк, көз караштары алысты чапчыган, океандай чалкыган ажайып инсан-каарман. Ошон үчүн ал эпосто: "Абадагы булуттун салкынынан бүткөндөй, асмандагы ай-күндүн жаркынынан бүткөндөй" - деп мүнөздөлгөн эмеспи.

7. "МАНАСТЫН" ДӨӨЛӨТТӨРҮ - КЫРГЫЗДЫН ТИРӨӨЧТӨРҮ ЖЕ ТЫЯНАК ОРДУНА

Демек, "Манас" кыргыз рухунун түптүү уюткулары уюп жаткан алтын казынабыз экен. Байыртан келаткан бул казынада бүгүнкү кыргыз тукумдарынын жан дүйнөсүнө түркүк боло турган уңгулуу нарктар бар экен. "Маната"

эмне ыйык? Ата журт ыйык, анын боштондугу ыйык. Ала-Тоонун бүтүндүгү, ак калпак журттун биримдиги ыйык. Акыйкатка, актыкка, адилеттүүлүккө негизделген достук ыйык, Ата журттун мүдөөлөрү, калайык-калктын жогорку кызыкчылыктары ыйык. Ата конушка агынан жарылып ачылган адал мээнет ыйык. Мекен алдындагы парз ыйык. "Маната" дагы эмне улук? Эл-журттун мүдөө-кызыкчылыктары менен жуурулушкан абийир, ар-намыс улук. Ак жашоого умтулган адеп-ахлак улук. "Маната" дагы эмне ыйык? Алмустактан бери келаткан ата-баба салты ыйык, наркы ыйык. Апа ыйык. Ата ыйык. Ала-Тоо атуулдук берилгендик ыйык. Алысты болжоп көргөн акылман акыл-эс, өзүнө да, өзгөгө да аяр караган сынчыл рух ыйык. Адамгерчилик ыйык. Улуттун намасы ыйык. Кыргыз деген ат ыйык. Санай берсе, "Манастын" туу туткан ыйыктары көп. Алардын чет-жакасын өйдөтөгү кептин жүрүшү аздыр-көптүр көрсөттү окшойт.

Улуу "Манастын" ушул уңгулуу ыйыктары бүгүнкү улуттук идеологиябыздын өзөктүү эрежелеринен болуп калууга тийиш деп ойлойбуз. Жаштарды, жарандарыбызды тарбиялоо ишинде ориентир болуп бере турган негизги рухий, адеп-ахлак мерчемдер ушулар болушу керек го. Бүгүнкү жашообузда пайда болгон рухани вакуумду "Манастын" ушул ыйык дөөлөттөрү менен толтуруш керек. Кыргыз улутунун рухий турмушунун фундаментинде ата конушубуздун топурагында илгертен жашап келаткан ушул ыйык дөөлөттөр жатышы абзел. Улуттун ушул сымбат дөөлөттөрү Манас, Бакай, Кошой, Каныкей, Семетей үчүн кандай ыйык болсо, бүгүнкү кыргыз тукумдары үчүн да ошондой эле ыйык болуп калууга тийиш. Азыркы урпактарыбыздын жан-дүйнөсүн, аң-сезимин кыргыз рухунун туу чокусу - "Манастын" ушул асыл нарктарынын "ат мамыларына" чырмап байлаш керек. Ушундай болгондо гана улутубуздун ички рухий, адеп-ахлак саламатчылыгынын бекем болоруна жана калкыбыздын тыш жактан басып кирген чоочун маданий экспансиянын кулу болуп калбастыгына ишенсек болот.

Дагы бир жолу баса белгилегибиз келет. Өзүнүн өзөк тамырынан ажырап калган даректын жалбырагы эч убакта башкага жалгашып көгөрүп көктөй албайт. Даректын түпкү тамырынан өмүр алып турган жалбырак гана тышкы дүйнөнүн насиптерин - абаны, күндү жана башка азык заттарын кабыл алып, кулпуруп өсүүгө жөндөмдүү келет. Адам баласы да ошондой. Өзүндүн улуттук кырытышына тамырынды бекем житирип турсаң гана башка цивилизациялар менен болгон алака-катышың

жемиштүү болот. Тарыхый тажырыйба момуну айтып турат. Эгерде этнос өзүнүн ички рухани ресурстарын активдүү түрдө кыймылга келтирип, алардын тамырларына дайыма суу куюп гүлдөтүп турса, улуттук маданияттын мамысы бекем орнотулган болсо, анда калк дүйнөлүк миграциянын жана интеграциянын ассимиляциялап жиберүүчү өкүм күчүнө туруштук берип, улут катары өз бетинчелигин сактап кала алмак.

Мына ушундан улам улуу мурасыбыз - "Манас" боюнча калайык-калк арасында жүргүзүлө турган ишти түп-тамырынан бери кайруу зарылдыгы туулат. "Манастын" жогорудагыдай ыйык асыл нарктарын биринчи иретте үйбүлө, бала бакчалар, мектептер, лицейлер, гимназиялар, колледждер, университеттер аркылуу алып өтүшүбүз керек. "Манастын" кыпкызыл дандарын билим берүүнүн тегирменине салып, рухий нан, токоч жасап балдарыбызга ыроолоп кечиктирбей колго ала турган ардактуу жумуш. Ал эми "Манастан" жасалган ошол рухий нанды кандайча таттуу, аш болумдуу, сиңиримдүү, жегиликтүү кылыш керек? "Манас" боюнча окуу-тарбия ишиндеги шаблондордон жана тапталган көнүмүштөрдөн кандайча арылышыбыз керек? Жаштарга "Манастын рухун сиңирүүнүн кандай жаңы жолдорун, методдорун, ыкмаларын табышыбыз зарыл, эпостун өзүндө айтылгандай "жүлүнгө" жетер кеп айтуу, жүрөгүн өрттөп бек айтуу" өнөрүнө кантип жетишишибиз керек? Мына ушул маселелер жөнүндө педагогдорго, тарбиячыларга, насаатчыларга мындан ары карай өтө олуттуу түрдө баш катырып, ойлонууга туура келет.

("Талас турмушу" гезитинен, 1995-жылдын 28-январдагы жана 10-февралдагы сандарынан).

Рахат Ачылова (Кыргыз Республикасынын эл депутаты, профессор, философия илиминин доктору): "Манас" - кыргыз рухунун уңгусун түзгөн Улуу Сөз. Кыргыз эли - "Манас" аттуу Улуу Сөздүн эгеси, балким, ушул сапаты аны жоготпой, учугун бүгүнкү күнгө жеткиргендир. "Манас" - байыртадан келаткан Сырдуу Сөз. Эгерде антропософиялык көз караш менен (Кар: Е.П.Блаватская. Тайная доктрина. СпБ. 1903) азыркы жомок, мифтерди адамзаттын башынан кечирген байыркы турмушу деп эсептесек, анда "байыркынын, эзелкинин жомоктору" бул кыргыз элинин көөнө эски тарыхы деген маанини бермекчи. Бирок бул жомоктун өзгөчөлүгү - элдин эсинде калып, оозеки фольклор түрүндө сакталгандыгында. Демек, "Манас" - байыркы, өтө эскиден калган Көөнө

Сөз. Бул улуу дастаныбыз ар бир жарандын, атуулдун, саясатчынын өмүр жолун, жасаган иш-аракетин өлчөп-калчай турган өтө чоң Сынак Сөз экендиги да калетсиз. Андыктан элибизде "Манастай тайманбас баатыр, чечкиндүү эр, эл камын жеген жетик, дүнүйөсүн журт кызыкчылыгы үчүн сарптаган кең пейил, жакшылыкты көтөрө, жаманды кечире билген кең пейил бол" деген тилек айтылат. Эмики вазыйфа - кайрадан ага элдик, айрыкча жаштардын аң-сезиминен, күнүмдүк барлыгынан (наличное бытие - Гегель) орун берүү. Аны үчүн финдердин "Калеваласы" сыяктуу "Манасты" бала бакчадан тартып, мектептерге чейин сабак катары кийирип, мамлекет кызматына алганда да экзамен алгандай, кайра аны кыргыз рух дүйнөсүнө кайтарыш ылазимдигин колго алып, өркүндөтүү атуулдук парз. "Манас" - элдин кастарлап сактаган тарыхый эси. *("Эркин тоо" гезитинен, 13.03.1996).*

Байдылда **Сарногоев** (кыргыз эл акыны):

Акын болбойт талантсыз,
Молдо болбойт сабатсыз.
Соода болбойт санаксыз,
Солдат болбойт жараксыз.
Калем болбойт кагазсыз,
Кайык болбойт калаксыз.
Тулпар болбойт туяксыз,
Шумкар болбойт канатсыз.
Дал ошондой кыргыз да
Даңктуу болбойт Манассыз!
Кулаалыны куш кылып
Таптаган ким болду экен?
Кураманы журт кылып
Барктаган ким болду экен?
Башка элсиң деп бөлөктү
Какпаган ким болду экен?
Эл достугун эң ыйык
Сактаган ким болду экен?
Айкөл, баатыр атагын
Актаган ким болду экен?
Ал бабаң Манас, калайык,
Манас деп ураан чалалык!
Арбагы колдоп, кыргыздар
Ак шумкардай таранып.
Туу кармап, түндүк көтөрдүк
Дүйнөгө кайра жаралып.
Баатырдын элдик эрдигин,
Акылман, айкөл, кеңдигин,
Ишибиз кетсин илгери -

Идея кылып алалык!
Өскөн эл дайым салмактап,
Өткөнүн барктап эстешет.
Өчпөс эл жүз жыл мурдагы
Өчтөрүн ойлоп кектешет.
Алты дубан кыргыздын
Абийирин сактап, төкпөсөк...
Бириксек бир түп чынарбыз
Миң жылдап дагы көктөсөк...
Бөлүнсөк көкжал бөрү эмес
Бөлтүрүк, чөө жеп кетет.
Түндүкмүн деп элирбей,
Түштүкмүн деп көбүрбөй,
Ортосунан оң, солдун
Мен чыккам деп сөгүнбөй,
Адигене, Тагайдын,
Алардан аркы бабамдын
Балдары башсыз дедирбей,
Уруум да кыргыз деп,
Улутум да кыргыз деп,
Жүрөлүкчү бөлүнбөй.
Ачуу, таттуу мезгилдер
Артта калды, мейличи...
Арча бүрүн түтөтүп
Алас, алас дейличи.
Ар балээден, кырсыктан
Калас, калас дейличи.
Кудай ишти оңдосун,
Манас атам колдосун,
Манас, Манас дейличи!
Урпактардын ураанын
Уга берсин жер жүзү!

("Кыргыз Туусу" гезитинен, 25.08.1995).

Аты-жөнү белгисиз эненин айтканы: Ээ балдарым, кыздарым, "Манастын" миң жылдыгында Таластын Кеңколундагы чоң тойго катыштым, буга да шүгүрчүлүк. Эл кара таан. Бул тойду кудай таала да, Теңир да, жаратылыш да колдоду. Барсаңар, өзүңөр да көргөндүрсүңөр, мен үч нерсеге таң калып, жакамды кармап, тобо кылдым. Бири - үлп эткен жел сокпой, аба мемиреп, ысык да эмес, суук да эмес, салкын, күн мээр төгүп турду. Экинчиси - канчалаган ашканалар иштеп жатса да, дың этип учкан чымын болгон жок. Үчүнчүсү - бир бүркүт үч жолу учуп келди. Ар биринде тойдун үстүндө жай каалгып учуп, анан Кызыласка тарапка кетип калып жатты. Бирок ар жолку үчүп келүүсү өзгөчө

маанилүү учурларга атайылап туш келтиргендей. Биринчиси - Ашгабаттан чабылган күлүктөрдүн алды маарага келгенде, андан кийинкиси - Акаев уулум сүйлөөр алдындагы жымжырттыкта, акыркысы - шар учурулганда. Бул эмне? Бир саам "бул учуп жүргөн бүркүт Манастын жаныдыр" деген ойго келдим. Кайра күнөөкөр болбоюн деп, ал оюмдан айныдым. Бирок жогорку үч касиет тең жөн эле туш келдилик эмес. Анда терең сыр бар. Теңир, табият жана алда таала менен болгон курпуя байланыш бар. Ал эми кыргыз баласынын "Манас" менен болгон байланышы атам заманда бери бар да. Саат сайын, күн сайын. Ошентип, уул-кыздарым, ар биринерде Манастын сезими ойгонсун, жүрөгүңөрдө Манас атаңардын ар-намысы болсун, жүрүм-турумуңарды, аракет-мээнетиңерди Манастын айкөлдүгү жылоолосун! Пешенеңерге жарыгын чачып, ар биринерге арка-жөлөк болсун! *("Бишкек-Талас" каттамындагы автобустун жүргүнчүсүнүн сөзүнөн).*

А.А.Брудный (философия илиминин доктору, Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти): Борис Пастернактан маданият эмне экендигин сурашканда, ал маданият дегенибиз кишинин жемиштүү өмүр сүрүшү экенин айтыптыр. Эгер ойлоп көрсөк, өтө терең маанилүү сөз. Кандайдыр маанилүү кунарларды жаратуу - бул жашоонун өбөлгөсү. Андыктан "Манастын" өтө баалуу белгиси - ар бир жаңы муундун манасчысы аны кайрадан жарата алышы. Бул өтө таң каларлык нерсе. Теориялык көз караштан карасак, мында 1000 жыл илгери болгон окуялар экени талашсыз. Ал эми маңызы азыркы кишилердин да акыл-оюн, жан дүйнөсүн бийлейт. Ушул көз караштан алганда, "Манас" баян эле эмес, калайыктын аң-сезимине карай жол да. Ошондуктан мында идеологиялык жагдайлар байкалат. "Манас" - элдин рухий, маданий өмүр сүрүшүндөгү таянычы. "Манаска" адамзаттын кызыгышынын акыбети кайтат *("Кыргыз Туусу" гезитинен, 25.08.1995).*

В.М.Плоских (тарых илиминин доктору, Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти): "Манас" жөнүндө балдар үчүн жатык жазылган адабияттар, окуулуктар жок. Бул мени окутуучу, педагог катары өтө катуу кабатыр кылат. Ураан таштоо менен убараланбай, эпостун өзүн элге жеткирүүгө аракеттенүү абзел, ал үчүн эпостун кандай түрдөгү болсо да баянын пайдалануу керек. Андай китептер бар, бирок чыкпай жатат.

Эмне үчүн окуучулар байыркы гректердин уламыштарын, мифтерин көбүрөөк билишет? Анткени, окуучулардын бир нече мууну аны окуп үйрөнүшкөн, адаби-

яттар бар. Ал эми көп сөз кылган эпос кийинки күндөргө чейин чындыгында окурмандардын кеңири катмарына жеткириле элек. Аны насыйкаттоочу адабият жок.

"Кыргыз Туусунан", 25.08.1995).

Жумакан Сариев (журналист): Кичине эле нерседен чоң от тутанып, жалыны кез келгенди кыйратып жок кылып, жер түнөрүп, далай эл эңсегенине жеталбай муңзары таш жарган учурлар көп болгон экен жалган дүйнөдө. Эл баарыдан мурда эмнени эңсеп, эмнеге умтулуп келген? Албетте, бейпил, ынтымактуу турмушка. Аны ушулар жандаганда гана өнүгүп-өсүү болуп, ой-максаттар жүзөгө ашып, тирилик үзүлбөй уланып, бөлүнүп-жарылуу кайра бүтөлүп келген, Жер берекесин кенен төгүп, жандуунун баарысына шаттыкты, бакыбаттыкты, ишенимкүчтү ыроолоп келген. Эл ичинде ынтымак, достук, өз ара түшүнүү болгондо гана башталган ар бир иш кубаттуу дайрага айланып, анан анын жолун бууп, башка жакка буруп кетүүчү күч жок болоорун улуу Манас бабабыздын жакында өткөрүлгөн 1000 жылдык мааракеси дагы бир ирет ачык-айкын ырастабадыбы, шарпылдап анын береке-бермети жээктерден аша сапырыла баштаганын жакшылыгыбызга ортоктош болуу үчүн төгөрөктүн төрт бурчунан келген урматтуу меймандарыбыз да дагы бир ирет сезишпедиби...

Не дебейли, өткөндөгү тарыхтын кайсы учурун аңтарып-теңтерип көрбөйлү, ар качан чоң кыймыл башында, улуу көч башында ар нерсени алдын ала баамдай билген, жалын жүрөк, акылы терең, айкөлдүгүндө болбос ченем инсан турган. Буга Манас бабабыздын улуу аракеттери, бүгүнкү күндө да даана сезилип, элди чыйралтып, ар бир атуулдун тээ жүрөк түпкүрүндө жаткан ыйык сезимин сууруп чыккан кубаттуу деми, ал бактысы үчүн жаралып, илгери-үмүт тилегибизге ширелишкен ой-дараметтүү туңгуч Президентибиз Аскар Акаевдин жүргүзүп жаткан иштери күбө. Ал: "Улаттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык - "Манастагы" өзөктүү идеялардын бири... Тагдырдын жазмышы менен жергебизди мекендеген ар элдин өкүлдөрүн өз боорубузга тартып, аларды өлкөбүздүн ак пейил атуулдарына айландырып, канат-бутагыбызды өстүрүп алуу, алыс-жакын мамлекеттер менен достук мамиледе болуу Манастын өрнөгүнө ылайык азыр да биз үчүн парз" деп, бабалардын улуу осуяттарын бүгүнкү күндөгү жашоо-турмушубуздун ажырагыс бөлүгүнө, образына айландырбадыбы, көрүп-билип турсак жда кээде унутта калып келген сапаттарыбызды кайра жандандырбадыбы.

Баягы жылкы Оштогу окуяны эстесем, азыр да бүткөн боюм дүркүрөп чыгат. Ошондогу эки эл ортосундагы ээжаа бербеген чырчатакты элдик адамдардын көсөмдүгү, акылмандыгы, тээ атам замандан бери келаткан зор күчынтымак-ырыстын деми чоң өрткө айлантпай жеңип кетпедиби. Азыркы тапта достук, өз ара кызматташтык күч алып, эл-жерибизге абадай зарыл, ар тараптуу байланыштар бекемделген жакынкы жана алыскы өлкөлөр тууралуу айтпай ак кое туруп, өзүбүздүн эле ичибиздеги не деген жосунсуз жоруктардын күбөсүнөн болбойбуз. Арак, пивого тоюп алышып, көздөрүнө эч нерсе илинбей, ооздоруна ак ит кирип, кара ит чыккандарды, жөнү жок эле "мен кыргызмын, а сен кимсиң?" деп көкүрөк койгулап, башка улуттун өкүлдөрүн басмырлаган акылы кем көчө таптарларды көргөндө кантип капаланбайсың. Бул барып турган нааандык эмей эмне. Бир планетада, өлкөдө, айылда жашап, кези келгенде бир жердин турпагын жазданып жатаар болгон соң, баарыбыз бир элбиз, бир кишибиз, биздин мүдөөбүз да, кубанычыбыз да, жаркын ойлорубуз да бир болууга тийиш.

("Кыргыз Туусу" гезитинен. 14.10.1995).

Автор: Эпос - бул элибиздин жүзү, ажары, эчен жүздөгөн жылдары кечип, эчен заманды аралай чаап, алардын саясында жашаган калктын ой-санаасын, тиричилик өзгөчөлүгүн, нечендеген өмүр асылдыктарын, кунарлуу улама-окуяны, наркты сиңирип алып, келечекти карай куюндап жүрүп отурган, сел болуп аккан, бүркүт болуп шаңшыган, каркыра сымал куйкуулаган кыргыз жаны. Ошол эле учурда "Манас" - бул Байыркыны, Кечээгини, Бүгүнкүнү жана Эртеңкини бириктире кармаган аягы үзүлбөс, кайталангыс жана бирден бир сейрек кездешкен бүтүндүк. Түбүң түшкүр дүйнө, түбүң түшкүр дейин десең, деги эле түбү жок, баш-аягы жок, чесизден чексизге төнүп кете берген, ой жетпеген дүйнө өзүнүн жаратмандык кудурет-күчү менен "Манаска" тете, тең туундуну марттык кылып бардык учурда жарата бербесе керек. Сараңдык кылган. Бирок мелтиреген мезгилдин жыл сүргүч касиетин күчсүздөндүрүп, Убакыт, Мейкиндик, Материя, Асман сыяктуу чалкып, башы кара, буту айры кишиден Кудай, Теңир деңгээлине чейин көтөрүлгөн, улам жашарып, түркүм-түс менен кулпуруп, тыңдаган журттун таламына эш, максатына маш, керектөөсүнө бап, аракеттине төп келген, ошентип, өз урпагын ээрчип, жакасына жармашып, этегине эрмешип кызмат кылган, ошол кызматынын акыбети кайтып, "кыргыз" деген элди сактап, кылымдын кыйырына,

урпактын учуна бөпөлөп жеткирген улуу "Манас" менен түбүң түшкүр дүйнөнүн түбү түптүү болмогу абзел. Ооба, "Манас", өзүндө айтылгандай, Асман менен Жердин тиреөчү, Ай менен Күндүн бир өзү, алтын менен күмүштүн ширөөсү, ай алдында дайранын салкыны, ободогу жылдыздын жаркыны... Бирок мен, баарын эмес, бул рухий көчтүн санжыргалуу сандыгында сакталып келе жаткан дүр-дүйнөгө бир гана өңүттөн серп салып карап көрмөкчүмүн.

"Маната", баарынан мурда, элдик педагогиканын кору, уюткусу топтолгон. Эпос революцияга чейин кадыресе элдик мектептин милдетин өтөгөн. Албетте, "мектеп" дегенде классы, партасы, доскасы бар, телегейи тегиз имарат-жайды түшүнүүгө болбойт. Бирок мектеп болоаларлык эки чоң өбөлгө тең анда бар эле: бири - кенири маалымат берүүчү булак (манасчы), экинчиси - кабыл алуучу тарап (угарман). Ал эми өткөрүлүүчү орун боз үйдүн ичиндеги очок боюнан тартып кыргыз шартындагы той-томолокко байланыштуу көп эл чогулган жыйынга чейин камтыган. Ал мектептин окуучулары катары кирпик ирмебей тыңшашкан бөбөктөрдөн өбөктөгөн карыларга чейин эсептөөгө болот. Алар манасчынын талант -дараметине арбалып, таасирленген, эпостогу бүткүл окуяны же анын бөлүкчөсүн бардык маани - жайы менен кабылдап, акыл-эсине токуган, таалим-тарбия алган. Же бүгүнкү мектептин көзү менен карасак, угарман кадимкидей билимге ээ болуп, көз карашы, жан дүйнөсү, жүрүш-турушу калыптанган. Демек, "Манасты" аша чаппай эле тике көзөп айтууга болот, ал элдик мектептин милдетин өтөгөн. Башкача айтканда, мугалим - манасчы, окуучу - угарман, предмети - салт-санаадан Теңир таанууга чейин камтыган "Манас" үчилтиги. Айтмакчы, эпосто атайын бөлүп көрсөтүүчү, анын бардык катмарына, бардык окуяларына көрөңгө жана күлазык болуучу уютку мазмун бар. Ал "Манастын" тереңинде алтын уютку болуп тунат. Жана эпостун калган мазмунун нурдантып, изгилентип, байытып, көркүнө көрк кошот. Эмесе, ал кайсы? Ал "Манастын тереңинде алтын уютку болуп чөгүп жаткан нерсе - педагогикалык мазмун. Бул мазмун ар бир жаран, ар бир атуул үчүн мыйзам болгон төмөндөгүдөй милдет - озуйпаларды чеңгелдеп турат:

- ал - элдин бытырап чилче тарап, жок болуп кетпеши, бар болуп жашашы жөнүндөгү улуу толгоо, улуу санаа;

- ал - жок болуп кетпөө үчүн кара башты сайып, эрдик көрсөтүү, айбалтаны аштоо, азган журтту баштоо парзы;

кетпөө үчүн биримдикти бекемдөө, чачылганды жыйноо, үзүлгөндү улоо, кулаалы жыйнап куш кылуу, куранды жайнап журт кылуу парзы;

- ал - көр тириликтин артынан түшүп, жалаң керт башты аман сактап калуу далбасасынан "калкым кыргыз сен үчүн курман болуп кетейин" деген көз караштын бийиктигине көтөрүлүү парзы;

- ал - майдалап, маңбаштанып, жалаң кара курсактын кулу болуп кетпеш үчүн, айкөл Манаска жөлөнүү, аны өйдө бассаң өбөк кылуу, ылдый түшсөң жөлөк кылуу, "Манасты" отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн, кылыч чапса кеспеген, найза сайса тешпеген жарак катары тутунуу, туу казык катары түшүнүү парзы;

- ал - "Манас" аркылуу ар бир инсандын өзүн өзү көрүү, өзүн өзү тааныу жана ойгонуу парзы;

- ал - катуудан казан, жумшактан күл калганга чейин талкаланбоо үчүн, үрүп чыгар ит калбай, бүлдүргө кылар жип калбай калган трагедияга - кыяматка кабылбоо үчүн укум-тукумду тынымсыз эскертип туруу жана "Манасты" муундан муунга ата-бабанын мурас-керээзи, сабагы, нускасы катары өткөрүп туруу парзы;

- ал улуттук биримдикке, эркиндикти баалоого, жеңип чыгууга, ишкердикке, ар-намыстуулукка, улут аралык ынтымакка тарбиялоо парзы.

Ошону менен бирге ушул эпостогу педагогикалык мазмундун кабыл алуучунун акыл-эсине, жан-дүйнөсүнө жеткирүүнүн чокмороктошкон ыкмаларына, усулдук жолдоруна эгедер экенин да айта кетүү абзел. Усулдук ыкмалар табигый зарылдыктан улам пайда болгон. Антпесе, жылаңач дидактика кургак насаат боюнча калып, бир муундан экинчи муунга жетиши да күмөндүү болор эле. Ал эми кербенчинин төөлөрүндөй чиркелишкен нечен жүздөгөн жылдарды кечип өтүү үчүн эпос ар заманда жашаган кишилердин мүдөөсүнө төп келүү менен бирге, аларды ойготуунун, козгоонун жана таасир этип калыптандыруунун, ата-бабадан келечекке берилчү мурастын, атанарктын белгилүү бир түр-түспөлүнө ээ болушу зарыл эле да. Андай түр-түспөл, ыкмалар иштелип чыккан. Алар төмөндөгүлөр.

1. **ИШЕНДИРҮҮ УСУЛУ.** Эл да, манасчы да "Манаска" чыгарма, жомок, эпос катары эмес, болуп өткөн окуя, баштан өткөн чындык катары карашкан. "Манасты" угуп жаткандар ага шүйшүнө карашып, "Касиетиңден айланайын Манас, арбагыңдан айланайын Манас" - деп, бардык ынтаасын төшөп тыңшашкан. Анткени "Манас" - бул Теңир сабагы. Манасчы да жөн салды пенде эмес,

Манастын же анын айланасындагылардын биринин кайы-бы - арбагы даарыган адам. Ал "тигини айт, муну айт" деген кайыптын - арбактын буйругун аткарат. Манасчы ошонусу менен улуу, сыймыктуу, Теңир колдогон жаран, Кудай сүйгөн инсан. Керек болсо, манасчы угармандарга чоролордун ат дүбүртүн угузуп, тулпарлардын топуракка түшкөн изин да көрсөтөт. Ошондой эле ал байыркы дүйнөнү, адам өмүрүндө сакталган наркты, акылмандыкты бүгүнкү күнгө алып келе алат, кала берсе, ага угармандын өзүн, анын келечегин, үмүтүн да кошуп коет. Мындай мезгилди токтотуп, алмустактан берки акыл-эсте сакталып келаткан адамдарды жандандырып, аларды бүгүнкү адам менен кошуп жиберүү касиети айтуучунун чеберчилигине жана эпостун ишендирүү каражатынын өтө молдугуна байланыштуу.

2. АДАМ ӨМҮРҮН КӨРКӨМДӨП БЕРҮҮ УСУЛУ. Мында мазмундун жылаңач маалыматтар, кирди-чыкты сөздөр менен эмес, көркөм образ, эсте каларлык жана элестете ларлык туюндуруу каражаттары менен берилиши табигый зарылдык эле. Себеби далай карандай насааттар эсте калбай, муундан муунга жетпей өчүп калган. Ошол себептүү сөздөрдөгү ыргак, куюлушкан уйкаштык, мукамдуулук, элес, манасчынын кыймылы, ымдоо-жамдоо, кебете-кепширди кырдаалга жараша өзгөртүшү, обон жана булардын баарындагы эриш-аркактык терең мазмунду аркалап, угуучуну туткундап алган. Демек, адабий түр - бул адамзат тапкан боек, болгондо да мазмундун элге, баладан карыга чейинки жеткиликтүүлүктү камсыз кылган педагогикалык боек, же дидактикалык каражат. Ошентип, адабий түр, көркөмдүк, сулуулук, изгилик мазмундун түбөлүктүүлүгүн жаратат. Терең мазмундун муундан муунду аралап кетишине укук берет. "Манас" так ушундай түбөлүк өмүр сүрүү укугу *менен*, "Майланган буудай жүздөнүп, күүгүм туман көздөнүп" деген *өндүү нөшөрлөгөн сүрөттөөлөрү* менен миңдеген жылдарды кечип келет.

3. МАЗМУНДУ КЫЗЫКТУУ ОКУЯЛАР МЕНЕН ШӨКӨТТӨӨ УСУЛУ.

"Манастын" кайсы гана бөлүмүн албайлы, анда угууга ынтызарлыкты жана куштарлыкты ойноткон, жүрөк титиреткен күчтүү, нар көтөргүс окуялар ширелип калган. Учуп кетпесин деп тулпарына теңдеп кум артынып жүргөн алптан тартып орто жеринен билектей кызыл кан агып жаткан Үргөнч дайрасына чейин эстеп көрсөңүз. Же адырды алты айлана качкан Жолойду, чачында отуз-кырк чычкан сороңдогон Ороңгуну элестетиңиз. Укпай кое албайсың. Оокатың, жумушуң калса калат. Бирок

"Манасты" угасың. Камыштай жынч окуянын арасында бирде ыйлап, бирде ырдап жүрөсүң. Улама, болумуштарга каныктырылган, образ - бейне менен өзөктүү мазмунду аркалаган окуялар ааламы, окуялар бороону кыйкырык чуу-сүр менен, кардыкпаган үн менен бороондойт.

4. *НУСКАЛАП БЕРҮҮ УСУЛУ.* Бул - кыргыз элдик педагогикасында кең-кесири орун-очок алган күчтүү ыкма. Педагогикалык мазмундун тикелей өкүм, буйрук иретинде эмес, кыйытып, жаңсап айтуунун, маданияттуу түшүндүрүүнүн, адамдык инсандыгына кол салбаган сабаттуу, салттуу жана демократиялуу нускасы. Демек, "Манас" Манас баатырга жана анын шакирттерине, тегерек-четиндегилерге гана тиешелүү эмес, жок, ал ар бир инсанга, сага, мага - баарыбызга тиешелүү. Андан өзүңдү изде, өзүңдү тап. Ошол нускага ылайыкташып, өзүңдү ошого карата түздө. Анткени анда сага калтырган *ата-бабанын нускасы бар, өмүр болсо* чектелүү, *учурунда* үйрөнүлгөн, тиричилик сынагынан өткөн акылмандык баш менен кошо көргө кетүүгө тийиш эмес, кийинкинин куралы болсун, ошентип, бул нуска - мурас, өткөн муундун сага айткан тике керээзи. Эстеп көрсөңүз, жер майыштырган кол менен Жолой келгенде, Жакып сакалы дирилдеп, акылы биринден, тартуу тартып, багынып берүүнү ойлойт. А Манасчы? Атасынын бул кебине безге сайган эмедей секирип кетет: "Кокуй, ата, не дейсиң, жоого намыс бергиче, найзалашып топ бузам, ажалым жетсе окко учам", - дейт. Мына - эркиндиктин сөзү. Намыстын туу чокусу. Болбосо, жабырап: "Манас - укмуш, айкөл, эр баатыр" - дей берген бир кеп да, Манас менен өзүңдүн намысыңды ойготконуң бир кеп. Күчүң Манастыкындай болбосо да, сенде да эч ким тартып ала алгыс жана кол да сала алгыс ар-намыс бар. Эмне, ошол намысың тебеленип, Канчородой чыккынчы, Кыргыл чалдай бузуку, Абыкедей ээрчиме болушуң керекпи? Эмне, Жакып сыңары көр дүйнөнүн артынан түшүп, небереңе уу камдоо абзелби? Намысың жок болсо, бүгүнкү күндөгү кыргыз мамлекеттүүлүгүн бекемдөө ишинде уруучулук менен жердешчилик ырын ырдап, бөлүп-жарып, оң колуң менен сол колуңду сындыра чаап, оң көзүңдүн душмандыгы менен сол көзүңдү оюп салышың мүмкүн. Ошентип, өзүң менен өзүң алышып, итче ырылдашып жата бер. Өзүңө өзүң душман бол. Жок! Антүүгө болбойт. Табиятында Манастын, Бакайдын, Кошойдун, Каныкейдин, Чубактын, Алмамбеттин, Сыргактын, Семетейдин, Күлчоронун, Айчүрөктүн нускасы бар. Аларга кулак төшө. Оку! Алар сени жан дүйнөңдө ойгонсун. Айталы,

Акбалта үстөккө - босток мисалга алына бербеген каарман. Ошол карыя жер ооп тентип барган, эчкинин тоңгон майын жеп, калмак-манжунун малын багып, жүдөп-какаган кыргыздардын бутунан туруп, оожалып кетишине жол ачат. Аштык айдатып, эгиндин табагын тайга алмаштырат. Алтындын кенин каздырат. Натыйжада кыргыздын жегени ак нан болот. Жалаң эле Жакыптын алтыны алты там болот. Малынын көптүгүн айтпа. Мына, Акбалтанын билгирлиги, же азыркы тил менен айтканда, ишкердүүлүгү. Эгерде Акбалта ушундай ишкердүүлүктү жасабаган болсо, алакандай кыргыздын күнү эмне болмок? Курсактын камынан ары ойлоно албаган журт башка элге сиңип отуруп жок болуп кетмек. Ал эми Акбалтанын билгирлиги менен тентип барган эл кайра оңолуп, байып, эми кеткенден кекти, өткөндөн өчтү кууп алар, айбалтаны аштаган, азган журтту баштаган эрди тилеп отурбайбы. Ушул кичинекей нусканын бүгүнкү атуулдардан көптү каңкуулап турганын байкамаксан болуп коюу нагыз маңбаштык, нукура маңкурттук болор. Нускалар - бул боз үйдү боз үй кылып турган уук, керегелер. Ал эми мамлекетибиз боз үйдөн бекем, кооз болушу үчүн ар бирибиз кереге жайып, уук улашып жиберишибиз керек - "Манас" ушинтип айтат.

5.КЕРЕКТӨӨЧҮНҮН МҮДӨӨСҮНӨ ТӨП КЕЛҮҮ УСУЛУ. Мезгил, окуялар ийикте ийрилген жиптей тоголоктошкон - бир адамдын тегерегине топтолгон. Бул керектөөчүнүн мүдөөсүнө төп келүү, ага кызмат кылуу зарылдыгынан келип чыккан. Кыязы, мындай бүтүндүккө урунуп-колдонуу тажрыйбасы да көп кол кабыш кылган. Ч.Валихановдун "Манас" - бир мезгилге келтирилген жана бир кишинин - Манас баатырдын тегерегине топтолгон бардык кыргыз мифтеринин, жомокторунун, санжыраларынын энциклопедиялык жыйнагы" деген пикири эпостун керектөөчүнүн мүдөөсүнө төп келүү усулунун натыжасын баамдагандыктан айтылганбы деген ой туулат.

6. ТАҢ КАЛТЫРУУ УСУЛУ. Бул жалаң "Манаска" гана тиешелүү эмес, элдик оозеки чыгармалардагы адам көңүлүн эрксиз тартып алуучу фольклордук көркөм каражат болуп саналат. Болумуш, улама, санжыра, сыйкырчылык, чоңойтуп же кичирейтип көрсөтүүлөр - булар демейдегидей колдонула берүүчү усулдук ыкмалар. Таң калтыруу - турмуштук байкоонун натыйжасы. Атадан балага кургак сөз, жармач кеп калтырылбайт, анткени алар супсак келет. Ошондуктан жылаңач маз-муун башка ыкмалар менен кошо таң калтыруучу каражаттарды да колдонууга муктаж. Анткени ал

угармандарды, кабыл алуучуну тап жылдырбай, өзүнө магниттей тартып алышы керек. Эгер эпос ушундай усулдук мүмкүнчүлүктөрдү кенен-чонон пайдаланбаса, ал анчалык кызыктуу жана кулакка конумдуу болбос эле. "Манастын" миң жылдап такай колдонууда жана керектөөдө болушунун сыры да мазмундун көркөмдүк жана таң калтыруучу каражаттар менен жынч торчолонуп турушунда. Таң калтыруу - оозеки баяндагы өзгөчө туунду. Манас эмес, кечээги эле өткөн Курманжан датканын да тымызын колдогон жолборсу болуптур. Эмне, жолборс колдогону үчүн Курманжан энебизди байыркы дүйнөгө алып барып, мифтик каарманга айландырабызбы? Жок, бул Манасты, ж.б. өзгөчөлөнтүп көрсөтүүнүн, анын тегин адам эместиги туюндуруучу каражат экендигин моюндоого тийишпиз. Ошентип, "Манас" - таң калтыруучу, таңдандыруучу каражаттар менен эң сонун куралданган эпос.

"Манастагы" усулдук ыкмалардын өтө күчтүүлүгүн мындан билиңиз. Адам жанын эрте жашынан эле поэзиялаштырып салган. "Манас" менен дүрмөттөп койгон. Ошондуктан пенденин жадына "Мал багар уул болгончо, эл багар уул болсун", "Майланган буудай жүздөнүп, күүгүм туман көздөнүп", "Кылдыратпай уук чечип, шылдыратпай суу кечип", "Ок жыландай сойлогон, окторулуп ойногон", "Ак калпактын улугу, акылмандын тунугу", "Сары майдан омуруп, кантты кардай томуруп" деген сыяктуу ыр саптары сиңе берген. Аларды кураштырып, анан ага "барыптыр", "салыптыр", "калыптыр" деген өндүү уйкаштыктар менен өз сөзүңдү кошуп, ыргак жаратсаң, үйрөнчүк ыр көрөнгөлөнө баштаган. Ошентип, "Манас" адамды бала кезинен эле ыр жандуу кылып тарбиялап койгон. Демек, кыргыз элиндеги жамакчылык, төкмөчүлүк, оболу, манасчылардын көптүгү, варианттардын арбындыгынын бир тамыры да ушул жакта. Ошентсе да, "Манас" бул элдин ыр жандуулугунан, жалаң көркөм сөздү жанына эш тутуп, ага укмуштай кумар болгондугунан, же кайсы бир дөө-шааны өтөмө-өтө урматоодон, же сулуулукту өтө аздектөөдөн пайда болгон туунду десек, бул бир жактуу пикир болоор эле. "Манас" ошол эле учурда, элди кайратынан жандырбай кайрап, шыктандырып, таалим-тарбия берип туруу үчүн болгон калктын муктаждыгы. Бул муктаждык душман менен кагылышкан сайын эле эмес, тынч күндөрдө жана жеңип чыккан учурларда да коопсуз жана ынтымактуу жашоонун каражаты, жеңилип куугун-сүргүндө жүргөн убакта жок болуп кетпей, бар болуп жан сактоонун куралы болуп колдонулуп турган. Демек, "Манас" -

тарткынчыктабай эле айтууга болот, бул педагогикалык улуу чыгарма. Эл үзүрүн көргөн, миң жылдап колдонулууда болгон, анын саясында жашап өткөн элдин ар бир мууну үзүлүп түшүп жактырган жана келечекке - балдарына ыйык, кымбат мурас, кут, билим, байлык катары өткөрүп берген улуу илими, улуу наркы.

Албетте, улуу "Манаска" берилген бааны, ага болгон жетине албай сыймыктанууну ар бир гезиттен окууга, трибунадан угууга болот. Бирок "Манаска" берилген эң жогорку баа - анын мектепте өз алдынча предмет катары окутуу керек. Аны кечиктирбей окуу планына кийрүү, келечекке, урпакка беттеген тике багытынан тайдырбоо, адам, дүйнө, эл таанытуучу, агартуучу, тарбиялоочу мүмкүнчүлүгүн толук кандуу пайдалануу зарыл.

("Заман Кыргызстан" газетинен. 1994-жылдын 23 жана 30-декабрдагы сандарынан алынды).

КУТ КУРЖУН

Экинчи көзү

"...Көп кылымдар бою элдин рухий байлыгы катары жашап келген дастан акырында анын улуттук сыймыгына айланып, каны-жанына сиңишип, жуурулушуп кеткен, нечендеген замандар бою жаңы мууну тарбиялоонун мектеби катары кызмат өтөгөн".

(Аскар Акаев)

"...алды менен улуттук ар-намысыбыздын отун алоолонтуп жандырбасак болбойт. Улуттук улуу касиеттерибизди ойготпосок болбойт. Алардын бардыгы "Манас" эпосунан күндүн нуру сыяктуу чачырап тийип турат".

(Жунай Мавлянов, педагог, жазуучу)

Кут куржундун бул көзүнө төмөндөгүлөр салынды.

1. "Манас" эпосун орто мектепте окутуу боюнча усулдук багыттар, сунуштар. 1994-жылы Бишкек шаарындагы "Калем" ишканасы тарабынан "Манас сабагы" деген III-XI классттарга арналган окуу китеби басылып чыккан. Ал эмгек Бишкек шаарында, Чүй менен Ысык-Көл облусунун айрым мектептеринде, ал эми Талас облусунун бардык мектептеринде өзүнчө предмет катары өтүлүп жатат. "Манас" эпосун окутуу келечекте бардык

мектептерди кучагына алышы мүмкүн. Анткени ага кайрылуу, аны үйрөнүү, руханий кенчке айландыруу, улам жаңы муунду аны менен о.отуу жана аруулантуу эч качан токтобойт. Бул -муктаждык. Керектөө. Бул күнгө чейин миңдеген жылдарды аралай чаап, ошол жылдарда жашаган жандын ар биринин акыл-эсине, жүрөгүнө кантип кут болуп жаныл, эптеп сакталып эле калбай, канаты жайылып, учу узарып келсе, анан анын мин жылдык мааракеси белгиленип, ал кыргыз элине эле эмес, дүйнөлүк тойго айланып жаткан кезде, андан алынган осуяттар мамлекеттик маанидеги иш-аракеттердин чордонун түзүп жаткан убакта, "Манаска" болгон кызыгуунун жана андан руханий кубат алуунун аягы үзүлбөйт. Кайра күчөйт. Ошол себептен "Манасты" мектепте окуучуларга окутуп үйрөтүү иши да өөрчүйт. Ошондой эле ал тарбиялык иштердин да уюткусу. Демек, жогорудагы окутуу жана тарбиялоо жагдайларынан улам "Манас" эпосун мектептерде үзүрлүү окутуунун усулдук ыкмалары, багыттары жөнүндө кеп кылууга мүмкүнчүлүк түзөт.

2. **Манастын жети осуяты** боюнча чакан түшүндүрмө бар. Ал "Топтомо түзүү ыкмасынын кызматы" тутумунда берилди.

3. **"Манас" эпосунун окуу программасы.** Бул III-XI класстын балдарына арналган окуу программасы 1992-жылы түзүлгөн. Ошондон бери Талас облусунун бардык мектебинде "Манас сабагы" окутулуп келүүдө. Бул окуу программасынын түзүлүшүнө, "Манастын" мектептерде окутулушуна көрөөчтүк жана чечкиндүү аракет менен атуулдук эрдик жасаган адам Дастан Исламович Сарыгулов экенин белгилей кетүүнү жарандык парзым катары эсептейм. Бирок бул окуу программасы үлгү иретинде берилди. Ал эки багытта "Манасты" окутуучуларга кызмат көрсөтөт. Биринчиси - "Манас сабагы" окуу китеби так ушул окуу программасынын негизинде жазылган. Демек, ишти пландаштырууда мугалимге тикеден тике жардам кылат. Экинчиси - бул окуу программасы жалаң үлгү түрүндө, аны такыр пайдаланбай койсо да, же бөлүнгөн саатка, окуу жайынын, мектептин түрүнө карата алымча-кошумчалар менен өзгөртүп түзүп алса да болот.

1. ЭМИ СИЗ МАНАСЧЫСЫЗ

Манас сабагы... Укканга жаңы, али кулакка үйүр албаган олуттуу сөз. Бир эле саам эмес, эчен курдай "анын жүгүн кантип көтөрүү керек" деген жылт эткен сезим ой-боюнду тепчип аралап өтпөй койбойт. Апкаарыйсың. Бара көрөрбүз деп ноюбай койчудан эмес. Ошентсе да ал

колдон келерлик, а түгүл ийги, доор жарата аларлык иш. Баса, бул жалаң миң жылдыктын урматы үчүн эмес, табигый зарылдыктан жана эгемендүү мамлекет болуунун шарапатынан (айтса, айтпаса төгүнбү, "Манастын" мектептерде окутулушунун өзү зор эркиндик) улам пайда болгон "Манас" сабагынын жүгүн көтөрүүгө ким белсенет? Албетте, биринчи көңүлгө илинер нерсе, кыргыз тил, адабият мугалимдери. Алар кыргыз филологиясы, кыргыз адабияты (анын ичине "Манас" да кирери шексиз деңизчи) боюнча билим алган адистер. Бирок бул сабакты ыйгарууда шымаланып киришкен, ар-намыстуу, таланттуу, окутуудан майнап чыгара алуучу мугалимдерге (мейли ал тарыхчы, же башка кесиптин ээси болсун) таптаза бөгөт коюуга болбойт. Кыскасы, мектептерде Манас сабагы менен катар жаңы адистиктин пайда болгонун туйбай кое албайсың. Тилчи, тарыхчы, физик, математик, географ деп атап жүргөндөй эле, бул сабакты окутууну манасчы деп атоого да болот. Чоочубаңыз. Ырас, мурда нукура манасчыны да, "Манасты" аткаруучу артисти да, ага кошуп үйрөнчүктөрдү да "манасчы" деп келгенбиз. Эми окутуу турмушуна ыңгайланышып, ал сөздүн маанисин кеңитип алууга туура келүүдө. Мындан ары Манас сабагын окуткан мугалимди "манасчы" деп атоо керектей. Ал "Манас сабагынын мугалими", "Манасты" окутуучу" деген сыяктуу атоолорго караганда бир кыйла так, нары тил чайнатпай, мазмунга төп келет. ошентип, жергебизде - Талас облусунун бардык, Чүй, Ысык-Көл облусунун, Бишкек шаарынын айрым мектептеринде "Манас сабагы", "манасчы" деген сөз маанилери жаралып, окутуу турмушунун босогосун аттады. Эмне демекпиз, кудайдын кулагы сүйүнсүн!

Мына эми Манас сабагынын тизгин-чылбыры сенде, манасчы мугалим. Бул -улуттук ар-намыстын иши, элдин өзүн өзү таанышынын каражаты. Ошондой эле Манас сабагын октуу - атуулдук парз. Ошол себептен айтылуу кыргыз акынынын топ шиңгил ырын, манасчы мугалим, бул колдонмо сага таберiктелип жазылып жаткандыктан, бет ачар катары урунбай кое албаймын. Анан калса, биздин доордун Асанкайгысы, көрөсөн, акылгөй, залкар жазуучу агабыз Чыңгыздын "Жамийласында" аралчадагы жылгын менен чычырканактын ортосундагы бир түп четин жалбырттап күйгөн оттой болуп, көзжоосун алып сүрөткө тартууну "суранып" туруп алган жери бар го. Так ошол сыңары бул ыр өзүнөн өзү төп келип, мындан кийинки кеп кылынуучу мазмун менен эриш-аркак ашташып, бир эсе сүрөөнчү, айгайчы кейиптенип, "суранып"

туруп алгандыктан, окурман катары андан айланып өтүүгө шаам жеткен жок.

Буурул чачтуу акын минтип айтат:

"Ал - көпүрө,
Бир кылымдан бир кылымга салынган,
Ортосунда көбүк чачып күркүрөп
Мезгил - дайра агылган.
"Өткөр бизди
Бир доор артка,
Бир доор алга?" -
Күтөт анда калың жан...
Ал - көпүрө,
Бир доордон бир доорго салынган..."

Буурул чачтуу акын айтат:

..."Күн күркүрөйт -
Добулбастар кагылган!
Чагылган жарк -
Ак кылычтар чабылган!
Нөшөр куйду -
Сыр найзалар сунулган!
Сел каптады -
Сансыз кол,
Бүт улуттун денесинен агылган!..
Келди мына дарбазанын артына,
Эки эриндер - эки жактуу каалга,
Жай ачыла берди эле,
Аккулачан Манас шоп деп чыкты алгач
Анан кийин кырк чоро,
Анан кийин...
"Манас" айтат Саякбай.
Кеткендер кайта кайтат
Тирүү бойдон,
"Болгон экен", "өткөн экен" деп койгон
Түшүнүктөн бошонуп,
Тура-тура калышып...
Өтүп улам караңгыдан жарыкка.
Атып жаткан бир ажайып таңга окшоп
Кайра кайтат кеткендер...
Сен жол бер,
Атом, космос кылымы,
Пластмасса, иондордун дүйнөсү,..
Дүңгүрөбөй кое тур...
"Манас" айтат Саякбай...
Сөз дайрадай агат жай:
Сөздөн тынбай туруп жатат адамдар,
Сөздөн чууруп чыгып жатат курал, ат...
Сөздөр - жоокер

Качат жана качырат,
Сөздөр ыйлайт,
Кулайт жерге кансырап.
Түбөлүккө уктап калган аталар,
Кайсы жерди тиктесем,
Ошол жерден тиктегенсийт мени алар.
Жаным -тиги кыргын жүрүп жаткан жер
Кырк кабырга - күнгөй менен тескейлер,
Жатат азыр кол күчүнөн майышып,
Эрлер менин көөдөнүмдөн дем алып,
Колум менен барат найза сайышып...
"Манас" айтат Саякбай..."

Акын Сүйүнбай ушинтип айтат. Саякбай атага арналып жаз ıган ыр андан өтүп, куду эле мугалим манасчыга тиешелүү болуп калгандай. Ооба, манасчы мугалим -бир кылымдан бир кылымга, бир доордон бир доорго салынган көпүрө. Бул эки мезгил кыйырынын ортосунда көбүк чачып сөз дайрасы - кыргыз жаны күркүрөйт. Сөздөн тынбай туруп жатат адамдар. "Болгон экен" деген түшүнүктөрдөн бошонуп, небак көзү өтүп, жомокко, тарыхка, уламага айлангандар жаткан караңгы көрлөрүнөн шоп этип тура калышып, ураан чакырып, каптап келген жоонун алдын тосот. Ана, Манас, Бакай, Алмамбет, Чубак, Сыргак!...

Ошентип, бир доордон бир доорго өткөөлдүн милдетин моюндап жатып, балким, түрмөктөлгөн ойлоруна жуурулушар же жуурулушпас, төмөндөгүлөргө көз кырынды сала кет, манасчы.

1. "Манас" - жок болуп кетпөө жөнүндөгү улуу сабак

Бир кездеги көк темирден тон кийген бука моюн, буура сан, урунарга тоо, урушарга жоо таппаган баатырлар менен ок жыландай сойлогон, окторулуп ойногон, желгенине жел жетпес, басканына мал жетпес, калбыр өпкө, жез канат нечен тулпарлардын сөөгү алда качан сөпөт болгон. Жарды сайса эшкендей, ташты сайса тешкендей бөрү тил, түпөктүү найзалар, өрттөй жанып кызарган, уруштуу күндө узарган, шиберге койсо өрт кеткен, шилтегени мүрт кеткен кылычтар, сырдуу добуш менен адамдын сесин алып учкан жебелер чирип жок болгону качан. Нечен дүр дүнүйө, байлык да. Оболу түбөлүк жоголбойт деген түптүү эл да, мезгил дегениң катаал жана каардуу окшобойбу, кумга сиңген суудай жок болуп кеткен. Бирок оомалуу-төкмөлүү тарыхтагы нечендеген согуштардын кыйсыпырына, куугун-сүргүнүнө, аралашып, ошондо да жок болуп кетпей, сыры кетсе да

сынын жоготпогон кыргыз эли жөнүндө ойлогондо, биринчи иретте Манас жана ал жөнүндөгү үчилтик эпос эске түшөрү маалым. Шексиз, "Манас" - өзүндү өзүнө таанытуучу, өз күчүңдү сездирүүчү жана ар дайым акылды бириктире кармоочу асылзат илим. Так ушул жерден Чыңгыз байкебиздин "Манас" - дүйнө кезип, бүткүл аалам боюнча тарап кеткен улуу рух. Ага байланыштуу шаарлар, жер-суу аттары, эстеликтер, деги ушу керемет жөнүндө эске салган нерселер жер шарынын, дүйнөнүн бардык тарабынан кездешет. Бул тегин жеринен эмес. Туңгуюк ыйык сыры бар бир керемет. Мына ушунун өзү бүткүл планетардык глобалдык ойду камтып турат. Жер үстүндө цивилизация кечээ, бүгүн гана жарала калбаганын айгинелеп турган керемет да, таң каларлык да далил эмеспи. Манас рухунун дүйнөгө күн нурундай чачырап турганынын да керемет сыры бар. Манасчы да бул өнөргө жөн эле жеринен эгедер болуп калбайт. Өзүнчө сыйкыры, сыры бар. Аалам кубулуштары менен байланышка чыгып турган өзүнчө касиет. Ал эми манасчылык өнөрдүн өңгө элде жок, бизде гана бар экенине, эбегейсиз керемет колдоп, укумдан-тукумга уланып келе жатканына биздин элдин генийи гана эмес, көк теңир сүйүп кут кылган тагдыры. Байыркы заманда эле илим-билим укмуштуудай өнүгүп, керемет окуулар болгонун заман туңгуюгунан, азыркы аалам кубулуштарынан жана башка маалымат булактарынан угуп-билип жүрбөйбүзбү. Байыркы заманда эле Манас окуусу, Манас эли болгону биздин бир кездеги эбегейсиз цивилизациябыздын көрүнөө далили, ааламдын жандырмагы толук табыла элек керемет табышмагы эмеспи" *("Манас дубурту" гезитинин N 17-18 санынан, 1995-жыл)* деген ой жүгүртүүлөрүн кыстара кетүүнүн ыңгайы келди. Демек, "Манастын" өзүнө өзүндү таанытуучу улуу касиетин антаруу али келечектин иши. Балким, болочок изилдөөчүлөр сары изине чөп салып, сая түшүп отуруп, Манас окуусу менен куралданган Манас элинин ааламдык жана дүйнө түпкүрүнөн берки байланыштарын иликтеп чыгар. Ал эми "Манастын" көркөм дөөлөт түрүндө болушу кишилердин акыл-эсине тез жеткиликтүү, кулакка тез конумдуулукту камсыз кылган.Анан да өзгөчө бир касиетке ээ: кубулмалуу, керектөөчүлөрдүн түпкү мүдөөсүнө жараша мазмунун улам жаңы нерселер менен толуктап, сенектикти билген эмес, укум-тукумду ээрчип, улам келечек муунду кароолго алып, ошого карата ыңгайлашып, ар бир кылымдагы калайык-калкка өзүнчө да, ошондой эле бир нече кылымдар бою жалпы да кызмат көрсөткөн, ошонусу менен утуру таасир-таалим берип

турган жандуу эпос. Ушул кубулмалуулук менен адабияттагы өзгөчө бир балким, айталы, В.Шекспирдин драмаларынан, Л.Н.Толстойдун "Согуш жана тынчтыгынан", Ч.Айтматовдун "Кыяматынан" айырмаланган түр иштелип чыкканын баамдоого болот. Бул адамдарга такай кызмат көрсөтүү талабынан жаралган окшойт. Арийне, өлбөстүк" деген түшүнүктүн өзү жөндөн жөн эле пайда боло калган айрыкча касиет эмес, ал бардык учурдагы жашаган адамдарга кызмат кылуунун (ар бир муунга өзүнчө) нак өзү. Анткени өзгөрүп жаткан окуялардын, ысымдардын, аталыштардын, аймактардын далдасында эркиндик, бөштөндүк, көз каранды эместик сыяктуу элдин мүдөө-тилегин көтөргөн улуу ойлор, толгоолор, көз караштар жатат. Эл деген түшүнүк ондогон кылымдарды камтыган бүтүндүктү туюнтса да, жаңы төрөлгөн бала үчүн бүт дүйнө жаңы. Ага "Манас" да жаңы. Ошондуктан *"Манас" элдин өзүн оз тукумуна таанытып туруучу улуу дүйнө.* Ошондой эле өзүндүн ким экениңди таанытуучу рухий курал. Байыркы жашап өткөн ата-бабаңдан бери улам бир жумуру баштан кийинки жумуру башка калтырылып келе жаткан жашоо сырын, ата-наркты, карынын кебин аркалаган улуу сөз кербенин кийинки муунга өткөрүп бербей коюуга кимдин акысы бар. Ага ким кол шилтеп сала алат? Кээде кызык, улутбезер, тилбезер болбосоң да, күндөлүк тиричиликтин убаракерчилигинен улам өзүңдүн ким экениңди анча этибарга албайсың, зарылчылыгы жоктой туюлат. Ошондой учурда төбөңдөн учкан, адам жанынан пайда болгон ак куш Найман-Энечесинен: "Сенин тегиң - Манас, сенин ураның - Манас, сенин келечегиң - Манас! Эсиңе кел, балам, ышынчаактыктын, ынтаасыздыктын жана аракечтиктин сазынан суурулуп чык, уулум! Эмчегим сыздап ооруйт, атыңды, тегиңди, ураныңды, улуу нускаңы унутпа, чырагым, кара чечекейим" дейт беле. Мына эми Найман энечесинен аппак куш болбой эле кыргыз жаны - "Манас" мектептин төрүнө өттү. Ачык эле айткан жакшы, Өктөбүр төңкөрүшүнө чейин "Манас" элдик мектептин милдетин өтөгөн. Ырас, атайы классы болбогон, "мектеп" деп да аталган эмес. Бирок улуу мугалими - манасчы, же "Манасты" билген адамдар болгон. Очок боюнда, талаада, кокту-колоңдо, эл арасында - бардык жерде урушкан. Кирпик да ирмебестен. Ынтаа менен, тамак-ашты да, тириликтин көйгөйүн да унутуп коюп тыңшашкан. Бул эмне? Өнөрдүн күчүбү? Ооба, адабият өнөрүнүн күчү, аны менен кошо жашаган үндүн күчү. Бирок ошол эле учурда "Манас" адабий чыгарма да эмес, укум-тукумду ээрчий келаткан жана келечекте да

бул озуйпасы улана берүүчү *өмүр сабагы*, ата-бабанын кеменгерлиги, сөз өнөрү менен жуурулушкан *жашоо жөнүндөгү нуска*. Теңир сабагы. Эмне үчүн Теңир? Бир эле учурга эмес, миңдеген жылдар бою элге кызмат кылып, үзүрүн көрсөткөн сабак Теңир сабагы болбогондо эмне? Ооба, "Манас" - бардык мезгилдеги жашаган кыргыздардын жанынын кошулушу, акыл-эсинин казынасы, нарк-насили, көркөм дөөлөтү жана да ушунун баарынын бир бүтүндүккө уюп бүтүшү. "Манаска" бүгүнкү күндө ар ким алынын келишинче кошор, бирок, андан алып отуруп түгөтө албаспыз. Сөздүн аркасындагы турмушту ачсак, илимдин канчалаган салаасы үчүн түгөнбөс күлазык жатат. Ал эми искусство өнөрүнүн сузуп алары канча дейсиз. Чет оюла элек. Алыкулдун сөзү менен айтканда, бул бир четин мүлдө кыргыз көтөрө алгыс ажайып килем. Оболу "Манастагы" сөз боекторун да толук изилдей элекпиз. "Гипербола, эпитет, литота" деген терминдерден алыстай албай жатабыз. Анын көңүлдү тап жылдырбай тартып алуучу, таң калтыруучу, кызыктыруучу, ошол эле учурда бир угуу менен эле эсте калууга зор мүмкүнчүлүк ачкан касиеттери да чети оюлбаган боюнча. Ошентип, үстүрт үңүлүп караган кишиге деле дароо баамдалат, "Манаста" элдик педагогиканын кору, уюткусу жайгашкан. Андан педагогика, психология жана методика илими аябагандай көп нерсе ала алар эле. Сөз боекторунан тартып баатырлардын таржымалына чейин педагогикалык нускалар жынч камтылган.

Эми "Манас" - баарынан мурда жок болуп кетпөө жөнүндө укум-тукумга такай, тынымсыз баяндалып турган улуу сабак. Тарыхта жана эскерилгендей, не бир дөө, шаа элдер жоголуп кеткен. Не бир алаамат, кыргын согуштардан кийин журт суюлуп, тирүү калганы кул, күңгө айландырылган, алар акырындап отуруп эне тилин жоготуу менен бирге башка элге сиңип кеткен. "Манастын" өзүндө да Ирандан Кебез Тоого (Гималайга) чейин чачырап тарап кеткен кыргыздар жөнүндө кеп болот. Ал эмес айкөл Манас да чет жерде төрөлөт. Ушундай шартта акырындап бөлөк элге сиңүү - демек, жоголуп кетүү табигый нерсе. Бирок кызыл кыргындан кийин да, нечен чилче таратып жиберүүдөн кийин да, кыргыз элинин жоголбой ураанын бек тутуп жашап калышына тике эле айтуу керек, биринчи иретте "Манас" себепкер. Ал эпостун мазмуну далилдеп тургандай, чачылганды жыйнаган, үзүлгөндү улаган, "айбалтаны аштаган, азган журтту баштаган", өйдө басса өбөк, ылдый басса жөлөк болгон. "Манас" кулаалы жыйып куш кы-

лып, куранды жыйып журт кылган. Элдин элдигин коргогон, сактаган улуу таяныч. "Манас" - бул жалаң көр тирликтин сазына батпай, жалаң керт башты, байлыкты сактоодон өйдө көтөрүлгөн улуулук. Калайык-калкты кылычтан курч, чептен бекем, жебеден учкул куралы - "Манасы" жок болуп кетүүдөн сактаган. Бул жарагы колунда турганда кыргыз баласынын башы биригип, ооруган жери басылган, умачтай көзү ачылган. "Манастагы" баарынан жогору турган улуу бийиктик - эли үчүн, журту үчүн керт башын садага чаап, өлүп кетүүгө даяр туруу, демек, өмүрүн берүү, жанын кыюу. "Найзалашып топ бузам, ажалым жетсе окко учам, бирок Жолойго журтумду тебелетпейм", - дейт Манас тартуу берели деген Жакыптын сөзүнө безге сайган немедей секирип. Мунун өзү -улуу эрдик! Калк үчүн көктүк менен кыл чайнап кармашуу, өлсө өлүп калуу, бирок жеңилбөө - бул миңдеген жылдарды кечип келген элдик педагогика. Ооба, ал миңдеген жылдардын саясында жашаган кырк уруу кыргыз элинин, оболу анын ар бир кишисинин жактыруусуна ээ болгон, керектөөсүнө бап келген улуу сабак. Мындай укум-тукумга мурас катары берилип келген жана мындан ары да берилүүчү акылгөйлүктү фанатизм деп эсептөөгө болбойт. ("Манас сабагынын" бет ачарында душман Түлөбердинин жарагын - "Манасын" угуп, элди чаппай, сапар карып кетиптир деп, артка кайткан учуру бар). Ошентип, жок болуп кетпөө жөнүндө улуу нуска дайыма өзүн актаган - эл сакталып калган. Ал эми ушундай улуу куралды башка бардык тиричиликтин түрлөрүнөн, өнөрдүн бардык тармагынын ичинен жогору санап, аны ыр океанына чейин бапестеп өнүктүргөн элге кийинки урпактар ыраазы.Кыскасы, эл "Манасты" жараткан, кайра "Манас" элди үйрөткөн. Мындай эриш-аркактык миңдеген жылдарды кучагына алган. "Манас" - кыргыздын өзүн - тилинен Теңир акылмандыгына чейин мазмунуна чөгөрүп турган, сиңирип турган керемет. "Элдик" дегенди калайык-калктын турмушун чагылткан жагдайында жалаңкат түшүнүү бөксөлүк кылат, "элдик" дегенден жалпы журтчулуктун элеп отуруп, таразалап отуруп түзгөн жаратмандыгын да туюнуу кажет.

Кыскасы, дагы бир жолу баса белгилөөгө болот, "Манас" бул калайык-калктын жүзү, ажары, миңдеген жылдарды кечип, тегерек-четиндеги нечендеген өмүр асылдыктарын, кунарлуу нарктарды өзүнө сиңирип алып, келечекти карай Желмаян сыңары куюндап жүрүп отурган, сел болуп аккан, каркыра сымал кыйкуулаган кыргыз жаны. "Манас" үч мезгилди, кут куржундун

биринчи бөлүгүндө айтылгандай, кечээгини, бүгүнкүнү жана эртеңкини бириктире кармаган кубулуш. Тагыраак айтканда, өткөндүн баары "кечээгиге" бириккен, кечээги "бүгүнкүгө", бүгүнкү "эртеңкиге". Мындай бириктире кармоо бир бүтүндүктүн түзүлүшүн шарттаган. Бирок мунун баары табигый түрдө жүргөн. Бул үч мезгилди бириктире кармоонун сыры элдик жалпы керектөөнүн болушунда. Керектөө, болгондо да үзгүлтүксүз элдик керектөө гана "Манаска" узак өмүр берген. Тынымсыз чыгыштан батышка, батыштан чыгышка каптап турган жортуулдар бир кылымдын саясында эле болгон эмес. Манаска кайрылуу табигый зарылдык эле. Ошентип, Манастан "Манас" өсүп чыккан. Ал эми керектөөдө болгон нерсе эч качан карыбайт, келечектүү, ага дайым муктаждык түзүлүп турат. Өз кезегинде керектөөнүн өзү колдонулуу аркылуу жүзөгө ашат. Дайыма колдонулууда болуу "Манаска" сенектикти берген эмес, ал мезгилге, керектөөчүлөрдүн каалоосуна ыңгайланышып, элдин эркиндикке, боштондукка, биримдикке байланыштуу түпкү максаттарынын коломтодогу чогун өчүрбөй, улам жаңы окуялар жана келечектеги мүдөөлөр менен от ичегиленип жүрүп отурган.

Анан да "Манаска" азыркы кезде кайрылуу зарылдыгы болбой отурабы. Уруулук бөлүнүп-жарылууга - трайбализмге так "Манас" менен сокку урууга болот. Эркин кыргыз мамлекетин чарбалык жана рухий жактан түбүн түптөп кетүүдө Манастын туусу бекер жеринен Республиканын туусу катары көтөрүлүп отурган жок. Ошол эле учурда өз сезимиңде "Манастын" ойгонушу - бул адам жанынын арууланышы. Миң жылдык рухий дүйнөнүн, жеке инсандын жаны менен тогошуусу. Мында жандардын биригишинен нурдануу жүрөт. Жандын арууланышы - бул кулчулук сезимден, маңкуртчулуктан (маң баштуулуктан десе да болот), улут безерликтен арылуу, өз каныңда түпкү тегиңдин намысчыл, билгир, эр жүрөк, досчул, шамалдай сызган эркин, ишкер, акыйкатчыл, нарктуу, калыс, ыйман-ызаатчыл, жоомарт, ак көңүл сапаттарынын агып жүрүшүн сезүү жана ага тоон кылуу. Балким, арбагы бийик Манас атабыз ар бирибиздин көзүбүз аркылуу бүгүнкү күндү - сени, мени - баарыбызды тиктеп тургандыр. Анын насилинен жаралган тукумдары кишилик наркын кандай алып жүрдү экен. Майдаланып, турмуштун күнүмдүк ыпырсыпыры - амал менен жүз кубулуу, алдамчылык, ач көздүк менен ооруп, күлдү күчүк болуп наркы тебеленип жаткан жокпу? Анда, адам уулу, башыңды көтөр да, "Манас" менен жарыктан, "Манас" менен ойгон.

Ошентип, "Манас" деп аталган улуу ааламдын - элдик педагогиканын тизгин-чылбыры сенде, мугалим. Бул Теңир сабагынын келечек ээлерине жетип-жетпей калышы сага байланыштуу, мугалим-манасчы. Эми Сиз "Манас" менен окуучунун ортосунда турган көпүрөсүз.

2. Эске алар эки нерсе

Манас сабагына даярдануууда эки нерсе эсте болушу абзел. Бул экөөн башка иштерден бөлүп алып, аны көзгө басар катары тутунууга болот.

Биринчиси. "Манасты" сөзсүз окуу. Сабакка баруу үчүн "Манасты" атайы, кайрадан окуу - милдет. Качандыр бир убакытта окуганыңдын негизинде чала-була, үстүрт билгениң боюнча балдардын алдына барууга болбойт. От тутанта албайсың. Кайсынысы болсо да окуу зарыл. Мейли бириктирилген вариант, Сагымбайдын же Саякбайдын "Манасы", же баян түрүндөгү С.Мусаевдин, кара сөз түрүндөгү А.Жакыпбековдун "Манасы" болсун. "Манасты" кайрадан атайылап окуу деген эмне? Бул - "Манас" менен өзүңдү дүрмөттөө дегендик. Бул - окуп баратып ой жүгүртүү, андагы ойду, көркөмдүктү, элести жана окуяны бойго сиңирүү, ошолор менен өзүңдү ойготуу. Бул -окуп жатып өзүңдү өзүң чыңоо, толгоо, көбүрүп-жабыра толкундоо, чечбереке болуп агылып-төгүлүү, шаттануу, кейүү. Ошондо алысты көрөсүң, улам "Манас" жаңы маани болуп ачылат, улам "Манас" жылдыз болуп койнуңа агылып кирет, Күн болуп нурун төгөт. Сөздүн аркасындагы турмуш тирилет. Эгер окууга кайдыгер мамиле жасап, өзүң эргүү менен айтып берүү бийиктигине көтөрүлө албасаң (өзүң эргибесең, кимди эргитесиң), кирди-чыкты сөз менен "Манасты" эптеп өтө салсаң, анда сен толгонбогон комузсуң. Толгонбогон чертмектин "Кыргыз көчүнө" тили келбейт, башыңды оорутат. Мындай учурда чарчайсың. Эмгек азапка айланат. Демек, кур дүрмөт менен куралдануууга болбойт. "Манасты" өмүр сабагы кылыш үчүн окуп бараткан кезде эле өзүң туйган маселени, толгоону белгиле да. Ошондо бир окуганыңды кайра-кайра окуудан, улам издеп убара болуудан кутуласың. Демек, чыгармачыл эмгек "Манасты" чыгармачылык менен окуудан башталат.

Экинчиси. Мына, окуп баратып "Манас" менен өзүңүздү дүрмөттөп, окуяларды бойго сиңирип бүттүңүз дейли. Тулку-боюңузга "Манас" мелт-калт толуп турат. Күргүштөнүп. Толкундардай бирин бири кубалап. Эске да, акылга да сыйбай күү-шаа түшүп. Мындай учурда сизди толгонгон комуз менен салыштырса болот. Бирок аны комузчунун сыйкырдуу колу күүгө келтирет да. Ошо

сындары окуп, даярданып алган нерсеңизди балдарга кантип жеткирүү керек. Демек, изденесиң. Так ушул жерден биринчиге шайкеш экинчи олуттуу иш башталат. Ырас, изденүүгө ашмалтай жолдор жок. Бирок аракеттин жолу да көп түрдүү. Изденүүдө, педагогикалык табылгага ээ болууда эмне кымбат? Жекече мүмкүнчүлүк, тапкычтык, тобокелчилик, чечкиндүүлүк, улам бир ыкманы үзүлүп түшүп сынап көрүү, үзүрлүү, ортозаар, алашем жактарын аныктоо жана анын пайда болуу себептерин билүү. Мисалы, Алмамбет баатырдын Кытайдан качып келиши эпостун варианттарында түрдүүчө түшүндүрүлөт. Бирөө анын келишин Алмамбеттин мусулманчылыкты кабыл алышы менен байланыштырат. Экинчисинде Коңурбай менен болгон жер чатагынын ырбашынан качкан дейт. Ошондой эле улуктун урматына адамдан курмандык чалуу, Эсенкан үчүн бойго жеткен улан менен кыз баланын өмүрүн кыйып, алардын боорунан кишини жашартуучу, дары жасоо сыяктуу жаман адаттар Алмамбеттин өз элинен кетишине себепкер болуптур. Мына ушул үч себепти кантип түшүндүрүү керек? Антүү үчүн балдарды кантип чыйралтса болот. Алдыртан кайраштырыппы? Же утуру айрым ырастоолорду дароо төгүндөп коюппу? Же шектенүүнү ырбатыппы? Же далилденген тыянакка эркиндик бериппи? Балким, бири-бири менен айтышкан эки жамаатты түзүш керектир. Же окуучу өзүнүн толгоолорун дилнаамада (сочинениеде) жакшы чагылта алар. Балким, жогорку үч себептин бири эле эмес, үчөө тең туурадыр. Туура болсо ал үчөөнүн тең бир кишинин өмүрүндө кездешиши мүмкүн да. Же тарыхтын, мезгилдин эпостогу изиби? Кыскасы, "Манасты" үйрөтүү менен аны баланын акыл-эсинде кантип иштеп чыгуу керек? Адегенде өзүңдүн ичиңде каршы-терши соккон бороон болсун. Толгоо, санаа, көркөм факты турсун тулкуңда. Анан алар сенин оозуңан от болуп атылып чыгат. Ээ-жаа бербей, ашып-ташып. Ошондо, сендеги агылып-төгүлүп толкунануу баланын жан-денине жеткенде, болгондо да супсак насаат сөз менен эмес, кызыктуу окуя менен ширешип жеткенде, ошондо терең кабылдоо (түшүнүү) жүрөт. Бала мугалимден укkан таасирдүү баянды унута албай койсун, керек болсо түшүндө да көрсүн! Байкасаңыз "Манастын" өзү ошондой адамга таасир этүүчү (мимикадан обонго чейин) дидактикалык каражаттар менен шайма-шай куралданган. Демек, сиздин жан дүйнөңүздө бороон болгондо, ишениңиз, ал сөзсүз баланын дүйнөсүндөгү бороонго айланат.

Демек, "Манасты" чыгармачылык менен окуу жана аны окуучуларга кантип жеткирүүнүн жолдорун алдын ала

ойлоо сабакка даярдануу деген ишмердикти түзөт. Ошондой эле Манас сабагынын жогорку талаптары мугалимдеги эки сапатка таянат, бири - анын адистик парзы, экинчиси - ар-намыстуу атуул экендиги. Адис жана атуул бул кош басмайыл сыяктуу нерсе.

Эми "Манас сабагы" окуу китеби жөнүндө. Бул колдонмо ошол окуу китебинин негизинде түзүлдү. "Манас сабагы" - бул окуу куралы. Ал үчүнчүдөн он биринчи класска чейин камтыйт. III-VII класста "Манастын" үч бөлүмү өтүлүп бүтөт. VII-XI класстарда мурдагы үйрөнүлгөн урунтту жана жүрөк титиреткен окуяларга таяна отуруп, "Манас" дүйнөсү, ага мамиле, тарых жана манасчылыкка байланыштуу маселелерди талкуулоо кароолго алынат. Бардык материалдар "Манас сабагы" боюнча түзүлгөн чежире-программага төп келет. Ошондой эле ал чежиренин түпкү максатын аркалагаи, жол-жосундарга ылайыкташкан. Баса, бул усулдук колдонмо "Манас сабагы" окуу китебинин ар бир темасы боюнча бөлөк-бөлөк сөз кылбайт. Антүү деги эле мүмкүн эмес. Анын ордуна окуу материалдары окшоштуктары боюнча топтоштурулуп, сөз ошолор жөнүндө жүрөт. Мисалы, "Манастын " өзөк окуяларын окуучуларга кантип үйрөтүү керек? Бала угууга кандайча даярдалат? Кандай ой толгоочу материалдар сунуш кылынат? Сөз берметтерин үйрөтүү менен көркүү окуулар кайтип уюштурулат? "Манаска" окуучунун жекече мамилеси кантип түзүлөт? ж.б. Колдонмо ушул сыяктуу маселелерди өзөк кылып алды. Айрым бир алынган үлгүгө басым жасайт да, майда-чүйдөлөрүнөн бери терип-тепчип айтып отурбайт. Демек, окуу программасы тутунган башкы багыттарды ишке ашыруунун жол-жосунун, ыгын сунуштайт.

2. "МАНАСТАГЫ" ӨЗӨК ОКУЯЛАРДЫ ҮЙРӨТҮҮ

Бала качан өзөк окуяларды өздөштүргөндө гана, "Манасты" билет. Бирок өзөк окуялар эпостун бардык варианттарынын жыйындысы эмес. Ошентсе да, куру алакан эмеспиз, колубузда академик Болот Юнусалиевдин редакциясы менен жарык көргөн "Манас" үчилтигинин кыскартылып бириктирилген варианты бар (ал төрт китептен турат, 1958-1960-жылдарда жарыяланган). Мына ушул бириктирилген вариантты өзөк окуялар катары кабылдоого болот. Себеби ага Сагымбай, Саякбайдан тартып көптөгөн манасчылардын нускалары камтылган, алар кыйыштыруу, бир нукка топтоо жолу менен бириктирилген. Бирок ал бардык варианттардын өзгөчөлүктөрүн сактай алба[illegible]. Мындан бардык варианттарл

сөзсүз окутуу керек деген тыянак чыкпайт. Иш жүзүндө антүү эч мүмкүн эмес. Ошону менен варианттардагы олуттуу өзгөчөлүктөр жөнүндө көп кылбай кетүүгө деги эле болбойт. Демек, өзөк окуяларга таяна отуруп, башка нускадагы негизги деп саналган өзгөчөлүктөр да айтылышы керек. Ал ой жүгүртүүгө, салыштырып акыл калчоого эң сонун жем салды боло алат. Ошону менен жүрөк титиреткен өзөк окуялар көркөм уюткунун милдетин да өтөйт. Ошол себептүү ал татымынан ажыратылбай, чыгын жоготпой балдарга тартууланышы ажеп. Ал жалаң гана баланын угууга болгон чаңкоосун, кулак курчун кандырбайт. Ал да керек деңизчи. Баарынан мурда өзөк окуялар "Манас" үчилтиги айтмакчы болгон чоң дүйнөнү ачууга, өткөн мезгилге саякат жасоого, андагы адамдарды саресеп салып кароого, алардын эңсеген тилегин, ой чабытын, тиричилигин кабылдоого, тегиңди, урааныңды териштирүүгө мүмкүндүк берет. "Манасты" канат кылып, өжөрлүк менен салгылашып, башы азайса да, Мекенинен сүрүлүп кетсе да, элдигин жоготпогон калктын каармандыгын баяндайт.

Баса, "Манасты" окутууну эмнеден баштаса болот.

1. Өзөк окуяларды угууга даярдоо

Өзөк окуяларды угууга даярдоо эмне үчүн керек? Угууга даярдоо төмөнкүлөр үчүн зарыл: 1) баладагы угууга, билүүгө болгон керектөөнү ойготуу, билүүгө болгон зарылдыкты жаратуу, 2) кызыктыруу, таң калтыруу, балага жем салды таштоо, 3) кургак мактоодон, таңуулаган насааттан окуучуну арылтуу үчүн, 4) баяндоонун жөнөкөйлүгү жана ойго конумдуулугу менен окуядан ойду чубап алууга негиз түзүү үчүн.

Колдонулуу орду: 1) "Манас" үчилтигин окута баштоонун алдында, 2) керектүүлүгү туулган бардык учурда.

Үлгүлөр. Мисалга Түлөберди манасчыны алалы. Мугалим минтип айтат: "Илгери-илгери ушул эле биз жашаган аймакта Түлөберди деген чоң манасчы жашаган экен. Асман чарасы жыбыраган жылдыздарга толгон, жарты көмөчтөй болгон ай нурун төгүп турган түндөрдүн биринде душмандын жалмаңдаган он чакты жигити келип, бир көктудагы жалгыз үйдү камоого алат. Иттер чебеленип үрөт. Аттардын туягы ташка тийип жаркылдайт. "Ой, силер кимсиңер?" дейт сары тонун желбегей жамынып чыккан Түлөберди. "Бай чакырып жатат". Андан ары жигиттер сөзгө келбейт. Түлөбердинин эки колун артына байлап, атка өңөрүп чаап жөнөшөт. Артта иттердин үргөнү, ыйлаган балдардын үнү, Түлөбердинин аялынын

"Өлтүрдү, жеди, кокуй" деген чыңырыгы калат. Табият мурда кандай жымжырт болсо, кайра ошол кейпин киет. Деги эле эч нерсе - чуру-чуу болбогондой. "Эй, адам баласы, бул эмне деген кылыгың?" деп айтууга жарабаган баягы жылдыздар асманда өчүп-жанат. Менин эч ким менен жумушум жок дегенсип салкын жел бетти аймалайт. Үйдөн узагандан кийин, Түлөбердини бир жигитке учкаштырышат да, таң атканча желе-жорто жүрүп отурушат. Күндүн мурду көрүнгөндө олжолуу жигиттер бир түзөңгө жетишет. Кемегелер оюлган, андан типтик түтүн көтөрүлүүдө. Бирөөлөрү сайдан ат жетелеп келүүдө, бирөөлөрү сууга жүз чаюуда, ээр токумун жыйыштырып жүргөндөрү да бар. Түлөбердини ортодогу өргөөнүн жанына келип түшүрүштү. Ошо кезде таң каларлык нерсе болду. "Ээ-эй!" - деп талаанын учу-кыйырына жеткире кыйкырды да, Түлөберди шаңшып ырдап жиберди. Теңир келип баарына сыйкырдуу ырдан чачыла чачып жибергенсип, баары токтоду, ат токулбай калды, жолдо басып келаткан турган жеринде катты, кемегедеги от ичкерилбей калды. Кулактан кирип, муун-жүүнүнө жеткен ыр жанды көшүтүп, бул дүйнөнүн бар-жогун унуттуруп, терметүүдө. Бир маалда Түлөбердинин айланасына бүт аскер, кыргызды чаап, катуудан казанын, жумшактан күлүн калтырууга даярданып келген аскер топтолуп калыптыр. Алар колго түшүрүлүп келген, азыр мууздалып, анын каны менен туу кандашмакчы болгон (ушул жөрөлгө менен шерденип кыргызды басып кирмек) туткундун - Түлөбердинин ырын муюп да, уюп да угушууда. Ал ыр - "Манас" болучу. Жолдо ката манасчы баарын түшүнгөн. Ал шексиз курмандыкка чалынат, анын каны менен туу кандалат. Анан ошол тууну көтөрүп, душман кыргыз жерин каптайт. Эмне кылуу керек? Кой катары эле мууздалып, андан эч из калбай калабы? Эмне, Түлөберди деген эптеп эле ысык жаны бар бир бечарабы? Байкушпу? Жүргөн макулукпу? Жок! Ал башын өйдө көтөрдү. Анын көкүрөгүндөгү катылган аалам кыймылга келди. Адегенде бир күч алкымга тыгылып калгансыды, мууна түштү. Анан көмөкөйгө келип тиреле калган саптар жарылып кетти. Оозунан "Манас" төгүлдү. Ал башкалар үчүн жөн эле ырдай көрүнгөн. "Тобоо, тут-кунубуз ырчы экен, ырын угуп, анан курмандыкка чалалы", - дешкен. Касиеттүү сөз бермети адегенде эле куюн болуп, нөшөр болуп төгүлдү. Ичте ийи жетип, бышып калган Сөз ээ-жаа бербей тебилип чыкканда ушундай болот көрүнөт. Ошентип, сөз мааниси төгүлүүдө.

..."Тартуу берели деген атасынын сөзүнөн безге сайган немедей чоочуп кеткен Манас: "Кокуй ата, не дейсин,

жоого намыс бергенче, найзалашып топ бузам, ажалым жетсе окко учам", - деп шаттанат".

..."Эки колу шал болуп, бүткөн бою кан болгон Нескара шөмтүрөп арманын айтып турду:

Жолборс жолго жатарбы ай,
Жолукпаска жолугуп,
Жолум мындай катарбы ай!
Кабылан жолго жатарбы ай,
Кабылбаска кабылып,
Кадемим мындай катарбы ай!"

Душмандар сөзгө арбалып калган. Бирөө батынып: "Бүттүңбү?" - дейт түш оой. "Жок, жаңы гана башталды", - дейт Түлөберди. Эртеси болду - "Манас" түгөнбөйт. Күн күнгө өтүшөт - "Манас" түгөнбөйт. Күндөр аптага айлана баштады - "Манас" түгөнбөйт. Түлөбердинин кез-кези менен эс алдырып, тамактандырып алып эле кайрадан баштатышат. Ким билет, алар алдында өзү сүйгөн "Манасты" көкүрөк кере айтып алгысы келгендиктен, Түлөберди ырдап жибергендир. Айкөл Манас менен коштошоюн десе керек. Же эрдиктер дүйнөсүнүн чалкыган асманында чабыттап учуп, өз элинин баатыр экендигин, кез келген эле душманга тизе бүгө койбостугун, катылгандын катыгын бере тургандыгын жар салып айткысы келсе керек. Антпесе, эмнеге ырдады. Анын жан соога сураганы ыр маанисинен түк сезилбейт. Манасчы өз сөөлөтүн бузбай, наркын жоготпой айтууда. Чарчап-чаалыгуунун ордуна кайра күчөп, бет отунун тарамынан кызылы - наары кетпейт. Эмнегедир томогосун алган бүркүт сыңары шаңшыйт. А сөз бороону дагы эле уюлгууда.

...Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо болду.
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү зоо болду...

Түлөбердинин көкүрөгүндөгү Манас ааламы түгөнө турган эмес. Ал эми азыр "Кыр!" "Сой!" "Ур!" деп канды булоон кызыл кыргындын арасында жүрө турган (алар так ушинтип согушуу үчүн келген да!) жоокерлер беймарал "Манасты" угуп, кызыкка батып отурушат. Баары ыр ширесине малынып, туткундалып калган. Ошондо биринчи болуп ноодой узун кол башчы эсине келди. Шарт тура калды да, колун манасчынын ийнине жумшак койду. Түлөберди көптөн кийин гана оң ийининдеги салмактуу колду сезди. Кол башчы минтип айтып турду.

- Эй, баатырлар, сапар карып кетти. Жол болбой калды. Туткунубуз касиеттүү, ыйык киши тура. Бир нече жумалап айтса дагы оозунан шекер сөзү түгөнбөгөн, эрдикти, баатырдыкты даңктаган көсөм экен. Тууну мын-

дай кереметтүү кишинин канынан кандоого болбойт. Эми алдына ат тартып, үстүнө тон жаап, жолго чыгарып койгула. Ал эми аттын башын артка - үйгө бургула, баатырлар!"

Бул уламаны эл оозунан укканбыз. Аңгеме сыяктуу. Бирок окутуу ишине чоң кол кабыш кылып бере ала турган мисал (мындай айыл-апада айтылган элдик аңгемелерди эмне үчүн окутуу каражатына айландырууга болбойт, аларды издеп табуу жана пайдалануу - учурдун иши). Кандай кол кабыш? Мына, Түлөбердини окуучулардын ойлонуусуна түрткү бердирип көрөлү.

1. Эмне үчүн душман кыргыз жерин чапкан жок? Алар согушуу үчүн келбеди беле.

2. Анда согушам деп келип алып, кайра бир адамдын сөзүнөн коркуп кетип калган кол башчы кем акылбы же суу жүрөкпү?

3. Кызык, курмандыкка чалына турган кишини өлтүрбөй, кайра тартуу-таралга менен жөнөткөнү кандай? Ошончолук эмне болду?

4. Түлөберди ким? Ал сыйкырчыбы же манасчыбы?

5. Жоонун сапарын карыткан - чегиндирген Түлөбердиби же "Манаспы". Кимиси?

Ушул сыяктуу суроолордун тегерегинде окуучулардын пикирлерин, божомолдорун укса болот. Ой жүгүртүүлөр талаш-тартышка чейин өнүктүрүлүшү мүмкүн. Бирок бардык иште мугалимдин төмөнкү багыты үстөмдүк кылат. 1) Душманды чегиндирген, Түлөбердини өлүмдөн алып калган "Маната" кандай сыр бар? Кандай күчкө ээ? Баса, сен өзүң "Манасты" билесиңби? Билгиң келеби? Же аны билбей эле койгон жакшыбы? Өз элиң эле эмес, душман кадырлаган бул кандай улуу чыгарма. 2) Эгер сен ошол душмандын арасында тердигиңди жая салып отурсаң, башы алынат деген Түлөбердинин "Манасын" кирпигиңди да ирмебей ынтаа менен уксаң, эмне кылат элең, кандай чечимге келет элең. Баса, ошол жоокерлердин арасында отурган сен менен "Манасты" окубаган, Түлөбердини биринчи жолу угуп жаткан сенден айырмасы барбы?

2-үлгү. "Сагынбай элдик легендада айтылгандай, 14-15 жашынан эле түш көрүп жана Тыныбектен үйрөнүп манасчы болгон. Ал жаш кезинен эле оозго алынып, Ысыккөл, Тяньшань өрөөнүнө бүт айтып, анан Чүй, Талас, Кетментөбө, Алайга чейин айткан. Ошол "Манас" айтып барган бир жылы Чүй өрөөнүнөн 400 кер кашка жылкы айдап келген эле дешет.... 30 жашында Сары-Үйсүн, Кум казактарынын ырчылары менен жолугушканда, тигилер: "Биздин казак, кыргызда мындай

олуя ырчы жок" - дешкен экен. Кыргыздын улуу акыны Токтогул менен Кетментөбөдө кезигишкенде, Токтогул: "Кыргыздан мындай манасчыны эч көргөн эмесмин, эстен тандым" - деген дейт... Кээ бир учурларда... малга кырсык учурап, өлүм-житим болгон жерлерге касиети тиет дешип, Сагынбайды чакыртып барып "Манас" айттырышкан. Ошол сыяктуу адамдын оорусуна, балдардын жайылма ооруларына "Манас" айттырышкан. ...Элдин арасында анын образы мындайча айтылат: "жазы маңдай, жалын көз, бетинен ырыс тамган, ырына ооз ачкандан тең келбеген, жайкалган кара сакал, кара мурут, ак көңүл, кичи пейил, салабаттуу, чексиз адамгерчиликтүү, кыргызда чанда туулган бир адам эле".

..."Сагынбайдын сөздөрү башкалардыкынан бөлүнүп турат. Сагынбайды окуп туруп, башкалардыкына келгенде төрт катар үйдөн бир КАТАР ҮЙГӨ түшкөндөй ылдыйлай түшөсүң. Биздин кыргыз акындары айткандай, "Сагынбайдын бир сөзү - бир аттык"... Өзүбүздү көтөрбөй айтканда, орус классиктери жана Күн батыш адабияты менен тааныш биз сыяктуу кишилерге Сагынбай Орозбаков да Пушкин, Толстой, Данте, Шекспир сыяктуу таң калтыруучу күч болуп сезилет. Биз орустун улуу чеберлерине баш ийгендей, Сагынбайга да баш иебиз. Ал... улуу акын. Ал улуу эпосту түзүүчүлөрдүн бири... XX кылымда Сагынбайдын күчүнө тете акын туула элек десек жаңылышпайбыз"

(Алыкул Осмоновдун 1946-жылы 13-декабрда жазылган "Сагынбай Орозбаков" деген макаласынан)

Ошентип, бул үлгү да бир топ жүк көтөрө алат. Алар: 1) эмнеликтен Чүйдөн 400 кер кашка жылкы айдап келген, жөн салды бир иш үчүн кишилер сокур тыйын да бере койбос эле. 20-30да эмес, 400.., 2) ырдап отуруп, адамды, малды айыктырышы мүмкүнбү? 3) "казак-кыргызда мындай олуя ырчы жок" менен Токтогулдун "мындай манасчыны эч көргөн эмесмин, эстен тандым" деп айтканына сен кандайча баа бересиң? 4) "XX кылымда Сагынбайдын күчүнө тете акын туула элек" деген Алыкулдун бүтүмү менен макул боло аласыңбы? 5) Сагынбай менен Түлөбердиден кандай окшоштуктарды жана өзгөчөлүктөрдү табууга болот.

Албетте, суроолор мындан башкача да түзүлөт, ал мугалимдин эркин. Кептин баары мында: балдардын укканы өлүү мүлк катары калбашы керек, ал кыймылда, урунууда болушу абзел. Ой жүгүртүүнүн чордонуна айла-

нышы керек. Эң башкысы 400 кер кашка жылкы ынтызарлыкты ойготууга тийиш. Мында "Манас" аркылуу олуя ырчыга, Сагынбай аркылуу "Манаска" урмат, сый, тартуу ыйгарылып жатканын түшүнүү кыйын эмес. Бул үлгү да окуучунун "Манасты" билүүгө болгон ышкысын тутантат.

3-үлгү. Жазуучу Казат Акматовдун "Күндү айланган жылдар" деген романындагы бир окуяга окуучулардын көңүлүн буруу зарыл. Бул тарыхтын бир түпкүрүнөн калпылып алынган нуска. Мындай делет. Алтын чапан падыша Е-Люй-Хе тагында ойлуу отурат. Ага көчмөндөргө атайы барып келген билги вазири Ир-Сен бежиреп жатат.

- Отуз жыл сиздин көсөм жүргүзгөн бийлигиңиз хягастардын үшүн кетирип, амалын соолтуп, акыл-эсин тузактап, бизге ит сыяктуу берилген эки аякка айланткан эди. Карылары ата-бабаларын урматтаган чежире сөзүн эстен чыгарып, жаштары атам Хягас деп айткандан уялып калган эди. Отуз жыл мурда болгон биздин чапкынды, алардын кошуунун талкалап жок кылып, өздөрүн гөрткө бөлүп дүйнөнүн төрт тарабына самсыткан күндү 'силерге азаттык келген күн" деп үйрөттүк, ал күнгө багыштап мал союшат. Ажосу алык-салыкты жыйнап берүүгө өтө дилгир. Анткени ажо белекти жакшы көргөн хягас. Өткөн жылы ак кызматы үчүн ал алты кестик алды. "Ал кестик менен асман уулуна акарат ойлогондордун башын өзүм алып турам" деп элине жарыя кылды. Эли аны үндөбөй укту, көздөрүндө оту жок эди. Бирок эки жыл өтүп барсам, кекчил бөрүлөрдүн көздөрүндө жылт эткен от тутанып калыптыр, себебин издеп таппадым. Бөрүнүн көзүндө кыпын жанса, ал өрткө айланар... Хягастар кандайдыр бир ишенимге бел байлагансыйт, эркиндик эстерине келген өңдүү, мага белгисиз бир сыр алардын жүрөктөрүндө уялагансыйт, ошондон улам алардын нуру өчкөн сургулт көздөрү кайрадан тирилгенсийт.

Бул жолу алар кыргыздарга жумшак жибегин тартуулаган жок. Үч кыз: бирин ажого, экинчисин уруу бегине, үчүнчүсүн жылкычыга тартуу кылышты. Кыздар хягас-кыргыздардын сөзүн тыңшап, алардын көзүндөгү от кайдан пайда болду, ошол табышмакты жандырышмак. Акыры оттун булагын табышты. Лу-Гинь деген жапкак көздүү кубакай кыз Болчур деген жылкычы жигиттин колуктусу болгон. Ал жыл айланбай кыргыздын да тилин үйрөнүп алды. Күндөрдүн биринде, ай чыга элек күүгүмдө Лу-Гинь, Болчур атайы алып келип жашырып койгон чердин арасында отурса, туш-тараптан ат ойноткон жигиттер келип, жашыл тектирге чогулушту. Көп өтпөй

алар алоолонтуп от жагышып, ыр ырдашты. Лу-Гинь черден аярлап, отту көздөй жылды эле, ырчынын сөздөрү эми кулакка эшилип дапдаана

Баш көтөртпөй мазактап,
Баскынчы матап алганын.
Амал менен тузактап,
Азгырыкты салганын.
Төрүнө өтүп басканын,
Төбөнө камчы чапканын.
Төлөбөдүң салык деп,
Төрт түлүк малды чачканын...
Унуткун деп тилиңди,
Өзүнүн тилин таңганын.
Жер астында жез-алтын,
Күмүшүңдү казганын.
Текебер кылсаң салам деп
Төрүнө зындан казганын.
Эр азамат, унутпа.
Жети өлүп жерде калганча,
Кырк жылы жатсаң зынданда...
Эркиң бошоп калбасын.
Эрендин иши азаттык,
Элин муңдан куткармак
О, кыргыз атам урпагы,
Ошо эсиңден чыгып калбасын...

Отту тегеректеп караандар былк этпей таштай сенип отурушту. Аңгыча биринчи үн токтоп, ачуурак киркиреген башка үн коштоп кетти ырды.

Кайратың кетип боюңдан,
Азаттык кетип оюңдан,
Капалуу болгон чагыңды.
Зомбулукка басылып,
Жапалуу болгон чагыңды
Асылым, элим унутпа,.
Алдыда таалай багыңды,
Баатырларың өлгөндү,
Бадырак жүздөн айрылып,
Балакет күндү көргөндү.
Кыраандарың өлгөндү,
Кыйрысын жерге көмгөндү.
Кызыл бетин тыттырып,
Кыздарың тартуу бергенди.
Кыргыз атың айта албай,
Кырсыктуу күнгө келгенди.
О, боору бир элим, унутпа,
Боштондук таалай дегенди...

Мына ушинтип жигиттер оттон улуу жагып алышып, түндүн бир оокумуна дейре алмак-телмек ыр ырдашты. Алачыгына кайтып келишкенде, Лу-Гинь көздөрү оттой жайнап, адатта жер карап жүргөн неменин бир башкача шерденип, жүрөгү көөдөнүнө батпай делөөрүп калганын көрүп таңыркады. Эртеси Лу-Гинь башым дегендиктен, Болчур аны ажонун ордосуна алып барды. Лу-Гинь

күйөөсүн сыртка калтырып, дарымчыга киргенчекти арада түндө байкаган сырын Ир-Синге жашырын айтып чыкты.

- Йе, йе, йе, - деди Ир-Сен куудай чачын сеңселте көпкө дейре башын чайкап, - баатыр төрөлдү дедик, ал болбоду, акылман туулдубу бул элде дедик, бул болбоду, көрсө дастан жаралган тура! Ошондон күч-кайрат алып, тоонун жапайы бөрүлөрү уйкудан ойгонгон тура. Кылыч өтпөгөн, сууга салсаң чөкпөгөн өтө коркунучтуу жоо пайда болгон экен! Тикенди түбү менен жул деген. Тапкыла, ошо сандырак сөздү ким чыгарганын! Тилин сууруп, кулагына коргошун күюп койсоң, калганына мисал болоор!..

Боорлоруна булгаары тасма арчындап, боз таардан чолок чапан кийген желдеттер илгиртпей аттанып, тымызын эл аралап кетишти. Күн-түн дебей алдыртан иликтеп, айылдан айылга өтүп, өзөндөн өзөнгө түшүп, ат ойнотуп, кылыч чапканды унута түшкөн маңыроо, жоош элдин намысын козгоп, жаатын бириктире турган коркунучтуу дастанды кай ырчы баштаганын издеп таппай жүрүштү. Кыргыздардын кары-жашы дебей, "жок, андай ырды кулагыбыз эшиткен жок, башкалар билбесе, мен билбейм" деп тымпыйышты. Желдеттер жибек менен матага алданар киши табышпады. "Кол башындай алтын беребиз", - дешти. Лу-Гинь уккан ырдын ээси табылбады. Айла дагы акыры ошол Лу-Гинден болду. Ал Болчур кем таалайды мас кылды да, "Бу деген жезтаңдай тукумунун ыры. Андан башкалардын колунан келчи иш эмес" деген жообун угушту. Жезтаңдайдын тукуму деген бир өзөндө чогуу турган кырк үйлүү кыргыз бар эле. Эртеси желдеттер таң азандан ошерде болушту. Е-Люй-Хе падышанын желдеттери келди деп уруу беги чоң сый кылды, кызыр эмди тай союп, кымыз көлдөттү. Кырк үйдөн эки ооз ыр курабаган эр тана, созолонто кошок кошпогон кыз-келин жок болуп чыкты. "Биздин тукумга Көкө-Теңирим ушинтип чеп коргогон баатыр бербеди, арстан чапкан азамат айтпады, уулдарыбыз коен жүрөк, колдорунан келгени мына минтип комуз чертип жамактамай. Теңирим биздин тукумга маскарапозчулукту айткан экен", - деп уруу беги меймандарына арманын айтып отурду. Көрсө, ошол маскарапоздордун биринин оозунан чыккан сөз асман падышасын (Е-Люй-Хени) түйшүккө салып отурганы менен бу айылда эч кимдин кабары да жок экен. Ал эми азаттык жөнүндөгү ырды ким чыгарганын сурашканда, бек өзү да, калгандары да уккан эмеспизге, билбейминге өтүштү. Ошондо желдеттер: "Бүт ырчыларыңарды чакырткыла, өз элинин муң-кайгысын, боштондук ырын ырдаса, алтын менен жибектен байге

алат", - деп жарыя кылышты. Ошентип, эки күн кечке оюн-зоок болду. Ошол экинчи күнү кечке жуук молойгон чолок каштуу, жайнаган жоодур көздүү он бир жашар бала курбусу менен айтышып жатканда, көкүрөгүндө өрөпкүгөн ыр селин токтото албай калып, капысынан оозунан жаңылды.

Жайнап жаткан кыргыздын
Жаккан отун өчүрдү.
Алооке деген хан чыгып,
Жалпы баарын көчүрдү.
Бирөө кетип Алтайга,
Бирөө кетип Каңгайга,
Бирөө кетип Эренге,
Бирөө житип кетти терецге.
Алтайда ногой элим бар,
Ата Жакып бегим бар.
Арстан уулу жаш Манас
Аскерин курап келгенде
Менин алдуудан алар кегим бар...

- Йе, йе, йе, - дейт жамбаштап жаткан желдеттер козголуп тура калышып, - мына ушул азаматка байгенин башын беребиз! Ырда, дагы соктур! Аянбай соктур!

Көзүнүн жашы он талаа кеткен балагат балбалактап ыйлап кол сермеп, өзүнөн чоң күйүттү эркн менен тизгиндей албай, көп нерсени айтып салды. Ошондо жүрөгү жамандыкты эртелеп сезген энеси уулунун оозун баса калып токтотуп, желдеттер берген белекти албай үйүнө кетүүгө ашыкты.

- Бу атасы Ыраманданүйрөнгө ыр, өзүнүкү эмес, - деп жарданып турган аңкоо кыргыздар жаш Жайсаңды калкалаган болушту.

- Баланын атасы өзү эмне үчүн ырдабайт?

- Ал сакоо болуп журтунда, таксыр.

- Апкелгиле! Жаны эле тирүү болсо, апкелгиле!

Ошондо уруу беги Ыраманга келсин деп, желдеттердин көзүнчө жигит чаптырды. Жигит бектин жашыруун буйругун аткарат, Ыраманды алып Көк-Ойрок ашуусун көздөй качышат. Бул амалды байкап калган жапкак көздүүлөрдүн жарымы куугунга кетишти, жарымы кырк үйлүү бир ууч элди матап жылдырбай турушту. Анан куугунга кеткендер шатыра-шатман маанай менен келип:

- Биздин эч жаман оюбуз жок. Жакшылыктан качкан жигиттериңерди Көк-Ойроктун ашуусуна таянган жерде жолборс чалып салды. Бир нөкөр кошуп Жайсаң уулун жибергиле, атасынын сөөгүн апкелип көмсүн, - дешти. Жайсаң менен Ыраманды аталаш тууганы Буйлаш экөө эки ат коштоп кетишти. Таң ак шапак болгондо барышса, эки караандын бири өлүп, экинчиси көш бутун сүйрөп чала жан - ал Ыраманды алып качкан Көктөм

аттуу жигит. Нарыда төрт аягы сырайып эки аттын өлүгү жатат. Эки жамбашына тең түтөтмө мылтыктын огу тийип жарадар болгон Көктөм: "Сен, бадирек, оозуңа алың жетпей атаң экөөбүздү жайладың! Эми экөөңөрдүн ажалыңар айылга кайткан жолдо күтүп турат. Кан жутар хейхундардын ошентип кеңешкенин уккамын", - дейт. Качыш керек эле. Буйлаш шашыла жан балтасы менен билектей-билектей ача кайың таяктардан бир кучак кылып кыркып жиберди. Анан тулкусу зеңирдей тоңгон Ыраманды белинен бурдай көтөрүп, ат үстүнө чыгарды. Өлүктү ээрге мингизип, эки жамбаштан басмайылга кошо байлап, эки колтугуна канжыгага чукталган эки балдакты бекитип, ээгин бир ача таякка таяп, ээрдин кашына чырмап, а-бу дегиче сарпоочтой салды. Күн шашкеде хейхундарга көрүнбөс каптал менен кыялап ээрчишкен үч ат кырга чыгып кетишти. Желдеттер эми кантсе да, кууп жетпей турган чак эле. Татаал жол, тайгак ашуу. Мөңгү музга келишти. Мына ушундай кыйын-кыстоодо Буйлаш душмандан жезтаңдайдын бир бүчүрүнүн сөөгүн болсо да ала качып баратканына эрдемсиди. Муздун дал ортосун бороон үйлөп, дайыма тастайып ачык. Эгер шамал музга жабыша электе учуруп кетпесе, туяк астында эки элидей ширелген кар жатмак. Төрт аягы аз эле такат берсе, кадик аттар аркы өйүзгө тезирээк чыгып кетишке өздөрү дилгир. Ошого ишенген Буйлаш өзүнүн жигит аты Эркеторуну тизгинсиз коюп, үстү-үстүнө темине берди. Балким, ошондо кырсыктын болоруна жылкы баласынын бир сезими жеткендир, ошон үчүн ал кыйыктанып алга жылбай тургандыр, бирок экинчи сезими үстүндөгү дембе-дем теминип: "алга бас, баса бер коркпой" деп албууттанган ээсине ишенип жиберген чыгар, айтор, борошого бир аз бара түшкөн соң, туягы капилеттен кылт берип, төрт аягын тарта албай тайраң этип барып, аязда чарт жарылган муздун жарыгына сүңгүп жок болот. Анын артындагы Көктөмдүн аты чылбырын тарта бир кошкуруп алып (анын чылбырын Буйлаш үзөнгү боого бастырып алган эле) кошо үңкүйт. Үчүнчү аттын куюшканга бош үлөп койгон чылбыры чечилип кетип ордунда турган бойдон кала берет. Сарпоочтолгон атасына учкашкан Жайсаң эч нерсени көрбөй калат. Көзүндө тозок, кулагында улуган шамал. Аңгыча тээ алыстан "аг-г-г" деген үн үзүлдү, бала селт этип ат үстүнө түзөлдү. Капталына жата калып караса, алды жагы көзгө сайса көрүнгүс. Ошондо Жайсаң "Менин чылбырым чечилип кетип, тигилерден калып калган турбайымбы" деп чоочуган бойдон атына камчы салып темине берет... Ошентип, бала эртеси Ала-Тоонун

этегине, Иле тоосун көздөй чалкыган түздүн четине зылая тоңгон атасынын өлүгүн кучактап жетти. Андан ары кыргыз жергеси жаткан эле... Ал эми ошол кезде жезтаңдай уулдарынын качканын хейхундар уруу бегине кечирилгис күнөө деп таап мойнуна коюшту. Өз элиңди өзүң жазала, эгер жазаң жарашса, ошондо жаныңарды аман коебуз деген бүтүм болду. Ошондо амалы түгөнгөн уруу беги: "Силерге жагымсыз калжың ыр чыгарган бадиректердин кулагына кум куюп, дүлөй кылып салайын", - дейт, желдеттер ага макул болбойт. Көздөрүн оюп, көр кылып салайын, буга макул болгула десе, анда да болбойт желдеттер. Таңдай тилин чырпып салып дудук кылайын, же кеңилжерин тешип, элимди маңка кылып берейин десе да желдеттер көнбөйт. Маңка да сүйлөйт мыңкылдап, дудук да жаңсайт дуңкулдап, көзү да калсын элиңдин, кулагы да уксун, бирок жазаңды жакшылап ойлон, бир күндүк өмүрүң калды деп, уруу бегин катуу камашат. Ошондо жогоркудай айла-амал менен башкасынын баарынан кечсем да, ырдын дал жаралып чыккан башатын, жезтаңдай уулдарынын акылы менен сезимин аман алып калсам деп далалат кылган уруу беги: "Бу арамы күч хейхундар алты айлык баладан баштап, текши баарыбыздын башыбызга шири кийгизип, маңкурт кылганы турушат, акыл-эстен кеткиче бу дүйнөдө жашабай, чогуубуз менен жок бололу, качкыла", - дейт. Бириң аман калсаң да, тукумубуз соолбосун, эркиндикти эстеткен биздин ырыбыз мүңкүрөгөн журтка тирөөч, душманга касам турбайбы...

Уруу бегинин тили менен матоодон качып чыгабыз деген куралсыз жезтаңдай журту ошол түнү тыйпыл болуп, жер үстүнөн аты өчөт. Бирок хейхундардын жүрөгүндө жезтаңдай тукумунан бир бадирек качып кутулуп кетти деген ачуу тикенек кала берди...

(Бул узундулөр "Күнду айланган жылдар" романынын 8-23-беттеринен кыскартылып алынды).

Бул үлгү боюнча окуучулардын акыл-эси төмөндөгүлөрдүн тегерегине топтолгону дурус болчудай.

1. Акыл-эси тузакталып, ээсине берилген ит сыяктуу шыйпаңдап, эки аяктуу айбанга айланган элдин көздөрүндө тутанган от.
2. Ошол оттун булагын издөөнүн жана аны өчүрүүнүн амал-айласы.
3. Ырдын күчү.
4. Лу-Гиндин сырды ачышы.
5. Жезтаңдай тукуму. Жайсаң.

6. Качуу.
7. Жайсаңдын кутулуп кетиши.
8. Жезтаңдайлардын тыйпыл кырылышы.

Ошондой эле төмөндөгүдөй ой толгоолорду уюштуруучу суроолор берилиши мүмкүн: 1) Эмнеликтен эл отуз жыл ичинде амалы соолуп, ата-бабалардын санжырасын эстен чыгарып, жаштары атам кыргыз деп айткандан уялып калган? 2) Кыргыздардын көзүндөгү нур эмнеден пайда болгон? Эмне үчүн андан хейхундар коркот? Көздөгү жанган отту көрбөй, а түгүл аны жок кылуунун амалын ойлобой койсо эмне болот? Хейхундардын ага эмне тиешеси бар? 3) Хейхундун падышасын, вазирди жана алар Болчурга тартуу кылып берген кыз Лу-Гинди билгир, кыраакы, даанышман деп эсептөөгө болобу? 4) Жезтаңдайлардын ыры башка ырлардан эмнеси менен айырмаланат? Ошол эркиндик жөнүндөгү ырды - "Манасты" ырдабай эле коюшса, жезтаңдай тукуму аман калат эле го. Багынып жашоо менен бирге башты аман сактап калууга болот, тукумду аман алып калууга болот - бул да өзүнчө акылмандуулук. Ошондой эле табигый зарылдык. Жезтаңдай тукуму ушул заң-мыйзамды бузуп коюп жүрүшпөсүн. 5) Ыраман да, Жайсаң да качпаган болсо, хейхундар экөөн өлтүрүп, калган жезтаңдайларга кол көтөрбөй коюшу мүмкүн эле да. Анда уруу беги жаңылдыбы? 6) Болчур аялын жыйынга жакын апарбаса, мас болуп жезтаңдайлар жөнүндө тантырабаса, көздөгү пайда болгон от жөнүндөгү сыр жабылуу бойдон калат беле? Анда Болчурдун Лу-Гинди жанындай жакшы көрүшү, ичкилик ичиши чыккынчылыкпы? 7) Жезтаңдайлар хейхундардын баатырдыгынан кырылдыбы же алардын коркоктугунан кырылдыбы? 8) Адамдардын жүрөгүнө жалын, бетине нур, көзүнө от, булчуңуна күч берген ырды, хейхундардын падышачылыгынан коркуп, нечен түрлүү амал-айла ойлонууга кириптер кылган дастанды билгиң келеби?

Ошентип, үч түрлүү үлгүнү мисал келтирдим. Ушу да жетишер. Турмушта мындай үлгүлөрдү каалаганча таап алса болот. Келдибек, Саякбай, Тыныбек, Чойке ж.б. жөнүндө басма сөздө маалыматтар арбын. Ошондой эле жергиликтүү чөйрөдө айтылган маалыматтар да (мисалы, Түлөберди сыяктуу) аз эмес. Кептин баары мында, кабыл алууга даярдоочу маалыматты "Манастын" өзөк окуялары менен кынаштыра билүүдө. Алар короонун дарбазасы же үйдүн каалгасы кебетелүү, бала ошол эшиктен кирип "Манас" дүйнөсүнө аралашат. Анда "Манасты" окуучуларга үйрөтүү үчүн ага кирүүчү дарбазаны - адам

зкылы менен жүрөгүнө кадиксиз алып баруучу жолду табуу керек. Иш ошондон башталат.

2. Өзөк окуяларды үйрөтүүнүн жолдору

Ал үч түрлүү жол менен баяндалат.

1. Үчилтиктин өзүн окуп берүү.
2. Манасчынын айтуусунда уктуруу (магнитафондон же үн табактан).
3. Кара сөзгө айландырып сүйлөп берүү.

Үчилтиктин өзүн окуп берүү баарын башынан аягына чейин окуп берүү эмес. Мында убакытка - программада бөлүнгөн саатка жараша кыскартуулар жүргүзүлөт. Ансыз үчилтик белгиленген мектептик саатка сыйбйт. Ошондуктан окутуу ишинде жүк көтөрө турган эң негизги учурлар тандалып алынат. Маселен, "Манастын" кыскартылып бириктирилген вариантында "Алооке хандын кыргыздарды чабышы" деген тема (I том, 7-11-беттер) 296 ыр сабынан турат, Анын 232си кыскарып, 64 сабы окулуп берилет. Эми ошол 64 ыр сабы жүк көтөрө алабы? Окуп көрөлү.

Атасы Ороз өлгөндө,
Кайра келбес чын жайды
Кайран киши көргөндө.
Калың жаткан кыргыздын
Кереге-уугун кыйратып,
Келин, кызын ыйлатып,
Алооке деген кан чыгып,
Айбатынан жан чыгып.
Каяша айтар жан калбай,
Каяша айтып чыгарга
Калың журтта ал калбай.
Талдын баарын сулатты,
Тамдын баарын кулатты.
Такыр чаап алды эми
Акыр-такыр заманды
Журт башына салды эми.
Ороздунун он уулу
Ону атадан жаш калып,
Акыл толбой мас калып.
Каптап келген көп калмак
Дүйнөсүн талап алыптыр.
Муну менен ал балдар
Талаада боздоп калыптыр.
Ошондо кытай Алооке
Катындардын баарысын
Кара элечек тул кылып
Кайраттуунун баарысын
Камап, байлап кул кылып,
Ороздунун ордонун
Түркүгүн сууруп алды эми,
Дүмөктү башка салды эми.
Жаа жамгырдай атылып,
Жер карарып түн болуп,
Көк бетине чаң толуп,

Көргөнгө дүмөк күн болуп,
Аскер селдей каптады,
Ат жеткен жерин таптады.
Кайрат кылып кеп айтпай,
Текечи кан, Шыгай кан
Ала-Тоо бойлоп качканы.
Адырда жылкы алты сан
Алооке тийип кетти эми.
Тоодогу жылкы тогуз сан
Токтотпой айдап өттү эми.
Алоокенин азабы
Ажыдаардай толгону.
Алооке келет дегенде
Ыйлаган бала сооронду.
Күздүн күнү болгондо
Түтүнгө асый салганы.
"Түгөтөмүн азыр", - деп,
Түк кобой жыйып алганы.
Жазга маал болгондо,
Жалдуу байтал мингизбейт.
Күздүн күнү болгондо,
Куйруктуу козу жегизбейт.
Үч үйлүүгө бир казан
Жалгыз үйгө каратты.
Каяшаяк бергендин
Колуна чеге кадатты.
Өлөмүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Өкүмү жок курган журт
Мүшкүл болду ушундай.

("Манас сабагы" китебинен, 9-10-бет).

Демек, Орозду өлгөндөн кийин кытайдын Алооке деген каны калың жаткан кыргыздын кереге-уугун кыйратып, такыр чаап алат. Ороздунун ордосунун түркүгү суурулуп алынат, дүмөк башка салынат. Алоокенин аскери селдей каптайт, ат жеткен жердин баарын таптайт. Талдын баарын сулатат, тамдын баарын кулатат. Кайраттуу эр жигиттин баарын кул кылат, аялдарды кара элечек тул кылат. Адырда жылкы алты сан-малды алат. Алооке дегенде, ыйлаган бала сооронот. Кыргызга жалдуу байтал мингизбейт, куйруктуу козу жегизбейт. Үч үйлүүнү бир казанга каратат. Кыскасы, кыргыз журтунун башына өлөмүн деп өлө албаган, өз жанын өзү кыя албаган кыямат күн түшөт. Жогорку 64 ыр сабы ушуну туюндурат. Албетте. кыскарса да бул саптар өзөк окуянын жүгүн көтөрөт. Ырас, "Манастын" варианттарында айрым ысымдар, аттар башкача кездешет. Сагынбайдын нускасында Каракан, Угузкан, Аланча кан, андан Байгур, Уйгур. Байгурдан Бабыр, андан Түбөй, Түбөйдөн Көгөй, андан Ногой, Шыгай, Чыйыр деген үч уул. Ногойдон Орозду, Үсөн, Бай, Жакып. Ошентип, мында Манастын чоң атасы Ногой, ал эми Орозду атасынын

бир тууганы болуп чыгат. Саякбайдын вариантында Түгөл кан, андан Бабыр кан, андан Бөөн кан, андан Чаян кан, андан Ногой, Ногойдон Бала кан, андан Кара кан болуп келет. Мында да Манастын чоң атасы - Кара кан. Оросду жөнүндө сөз болбойт. Молдобасан манасчы Манастын ата тегин Төбөй, Чаян, Бөөн, Көгөй, Кара кан, Жакып деп сүрөт. Манасчы Шапек Рысмендеевде Ногой өлгөндөн кийин кыргыз элин кытай аскерлери басып алып, чилче таратып жиберет. Ал эми манасчы Мамбет Чокморовдо Манастын ата-бабасы Асан Кайгы, Ногой, Сары кан, Жакып болуп айтылат, ж.б. Ошондой эле кыргыз элинин кереге-уугун кыйратып, эркегин кул, аялын күң кылган баскынчы кан да Саякбайда Молто кан, Тоголок Молдодо Эсен кан. Кээде Ороздунун он уулу делсе, кээде Кара кандын сегиз уулу деп айтыла берет. Жусуп Мамайдын вариантында да Ороздунун он уулу чилче таратылат. Алооке Жакыпты калмактын Ногой деген байына берет. Демек, Ногой Жакыптын атасы эмес делет. Бирок баарына тең өзөк болуп турган окуя: 1) кыргыздын кыйырын коргоп турган баатырдын дүйнөдөн кайтышы, 2) ушул учурду ыктуу пайдаланып, баскынчы душмандын кыргыз журтун багынтышы, 3) кыргыздардын оор абалга кабылышы. Демек, жогоруда мисал кылынган 64 сап ыр өзөк окуянын жүгүн толук көтөрөт. Аны көркөм уютку деп атоого да болот. Ошентип, кайсы гана вариант болбосун, окууга бөлүнгөн убакытка жараша кыскартып алуу зарыл. Бул кыскартып алуу - эпостун үч бөлүмүнө тең тиешелүү. Тагыраак айтканда, "Манас" боюнча окуу программасынын 1-2, 4-5, 9-10, 15-16, 19, 23, 25-26, 28, 32, 35, 37, 40, 41, 44, 45, 48, 49-51, 54, 56-57, 59-60, 62, 64-66, 69-71, 73, 75, 75, 77-78-темалардын ар бирине таандык. Ошону менен бирге ар бир тема боюнча варианттардагы өзгөчөлүктөрдүн толук айтылып отурушу мүмкүн эмес. Анын баарын айтып отурушка убакыт жетпейт, нары өзгөчөлүктөрдү издеп отуруу да оор эмгек, ошондой эле варианттардагы өзгөчөлүктөрдүн баарын окуучуларга жеткирем деген киши балдарга тартууланып жаткан өзөк окуянын бүтүндүгүн бузуп, кызыктуулукту төмөндөтүп алышы мүмкүн. Анда эмне, варианттарга токтолбош керекпи? Жок, токтолуу керек. Бирок урунттуу өзгөчөлүктөргө кана. Мисалы, Манастын ууланышы Сагынбайда, Саякбайда кандай? "Маржу-ат-тавирихтечи" ж.б.

Үчилтикти манасчынын айтуусунда уктуруу колдо болгон үн каражаттарына байланыштуу чечилет. "Кыргыз поэзиясынын антологиясы" деген үн табактарынын

тобунда Саякбайдын, Уркаш Мамбеталиевдин "Манасы" жазылган. Ошондой эле манасчынын үнүн магнитофондук тасмага жазып алып уктурса болот.

Кара сөзгө айландырып сүйлөп берүү - үчилтикти окутуудагы өтө алгылыктуу жолдордун бири. Бул ыкманы мен көп жылдар бою үзүрлүү колдондум. Ага ишеничим жогору. Аны алдыңкы иш тажрыйба иретинде кезинде республиканын тил, адабият мугалимдерине сунуштагам: бир нече көлөмдүү макала жарыялагам, жумурияттык жыйында доклад окугам, ошондой эле "Манас" эпосун окутуу" деген китебим ("Мектеп", 1989-жыл) жарык көргөн. Кара сөзгө айландырылган текст кеп шиңгилдери деп аталат. Кеп шиңгили - бул жаңы атоо. Аны адегенде эмне деп атаарымды билбей жүрдүм. 60-жылдардын этегинен 70-жылдардын ортосуна чейин "Логикалык топтор" деп атадым. Кийинчерээк В.Шаталовчосунан "Лекция-конспектилер" деп атап койдум. Биринчисинин "Логикалык" деген аты оркоюп туруп алса, экинчиси колдонулушу, мүнөзү башкача болсо да, таасирден улам пайда болгонсуп туруп алды. "Адабий көрөңгөлөр" деп атаганым да жарашпай койду. Ошондуктан ала кушту атынан чакыруу керек болду - кеп шиңгили деп атадым.

Эми кеп шиңгили деген эмне? Бул "Манас" үчилтигинин кыскартылып бириктирилген вариантынын (каалаган вариант боюнча ушул сыяктанган кеп шиңгилин түзүп алса болот, анткени азыр залкар манасчылар Сагынбай менен Саякбайдын "Манасы" көп кыйналбай эле табылат) негизинде ыр түрмөгү жандырылган, кара сөзгө айландырылган жана кыскартылып жазылган текст. Ал үчилтиктин эң керектүү, эң уруттуу жана ой жүгүртүүгө жөлөк боло аларлык учурларын көркөм ширесинен ажыратпай сиңирип алат. Үлгү катары жана толук элестетүү үчүн бир кеп шиңгилине көз токтотуп көрөлү. Ал - "Жолойдун Манастан жеңилиши". Жетимиш жеринен жараланып араң кутулган Дөөдүр Жолойдун түркүгү алтын чатырына жетип жыгылат.

- О, ханым, Манаска беттешкен аман калбайт, эки жүз балбандын башын ышкындай үзүп салды.

- Ок, сен бурут бизди курутту деп аларды мактабагын, биз Манасын байлап алып, атасын курмандыкка чалабыз, - деп анда Жолой күүлөнөт.

Анан добулас кагылып, чыңыроо тартылат. Найзанын учу кылкылдап, жер силкинткен калын кол кыргыз айылын беттейт. Ошондо коркконунан дирилдеген, сакалчачы бириндеген Жакып Манаска акыл салат: - "Калмакка сан кара малды, сулуу кыздан тогузду тартуу кыла

ды, ошентсек жаныбыз аман калар". Муну уккан Манас безге сайган эмедей ыргып кетет да, мындай дейт: "Кокуй, ата, не дейсиң, жоого намыс бергенче, ажалым жетсе өлөйүн, калкым үчүн курман болом. Зродукчу кара кытайга малым менен жанымды олжолотпойм. Найзалашып топ бузам, тагдыр жетсе окко учам". Анан Манас жоо-жарагын шайланат. Согуш башталат: камышты көр, селди көр, каптап келген элди көр. Каарына келген Манастын көзү өрттөй жайнайт, оозунан от төгүлөт. Бир карасаң - миң киши, бир карасаң баатырың - эсеп жеткис сан киши. Душман чегинет. Ошондо Жолой качкандарды токтотуп, колдун аркасын күргүштөп айдайт. Дөңгө алдын баштайт. Манас кежиге чачы үксөйгөн, мурдунан чыккан буусу кол ыштыктай буркураган, көк темирден туулганы көмкөрө кийген Дөңгө баатырды жыга сайып, башын кесип алат да, Кылкүрөң деген атын олжолойт. Ошол кезде калмак, манжуунун көп балбаны Манасты тегеректеп калат. "Өлбөй тирүү жүргөндө, не муратка жетелик, маңдайга бүткөн бала үчүн курман болуп кетелик" - деп согушка Жакып менен Акбалта да кирет. Кара таандай калмак сапырылып качат. Он эки жайсаңын ээрчиткен ойрон Жолой жекеге чыгат. Көрүнүшү: ачуулу аюудай, көзү бакалуу көлдөй, кашы өрттөнгөн токойдой, эрди чокойдой, каман төштүү, чачы сүксүйөт, өзү жеп ийчүдөй үксөйөт, кол токмоктой кара чач аркасында селкилдейт. Манаска бетме-бет барып айтканы: "-Манас, манас деп койсо, барбая түшөт экенсиң, суу толтурган чаначтай дардая түшөт экенсиң! Дегениме көн, Манас, кезегиңди бер, Манас!" - дейт. "Сая албасаң, энеңди ал, соргок" - деп жооп кайтарат Манас. Ошондо Жолой туруп берген Манасты саят. Баатыр былк этпейт. Ачбуудандын алдыңкы тизеси жерге бүгүлө түшөт. Калтаарып, мууну калчылдап калган Жолой качмакчы болот. Манас жетип, найза саят. Жолойдун көзү тунарат. Үзөнгүдөн бут тайып, ээрден көчүк булгайып, аттан оор түшүп калаарда, куюшканды кармап кулабай калат. Эки колу шал. Манас кайрылып келгиче жайсаңдары Жолойду жөлөп, таяп, оңдоп кетишет. Анан боор ичеги солкулдап, боконо сөөгү болкулдап, Жолой безет. Манас артынан сая түшөт. Чымындай жандан түңүлгөн Жолой адырды алты, жети кайкаң дөбөнү жети айлана качат. Улам Аймаңбоз көрүнгөндөн көрүнүп, көк түтүн болуп бөлүнүп, Ачбууданга жакындагандан жакындап келет. Ошондо Жолой түшуккан токойго бура тартып, жай ташын сууга салат. Заматта жөө туман түшүп, мөндүр жаап, кыян жүрөт. Жолой кутулуп кетет. Ошентип, Манас Жолойду жеңип, кыргыздарды душман-

дан сактап калат. Мына бул бир кеп шиңгилинин тутуму. Мен мындай кеп шиңгилдеринен 58ди түздүм, анын отузу "Манаска", калганы "Семетей", "Сейтекке" тиешелүү. Алар удаалаштыгы боюнча ырааты менен биринен сала экинчиси айтылат (же окулат). Убакыттын жумшалышы да ар кандай. Маселен, жогорудагы "Жолойдун Манастан жеңилишине" беш мүнөт зарпталат. Айрымдарына 8, кээлерине 2 эле мүнөт керектелет. Ошентип, 45 мүнөттүн ичинде 8-9дан 12ге чейинки кеп шиңгили окуучуларга тартууланат. Бирок дайым эле бир кылкалык сакталбайт, кээде бышыктоо күч алып, кеп шиңгили эки жолу кайталанат, мындай учурда 5-6 тексттин тегерегинде эле сөз болушу мүмкүн. Кеп шиңгили магнитофондук жазуулардын, үн табактардын, ар кандай сүрөттөрдүн коштоосу менен да өтүлөт. Мисалы, "Ызгыч куш" окуясындагы Алмамбеттин монологу "Көкөй кести" күүсү менен коштолуп, художник Т.Герцен тарткан Алмамбеттин кайгыланып турган жери (Сагынбай, II том, 298-бет) пайдаланылат, ж.б. Эми кеп шиңгилин пайдаланып сабак өтүүдөгү айрым бир учурларга учкай токтололу. **Биринчи.** Иштин ыгына жана мүнөзүнө жараша "Манас", "Семетей", "Сейтек" эпостору бирге, чогуу жана удаа өтүлөт да, чыгарманы хрестоматиялык жактан билүүгө эң сонун мүмкүнчүлүк түзүлөт. **Экинчиси.** Сабакта программалап окутуунун элементтери сакталат. Демек, ар бир кеп шиңгили өзүнчө үлүш. Бирөө өздөштүрүлүп бүтмөйүнчө, кийинкисине өтүү жок. Бул эреже катуу сакталат. **Үчүнчү.** Өзөк окуяны угуу мезгилинде балдардын адабият дептери ачылып турат. Окуучу айрым аттарды, сөздөрдү, атоолорду жазып алууга тийиш. Кээде мындай жазып албоонун кесепетинен эң эле жөнөкөй нерселерден бала буйдалып, же кысталып, татынакай баянын бузуп алат. Ошол себептүү адабий дептер пайдаланылат. **Төртүнчү.** Кеп шиңгилдерди манасчылардын аткаруусундагы үн табактарды уктуруу менен алмаштырууга болобу? Болот. Бирок мында көп кыйынчылыктар бар: 1) сабакты программалоо кыйындайт, 2) мугалим пассивдүү күчкө айланат, эпоско карата мамиле балдарга багыт берүү, жетектөө тарыйт, 3) бир түрдүүлүк күчөйт, 4) үн табактары "Манасты" баштан аяк бүт камтыбайт, 5) алар кыскартылып бириктирилген вариант менен дал келбейт, ал эми ар бир вариантты өзүнчө окутуп отурууга убакыт жок, демек, бириктирилген "Манас" башка варианттардын бардыгынын эң жакшы жерлерин өзүнө тогоштуруп турат - бул анын мектеп үчүн өзгөчө алгылыктуулугун түзөт, 6) үн табактары - бул кошумча каражат. **Бешинчи.**

Ырас, кеп шиңгилдери мугалимге урунуучу каражат мисал керек. Бирок эпосту кара сөз түрүндөгү номер менен ажыратылган текстке айландырууга, же композиторлор айткандай "иштеп чыгууга" мугалимдин акысы барбы? Бар. Себеби тигил же бул материалды дидактикалык каражатка айландырууда мугалим мугалимдик укугунан пайдаланат. Анткени окуучуларга жеткенге, үйрөтүлгөнгө чейинки бардык нерсе - бул педагогикалык "чийки зат". Демек, аны бардык сапаттарынан кемитпей "иштеп чыгуу" керек. Бул "иштеп чыгуу" өтө оор, мээнеттин иши. Экинчиден, мындай "иштеп чыгууга" кириптер кылган башка жагдай да бар, ал окуу программасындагы ошол чыгарманы өтүүгө белгиленген убакыттык чек менен көркөм материалды төп келтирүү аракети, мисалы, бириктирилген "Манас" эпосунун төрт китеби 1178 беттен турат, аны окутууда бөлүштүрүлгөн сааттардын санына карата ылайыкташтыруу зарыл. Үчүнчүдөн, жалпы орто билим берүүнүн программалык талабы да мугалимдердин жогорудагыдай, "иштеп чыгуу" эркиндигин шарттайт, кандай жол, кандай ык менен болсо да максатка жетишүү керек. Анын үстүнө минтип батыл айтууга менин педагогикалык ишенимим жана көп жылдык байкоом мүмкүнчүлүк берип тургандыгын да кошумчалай алам. Ошентип, кеп шиңгилдери - бул мугалимдин сөзүнүн бир түрү. Анда эпостун ажарын ачкан асылдык касиеттер бүт сакталат. Алардын ортосундагы байланыш да. Мисалы, портрет аркылуу эпостогу жеке адамдарды көрүүгө болот, сүрөттөмөлөрдөн пейзажды көрөсүң, монологдон жекече ой жүгүртүүгө тушугасың, алэми баяндоо, сүйлөшүү, сыпаттоо учурлары кыймылды, аракеттерди, окуяларды, мүнөздөрдү ж.б. камтыйт. Алтынчы. Көркөм тексттин өзү кеп шиңгилинин көлөкөсүндө калтырылбайт. Көмөкчү каражаттын милдетин өтөйт, айрым учурларда окулуп берилет, көрктүү окуу уюштурулат. Бирок көркөм текстин өзү боюнча программалоо жүргүзүлүп, ага бүт эпосту окутуунун жүгүн артуунун мүмкүндүгү жөнүндө да айта кетүү керек.

Ал эми "Манас сабагы" окуу китеби колдонулган жерде кырдаал таптакыр башкача. Анда өзөк окуяларды баяндоонун эки түрү: кыскартылган көркөм текстти окуп берүү менен аны кара сөзгө айландырып баяндоо учурлары кең-кесири бар. Мисалы, "Жаш Манастын алгачкы жеңиштери" деген тема программаланган сегиз бөлүктөн турат да, ар бири өзөк окуянын милдетин аткарат. Бирок алардын ичинен жетөө ыр түрүндө ("Манастан" кыскартылып алынган), бирөө, тагыраак айтканда, "Нескаранын жеңилиши" деген өзөктүү окуя кара

сөз түрүндө баяндалат. ("Манас сабагы" окуу китебин караңыз, 45-74-беттерде). Ушул эле сыяктуу "Алмамбеттин Манаска кошулушу" деген тема ("Манас сабагы", 82-бет) он эки өзөк окуядан турат. Анын төртөө кара сөз, сегизи ыр түрүндө ("Манас сабагы" окуу китебинин 82-107-беттеринде). Мындай өзөк окуялардын (кара сөз менен ырдын) алгоолошо келиши окуу китебинде "Манас", "Семетей", "Сейтек" эпосторунан тандалып алынган тексгердин баарына таандык. Демек, "Манас сабагынын" мазмунунда (бул 9-446-беттерди кучагына алат) баяндап берүүнүн эки түрү толук үстөмдүк кылат.

Эгер бардык варианттары менен "Манас" өзүнчө эле бир келки аалам болсо, ошол ааламдын дарбазасы - "Манас сабагы" окуу китеби. Ал окуучунун "Манас" боюнча опол тоодой таанычы, жан мээринди кандырган кызыктуу окуялардын алтын бешиги. Сыпайы айтсак, "Манас" боюнча түзүлүп, окуу китебине киргизилген өзөк окуялар баланы оозантканга тете кичинекей эле иш. Ошол эле учурда ушул "алтын бешиктен" көптөгөн чоң иштер: эпостогу асылнарктарды сиңирүү, таалим-тарбия алуу, жетилүү жана тазалануу башталат. Жана да өзөк окуялар - манасчылардан тартып осуяттарды түшүнүүгө чейин мүмкүнчүлүк берген алтын ачкычтын милдетин өтөйт. Эмесе, ошол алтын ачкыч Сиздин колуңузда, урматтуу мугалим.

4. Өзөк окуялардын артынан сая түшүп...

Мен мугалиммин. Ошондуктан бардык нерсеге практиктин көзү менен карап баа берерим бышык. Менин эң чоң мектебим - окуучулардын керектөөсүн сезе билүү жана ошого карап ыңгайлашуу, ишимди ошого төп келтирип кайра куруу. Бул мени усулдук иштерден тартып окуу китебине, окуу программасына чейин карап чыгууга кириптер кылат. Ал эми педагогикалык натыйжаны алуу жалаң ийгиликтерди сая түшүп топтоодон турбайт. Жашырбайм, изденүүлөрдүн баары эле шыдыр кеткен жок. Бир топ кемчиликтер кетирилди, атап айтканда, көлөкөгө тон бычкан учурларым болду. Бирок утуру мүчүлүштөрдүн чоо-жайын иликтеп, талдап, алардын пайда болушунун түпкү себептерин үйрөндүм. Баарынан өз кемчилигиңди өзүң көрбөгөн жаман. Мүчүлүштү башкалардан: көңүл бурбаган, китеп бетин ачпаган жалкоо окуучудан, баласынын билим алышына үзүлүп түшүп кам көрбөгөн ата-энеден, чөйрөдөн жана мектептеги шарттын жоктугунан табасың. Ал эми педагогикалык иштеги изденүү, чыгармачылык өз кемчилигиңди өзүң көрө би-

лүүдөн башталат. Ошентип, "Манас" эпосун орто мектепте окуучуларга окутуу боюнча иш тажрыйбалар, ошол көп жылдык изденүүлөргө, алынган педагогикалык үзүрлөргө таянылып жазылган "Манас сабагы" окуу китеби жана андагы окуучулардын акыл-эси менен жүрөгүнө жол салып берген өзөк окуялар (алар жөнүндө ушул параграфта айтылды) мага оңой-олтоң эле келген жок. Ошолор жөнүндө ушул жерден кыстырып айта кетүүнүн оңуту келип турат. Эсимде, "Манас" эпосун окутууда абдан кыйналгам. Түйшүктөнүүгө, көп убаракерчилик чегүүгө туура келген. Эң негизгиси -өзүмдөгү кемчилкитерди ачтым. **БИРИНЧИСИ.** Мектепке жаңы иштеген жылдарым, университеттик билим, ага айкалышкан жигердүү аракет менен мугалимдик турмушка аралаштым. Анан "Манас" эпосун IX класста өтүүгө туура келип калды (1965-66-окуу жылында "Манас" үчилтиги VIII класста эмес, IX класста өтүлүүчү) Өксүк деле сезилген жок. Окуу китебинин негизинде сабакты өзүм даярдаган таблицалар, схемалар менен шөкөттөп өттүм. Натыйжа жаман эмес эле. Балдар эпос жөнүндөгү жалпы маалыматты, анын варианттарын, манасчыларды, жыйноочуларды, изилдөөчүлөрдү, теманы, идеяны, образдарды ж.б. үйрөнүштү. Өтүлгөн темалар боюнча окуучулар шатман маанай менен шартылдап сүйлөп беришчү. Программалык талап да аткарылып жаткан эле. Нары эмнени кааласам, ошого жетиштим. Болжол менен окуучулардын 80-90 проценти "4" жана "5" деген бааларды алууга жетишкен болчу. Ийгилик катары эсептеп, балдардын билгенине ыраазы болуп калсам болмок. Бирок, кызык, мен окуучуларым билүүгө тийиш болгон эң керектүү, эң зарыл нерсени таштап кетиптирмин. Адегенде абдырап калдым. Анан бир топко коңултактап жүрдүм. Эмнени окутканымды жана эмне бергенимди талдап көрүп, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдим: окуучулар "Манас" эпосунун өзүн билбейт; анын өзөгүндөгү чоң турмуш: кагылышуулар, кайгы-кубаныч, күрөш, эрдик, адамгерчилик, трагедия, адам элестери ж.б. балдарга жетпей калды; алардын көз алдында жүрөктү титиреткен эпостук жандуу ач айкырык, кур сүрөөн Чубактар турбастан, программалык маанидеги касиеттери кургак саналып өтүлгөн жансыз каармандар турган: демек, окуучулар "Манас" жөнүндө гана билишкен. Менин таң калганым - балдар бир жарым ай өтпөй баягы жан үрөп окутканымды унутуп коюшту. Тиешелүү бааларды алгандан кийин окуучулар милдетинен кутулгандай болушту. Эми мен үйрөткөндөрдүн аларга кереги жок эле. Чын эле кереги жок! Бул менин эсимди эки кылды.

Ушундайча окутуш керек деген ишенимим таш-талкан болду. Эмне кылуу керек? Мугалим катары бул кемчиликтерди мойнума алдым да, керектүү нерселерди издей баштадым...

ЭКИНЧИСИ. Бул жолу аракетти өзгөрттүм. Эпос боюнча окуучулар менен жекече иштөөнү кеңейттим. Менде ушул залкар "Манас" эпосу өз салтында - оозеки айтылышында да жашашы керек" деген ой турду. Чындыгында да, "Манасты" жалаң окулууга тийиш болгон китептик чыгарманын энчисине басып берүүгө болбойт, ал айтылууга, обон, жандоо, ымдоо, жаңсоо менен коштолууга - угуучуга укмуштай зор таасир этүүнүн бирдигине (бүтүндүгүнө) ээ болууга тийиш. 1967-1971-жылдардын аралыгында 3төн 12ге чейинки жаш манасчыларды даярдадым. Балдар айрым үзүндүлөрдү гана билишчү. Жаттап алып айтышчу. Мазмунга карата кыймылды, ымдап-жамдоону өздөштүрүшкөн. Магнитофондук жазуулардан уктурулган Саякбайды, Шаабай Азиз уулун, Уркаш Мамбеталиевди туурап айтышчу. Бул абдан кызыктуу иш болгон. Эл кадыр салып сурап, айттырып угушчу. Оболу, жайлоодо да, тоют даярдоодо да эмгекчилер "Манас" эпосунун үзүндүлөрүн угуп, эс алышчу. Бирок "Манас" айтуу боюнча жекече иштер жүргүзүлүп, бир топ дурус нерселер аткарылгандай көрүнгөнү менен, дагы эле эң негизги нерсе орундалган жок. Кааласам да, каалабасам да баштапкы жекече иштейм деген оюм түп-тамырынан бери өзгөрүп кетти. "Манас" айттырууга болгон далалат убакыттын бардыгын өзүнө тартып алды. Оюмдун ондон бири да орундалган жок, айрым таасирдүү үзүндүлөргө туткун болуп калдым. Балдар да. Эпос балдарга толук жетпей жатты. Демек, мындай учурда да окуучуларга "Манас" үчилтигин жеткирдим дешке болбойт. **ҮЧҮНЧҮ КЕМЧИЛИК.** Дагы башка жолду тандап алдым. "Манас" эпосун өзүм жакшы эле билгенсиген окуялары боюнча өттүм. Мына кызык! Сабагым супсак болуп калды. Ага окуучулардын көздөрү күбө - жалындап күйгөн жок. Жан дүйнөлөрү да тынч: окуяга аралашып, сүйлөп жибере жаздап обдулушпайт, ойлору тутанбай, жөн эле ызаат менен берилгенсип тыңшап отурушат. Ошондо мен көлөмдүү чыгармаларды окутуу боюнча орошон маселе менен кездештим. Көбүнчө мындай учурда, мугалим эмне кылат. Аны көңүлү жалпылап айтып берүүгө оойт, антпесе баарын өтүп түгөтө албасы бештен белгилүү, ошол кезде окуучулардын укканы үстүрт бир нерсеге айланат. Ырас, бул да жаман эмес, бала эпос боюнча жалпы кабардар болуп калат, анда кандай окуялар бар экендигин билет. Бирок мында

деле ширелүү окуялардын жүрөгү, учарга канаты болгон көркөмдүк жана анын таасир этүүчү, козгоочу күчү, касиети кабыл алуучуга жетпейт. Чынында көлөмдүү чыгармаларды окутуу, мектептеги эң оор иштерден. "Манастын" кыскартылып бириктирилген вариантынын I тому эле 295 бет! Сагынбайдын "Манасы" 1359 бет, Саякбайдын "Манасы" 496 бет. "Семетей" менен "Сейтекти" айтпай эле коелу. 3-4 беттик материал болсо бир жөн эле, аны ар кандай жолго, ыкка салып, бир нече жолу кайталап чыкса болот. А көлөмдүү чыгармалардычы? Аны кантип маанисинен, эстетикалык кунунан ажыратпай жана да программалык саатка сыйдырып келечек ээлерине жеткирүү керек? Түйшүктөнүү, көшөргөн мээнет, түгөнбөгөн ойлор, изденүү... Мына ушул жүктүн баарын көтөрүү мектепте адабият мугалимине таандык.

Ооба, педагогдун өзү өзүн көрүп турууга тийиш. Мен жогоруда оңунан чыкпаган учурларды гана тизмелеп бергим келген жок, сыр жашырбастык менен изденүүнүн жүрүшүндөгү кетирилген кем-карчтардын урунттууларын гана тизмеледим. Анткени кемчиликти көрүү - бул аны жоюунун шарты, ал - ийгиликтин башталышы. Бирок бүткүл иш кемчиликтерден турбайт. Демек, мугалим өзүн өзү көрүүсү педагогикалык татаал иштеги майда-чуйда жылт өтүүлөрдү, ийгиликтерди кармап калуу, аларды топтоо, практиканын сынынан кайра-кайра өткөрүү жана аны тажрыйба катары ырастоо, бүтүн бир ишке айландыруу үчүн да керек. Ошентип, "Манас" эпосун окутуу жөнүндөгү сунуш кылынуучу ой-пикирлер жогору жакта белгиленген эки учурдан - кемчиликтерди үйрөнүүдөн жана бирин-экин дурус өңдөнгөн окутуу ыктарын топтоодон пайда болду.

Ошентип, менде көлөкөгө тон бычып иштөөдөн иренжүү, жалган окутуудан качуу табигый түрдө келип чыкты. Анан калса, кызык эле да, "Манастын" жүрөк титиреткен окуяларын билбей туруп, кайсы образ жөнүндө кеп кылууга болот, кантип талдай аласың. Болгону окумуштуу салып берген көпүрө менен өтөсүң, а үчилтиктин өзүн окуучу өзү кечип өтсө эмне болот? Жасалма көпүрө менен кечип өтүүнүн айырмасы асман менен жердей.

Демек, жогорку мисалдан эмнени айткым келет. Кептин баары өзүндө. Өзүңдүн ийгилигиң менен кошо кемчилигиңди да көрүп турушуң керек. Ошондо өз кемеңди өзүң башкарасың. Сага мындай учурда башка көздүн, ошонун ичинде кыйкымчыл көздүн да кереги жок. Өзүңдү өзүң үйрөтүп, өзүнө өзүң жол чаап жүрүп

отурасың. Бул - кызык өмүр. Мындай жол менен башкаларга окшош да, окшош эмес да болушуң мүмкүн. Окшош, окшош эмес дегенден кайсы опа. Баары каниет алган педагогикалык өмүрдүн сонундугунда да. Ошентип, "Манас" эпосунун мазмунун, көркөмдүк касиеттерин бузбаган өзөк окуяларды улам байытып, башка окутуунун маселелери менен байланышын бекемдеп отуруп, өзүм эле эмес, башкалар пайдаланса да болчудай иштердин топтолуп калганына көзүм жетти. Анан республиканын басма сөз беттеринде ал жөнүндө кеңири материалдар жарыяланды. Акыры Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгү менен кошо "Манас" эпосун окуучуларга окутуу маселеси айрым облустарда оң чечилип, дароо мектеп турмушуна киргизилди. Бул мага оңдой берди болду. "Манас сабагы" окуу китебин жаздым, ага эпос боюнча көп жылдар бою топтолгон сабактын даярдыктары пайдаланылганын жашыргым келбейт. Ошентип, өзөк окуялар боюнча түзүлгөн топтомдор "Манас сабагын" түзүүгө кириптер кылды.

3. ТОПТОМО ТҮЗҮҮ ЫКМАСЫНЫН КЫЗМАТЫ

Өзөк окуяларга удаа жүргүзүлө турган иштердин бири - топтомо түзүү. Ал V класстан эле башталат. Окуу программасында "30. 3-4-класстарда өтүлгөн "Манастын" окуяларын кайталоо жана аларды мазмундук байланышы боюнча топтоштуруу" талабы бар. Мындай топтом түзүү иши андан ары VI-XI класстарды бүт кучагына алат. Кыскасы, ага V-XI класстарда 25 саат үлөштүрүлгөн. Эми, алдын ала аныктай турган нерсе, өзөк окуялардагы көркөм уюткулар боюнча топтомо (же комплекс) түзүү эмне үчүн керек? Манас сыяктуу эле үчилтиктин өзү да айкөл, алп. Мектеп окуучулары үчүн иргеп, кыскартып алып жаткан абалында да анын баарын чогуу жана ырааттуу эсте кармоо кыйын. Атайы жана утуру козгоп турбасаң, "уктап" калган темалар көп. Аралашып, мурункийин болуп да кете берет. Ошол себептүү топтом түзүү зарыл. Бул иштин ыңгайы - "Манастын" залкарлыгы талап кылган нерсе. Ага көз жуумп кое албайсын. Ошентип, топтомонун зарылдыгына жараша аны милдети келип чыгат. Биринчиси - үчилтикти бири-бири менен байланышкан майда бөлүктөрдөн куралган бүтүн чыгарма экенин сездирүүнү, түшүндүрүүнү аркалайт. Экинчиси - кайсы класста болсо да (V-XI класстар боюнча) "Маназка" утуру кайрылып турууга, "уктаган" темаларды ойготуп, эске салып бышыктоого түздөн түз мүмкүндүк берет. Бул талап негизги жол-жосун катары окуу программасынын бет ачарында да "кайталанмалуулук (унутуп коюу - баладагы табигый касиет, ошондуктан бул иш 3төн 11-класска чейин ырааттуу жүргүзүлөт)" деп белгиленген. Мындай кайталоонун эки түрү колдонулат: 1) топтомодогу бала билбей калган теманы мугалим эске салат, 2) билбей калган теманы окуу китебинен бала өз алдынча окуйт. Үчүнчүсү - топтомо ой жүгүртүүгө уютку болуп берет. Ошондой эле ал окуяларды тигил же бул каармандын катышышына, алардын турпатын, бейнесин ачып тургандыгы боюнча да колдонулат.

Топтомонун мазмунуна төмөндөгүдөй иштер кирет.

1. Өзөк окуялар боюнча түзүлгөн чежире-топтомо.
2. Бейнелер (образдар) топтому.
3. Сөз берметтери боюнча топтом.
4. Көркүү окуу боюнча топтом.
5. Кештелер (схемалар) топтому.

Кепти өзөк окуялардын тутумуна кирген көркөм уюткулар боюнча түзүлгөн топтомодон баштайлы. Муну прогамма-топтомо, же чежире-топтомо деп атаса болот. Себеби ал тогуз же он бир жылдык билим берүүдө "Манас" үчилтиги боюнча мамлекеттик стандарттын (же ченелчөмдүн) негизги жүгүн көтөрүшү мүмкүн.

1. "Манас" үчилтиги боюнча түзүлгөн чежире-топтомо

"Манас" бөлүмү

1. Алоокенин чапкыны.
2. Кыргыздарды чилче таратуу.
3. Алтай - Тоодо.
4. Жакыптын түшү.
5. Жолборстун жүрөгү.
6. Манастын төрөлүшү.
7. Сүйүнчү.
8. Баланын сыны, турпаты.
9. Чоң Жинди.
10. Сексен баланын сези.
11. Акбалтанын акылы.
12. Канжаркол. Кочку.
13. Эсен кандын каары.
14. Кырк таман ордо.
15. Жолой кол салды.
16. Жай таш.
17. Бай жолдо.
18. Нескáранын жеңилиши.
19. Манасты кан көтөрүү.
20. Ала-Тоого көчүү. Араник.
21. Шоорук кан. Акылай.
22. Жакыпка таарынуу.

отурасың. Бул - кызык өмүр. Мындай жол менен башкаларга окшош да, окшош эмес да болушуң мүмкүн. Окшош, окшош эмес дегенден кайсы опа. Баары каниет алган педагогикалык өмүрдүн сонундугунда да. Ошентип, "Манас" эпосунун мазмунун, көркөмдүк касиеттерин бузбаган өзөк окуяларды улам байытып, башка окутуунун маселелери менен байланышын бекемдеп отуруп, өзүм эле эмес, башкалар пайдаланса да болчудай иштердин топтолуп калганына көзүм жетти. Анан республиканын басма сөз беттеринде ал жөнүндө кеңири материалдар жарыяланды. Акыры Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгү менен кошо "Манас" эпосун окуучуларга окутуу маселеси айрым облустарда оң чечилип, дароо мектеп турмушуна киргизилди. Бул мага оңдой берди болду. "Манас сабагы" окуу китебин жаздым, ага эпос боюнча көп жылдар бою топтолгон сабактын даярдыктары пайдаланылганын жашыргым келбейт. Ошентип, өзөк окуялар боюнча түзүлгөн топтомдор "Манас сабагын" түзүүгө кириптер кылды.

3. ТОПТОМО ТҮЗҮҮ ЫКМАСЫНЫН КЫЗМАТЫ

Өзөк окуяларга удаа жүргүзүлө турган иштердин бири - топтомо түзүү. Ал V класстан эле башталат. Окуу программасында "30. 3-4-класстарда өтүлгөн "Манастын" окуяларын кайталоо жана аларды мазмундук байланышы боюнча топтоштуруу" талабы бар. Мындай топтом түзүү иши андан ары VI-XI класстарды бүт кучагына алат. Кыскасы, ага V-XI класстарда 25 саат үлөштүрүлгөн. Эми, алдын ала аныктай турган нерсе, өзөк окуялардагы көркөм уюткулар боюнча топтомо (же комплекс) түзүү эмне үчүн керек? Манас сыяктуу эле үчилтиктин өзү да айкөл, алп. Мектеп окуучулары үчүн иргеп, кыскартып алып жаткан абалында да анын баарын чогуу жана ырааттуу эсте кармоо кыйын. Атайы жана утуру козгоп турбасаң, "уктап" калган темалар көп. Аралашып, мурункийин болуп да кете берет. Ошол себептүү топтом түзүү зарыл. Бул иштин ыңгайы - "Манастын" залкарлыгы талап кылган нерсе. Ага көз жуумп кое албайсың. Ошентип, топтомонун зарылдыгына жараша аны милдети келип чыгат. Биринчиси - үчилтикти бири-бири менен байланышкан майда бөлүктөрдөн куралган бүтүн чыгарма экенин сездирүүнү, түшүндүрүүнү аркалайт. Экинчиси - кайсы класста болсо да (V-XI класстар боюнча) "Манаска" утуру кайрылып турууга, "уктаган" темаларды ойготуп, эске салып бышыктоого түздөн түз мүмкүндүк берет. Бул талап негизги жол-жосун катары окуу программасынын бет ачарында да "кайталанмалуулук

(унутуп коюу - баладагы табигый касиет, ошондуктан бул иш 3төн 11-класска чейин ырааттуу жүргүзүлөт)" деп белгиленген. Мындай кайталоонун эки түрү колдонулат: 1) топтомодогу бала билбей калган теманы мугалим эске салат, 2) билбей калган теманы окуу китебинен бала өз алдынча окуйт. Үчүнчүсү - топтомо ой жүгүртүүгө уютку болуп берет. Ошондой эле ал окуяларды тигил же бул каармандын катышышына, алардын турпатын, бейнесин ачып тургандыгы боюнча да колдонулат.

Топтомонун мазмунуна төмөндөгүдөй иштер кирет.

1. Өзөк окуялар боюнча түзүлгөн чежире-топтомо.
2. Бейнелер (образдар) топтому.
3. Сөз берметтери боюнча топтом.
4. Көрктүү окуу боюнча топтом.
5. Кештелер (схемалар) топтому.

Кепти өзөк окуялардын тутумуна кирген көркөм уюткулар боюнча түзүлгөн топтомодон баштайлы. Муну прогамма-топтомо, же чежире-топтомо деп атаса болот. Себеби ал тогуз же он бир жылдык билим берүүдө "Манас" үчилтиги боюнча мамлекеттик стандарттын (же ченөлчөмдүн) негизги жүгүн көтөрүшү мүмкүн.

1. "Манас" үчилтиги боюнча түзүлгөн чежире-топтомо

"Манас" бөлүмү

1. Алоокенин чапкыны.
2. Кыргыздарды чилче таратуу.
3. Алтай - Тоодо.
4. Жакыптын түшү.
5. Жолборстун жүрөгү.
6. Манастын төрөлүшү.
7. Сүйүнчү.
8. Баланын сыны, турпаты.
9. Чоң Жинди.
10. Сексен баланын сези.
11. Акбалтанын акылы.
12. Канжаркол. Кочку.
13. Эсен кандын каары.
14. Кырк таман ордо.
15. Жолой кол салды.
16. Жай таш.
17. Бай жолдо.
18. Нескаранын жеңилиши.
19. Манасты кан көтөрүү.
20. Ала-Тоого көчүү. Араник.
21. Шоорук кан. Акылай.
22. Жакыпка таарынуу.

23. Аккулага ээ болуу.
24. Алмамбеттин төрөлүшү.
25. Чатак.
26. Алтынай.
27. Көкчөдө.
28. Манастын түшү.
29. Ызгыч куш.
30. Биринчи сыноо.
31. Экинчи сыноо.
32. Тартуу - таралга.
33. Серектин акылы.
34. Чубак Букарда.
35. Куда түшүү.
36. Калың.
37. Көкчөкөз, Көзкамандар.
38. Манастын өксөөсү.
39. Акаяр.
40. Каныкейдин Манасты куткарышы.
41. Көкөтөйдүн ашы.
42. Жайма көкүл жаш Айдар. Кабар.
43. Бекмурундун көпкөндүгү.
44. Нескаранын чатагы. Мааникер.
45. Каныкейдин сарамжалы.
46. Манастын ашка келиши.
47. Жолойдун турпаты.
48. "Жолобоймун Жолойго".
49. Кандагай шым. Бата.
50. Кошойдун Жолойду жыгышы.
51. Чыканактай эр Агыш.
52. Манас менен Коңурбайдын сайышы.
53. "Алтын менен күмүштүн..."
54. Аколпок.
55. 60 найза.
56. "Колго түшкөн коенду кое берген оңорбу?"
57. Коңурбайдын кол салышы.
58. Алмамбет менен Чубактын чатагы.
59. Чалгында. Арман.
60. Жылкыны кайруу.
61. Манастын уйкусу.
62. Буйткада.
63. "Бирөө десем, миң экен..."
64. Манастын Коңурбай менен беттешүүсү.
65. Манастын сууга агышы.
66. Сыр найза.
67. Манастын кылычы.
68. Коңурбайдын амалы. Суу.
69. Мадыкан.

70. "Азууларын аркайтып..."
71. Жеңиш. Чубак менен Төштүктүн тартуусу.
72. Манасты унуткансып.
73. Алдап жарадар кылуу.
74. Үч баатырдын эрдиги.
75. Шыпшайдар.
76. Сыргактын өлүмү.
77. Тирүүлөй коштошуу.
78. Чубактын өлүмү.
79. Алмамбеттин өлүмү.
80. Аккуланын окко учушу.
81. Аккелте. 8 баш.
82. Таластан Тайбуурулдун келиши.
83. Манас Таласта. Бала.
84. Сараланын келиши. Жоктоо.
85. Манастын керээзи.
86. Манас менен эрлердин коштошуусу.
87. Айкөлдүн өлүмү.
88. Ант. Күмбөз.

"Семетей" бөлүмү

89. Көбөш кан. Бешик.
90. Семетейди алып качуу.
91. Бакайдын жардамы.
92. Каныкейдин Талас менен коштошуусу.
93. Көлчүк. Чым.
94. Ысмайыл.
95. Семетейдин чоңоюшу.
96. Тайторуну чабуу.
97. Периште.
98. Каныкейдин өксөөсү.
99. Сары Таз.
100. Таарынуу.
101. Каныкейдин жомогу.
102. Таластын көрүнүшү.
103. Кумайык.
104. Таластын суусу ташыптыр.
105. Бакайдын тосуп алышы.
106. Жакыптын тосуп алышы.
107. Абыке. Көбөш.
108. Көчүп келүү. Жеңиш.
109. Кырк чоронун чыккынчылыгы.
110. Чынкожонун зордугу.
111. Айчүрөктүн учушу.
112. Чачыйкейге жолугушуу.
113. Үч сыр. Акшумкар.
114. Айчүрөктүн түшү.

115. Үргөнчтү кечүү.
116. Чынкожо менен Толтойдун жеңилиши.
117. Суркоен. Канчоронун таарынышы.
118. Коңурбайдан өч алуу.
119. Үмөтөйдүн кол салышы.
120. Тайбуурулдун тартууланышы.
121. Канчоро менен Кыяз. Ант.
122. Төлгө таш.
123. Семетейдин кайып болушу.

"Сейтек" бөлүгү

124. Канчоронун салыгы.
125. Жети кемпир.
126. Сейтектин төрөлүшү. Арамзалык.
127. Кара дөө.
128. Күлчоронун арманы.
129. Көргөн кордугу.
130. Күлчоронун суранычы.
131. Айчүрөккө жолугуу.
132. Күлчоро менен Сейтек.
133. Момунжан.
134. Токсон кетмен.
135. Айчүрөктүн Тооторуну сурашы.
136. Кыяздын өлүмү.
137. Сейтектин Таласка көчүшү.
138. Тайбуурул. Бозинген.
139. Каныкейге жолугуу.
140. Күлчоронун Канчорого жолугушу.
141. Эки чоронун айтышуусу.
142. Айчүрөк өч алды.
143. Семетейдин элге кошулушу.
144. Сарыбайдын кол салышы.
145. Куялы. Жеңиш.
146. Кайып болуп кетүү.

("Манас сабагы" китебинен алынды. 451-456 жана 466-469-беттерде).

Эгер ушул 146 топтомодон турган топтомону класстар боюнча так ордун аныктасак, анда алар төмөндөгүдөй болуп жайгашат: 1) V класста 1-71, VI класста 1-123, VII класста 1-146, VIII класста 1-146, IX класста 1-146, X класста 1-146, XI класста 1-146 топтом пайдаланылат. Демек, үчилтик бардык учурда ыраттуу эске салынып, бышыкталып турат. Мугалим ушул топтомдор боюнча варианттардагы өзгөчөлүктөр жөнүндө учкай да, тереңдетип да кошумчалай алат. Мына чежире-топтомо

түзүлдү, ал окуучунун колунда бар, аны менен мугалим кантип иштейт. Карап көрөлү. Бала тизмени сыдыра тиктейт да, эң сонун билген топтомдун тушуна "илеп" (!), жакшы билгенине "кошуу" (+), чала билгенине "суроо" (?), билбегенине "кемитүү" (-) белгисин коет. Зарылдыгы болгон жерде, демек, өзөк окуялар унутулуп бара жаткан кезде чежире-топтомо колдонулат. Ар бир теманын тушуна мындай төрт түрлүү белгинин биринин коюлушу - анчалык көп убакытты керектебейт. Болгону - чын дилден аткарылып, "кемитүүнүн" ордуна "илеп" белгиси коюлбашы керек. Ошентип, бул чакан өзүн өзү текшерүүдө бүт класс тартылат. Өзүн өзү текшерүүнүн шарты мындай. Ар бир окуучу белгилерди коюп чыгуу менен, төмөндөгүдөй топтоо ишин жүргүзөт. "Илеп" жана "кошуу" белгилери эсепке алынбайт. Ал эми "суроо", "кемитүү" белгилери коюлган темаларды топтойт. Демек, бул белгиге туш болгон окуялар - чала жана толук унутулгандар. Мындай учурда, айталы IX класстын окуучусу Нурсултан эмне кылат? Ал, мисалы, "Жакыпка таарынуу" деген 22-номурдагы теманы унутуп калган, ошол себептен анын тушуна бала "кемитүү" белгисин койду. Баса, бул теманы кайдан таап окуу керек? Тушунда "X темада" деп көрсөтүлгөн ("Манас сабагынын" 452-бетинде). Демек, түшүнүктүү. Бала "Манас сабагы" китебин баракгайт да, X теманы 81-беттен табат. Анда "Жакыпка таарынуу" деген окуя кара сөз менен чакан көлөмдө баяндалган. Бала окуйт да, эсине түшөт. Ой, бул мурда билген окуясы го. Эстен чыгып кеткенин кара! Эми мына бала аныk чежире-топтомонун аркасы менен билип алды.

Кыскасы, таптаза же чала унутулган (оболу, мурда окутулбагандар да) окуялар чежире-топтомдун жардамы менен өздөштүрүлдү. Демек, жогорудагы Нурсултан колдонгон ыкма боюнча "Манастагы" бардык теманы дайым 100 процент толук билүү болот. Эч нерсе унутулбайт. Баары чежире-топтомону колдонуу менен баланын эсинде бышыкталып жана толукталып турат. Ал эми мындай окуучу толук билген "Манастагы" өзөк окуялар, көркөм уюткулар андагы ата-бабанын укум-тукумга калтырган таберик осуяттарын жана башка элдердин катарында бар болуп жашоонун, кыйынчылыктарды жеңип чыгуунун жолдорун үйрөнүүгө өбөлгө болот.

Ошентип, окуялар боюнча түзүлгөн чежире-топтомо - окуучуларга терең билим берүүнүн сыналган жолу. Бул көп жылдар бою жекече тажрыйбада ырасталган. Андай көп жылдык тажрыйбага негиздебей эле, бир саам байкоо салып, көз жүгүрткөн кишиге да анын артыкчылыктары

сезилип турат (жогорудагы Нурсултандын аракетин эстеңиз). Жалпы эле окутуу ишинде мындай чежире-топтомону (анын түрлөрү көп) колдонуу өтө келечектүү. Сапаттуу, терең жана натыйжалуу билим берүүнүн эң мыкты жолу. Ал жөнөкөй мектепте жана катардагы мугалимдин колунан жаралганы үчүн кем баа эмес. Жана да азыркы кезде үзүлүп түшүп колдонуп, көшөкөрлөнө пропагандалып жаткан тестирлөөдөн анын көп артыкчылыктары бар. Кыскасы, окутуудагы чежире-топтомо түзүү ыкмасы (бул ыкма жөнүндөгү тажрыйбалар автордун 1993-жылы жарыяланган "Сабат санжырасы" деген китебинин 28-114-беттеринде чагылдырылган) "Манасты" түшүндүрүүгө эбегейсиз кызмат кылып берет.

2. "Бейне" (образдар) топтому

Топтомо боюнча экинчи чоң иш - окуялардын каармандардын тегерегине топтолушу. Окуу чежиреси (программасы) боюнча бул иш VII класстан башталат. Калган класстарда ал ырааттуу өнүктүрүлүп отурат. Ага окуу жылынын башында атайы сааттар бөлүнгөн. Окуялар образды ачуудагы көтөргөн жүгү боюнча топтоштурулган. Мисалга кайрылалы.

Манастын образы: 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 12, 14, 15, 18, 19, 20, 21, 22, 23, 28, 30, 31, 32, 37, 38, 46, 52, 53, 55, 56, 58, 61, 64, 65, 67, 70, 72, 73, 80, 81, 83, 84, 86, 87, 88 (Бул сандар окуялардын топтомундагы темаларды түшүндүрөт, мисалы 61 саны "Манастын уйкусу" деген теманы билдирет, калган сандарды да ушул сыяктуу кылып чечмелеп алуу керек).

Каныкейдин образы: 34, 35, 36, 40, 45, 49, 70 (күлазык), 82, 83, 88, 89, 90, 92, 93, 94, 96, 97, 98, 101, 122, 139, 146.

Бакай: 17, 20, 31, 35, 58, 68, 73, 82, 88, 91, 105, 106, 107, 108, 113, 146.

Алмамбет: 24, 25, 26, 27, 28, 29, 30, 31, 32, 33, 52, 56, 58, 59, 60, 62, 63, 65, 68, 70, 72, 74, 77, 79, 84.

Чубак: 34, 35, 58, 61, 62, 63, 70, 71, 74, 77, 78.

Сыргак: 38, 58, 59, 60, 62, 63, 70, 74, 76.

Кошой: 20, 41, 42, 43, 44, 48, 49, 50, 69, 70, 86.

Жолой: 13, 15, 16, 25, 47, 48, 50, 63.

Жакып: 3, 4, 7, 8, 9, 10, 15, 17, 18, 22, 35, 36, 89, 106, 108.

Коңурбай: 25, 26, 52, 55, 56, 57, 64, 65, 68, 69, 70, 73, 75, 76, 118.

Семетей: 49, 83, 85, 89, 90, 91, 94, 95, 96, 97, 98, 99, 100, 101, 102, 103, 104, 105, 106, 107, 108, 109, 113, 114, 115, 116, 117, 118, 119, 120, 122, 123, 143, 146.

Айчүрөк: 110, 111, 112, 113, 114, 116, 118, 122, 125, 126, 131, 135, 142, 145, 146.
Күлчоро: 77, 109, 110, 113, 115, 116, 117, 118, 119, 122, 123, 128, 129, 130, 131, 132, 133, 134, 136, 140, 141, 142, 143, 145, 146.
Канчоро: 109, 117, 120, 121, 122, 123, 124, 140, 141, 142.
Чачыкей: 108, 112, 113, 120, 121, 124, 141.
Сейтек: 125, 126, 127, 132, 136, 137, 138, 139, 144, 145, 146.

("Манас сабагы" китебинен, 456, 469, 617-беттерде).

Бул сандар менен туюнтулган топтомо колдонууда мугалимге оордук алып келиши мүмкүнбү? Жок. Тескерисинче, эмгекти жеңилдетет. Сандардын жардамы менен каалаган окуя шыр табылат. Ал каармандын мүнөзүн, иш-аракеттерин, түпкү максатын топтоштуруп түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Ал эми окуучу аны пайдаланып, өз алдынча ой жүгүртө жана дилнаама жаза алат.

Мисалы, IX класстын окуучусу Асел "Бейне" топтомун кантип пайдалана алат? Ошого көңүл буралы. Айталы, Асел Чубак баатыр жөнүндө дилнаама жазмак болду. Ал мугалимдин берген багыты боюнча "Манас сабагы" китебинин 456-бетин ачат да, "Чубак" деген жазуудан кийинки 34, 35, 58, 61, 62, 63, 70, 71, 74, 77, 78 деген сандарга көз токтотот. Окуучу бул сандарды кантип пайдалануу билет. Демек, 34, бул сан чежире-топтомодгу "Чубак Букарда" деген 34-теманы түшүндүрөт. Андагы окуяны Асел жакшы билет. 35-тема - "Куда түшүү". Мында Каныкейден качып келген Чубак: "Баатыр, сага ылайык жар таптым"- деп баркылдайт эмеспи. 58-тема - "Алмамбет менен Чубактын чатагы". 61-тема - "Манастын уйкусу". Анда Чубак Манасты көп убаракерчилик менен ойготуп, анан "Мунун аты да Манас турбайбы, заты да Манас турбайбы, өзү да Манас турбайбы, сөзү да Манас турбайбы" деген атактуу сөзүн айтат. 62-тема - "Буйткада". 63-тема - "Бирөө десем, миң экен". 70-тема - "Азууларын аркайтып". 71-тема - "Жеңиш. Чубак менен Төштүктүн тартуусу". 74-тема - "Үч баатырдын эрдиги". 77 - "Тирүүлөй коштошуу". 78 - "Чубактын өлүмү". Ошентип, чежире-топтомонун жардамы менен сандарды чечмелеп жиберди эле, Аселдин эсине Чубак жөнүндөгү окуялардын баары келди. Болгондо да алакандагы салгандай. Түгөлү менен. Топтолгон түрүндө. Даана. Мынчалык текши жана таасын билүүгө окуучуну эмне

кириптер кылды? Ал - так ушул "Бейне" топтому. Жана ал аркылуу ырааттуу билимге жол ачкан чежире-топтомосу. Эми Асел үстүрт эмес, топтомдордун негизинде эң сонун билип алган Чубак жөнүндө оозеки аңгеме кылса, доклад же сочинение жазса болот. Же чыгарма жазар. Кыскасы, Асел "Чубак" сыяктуу эле "Бейне" топтомундагы калган каармандардын ар бири боюнча ушундайча иштей алат. Ал эми Асел сыяктуу бардык эле окуучуга ушундайча тапшырма берүүгө болот. Ошентип, окутуу ишинде жогорудагы чежире топтом менен эриш-аркак колдонулган "Бейне" топтомунун маани-си ачылды. Бул да үйрөтүү ыкмасынын өзүнчө бир түрү катары педагогикалык илимде таанылууга тийиш.

3. "Сыпат" топтому

"Сыпат" топтому менен иштөөгө "Манас сабагы" китеби тиешелүү өлчөмдө мүмкүндүк берет (Окуу китебинин 457, 472-беттерин караңыз). Анда бул топтом менен кантип иштөө керектиги жөнүндө окуучуга учкай багыттар да (458-460-беттер) берилген. Ал эми ошол багыттар менен үзүрдүү иштөөнү мугалим жетекчиликке алат. Иштин жүргүзүлүш ыгын мындайча элестетсе болот. Айталы, Канат деген окуучу топтомдон жер сыпатын окуп билиши керек. Окуу китебинин 457-бетин ачат. Анда минтип жазылган: 1. Жер сыпаты: Алтай-Тоо (3), Каркыра (41), Алмамбеттин туулган жери (59), Талас менен коштошуу (93), Гүл-Токой-Ата (93), Сарытаз көмүр өчүргөн жердин көркү (99), Таластын көрүнүшү (102), Таңдын атышы (114), Үргөнч (115)". Андан тышкары ушул эле колдонмонун биринчи бөлүгүнөн (Кут куржундун биринчи көзүнөн) "Табият менен таттуу мамиледе болуу" деген 6-осуятты кароо керек, ал 49 нускадан турат. Ошентип, Канат Алтай-Тоодон баштайт, кашаанын ичинде 3 деген сан турат, ал чежире-топтомодогу теманын номери. Окуу китебинин 451-бетиндеги чежире-топтомго көз таштайт. 3 деген сандын тушунда "Алтай-Тоодо" деген тема турат. Демек, Алтай "Манас" сабагынын 14-17-беттеринде берилген. Алтай Акталаа деген жерден башталат экен. Жер сыпаты мындайча берилет:

Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Жерин байкап көрдү эми.
Кызгалдак чөбү кылкылдап,
Кымыздык чөп, ышкыны
Тегиз бышып былкылдап,
Оргуган булак суусу бар,
Жылтыркандуу экен убагы.
Басып адам келбеген

Элкин экен жерлери,
Ээн жаткан төрлөрү.
Бөрсө деген бир жан бар,
Курсагынан бөжөндөп
Чыгып турат баласы.
Киши кийик, төө кийик
Адырында көп экен...

Ошентип, Канат андан соң Каркыраны билиш үчүн 41 санын чежире-топтомдон карайт, анда "Көкөтөйдүн ашы" деген тема көрсөтүлүп турат. Аны окуйт. Калганы ‘да ошондой. Ал эми 6-осуят Канатка жер сыпаты боюнча толгон токой маалымат берет. Мисалы, 6-осуяттын 6-34 саны менен белгиленген нускада мындайча берилген. "Ысыккөл: Жылгасы башка миң болгон, Жыргалы журтка дүң болгон. Ташында алтын кумгандай, Жердесе кыргыз тунгандай". Аягында ал нуска кимден, кайсы китептен алынганынан бери так маалымат берет. 6-осуятка кирген жер сыпаттары өзүнчө эле бир табият галереясы! Таасын жана ажайып кооз сүрөттөлүшү менен тууган жерге, Мекенге, табиятка сүймөнчүк сезимиңди ойготот.

Кыскасы, Канат бул топтомдон кыска убактын ичинде "Манас" эпосунун жардамы аркылуу нечен жерлерди кылы менен кыдырып көрө алат. Белгилүү өлчөмдө географиялык түшүнүккө ээ болот. Ошол эле учурда "Кызгалдак чөбү кылкылдап, Кымыздык, чөп, ышкыны Тегиз бышып былкылдап" турган өрөөндү толкунданып карайт. Өзгөчө бир кумар менен. Сулуулукка суктануу менен. Ошол эле учурда баланын жүрөгүндө тымызын түрдө табиятты сүйүү, аны кастарлоо сезими ойгонууда. Ушунун өзү - адамдын калыптанышы да. Карасаңыз, "Манастын" жогорку үч эле сабы адамдын жан дүйнөсүнө табигый, ошол эле учурда суктандыргыч сулуу касиети менен кирип барды. Ошонусу менен ал адамдын өзүн да сулуулап жиберди, ж.б.

Ооба, биз "Сыпат" топтомунун бир эле салаасы боюнча сөз кылдык. Анда дагы баатырлардан тартып мергенчиликке чейин 13 сыпат бар. Алардын айрымдарын (2, 4, 5, 10, 12, 13-сыпаттарды) "Манастан" алынган 1, 2, 3, 4, 5, 7-осуяттар (алар ушул колдонмонун биринчи бөлүгүндө өзүнчө берилген) толуктап турат. "Сыпат" топтомунун колун узартып турат десе да болот. Буларды пайдаланган Канат адам катары калыптанып, жетилип тим болбойт, ал студент болсо, топтомду колдонуп изилдөө иштерин жүргүзөт, курстук, дипломдук иштерди жазат, мугалим болсо - ошол топтомдон пайдаланып жакшы сабакты даярдай алат. Ошентип, Канат ким болсо да, кыска убакыттын ичинде өтө көп жана ар түрдүү маалы-

маттар, чулу нускалар менен куралданган болот. Демек, "Сыпат" топтому менен жети осуяттын топтом түрүндө берилиши окутуудагы топтомочулук усулунун бир капшытын толтуруп тургандыгы менен маанилүү.

4. "Осуят" топтомуна түшүндүрмө

Мындай топтом "Манас сабагы" окуу китебинде жок. Ал эми Манастын жети осуяты "Манастын" миң жылдык тоюндагы салтанаттуу жыйында Кыргыз Республикасынын Президенти, баарыбыздын замандашыбыз Аскар Акай уулу тарабынан Кыргызстандын бардык калайык-калкына сунушталган. Ошол жети осуят боюнча жети топтом түзүлдү. Биринчи осуятка 115 нуска, экинчи осуятка 58, үчүнчү осуятка 55, төртүнчү осуятка 49, бешинчи осуятка 25, алтынчы осуятка 49, жетинчи осуятка 57 нуска топтоштурулду. Ар бир нуска эки номер менен белгиленди, андагы биринчи сан осуяттын катарын, экинчи сан нусканын катарын туюндурат. Мисалы, 4.7 деген номер белгиленсе, ал төртүнчү осуяттагы жетинчи нусканы билдирет. Ал эми ар бир нуска "Манастан" үзүлүп алынган, ал темасы боюнча тиешелүү осуятка таандык. Бирок ал кайсы манасчыдан, кайсы китептен алынган? Кайсы бетте? - так ушулардан бери тастыкталып көрсөтүлдү. Мындай нускаларга Сагынбайдын, Саякбайдын, Жусуп Мамайдын варианттары менен проф. Б.Юнусалиевдин редакциясында чыккан Бириктирилген вариант негиз кылынып алынды. Мисалы, ар бир нуска өзүнчө төмөнкүдөй түрдө берилди.

3.6. Манас: "Атадан не үчүн тубамын, Аманат жаным чыкканча, Намыс жолун кубамын! Атамдан калган жеримди Алдырып коюп кытайга Аңкайып кантип турамын" *(СО, "Манас", II, 1980, 24-бет)*. Көлөмү куш тилиндей эле. Чакан, кыска үзүндү. Бирок ал нуска ыр түрүндө тестеленип берилбестен, кара сөзгө окшоштурулуп жайгаштырылды. Мисалы, Жусуп Мамайдын "Манасында" төмөндөгүдөй саптар бар, ал нуска түрүндө 1-осуятка киргизилген. Ал мындайча жазылыш керек эле.

1.113. Акбалта Манаска мындай насаат айтат:

Жээн болсоң да уулсуң,
Жергемдин жуттуң суусунун.
Жети ата кунун куурга
Желигип минтип турупсуң.
Каалаганын кылбаган
Кайратсыз жигит курусун.
Удул жүрсөң бурулбай
Самарканга барасың.
Бузулбай келген мурдатан
Кыргызынды табасың.

Короого душман киргизбес
Кошой деген аган бар,
Күрөшкө мыктуу балбан бар...

(Жусуп Мамай, "Манас", I-бөлүм, 1995, Ош, 82-83-беттер). Бул нуска "Осуят" топтомунда мындайча берилди.

1.113. Акбалта Манаска мындай насаат айтат: "Жээн болсоң да уулсуң, Жергемдин жуттуң сууусунун. Жети ата кунун куурга Желигип минтип турупсуң. Каалаганын кылбаган Кайратсыз жигит курусун. Удул жүрсөң бурулбай Самарканга барасың. Бузулбай келген мурдатан Кыргызыңды табасың. Короого душман киргизбес Кошой деген аган бар, Күрөшкө мыктуу балбан бар" *(Жусуп Мамай, "Манас", I-бөлүм, 1995, Ош, 82-83-беттер).*

Демек, нускаларды кара сөзгө окшоштуруп жайгаштыруу колдонмо китептин көлөмүн арттырбоо максатында жасалды. Минтүү мааниге эч бир залакасын тийгизбейт.

Экинчи бир маселе осуяттын жүгүн көтөргөн саптарды нускага айландырып, эмне үчүн эпостон өзүнчө үзүп алып жайгаштыруу керек? Себеби жөнөкөй. Нечен осуяттар, турмуштун айкөл жана ачуу сабактары, насааттар эпостун бүткүл боюна эрип кеткен. Табигый түрүндө ошондой. Бирок аларды үйрөнүш үчүн, колдонуш үчүн нуска түрүндө "Манастан" бөлүп алыш керек да. Мындай максатты орундоодо нускалоо иши окуучуга, студентке жана мугалимге көп жеңилдик алып келет. Биринчиден, осуятты керектөөчү адам "Манастын" ондогон томдорун антарып, көзү каныкканча издөөдөн кутулат. Экинчиден, убакыты үнөмдөлөт, анткени суткалап издөө 10-15 мүнөт менен алмашат. Демек, нуска даяр түрүндө керектөөчүгө тез жетет, ага кызмат көрсөтөт. Ошентип, осуятты нускалап берүүнүн сыры ушунда.

Ал эми нуска түрүндөгү осуяттарды топтом боюнча берүү аны колдонгон кишилердин кулачын чексиз кеңейтет. Окурман салыштырып аңдоо, маани-маңызды иликтөө, терең туюнуп-түшүнүү деңгээлине чейин көтөрүлөт. Мындай "Осуят" топтому саясий ишмерлерге, айрым кызыккан жана кызматтык жактан тиешеси болгон кишилерге да кызмат көрсөтө алат.

5. Кеште (схема) топтому

Бул - өзөк окуялардын негизинде жүргүзүлүүчү кыйыр түрдөгү кайталоолор. Мугалимдин багыт берүүсү менен башталып, анан ал окуучулардын өз алдынча иштөөсү менен алмаштырылат. Иштин аты көрсөтүп тургандай , бул чын эле кештелер ("кеште" схема же чийме маанисинде). Анын жардамы менен окуяларды, образдарды ырааттуулугу боюнча бир өзөккө топтоштурууга болот. Бирок мында окуялардын темасы гана көрсөтүлөт. Мисалы, Жакып жөнүндөгү кеште кандайча түзүлөт? Карап көрөлү. "Жашап" деген сөз төрт бурчтукка алынып, анын эки капталынан бирден сызык чыгат. Биринчи сызыктын учуна "Манаста" деп жазылган, андан тарамтарам болуп чаккан чийимдердин тушуна төмөндөгүдөй сөздөр тиркелген: тез байыйт; балага зар болот; түш көрөт; Манас төрөлгөндө сүйүнөт; кейийт; дүйнөкор; кээде Манаска эш болот; Манасты таарынтат; Манасты үйлөндүрөт. Экинчи сызыктын учуна "Семетейде" деп, андан чачырап чыккан сызыктардын туштарына "Абыке, Көбөштү Каныкейге каршы тукурат; Семетейди уулантып өлтүрмөк болот; эл душманына айланат; эки жүздүү; акырында жазаланат". Мындай кеште топтому Манаска, Каныкейге, Алманбетке, Күлчорого, Айчүрөккө, Коңурбайга, Бакайга, Чубакка, Сыргакка, Канчорого, Сейтекке ж.б. түзүлөт. Ал эмес, окуялар да кештелер менен туюнтулат. Мисалы, "Манас", "Семетей", "Сейтек", эпосторунун ар бири өзүнчө. Айрым чоң бөлүктөр боюнча ("Көкөтөйдүн ашы", "Алманбеттин Манаска кошулушу", "Чоң казат" ж.б.) өзүнчө кеште түзүлөт. Бул деле жөнөкөй, бала темага байланыштуу окуяларды бир нокотко жыйнайт жана андан сызыктар аркылуу чачыратат. Кээде бул ишти катары менен тизмелеп чыкса да болот. Мындай кештелер топтомун түзүү өтө жеңил. Үлгүнү бор менен доскага чийип бересиң. Балдар үлгүгө окшоштуруп калганын үйдөн өз алдынча иштешет. Окуучунун көңүлүндө теманын аркасындагы окуя турат. Алар сюжеттик өнүгүшү боюнча ыраатташтырылат. Кыскасы, бул кештелер аркылуу бүткүл эпосту кайталоо керек. Бирок анын милдети муну менен бүтпөйт, ал кийинки иштерге, тагыраак айтканда, образды талдоого, окуяларга баа берүүгө да өбөлгө болуп берет.

Ошентип, өзөк окуялардын негизинде түзүлгөн чежиретоптомо, "Бейне", "Сыпат" топтомдору, сөздүктөр, кештелер, көркүү окуулар, ой жүгүртүүлөр - эпостун өзүн окуучуларга үйрөтүүнүн эң мыкты жолдору. Ал бай иллюстрациялар, күүлөр, үн табакка жазылган ариялар,

хорлор, манасчынын үнү менен шөкөттөлүп, кулакка да, ойго да конумдуу болуп калат. Бирок өз ара тутумдашкан, бирдиктүү максатка багындырылган иштердин соңунда корутунду сабак өткөрүлөт. Анда бир саат бою манасчынын аткаруусундагы эпос окуучуларга уктурулат, же көркүү окулат, же "Манасчы" кинофильми көрсөтүлөт.

6. Өзөк окуяларга карата мамиле

Өзөк окуяга карата окуучунун мамилесин кантип иштеп чыгуу керек? Негизги нерсе иштелди - балдар үчилтикти толук билет. Бул чекпи? Жок. Орто жолго токтоп калуунун зарылдыгы канчалык? Сабактын максаты орто жолдо токтоп калуу менен жетишпейт. Демек, өзөк окуяларга карата окуучунун жекече мамилесин иштеп чыгуу зарыл. Мунсуз окутуу толук болбойт. Ырас, өзөк окуянын (же кеп шиңгилинин) соңунда чакан бышыктоо жүргүзүлүп, мугалимдин багыт бериши же окуучунун жекече баамдоосу боюнча айрым ойлор, образдын касиеттери купуя түрдө аңдала баштаган болчу. Бирок ал балдардын баарын өзүнө тарткан максаттуу жалпы иш эмес: бири түзүк, экинчиси орточо, бир топтору окуянын кызыктуулугуна эле канығып, андан ары барбайт.Терендик ачылбай, өздөштүрүлбөй кала берет. Ошондуктан көркөм уюткуга мамилени иштеп чыгуу - бул аны үйрөнүүгө удаа жүргүзүлүүчү мыйзам ченемдүү иш. Демек, чыгармачыл ойлоого тартуу дегендик. Ал эки ача ишти бириктирип турат, бири - илимий негизде ой жүгүртүү (ага бейнени, окуяны талдоо, чакан иликтөө, жалпылоо, тыянак чыгаруу иштери кирет), экинчиси - көркөм ой жүгүртүү (ал эпостун негизинде жазылган аңгемелерди, пьеса-дилнаамаларды, ой толгоолорду, поэма-дилнаамаларды, ырларды кучагына алат). Аны терс байланышты алуунун жолу, алынган түшүнүктөрдүн негизинде окуучунун акыл-эсин өркүндөтүү, таанып билүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүү сабагы катары түшүнүү зарыл. Демек, ар бир өзөк окуя (көркөм уютку) ой жүгүртүүнүн булагы делип эсептелет. Ага таянып, образды жана окуяны талдоого болот.

1.Окуяны талдоо. Бул аркылуу биз окуучуларды ой жүгүртүүгө, баа берүүгө, образды түшүнүүгө, идеяны ачууга, таалим-тарбиялык касиетти белгилөөгө, салыштыра билүүгө, байытып баяндоого жана корутунду чыгарууга үйрөтөбүз. Окуядан ойду чубап алуунун мындай топтошкон жолун толук аткартуу баланын эпоско болгон жекече мамилесинин түзүлүшүн шарттайт. Окуучу өз оюн, өз акылы менен тийиштүү корутундуларды жасай

алат. Бирок, иш үлгүдөн башталат, окуядан ойду чубап алуу ыгы көрсөтмө куралдын жардамы менен түшүндүрүлөт. Эгер бул үлгү - көрсөтмө куралды сөз менен туюнтсак, анда ал төмөндөгүдөй сүрөткө ээ: "Өзөк окуя" деген сөз тегерек алкакка алынат, андан чыккан сызыктар төрт бурчтуктар менен туташат. Ар бир төрт бурчтукта өзүнчө сөз жазылган: биринчисинде "максатты аныктоо", экинчисинде "бейнени түшүнүү", үчүнчүсүндө "салыштыруу", төртүнчүсүндө "тарбиялык мааниси", бешинчисинде "баа берүү". Бул чиймени окуучулар адабий дептерине көчүрүп алышат. Мугалимдин үлгүсү ачык-айкын, так жана жеткиликтүү баяндалат. Маселен, "Өзөк окуя" деген орунга мугалим "Манастын ууланышы" деген окуяны коет да, андага көздөлгөн максатты, тарбиялык маанини ачат, образдарды түшүндүрөт, баа берет, "Семетейге уу камдоо", "Маджму - ат таварихтеги" - Манасты ууландыруу окуялары менен салыштырылат. Зарылдыгына жараша бул үлгү баян бир нече жолу кайталанышы мүмкүн. Мына ушундан соң окуучулар өз алдынча иштөөгө чегилет.

Балдардын өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүнө карап, окуялар оор-жеңилине карай топтоштурулат да, жекече, тайпалык, жамааттык түрдө иштөөгө сунуш кылынат. Мындай акыл эмгеги менен бала үйүндө да иштей алат. Акырындык менен корутунду чыгарууга үйрөнүшөт. Ал эми "өзөк окуя" деген орунга каалаган эле окуяны коё берүүгө болот эмеспи. Айталы, орточо эле өздөштүргөн бир окуучуга программа - топтомодогу "Алтынай" деген тема тийди. Бала окуяны бүт көңүлүнөн өткөрөт, көңүлүндө көрүп турат. Ана, Нескара, Жолой баштаган жети баатырды Алмамбет катары менен ыргыта сайды. Бирок өзүнүн да шайы кетти, аттан түшүп эс алып отурду. Ошондо Алмамбетти беттеген Коңурбай учкан куштай зымырайт. Камынтпай сайып өлтүрмөкчү болот. Ошол маалда ак байбиче Алтынай "Алмама караан болуп берейин, ажалым жетсе өлөйүн, жалгыз уулумдан айрылганда, не муратка жетет элем" деп келип калган болот. Тору бээге минип, түрмөктөлгөн кара чачты төбөгө түйүп, кызыл түпөк сыр найзаны колго алган. Анан алыстан чамынган Коңурбайды көрөт да, буйткага тура калат. "Эч болбосо чанга аралаш калчанын Алгарасынын ичин жара саяйын" деп эптенет. Тушунан өтө бергенде, найза саят, бирок көзүн жуумп жиберет. Ошондо найза кере карыш ылдый тийип, кар жиликтин булчуң этин жыра саят. Алгара үч буттап калат. Коңурбай кайра качат.

Ошентип, энеси уулун сактап калат, бирок өзү өлүмгө кабылат. Кыжылдаган көп калмак Алтынайдын сөөгүн качырга артып кетип баратышат. Эс алып калган Алмамбет алардын артынан кууп жетип, калмактарды өлтүрүп, энесинин сөөгүн ажыратып алат да, өз колу менен токойго коет... Мына баланын эсинде турган окуя - ушул. Окуучу эми бул өзөк окуяны жогорудагы үлгүдөгүдөй кылып талдашы керек. Мисалы, Гүлнар деген кыз төмөндөгүдөй жыйынтыкка келген: 1) "Жакшы энелер уулунун адилет иши үчүн отко да, чокко да түшүшкөн, өлүмдөн кайра тартпаган" - эпос Алтынай аркылуу ушул ойду айткан. 2) бул окуя Чыйырды менен Каныкейдин Семетейге кылган камкордугуна окшош, мындай энелик улуу сезим Айчүрөккө да таандык, бирок айрыма да бар, Алтынай жөнүндөгү окуя өтө кыска, ошонусуна карабастан ал жарк эткен татынакай, таза өмүрдүн элесин берет; 3) адилеттүүлүк үчүн күрөшкөн баласы үчүн курман болуу үлгү алууга татыктуу, улуу өрнөк катары андан миңдеген энелер таалим алышкан; 4) бул окуяда Алмамбеттин образынын бир кыры - көз карашы ачылат, ага адилеттик баарынан жогору, бир боор Ата Мекенинен кымбат, ошол себептүү чындыкты бетке айтат, зоордукчулар менен салгылашат, ата конушун таштап, качып чыгат; 5) демек, эл эпостун ушул кичинекей бөлүгү аркылуу эненин улуулугун, ыйыктыгын, акыйкатчылыгын жана уулуна болгон чалкар, теңдешсиз сүйүүсүн айтат ж.б. Ошентип, программа-топтомдогу 26-теманын "Бейне" топтомундагы Алмамбетке тиешелүү окуянын негизинде пайда болгон жогорку акыл туундулары - бул өзөк окуяга карата окуучунун жекече ойлорунун иштелип чыгышы. Бирок дайым эле көркөм фактына жогорудагы беш форма менен талдап отуруунун зарылдыгы жок. Антүүгө убакыт да, мүмкүнчүлүк да болбойт. Ошол себептүү окуяны талдоодо эң негизги учурларга токтолгон жакшы. Мисалы, бала талдоонун алдында минтип ойлонушу керек: "Бул окуя аркылуу эпос эмнени айткысы келген? Бул көркөм фактыдан (уюткудан) мен эмнени үйрөндүм? Мага керектүүсү кайсы?" Ушинтип ойлонуу аркылуу окуучунун көңүлү эң башкы нерсеге - окуянын мазмунунда катылып жаткан ойду - элдик акылмандыкты ачууга бурулат. Демек, негизги окуялардын ар бирин идеялык мазмуну боюнча талдатуунун мааниси зор. Мисалга жогоруда эле сөз болгон "Маназа ууберүү" окуясын карап көрөлү. Бала аны билет. Окуучу эми так ушул окуя аркылуу эпос эмнени айткысы келип жаткандыгын үйрөнүшү керек. Ошондо кызыктуу жомок кызыктуу турмушка айланат. Окуяда мын-

дай ой айтылат: "Душман - мыкаачы, анын ар кандай айла-амалынан сактануу керек, эгер сактанбаса, душман эл баатырларын, элдин эң керектүү нерселерин талкалап, жок кылууга аракеттенет".

Мына - алтын эреже! Ал бир нече кылымдар бою кыргыз элин душмандан сактанууга үйрөтүп келген. Кооптуу жоонун утуру кол салып турушу сактануу зарылдыгын күчөткөн да, элге укмуштуудай таасир этүүчү көркөм сөз өнөрүнүн мазмунуна чөгөрүлгөн. Душмандан сактануу жана коопсуз болуу идеясы азыркы күндө маанисин жоготкон жок. Дагы бир окуянын - "Манастан Жолойдун жеңилишинин" мазмунуна серп салып көрөлү. Эпос бул окуя аркылуу төмөнкүлөрдү айтат: "Душман башка элди эзип, кордоп, керек болсо кырып, талап жана тартып алган байлыгына туйтунуп, жыргап жашагысы келет. Ошон үчүн согуш ачат. Эсен кандын, Дөөдүр алптын, Жолойдун максаттары ушундай. Ал эми душман каптап, эл башына күн түшкөндө, керт башынын кызыкчылыгын ойлогон дүнүйөкор коркоктор Жакыпча дирилдеп, сакалчачы бириндеп, багынып берүүгө аракет кылат, а Манас сыяктуу баатырлар эл үчүн кылча жанын аябай, кара башын сайып, кармашат. Найза сайып тон бузат, ажалы жетсе окко учат, бирок багынбайт. Мындай эл үчүн алтын башын сайып кармашуу - эрдик, чыныгы баатырдык. Ал эми эл коргоо түшүнүгү - Манастын айкөл акылмандыгы. Бул ой - акылмандык. Анда каармандардын образын ачуучу көз караш да, таалим-тарбиядык кенч да бар. Ушул акылмандыкка таянып мындай деп да ойлоого болот: "Кыргыз элинин басып өткөн жолунда Манастан да мыкты, күчтүү, алп баатырлар көп эле жашаган болуш керек. Бирок ошолордун ичинен Манас өз кызыкчылыгынан элдин кызыкчылыгын жогору коюп, эркиндик, бөштондук. көз каранды эместик үчүн душман менен кармашкандыгы, жанын аябай салгылашкандыгы, өз тегерегине тентигендерди жыйнап эл кылгандыгы, калайык-калкка жаккан да, анын өлбөс-өчпөс турпатын ыр менен кийинки муунга айтып берүүгө милдеттүү гана эмес, карыздар да болушкан. Душманга каршы элдин башын кошуп бириктирүү аракети Манасты "айкөл" деген тендешсиз сапатка жеткирген. Демек, бул окуядан окуучулар душманга каршы эл үчүн салгылашуу түшүнүгүн алышат. Эл коргоо түшүнүгүнүн тамыры терең байыртадан башталгандыгын билишет. Эл ушул акылмандыкты эпосунда сактап келген, өнүктүрүп келген, кийинки муунга талбай үйрөтүп келген. Анткени кыргыздар Манас менен келечегин - укум-тукумун да сактап калгысы келген.

Кыскасы, ар бир окуя техниканын тетиги сыяктуу. Анын өзүнчө аткарган милдети бар. Биз окуучуларга так ошол милдетти ачышыбыз керек. Окуянын негизиндеги катылган ойлор бири-бири менен чынжыр сыяктуу байланышып жүрүп отурат. Ал баланы таң калтырат, тамшандырат, ал эми анын негизиндеги акылмандык байкалбайт. Ошол себептүү аны ачуу, баланын бүгүнкү күнү менен байланыштыруу, келечек максаты менен айкалыштыруу керек. Окуучу мазмундагы акылгөйлүктү чемичке чаккандай шыр эле ачып түшүнөт дегенден оолакмын. Кээлерин талдоо учурунда өздөрү ачат, кээлерине жарымжартылай жардам берүү керек (тикелей эмес, кыйыр түрдө), айрым учурда татаалдыгына карай мугалимдин өзү чечмелегени туура. Бирок башкы максат - бул, баланын өз алдынча окуяны талдап, андагы асылдыкты - өмүр сабагын ача билиши. 2. Образды талдоо. Тигил же бул окуя көркөм образды түзүү боюнча тиешелүү жүктү аркалайт. Анан алар бирин бири толуктап отуруп, төрт тарабы төп, каныктип-каарманды - эпостук образды жаратышат. Образ эки түрдүү жол менен талданат. Биринчиси. "Көркөм образды портрет, мүнөз, көз карашы, өмүрч, иш-аракеттери боюнча иликтөө. Мында да мугалимдин үлгүсү жана окуучулардын өз алдынча иштөөсү бар. Мында тике эле "Бейне" топтомундагы каармандарга тиешелүү сан менен туюнтулган окуяларга токтолуу керек. Мисалы, Манастын мүнөзүн аныктоо үчүн калмактын 80 баласына арача түшүү, Алмамбет менен Чубакты жараштыруу, алп уйку, айкөлдү унутуу, Коңурбайга алдатуу сыяктуу окуяларга токтолуу абзел.

Ал эми макаланын башындагы сөз кылынган "Жолойдун Манастан жеңилиши" деген тема образды талдоонун эң бир урунттуу учурун камтыйт. Анда эки тип каармандын жашоо жөнүндөгү көз караштарынын курч кагылышы сүрөттөлөт: Манастын ой түпкүрүндө элди сүйүү, коргоо сезимдери чөгүп жатат, бул жанбас, эч ким өзгөртө албас таза, ыйык сүйүү (аны өзгөртүүгө, мал, дүйнө жандуу кылууга атасы катуу аракет кылат), ал эми Жолойдун түпкү максаты (көз крашы) таптаза башка: Манасты өз элди сүйгөндүгү жана коргоо даяр тургандыгы, азган-бозгон элдин башын кошуп, бириктиргени үчүн жазалоо (колго түшүрүү же өлтүрүү); бөлөк элдин байлыгын тоноп алуу жана өзүнүн жеке тилегин орундоо үчүн кан төгүү; зордук менен тартылып алынган байлыкка туйтунуп, жан сактоо ж.б. Ал эми Манастын иш-аракеттери аныктоо үчүн бала эпостун биринчи бөлүгүн дээрлик иликтеп чыгууга кириптер болот. Так ушул жерден өзөк окуяларды үйрөнүү

мезгилиндеги колдонулган топтомолор, кеп шиңгилдерин, сөздүктү, кештелерди, көркүү окууну пайдалануу ондуу. Анткени алар - бейнени талдоонун даяр каражаттары. Экинчиси. "Көркөм образды аныктамасы боюнча талдоо". Мында "бир эле учурда жеке, бир эле учурда жалпы, асылдык касиетке ээ болгон, жазуучунун (же элдин) ой толгоосунан жана кыялынан жаралган тип-каарман көркөм образ деп аталат" деген адабий аныктама жетекчиликке алынат. Бул эрежени жик-жиги боюнча бөлүп жибербесек, анда көркөм образдын турпаты бир нече бөлүккө ажырап кетет: 1) бир эле учурда жеке; 2) бир эле учурда жалпы; 3) асылдык касиетке ээ болуп; 4) элдин ой толгоосунан жана кыялынан жаралуу. Мына ушул төрт касиет боюнча окуучу бейнени иликтеп чыгат. Мисалы, Коңурбай жеке адам, өзүнө таандык портретке, мүнөзгө, көз карашка, өмүр баянга ээ, ар түрдүү окуяларга катышат, иш бүткөрөт; ошондой эле ал типтүү баскынчы, анын турпатынан жүздөгөн кишилер көрүнөт, ал - көркөм сөз менен каныктырылган эпостун бир терс каарманы; элдин мыкты таланттары, акылмандары тарабынан түзүлгөн ж.б.

Көркөм фактыга мамилени иштеп чыгууда образга караганда окуяны талдоонун кулачы кенен. Анткени ал башка учурлар менен бирге образды иликтөөнү да кучагына алат. Демек, образ өзүнчө бөлүнүп алынбай, табигый толук касиеттери менен талданат. Ошол себептүү ал "иштеп чыгууга" бөлүнгөн убакыттын көпчүлүгүн ээлөөгө тийиш. Анын үстүнө эпостун түпкүрүндө чөгүп жаткан асылзадалыкты: акылгөйлүктү, атанаркты, таалим-тарбияны, насаатты, өрнөктү тез туюнтат. Окуя образдан таптаза бөлөк-бөтөн нерсе эмес экендигин да эске алуу керек, ал кайча келген күчтүү көз караштардын кагылышуу орду, дүйнө, коом, адам, жашоо жөнүндөгү түшүнүктөрдүн тогошуусу. Демек, окуяны талдоо - образды талдоо дегендик. Бирок анын телегейи тегиз эмес, оркойгон кемчиликтерге алып барышы мүмкүн. Мисалы, окуяны талдоодон образдын айрым касиеттери ачылбайт. Бирок ал чачкын да. Аларды жыйноо, бир борборго бириктирүү керек эмеспи. Демек, андай ишти образды түзүлүшү жана аныктамасы боюнча талдоо иши жөнгө салат. Мына ушул касиетине карап, образды иликтөө окуялардан кийин жүргөнү жакшы.

4. Көркүү окуялар

"Манас" эпосу боюнча түзүлгөн окуу программасында (ал программа ушул колдонмонун этегинде бар) көркүү окууга 35, ал эми көркүү окуу боюнча таймаштар

менен чыгармачыл сабактарга 32 саат бөлүнгөн. Убакыттын үлөштүрүлүшү боюнча өзөк окуялардан (ага бардыгы 113 саат) кийин турат, ага 67 саат керектелет. Ошондой эле теминген эле жерден өзөк окуялар менен куйрук улаш жүрүп отурат. Окуу чежиресиндеги "Кыргыз элинин чабылышы жана сүрүлүшү", "Айбалтаны ким аштайт, азган журтту ким баштайт" дегенден кийин эле Манастын сыны, турпаты боюнча эки саат көрктүү окуу берилген.

Улуу манасчы Сагынбайдын нускасында төрөлгөн баланын турпаты мындайча. Ал Жакыптын сөзү менен сыпатталат.

Мыңдайы жазы, башы кууш,
Бир боюнда турат тууш,
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү калча, көзү тик,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы, ээги узун,
Эрди калың, көзү үңкүр -
Эр мүнөзү көрүнөт.
Алакан жазык, колу ачык,
Аттанып чыкса жол ачык -
Алп мүнөзү көрүнөт.
Кең көкүрөк, жайың төш,
Аркасы кең, бели түз,
Айбаты катуу, заар жүз -
Пил мүчөсү көрүнөт.
Жолборс моюн, жоон билек,
Жооруну калың, таш жүрөк,
Жылма кабак, жылдыз көз,
Бөрү кулак, жолборс төш
Бөлөкчө түрү бар экен.
Кеткенден алар кегимди,
Өткөндөн алар өчүмдү.

("Манас сабагы" китебинен, 35-636-беттерде)

Ал эми баланын сыпаты улуу манасчы Саякбайда Акбалтанын сөзү менен берилет.

Бай Жакып балам, сүйүнчү,
Бүгүн сенин багыңа
Арстан туулган шер келди!
Кайгырсак колго тийбеген
Кабылан султан эр келди.
Оң колуна кара кан
Кармай түштү кан Манас.
Кармашууга жоо болсо,
Кара кандай агызып,
Канын төгөм дегени.
Сол колуна сары алтын
Уучтай түштү кан Манас.
Салыштарга жоо болсо,
Сары алтындай саргайтып,
Мен түбүнө жетем дегени.
Бакырып бала түшкөндө,
Түшкөн жерден чаң чыкты,

Ыйлаганда ал бала
Жүрөк туйлап жан чыкты.
Көргөндүн көөнү бөлүндү,
Арт жагында баландын
Кара көк жал көрүндү.
Кара чаар кабылан
Капталында чамынды
Көсөө куйрук көк арстан
Оң жагында чамынды.
Туулган бала Манастын
Оң ийнинен бир жыттап,
Сол ийнинен бир жыттап,
Күр-күр этип толгонуп,
Берен менен арстан
Кошо жатты комдонуп.
Чекеси жерге жеткени,
Асмандан кудайдын нуру чачылып,
Зилзалла жүрүп кеткени.
Аман жүрүп чоңойсо,
Эрешен тартып эр болот
Как көк жал кабылан
Каары толук шер болот.
Атаары болот ок болот,
Ааламда мындай жок болот.
Айдалып келдик алыстан
Тууганыбыз кыргызды
Таап берчү эр ошол.
Муңуңду чечер эр ошол,
Бизди муңкантпай күтчү эр ошол.
Өзү Алтайда тууларды,
Билсең кадыр түн келди.
Ойлоп, көрсөң, Жакып кан,
Бизге жакшылык тиер күн келди.
Белгилүү экен, бел экен,
Белге таңуу шер экен,
Байланып жаткан бактынын
Багын аччу уул экен,
Кордукта жүргөн адамдын
Колун чөччү уул экен.
Кырк үйлүү кыргыз чогулуп,
Капанын баарын жоелу,
Кызыр чалган көк жалды
Азырынча "Чоң Жинди" атка коелу.
Бала келди, шер келди,
Мал менен башың тең келди.
Аман болсо бул уулуң
Кыяны чаап жол салат.
Айтканым жалган болбосо,
Бул уулуң кытайды чаап олжо алат.
Сан кара күткөн, ой, Жакып!
Малга кароо жан элең,
Сараңынды кой, Жакып,
Капанын баарын жой, Жакып,
Табылып Манас уул келди,
Далайын тойго сой, Жакып.

("Манас сабагынан",
36-37-беттер).

Ал эми кыскартылып бириктирилген вариантта жогоруда биз мисал келтирген Сагынбайдан алынган үзүндү толук, Саякбайдан алынган өзүндү жарым-жартылай камтылган.Көркүү окууга бириктирилген варианттагы төмөндөгү саптарды кыстыра кетсе да болот. Бул ыр тесте Саякбайда түш жоруу мезгилинде, ал эми бириктирилген нускада бала төрөлгөндөн кийин айтылат. Бирок бир аз айырмага карабастан, экөөндө тең айтылган сөздүн ээси - Акбалта.

Сары адырмак шыбыргак,
Белди табат экенбиз.
Киндик кесип, кир жууган
Жерди табат экенбиз.
Паана берип жараткан
Элди табат экенбиз.
Кече чалышарга чама жок,
Алышарга айла жок,
Кара калмак, көп манжуу
Төбөбүздөн басканда,
Кече быт-чыт кылып туш-туштан
Баарыбызды чачканда.
Кордукту койбой салганда,
Мал менен башка ээ кылбай
Такыр талап алганда,
Кол-бутубуз байланып,
Кордук көрүп айдалып,
Өз туугандан айрылып,
Бирөөбүз түшүп Эренге,
Бирөөбүз түшүп кетиппиз
Чыкпай турган тереңге.
Ушул бир бала чоңойсо,
Сени беките турган бел болор.
Керише келген душмандан
Сенин кегиңди алар эр болот.
Жакып, сенин үзүлгөнүң уланат,
Чачылганың жыйналат.
Өрттөнгөн жүрөк басылат,
Аман уулуң чоңойсо,
Сенин умачтай көзүң ачылат.

("Манас сабагынан", 38-бетте).

Көркүү окууну даанарак элестетүү үчүн Сагынбайдан, Саякбайдан, кыскартылып бириктирилген варианттан үзүндүлөрдү мисалга алдык. Бирок ушул жерден эле тактап айта кетчү кошумча - көркүү окууну байытып же кыскартып алуу - мугалимдин эрки. Эң негизги жерлерди тандап алуу зарыл. Калган көркүү окууларда да жогоркудай байытуу жана кыскартуу иштери шексиз керек. Оболу, ага чыгармачыл мамиле жасап, пьеса түрүнө келтирсе да болот. (Алардын айрым үлгүлөрү окуу китебинде бар, 132, 294-беттерди караңыз). Кээде мындай пьесалаштырууга класстагы окуучулардын өзүн

тартуу керек. Ага өзгөчө ышкынын зарылдыгы жок. Талаптанган ар бир эле адамдын колунан келет.

Эми көркүү окуулар кандай түрдө болуш керек? Биринчиден - "Манас" өз салтында айтылат. Демек, "Манастын" обону менен, аны кыймыл, жандоо, ымдоо сыяктуу аракеттер коштойт. Бул класстын өзүндө жүргүзүлөт, эл алдында айттыруу да керек. Бир класста же бир нече класста манасчылардын таймашып айтышуусун жүргүзүү балага олуттуу аракетти берет, ал бардык күчүн үрөп, берилип аткарат. Оболу, ал окуучу түш да көрөт. Түш менен "сыйкырланып калышы да мүмкүн. Мындай учурлар азыркы кездей сейрек болсо да кездешет. Эсимде, Эсенаманов Мурат деген окуучу утуру түш көрүп, түшүндө дайыма ак сакалын жайкалтып Бакай андан "Манас" айтууну талап кылат. Бала бир күнү Бакай атанын акылы боюнча "Манасты" өзүнчө кураштырып, оюнан чыгарып айтып жүргөнүн мага сүйлөп берди. Бул таң каларлык эле. Ошентсе да аны текшерип, сынап көргүм келди. Ага дароо бир окуяны айтып бердим. Ошону мүмкүнчүлүгүндүн жетишинче "Манас" кылып айтып көрсөң, мен өтө кызыгып калдым", - дедим. Мурат ал окуяны дароо ырга айландырып, "Манастын" обону менен айтып кирди. Атайы узак айттырган жокмун. Бирок аны колдоп, "Манас" айтканына ыраазы экенимди жашырбадым. Ырас, ага айтпаган да нерселерим болду, ал азыр жаш, кээ бир саптар ыргак өлчөмүнөн ашып кетет да, кээлери ыргак өлчөмүнө жетпей калат, ошентип, обон өксүй түшөт. Дагы уйкаштары да чалагайым, көбүнчө "барыптыр, салыптыр, калыптыр" өндүү этиштер уйкашып жүрүп отурат. Мурат кийин Манастын күмбөзүнө чоң энеси менен барып түнөп келип жүрдү. Анан атасы аны мектептен чыгарып алып, кой кайтартып койду. Бирок ал жерде да "Манас" айтканын таштаган жок. Жакында ал мага жолугуп, Бакай дагы эле түшүнө кирерин, көп-көп айтпаса, 18 жашынан кийин манасчы болбой каларын эскертти дейт. Демек, Манас сабагынын 3-класстан баштап окутулушун ат үстү мамиле менен карап, "өтө эрте эмеспи", "аны кайсы сааттын эсебинен окутабыз", "IV класстан эле баштаса не болот" деп чыйрыгып тургандар да кездешет. Тетирисинче, педагогикага тиешеси жок эле бир карапайым эне: "1-класска окуй турган бала "Манастан" кичинекей бир үзүмүн билгени боюнча кабыл алынса, ата-энелер перзентин ошого тили чыккан кезден эле даярдаса, ушуну элдик салт кылып алсак", - деген ойду айтат. Аны "бул улуттун маданияттуулугун айгинелей турган салт болор эле" деп колдогондор бар.

Кыскасы, "Манас" менен балдар канчалык эрте таанышса, алардын арасынан чыныгы чыгаан манасчынын пайда болору бышык. Ушундай жол менен көп жылдар бою пастап, оболу үзүлүп калган, кайра жанданып жаткан манасчылыктын кербенин улаштырууга болор эле. Ал эми "Манастын" салтындагы көркүү окуу - бул жалпы талап. Аны ар бир бала мектептик жылдарында аткарышы керек. Ал дайра - аны кечип өтүү парз. Мейли, окуучу аткаруучу катары "Манасты" кечеде, чогулушта, ж.б. эл жыйылган жерде айтсын, мейли, ал эч бир жерде "Манас" айтпасын. Бирок бала атуул катары, маданияттуу инсан катары "Манастан" бир нече көркүү окууну билиши, жадында сакташы зарыл. Айрым бир чыгарма он-онбеш жылдан кийин унутулат, ал эми миң жылдап элдин мүдөөсүн аркалап, керектөөсүн орундап, такай колдонулууда болуп келген "Манас" бардык адамдын билишине, ага астейдил урмат менен карап, таазим кылышына жана сыймыктанышына татыктуу. "Манас сабагынын" окуучуларга окутулушу жогоркудай талапты ар бир баланын аткара билишине толук мүмкүндүк берет. Ал эми мугалим - ушул иштердин тикеден-тике уюштуруучусу. Экинчиси - "Манасты" кыраат менен айтуу. Муну педагогикалык адабияттарда жана басма сөздө көркүү окуу же үн кубултуп айтуу деп да атап жүрөбүз. Албетте, бардык эле окуучу "Манасты" обону менен айтпайт, үнү келишпей калышы да мүмкүн, бирок кырааты менен айтканга чебер балдар да кездешет.Алардын айрымдары үнүн боюнча устат артисттерден да кем калышпайт. Кайра табигыйлыгы менен андан ашып түшүшү мүмкүн. Демек, ошондой балдар үчүн "Манас" - табылгыс кенч. "Манас" үчилтигинин улуулугу өзгөчө көркүү окууда айкын сезилет. Мисалы, Манастын уу ичкенден кийинки өксөөсү эмне деген тири укмуш! Ичкенде Манас бүк түшөт, төбөсү менен тик түшөт. Кыл муруту шыйпаят, алагар көзү алаят. Сүрөтү качып, ич күйөт. Башына алтымыш мүшкүл бир келет, каңырык түтөп үшкүрөт. Ошондо ичке толуп арманы, баатырдын ушул айтканы:

Мен өлөрдө кашымда:
Жети түмөн кол келсе,
Желбегей кирип кол салган,
Алтын кемер курчанган,
Айдай бетин нур чалган,
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү
Алмамбет карап турсачы,
Андан кийин шүмшүктөр
Бул кордугун кылсачы-ы...

(Калганы да ушул сыяктуу "Манас сабагы" окуу китебинен, 132-134-беттер).

Же Каныкейдин Талас менен коштошуусуна көңүл буруп көрөлү.

Кайрылып жерди карасам,
Кара боорум эзилет.
Карай берсем көз тойбой
Кара көзүм тешилет.
Айланайын, кең Талас!
Будурдан бугу куюлган,
Будурдун чөбү суюлган.
Адырдан аркар куюлган,
Адырдын чөбү суюлган.
Тектирден теке куюлган,
Тектирдин чөбү суюлган
Айланайын, кең Талас!
Бөлүнгөн эчен төр экен,
Адыр-адыр бел экен,
Бөтөнчө бейиш жер экен!
Алтын бешик тууган жер
Кош аман бол, Таласым!
Күйбөгөнүм күл болуп,
Көрбөгөнүм көр болуп,
Көзүмдүн жашы көл болуп,
Аргасыз кетип баратам.
Айланайын, кең Талас!
Өйдө бассам өбөгүм,
Ылдый түшсөм жөлөгүм,
Жетимиңди жетилтип,
Ээрчитип жүрүп эр кылам,
Эр уулу менен тең кылам.

("Манас сабагынан", 481-483-беттер).

Же Каныкейдин Тайторуну чабышканын мисал келтирели. Бурап-бурап жиберип, бурамасын имерип, дүрбүнү колуна алат. Караса, деңиздин бери четинде оргуп-оргуп чаң чыгат, Тайтору үч жүз аттын соңунда, каргадай бала жонунда. Күлүк башын жерге салалбай, аркардай арыш ала албай келет. Ошондо Каныкей буркурап ыйлап турат. Кан аралаш жаш Акборчуктун жалына шорголоодо...

...Энеңмин деп жалбарсам,
Күүлөнгөн чунак укпайт ээ,
Кылчайбай кылыч шилтейт ээ.
Жолумдан кармап алат ээ,
Жалынганга карабай,
Жол боюна жарат ээ.
Аркама бүткөн олоң чач
Өрүп алмай болдум ээ,
Ат чабам деп уулумдан
Өлүп алмак болдум ээ.
Чакылдаган чакчыгай
Чарасына көзүмдүн
Чакыйып уя салат ээ,
Тал жибектей чачымды,
Айдай иймек кашымды
Кукулдап кузгун тытат ээ,
Кардан аппак этимди,

Жулкуп таштап бетимди
Ит-куш келип жутат ээ.
Ботодой болгон көзүмдү
Каркылдап карга оет ээ,
Каалгадай ак тишке
Шакылыктап сагызган
Ойноктоп эркин конот ээ...

("Манас сабагы" китебинен, 328-329-беттер).

Мектеп турмушунда көркүтүү окуу десе эле көпчүлүк балдар Ажардын "Жаным апа, тур" деп канкакшаган өксөөсүн айтып киришет. А "Маната" мындай кырааты менен окулчу үзүндүлөр чети оюлгус. Чер токой десе да болот. Ошол себептен окуу китебине өтө көп көркүтүү окуу киргизилди. Ал кандай түрдө болсо да, балдарга берилчи башкы багыт сакталат, ал: 1) көркүтүү окуунун маанайын таба билүү жана ошого ыңгайлашуу, 2) жасалмалыктан качуу: кайдыгер окууга болбойт, ошондой эле шатыра-шатман маанай менен окулчу жерди муңканып, же боздоп айтсаң иш теңирден тескери кетет, 3) окулган текстке карата окуп жаткан окуучунун бет ажарынан, кыймылынын төп келиши керек, 4) көркүтүү окуп машыгууну олуттуу эмгек катары эсептөө зарыл, ж.б.

Көркүтүү окуу боюнча таймаштын чеги бир класска сыйбайт. Ал мектептик, аймактык, дубандык жана республикалык таймашка чейин өсүп жетиши мүмкүн.

6. Ой жүгүртүүлөр, дилнаамалар

Ооба, "Манас" эпосун үйрөтүүдөгү окуучулар кабыла турган, өзөк окуялардан кийин жүргүзүлүүчү ой жүгүртүүлөр менен дилнаамалар (сочинениелер) кайнаса каны кошулбаган өз алдынча бөлөк иштер катары сезилет. Туура, экөө тең окуу тармагында кездешүүчү иштин эки түрү. Ой жүгүртүүлөр мектептеги окутулган бардык предметтерге таандык. Чынында, баланын ой жүгүртүүсү, анын аң-сезимине терең из калтырат. Тигил же бул кубулуштун негизин жана анын мыйзамдуу байланыштарын ачып түшүнүүнү калыптандырат. Ушул өңүттөн караганда ой жүгүртүү баланын дүйнө, коом, адам таанытуучу ишмердиги. Жана да ал окуучунун жеке инсандык кубаттуу жарагы. Сочинение ага теңелө албайт, айрым предметтерге тиешелүүлүгү менен чектелүү. Мисалы, математикада бир глава түгүл бир бетте, оболу бир эле мисалдын өзүндө бир нече ой толгоого тушуктурган жагдайлар бар, бирок математикалык сочинение анда жок. Ошентсе да, сочинение менен ой жүгүртүүдөгү бекем байланыш бар. Оболу минтип тике эле айтууга болот, сочинение (дилнаама) - бул жазуу жүзүндөгү ой жүгүртүү. Ошондуктан "Манас сабагында" да бул экөө карым-

катышта каралат. Демек, дилнааманын мазмуну - бул баланын кандайдыр бир өлчөмдөгү ой жүгүртүүсүнүн жемиши, ал эми анын чабаттуулугун, берилиш түрүн сочинение тескейт.

Ой жүгүртүү иши - "Манас сабагынын" тутумундагы белдүү тармактардын бири. Ага өзүнчө убакыт берилген ("Манас" окуу программасы ага 18 саат бөлгөн). Ал эми дилнаама боюнча талкууга бөлүнгөн 15 саат да ой жүгүртүү ишмердигин калыптандырууга кыйыр түрдө кызмат кылат. Окуу китеби бир нече өзөк окуялардан соң милдеттүү түрдө ой жүгүртүүгө кириптер кылуучу темаларды ырааттуу жайгаштырып отурат. *("Манас сабагы" китебинин 79, 108, 134, 176, 220, 356, 445, 461-беттерин караңыз).* Андагы ой жүгүртүүнүн материалдары ар түркүн. Балага эч нерсе таңууланбайт, анын инсандыгы сыйланат. Бирок суроолорго сырдаштык маанай, өкүмдарлык кылат. Оболу бул окуу китебинин турпаты, бүткүл мазмуну окуучу менен тең ата сырдашуудан жана баарлашуудан тургандыгы да окустук эмес.

Окуу китеби баладан "Кыргыз элинин чабылышы жана Ала-Тоодон сүрүлүшү" деген тема боюнча ой жүгүртүүнү төмөндөгүчө өтүнөт. 78-бетти караңыз: "1. Эмне үчүн кыргыз элин дүйнөнүн туш тарабына тентитти? Кул кылып жумшоо менен топ-топ кылып бөлөк эл, бөтөн жерге тентитип жиберүүнүн ортосунда айырма барбы? Эмне, эл бөлөк калкка сиңип, таптаза жок болсун дегениби? Бул кимге жыргал да, кимге куурал? Бүтүндөй бир элди чаап, аларды дүйнөнүн туш тарабына тентитип, жерине, мал-мүлкүнө ээ болуп туйтунуп жашоо адилеттүүлүкпү? Бирөөлөрдүн көз жашынан, канына, бакыт жаратуу, байкер жашоону түзүү, балким, туура нерседир. Мезгил, заман көтөрсө болду да. Кандай жол менен болсо да, айталы, алдап да, уурдап да, адамдарды жоготуп болсо да пайда табуу, баюу, күндүк өмүрүн болсо, түштүгүнө жорго минип тың жашоо жакшы эле нерсе да. Анда адилет дегениң жөн эле айтыла турган насаат сөз болбосун? 2. Кыргыздардын башын бириктирбей дүйнөнүн туш тарабына тентитүүдөн эмнени байкоого болот? Алооке башында турган душман бир элди түбөлүк баш көтөртпөй жок кылуунун акылдуу жолун ойлоп таптыбы? Же кыргыздардан корккonунан ушундай бүтүмгө келишкенби? Ал эми ушундай чилче таратуу жазасына татыктуу болгон эл, сенин оюңча, кандай? 3. Эгер жоголуп кетер элди жок кылбай башын бириктирген адам жаралса, ага кандай баа берер элең?"

Мына - окуучуларды ой жүгүртүүгө тушуктуруучу, терең аңдап-сезүүнү уюштуруучу суроолор. Бирок бул соболдор али китепте. Качан ал мугалимдин жан дүйнөсүнөн эч бир такоотту билбей атылып чыкканда жана мээленген нерсеге түз тийгенде, майнаптуу ой жүгүртүү болот. Ошон үчүн мугалим мындай суроолорду чын жүрөктөн бере билиш керек. Демек, бул педагогдун балдарды ой жүгүртө билүүгө кириптер кылуучу даярдыгы болуш керек деген сөз. Мугалим ошондой эле ойлондуруучу суроолорго баланын айланчыктап, өз алдынча жооп беришине да багытташы зарыл. Окуу китебинде окуучулардын ой жүгүртүүлөрү кагыштырып, бирин экинчиси төгүндөп турган суроолор да бар (79-бетти караңыз). "1. Жакып эмне үчүн Жолойго тартуу-таралга тартып, багынып бергиси келет? Балким, багынып берүү да элди көп бүлүндүрбөй сактап калуунун жолу болуп жүрбөсүн?" Бул суроо эл коргоо үчүн эрдик көрсөткөн Манастын аракетине карама-каршы коюлган. Ал эми, ой толгоп, талкуулап жата бер. Себеби тарыхта багынып берүү менен эл-журтун сактап калган инсандар да кездешет. Кээде жеңип чыгууга барабар жеңилиш болот. Бирок күрөшпөй, аракеттенбей туруп багынып берүү - бул ар-намыссыздык, эр азаматтын бетине шыбалган кара көрө да. Анда экөөнүн кайсынысы туура? Издөө керек. Ой жүгүртүү - бул кыймылдагы акыл-эс. Кыймылдагы билим. Адамдын адамдык сезиминин чукуранып ойгоно башташы. Уктап жаткан аң-сезимдин соко тарткан өгүздөй болуп жумушка чегилиши. Демек, "Манас" эпосу боюнча баланын ой жүгүртүүсү - ал анын өзүн өзү адам катары ачышы. Ал бир жер бетинде кыбырап жүргөн жандык эмес, эптеп жаралып калган бир байкуш эмес, кубаттуу, колунан бардыгы келген пенде, асылзат жан. Ооба, окуу китебиндеги "Манас" боюнча ой жүгүртүүгө кабылтуучу суроолор жетишерлик эле бар. Кеп - "Манас" менен адам өмүрүн байланыштырып турган касиетин курал катары пайдаланып калууда. Аны мугалимдин аспиеттеп колдонушунда. "Манастын" жарыгын пенденин ички дүйнөсүнө жага билгенинде.

Ошентип, ой жүгүртүүлөр жан дүйнөңдү жарыктанткан шам чырак гана эмес, баланын сочинение ишмердигинин да пайдубалы. "Манас" окуу программасында дилнаама жазуу 30, анын негизинде уюштурулуучу таймашууларга жана талаш-тартыштарга 15 саат бөлүнгөн. 8-11-класстын окуучулары тандап жазышы үчүн кыркка жакын тема сунуш кылынган. *("Манас сабагы", окуу китебинин 644-645-беттерин караңыз).* Тандоо, демек, ар ким каалаганына жана чаркына жараша жазуу дегендик. Оболу, бала

программа сунуш кылгандан башка темаларды да тандоодо эркин.

Бирок сочинение кантип жазылат. Бул "Манас сабагы" менен кыргыз тили жана адабият предметине да орток тема. Ошондуктан жалпы жол-жосундардан пайдаланса болот. Ошондой эле "Манас " мурда бирер-жарым класста окутулуп келгенин да эстен чыгарууга болбойт. Демек, аздыр-көптүр мурда топтолгон тажрыйбаларга да кайрылууга туура келет. Ошондой тажрыйбалардын бирине токтололу. Дилнаама - бул дилдеги ойду жазуу. Бирок дилдеги нерсенин пайда болушу ой жүгүртүүгө байланыштуу. Ал эми ой жүгүртүү токтобойт. Киши басып баратып да ой жүгүртө берет. Сабакта болсо аны атайы, максаттуу түрдө уюштуруу керек. Кантип? Үлгү катары бир эле бараандуу учурга токтололу. Балдардын көңүлү төмөндөгү эки нерсеге топтолгон. Биринчи мисал: "Манас" адегенде көп чоң эмес, чакан чыгарма болсо керек" (Бул божомол профессор Болот Юнусалиевдики). Экинчи мисал: "Манас" миллиондон ашык сап ырдан турат. Демек, ал көлөмү боюнча Индиянын атактуу эпосу "Махабхаратадан" төрт эсе, Фирдуосинин "Шах-намесинен" беш эсе, гректердин "Иллиадасы" менен "Одиссеясынан" отуз алты эсе чоңдук кылат. Ал эми батыш элдеринин "Роланд тууралу ыр", "Нибелунгилер жөнүндө ыр" аттуу эпостору "Манастын" бир эле эпизодуна чак келбейт. Азыр "Манастын" он беш, "Семетейдин" он төрт, "Сейтектин" алты варианты бар. Баары - 35 вариант. Кол жазмалардын жалпы көлөмү: "Манас" - 501468 сап ыр, "Семетей" - 587363 сап ыр, "Сейтек" - 141888 сап ыр, баары - 1230719 сап ыр" *(Асанбек Табалдиев, "Октябрга эстелик" китебинен, 72-75-беттерде).* Экинчи мисалды кийинки маалыматтар боюнча тактай кетсек, "Эгер Ч.Валиханов менен В.В.Радлов жазып алган варианттарды кошо эсептесек жана "Маджму ат-таварих" жыйнагындагы материалдарды өзүнчө вариант деп эсептесек, илимге эпостун азырынча бардыгы болуп 65 варианты белгилүү. Булардын 31и - "Манас", 22си - "Семетей", 9у - "Сейтек" *(Самар Мусаев, "Кыргыз адабияты" окуу китебинен, 1990-жыл, 28-бет).* Эми "Манас" үчилтигинин нускалары жөнүндөгү маалыматтар жогорку 65 вариантка да сыйбай калды. 1979-жылы Кытайда жашаган кыргыздардын отуздан ашык манасчысы болгон. Алардын арасында Жусуп Мамай Манастын сегиз урпагына чейин айтат. Ал эми мурдараак жашап өткөн Жусуп Акун деген манасчы "Манас", "Семетей". "Сейтек", "Кененим" деген төрт бөлүктөн турган эпосту алты ай бою айтчу экен. Ал 1916-жылы Сагынбай

Орозбак уулу менен 14 күн бою "Манас" айтышкан экен. Ошол эле кытайлык кыргыздарда Ыбырайым Саламбай (1887-1938), Садарбай (1897-1938), Эшмат Мамбет Жусуп (1877-1962), Осмон Намаз, Темир, Мамут Муса деген чоң манасчылар өмүр сүрүшкөн. *(Бул маалыматтар "Талас турмушу" гезитинен алынды, 1992-жыл, 29-июль).* Варианттардын санын тактоо, эпосту дагы кеңейтип териштирүү келечектин ишидир, бирок мисалдардан көрүнүп тургандай, мурдагы чакан чыгарма өсүп отуруп, океанга айланганы анык.

Так ушунун өзү ой жүгүртүүнүн булагы кылып алынды. Ой толгоо түзүлдү: "Кызык, эмне үчүн "Манас" үчилтигинин көлөмү өсүп, мазмуну байып отурган?" Анан атайын эле бири-бирине кайчы келген пикирлерди айтып, окуучулардын оюн чиелентип, билүүгө, чечмелөөгө болгон ынтызарлык ырбатылат. Балдардын кайым айтышууларын өнүктүрүлөт. Ошону менен багыттарды тымызын түрдө (окуучунун өз байкоосунун жемиши катары) берүүгө тырышуу керек. Натыйжа омоктуу эле. Балдар эпостун өнүгүшү жөнүндөгү мыйзамдарды ачышты! Ооба, мыйзамдар (Биз бул жерде бир мектепте жаралган тажрыйбага учкай кайрылып отурабыз). Балким, тигил же бул корутундуну "мыйзам" атыктыруу чынында дал келе койбостур, бирок мындай ой жүгүртүүнүн натыйжаларын олуттуулук берүү үчүн жана аны мектептик жылдардагы балдардын жамааттык ишмердигинен жаралган табылга катары эсептөө үчүн (минтүү окуучуларга зор кубаныч тартуулап, ыракат алып келерин да эске алып) атайы "мыйзам" атыктырдык.

Керектүүлүк мыйзамы. Аныктама: "Манас" жомогу элдик керектөөнүн негизинде көлөмү өскөн жана мазмуну байыган. Керектүүлүктү төмөнкү жагдайлар түзөт.

1. "Манастагы" ой элдин жактыруусуна ээ болгон. Көпчүлүктүн оюна төп келген. Ал - баскынчылардан элдин эркиндигин коргоп калуу, ал үчүн башты сайып күрөшүү, баатырдык көрсөтүү үлгүсү. Эл коргоо, элди душманга каршы баш коштуруу, боштондук темасы "Манаска" карыбастыкты, түбөлүктүүлүктү берген. Ооба, ал - эпостун көзүнө чөгөрүлгөн, чыгарманын тулку-боюн аралап, кубаттандырган күч. Бул касиет калайык-калктын ага кайрылып туруусун шарттаган.

2. "Манаска" кайрылып турууга элди кириптер кылган тарыхый шарттардын да мааниси зор. Бир эле жолу эмес, нечен кылымдар бою катар-катары менен баскынчылардын кыргыздарга кол салып турушу, кыргынга учуратышы, дайыма сакталып турган коркунуч эпостун маанисин жогорулаткан, көлөмүн арттырган.

Оболу, тарыхый окуялардын өзү да көркөм материалга айланып кектен. Элди жөн эле укмуштуу дөө, шаалар кызыктырбастан, эл үчүн каруусун казык, башын токмок кылган Манас сыяктуу азаматтар кызыктырган. Демек, элдин башынан өткөн согуштар Манасты эске салып турган. Аны пайдалануу зарылдыгын туудурган.

3. "Манас" бул даңазалоодон, айкөлдүн элди коргоп, элдин башын бириктирген ишкер касиетин кийинкилерге үлгү тутуу зарылдыгынан өөрчүп, өнүккөн. Анын байытылып айтылып калышына элдин башынан өткөргөн согуштар, ал согушта жетектеп, элге калкка болгон адамдарды кийинки муундарга жеткирүү жана ошондой баатырдыкка тарбиялоо аракети да себеп болгон. Ошентип, Манастан "Манас" өсүп чыгат. Окуя ыр менен баяндалган залкар жомокко айланат. Жеке адам катары Манас, баарынан мурда, тышкы душмандарга каршы кыргыздардын башын бириктиргендиги, эл коргогондугу менен көпчүлүктүн эсинде калган. Ушундай асыл адамды эсине сактап гана калбастан, ал жөнүндө укум-тукумун кабардар кылып, "уулум же неберем Манаска окшоп өссө, эл киши болсо" деген эңсөөнү, тилекти кошуп айткан. Манастын адамдык жана баатырдык касиеттери башкалардыкы менен байытыла берген. Натыйжада типкаарман - жалпылаштырылган көркөм бейне - образ пайда болгон. Ал өзүнүн баштапкы булагынан - чыныгы болгон окуядан канчалык алыстаган сайын, ошончолук чоңойтулуп, эл "Манас" эпосун түзгөн, ошондой эле кайра андан үйрөнгөн. Нечен кылымдар бою баскынчылардан азап чегип, талкаланып, чилдей таркатылып кетсе да, калкыбыздын кыргыз эли деген жоонун жоготпой келишинде "Манастын" таалим-тарбиясынын мааниси зор. Ал кыргыздардын нечендеген муундарын эрдикке тарбиялаган. Манас өлбөстүк укукту жеңип алган адам, буга кыргыздардын ичинен эч ким тең келе албаса керек. "Манас" эпосу - Манаска эл тарабынан тургузулган фольклордук монументалдуу эстелик. Демек, кийинки муундарды эрдикке, эл коргоого тарбиялоо муктаждыгы жеке Манастан айкөл Манасты жараткан.

4. Манасты насыйкаттоо, даңазалоо, аны эл-журтту, Мекенди коргоонун тарбиялык каражатына айландыруу супсак аңгеме болууга тийиш эмес беле. Таасирдүү, жугумдуу болушу керек. Ошондуктан аны айтууга элдин ичинен чыккан эң таланттуу адамдар тартылган. Ырга айландырылып, ал фольклордук боек, фольклордук сүрөттөө ыкмалары: миф, легенда, уламыш жана кыял менен жасалгаланган. Кыскасы, ага оозеки чы-

гармачылыктын бардык мүмкүнчүлүгү жумшалган. Бул жалаң ырга шыктуулуктун натыйжасы эмес, жалаң ыракат алып, кумардан чыгуунун ылаажысы эмес, бул эрдикке, баатырдыкка шыктандыруунун, жоого каршы элди уюштуруунун, көз каранды эместикти коргоп калуунун бир бүтүн уюлга - айкөл өнөргө айландырылган куралы. Мындай улуу көркөм дөөлөт угуучунун билип коюшуна гана ылайыкташпаган, ал аң-сезимди бийлөөгө, көмөкөйдө уюп калууга, жүрөктө ыйык касиет катары сакталууга жана керек учурда турмуштук кадамга, - аракетке, күрөшкө айлануурга тийиш эле. Ошентип, эпостогу асылзат акыл көркөмдүк менен ширелишкен да, өмүр, жашоонун маңызы жөнүндөгү гимнге айланган. Демек, үчилтиктеги көркөмдүк көпчүлүккө укмуштай зор таасир берүү, ынандыруу зарылдыгынан келип чыккан.

Корутунду: элдиктүүлүктү, тарыхый шарт, жаңы мууну, калайык-калкты эрдикке тарбиялоо жана көркөмдүүлүк "Манасты" дайыма керектөө зарылдыгын жараткан. Элдик керектөө гана, болгондо да, бир нече кылым бою керектөөгө гана "Манаска" өлбөстүк, улуулук, эң сонун мазмун жана түр берген. Бул - табигый, мыйзам ченемдүү куюлушуу, алгоолошуу.

Колдонулуу мыйзамы. Керектүү нерсе дайым колдонулууда болот. Ал эми мындай урунуп жүрүүнүн узакка созулушу өзүнө таандык туундуларды пайда кылат.

1. Дайыма колдонулууда болуунун натыйжасы бар - андан бир бүтүндүк ишгелип чыгат. Улам көптү тейлеген сайын өзөк окуя башкалар менен толуктала берет, анткени жалгыз өзү баарын канааттандыра албайт. Бардыкка тиешелүүлүк бардыкты камтууга тийиш. "Манас" ушундай тагдырды башынан кечирген. Бир бүтүндүк бириктирүүнүн натыйжасында пайда болгон. Ал калктын каалоосуна жана мүдөөсүнө жараша мезгилге мезгилди, адамга адамды, окуяга окуяны кошкон. Бул - өзгөчө бир кызмат кылуу. Ал эми мындай бириктирүүчүлүк укукту ага көркөм чыгарманын жашоосундагы оозекилик берген. Ошентип, убакыт, окуя, адам бир бүтүндүккө келтирилген, эпопеялык түр жаралып, энциклопедиялык мазмунга ээ болгон. Колдонулуудагы универсалдуулук, эпосту аткарууга чыгармачылык мамиле, манасчылардын арбын болушу, кылымдан кылымга айтылып келиши чаржайыттуулукту пайда кылбастан, бир бүтүндүктү түзгөн. Демек, "Манас" канча вариант менен айтылса да, ал бир бүтүн чыгарма.

2. Бүтүндүктү түзүүгө жалпы эл катышкан. Эгер эпостун жашы эки миң жылга чамалап эсептесек, анда

ар бир жүз жылдыкта жашаган ар элдин чыгармага кошкон өзүнчө салымы бар деп түшүнүү керек. Ошондо "Манас" түзүүгө эки миң жылдын адамдары катышкан болот. Демек, ал тамчыга тамчы кошулуп дегендей, нечен кылымдап башкы касиетин жоготпой асыралып, жыйналып, өнүктүрүлүп, саймаланып келаткан мурас. Бул ыр дастаны - кыргыз жанынан бүткөн, башталышы жана аякталышы бар, чар тарабы көз кайыткан океан. Эл эпосту колдонуу менен бирге иреттеген. Улантып, байытып, тазалап турган. "Манас" кыргыз тиричилиги менен кошо жашаган. Улам кийинкилерге кызмат өтөөдөн мурда өткөндүн баарын бириктирип (өтө урунттууларын) кечээ жакында эле өткөндөй кылып көрсөткөн. Демек, Манас байыркы, тээ илгерки жомок эмес, кечээ эле жашап өткөн адам сыяктуу сезилген, бул -эпосту адамдарга жакындатып көрсөтүүнүн бир аракети. Албетте, мындай аракет жемишин берген. Манас эл менен аралаш жашаган, түшкө кирген, көзгө көрүнгөн, колдоо көрсөткөн. Ошентип, ар кандай учурдагы көзгө басар окуялардын бир адамдын өмүрүнө кынтыксыз жана чыгармачылык менен сыйдырылышы, бир же бир нече адамдын өмүрү аркылуу айтылышы - бул эпостун узак убакыт дайыма жана үзгүлтүксүз колдонулууда болушунан. Бир бүтүндүк байланыштуулукту талап кылган. Мунун баары табийгыйлык, фольклордук көркөм чагылдыруунун өзүнчө мыйзам ченемдүүлүгү. Дайыма колдонулууда болуунун дагы бир түндусу - чыгарманын чыгарма катары эсептелинбеши, андан да бийик мартабага - жашоонун тирегине айландырылышы.

Корутунду: Эпостун көлөмүнүн өсүшү, көркөмдүк сапаттарынын байышы, шайкеши бүтүндүктүн иштелип чыгышы, элдин каалоосуна ылайык жаңыртылып, өркүндөтүлүп турушу, ыр океанынын пайда болушу - бул үчилтиктин эл арасында нечен кылымдап керектөөдө, пайдаланылууда, кызмат өтөөдө жана колдонулууда болушунун натыйжасы.

Эми окуучулардын ойлорун (же мыйзамдарды) кантип бекемдөө керек? Ал үчүн аларга байкоо иштери сунуш кылынат. Маселен, "Көңүлдү коюп, ынтаа менен ой жүгүрт, байка, акылыңан өткөр, төмөндөгү пикирлер туурабы? Силердин корутундуңар менен окшошпу?" Анан карточкадагы сөздөр окулуп берилет (айтмакчы, карточкалар көбөйтүлгөн; аны балдар да үйдөн пайдалана алышат). Окуучуларга сунуш кылынган карточкалардагы мазмун төмөндөгүдөй.

1. Ч.Валиханов: "Манас" - бир мезгилге келтирилген жана бир кишинин - Манас баатырдын тегерегине

топтолгон бардык кыргыз мифтеринин, жомокторунун, санжыраларынын энциклопедиялык жыйнагы".

2. Ч.Валиханов: "Кыргыздардын жашоо шарты, үрп-адаты, кулк-мүнөзү, географиялык, диний, медициналык түшүнүктөрү, алардын эл аралык байланышы бул өтө зор эпопеяда орун алган... "Манас" бирдиктүү мүнөздө болгондой көрүнгөн айрым көп окуялардан турат".

3. В.В.Радлов: "...кара кыргыздар ушул убакка чейин аларга таандык болгон эр жүрөктүүлүк духун сактаган", "..аларда аң-сезим башка түндүк түрк урууларына караганда өтө өскөн. Өткөн кылымдарда узакка созулган согуштар, саясы жагынан бирдиктүү болбосо дагы, эң болбогондо алардын жалпы умтулушу жана идеялык жагынан аларды бекем бир бирдиктүүлүккө бириктирген".

4. Кыргыз ССР тарыхы: "Манас" эпосунун көлөмүнүн зор болушу - кыргыз элинин эпостук чыгармачылыгынын өзгөчөлүктөрүнүн бири. Кыргыздар өздөрүнүн көп кылымдардан берки тарыхында өз эрдиги менен көз каранды эместигин коргоп, жердик баскынчылардын чабуулуна каршы баатырдык күрөш жүргүзүп келген. Каршылык көрсөтүү күчү гана, туруктуулук жана баатырдык гана кыргыздарды толук жок болуудан аман сактап калган".

5. Кыргыз ССР тарыхы: "Ар бир салгылашууда элдин ишенимдүү уулдары менен кыздарынын көрсөткөн эрдиктери ченемсиз болгон. Эрдикти, кайраттуулукту жана баатырдыкты ырга салуу кыргыз элинин турмушундагы түбөлүктүү тема болуп калган".

6. Кыргыз ССР тарыхы: "Ошентип, көп муундардын үзгүлтүксүз жана туруктуулук менен жүргүзүлгөн күрөшү логикалык түрдө аякталууга дейре, элдин тышкы жана ички душмандарын жеңүүгө дейре, эзүүгө жана чыккынчылыкка каршы жеңиштин жана адилеттүүлүктүн салтанат курушуна жеткирилген. "Манас" эпосунун залкарлыгы чет өлкөлүк баскынчылардан ата журтту коргоонун жана деспоттордун эзүүсүнөн элди куткаруунун улуу, асыл максаттуу идеясын көрсөткөндүгүндө".

7. Б.Юнусалиев: "Жаңы окуялардын улам кошулушуна байланыштуу эпостун идеялык мазмуну артып, көркөмдүгү ого бетер жетиле берген. Жомоктун байыркы сюжетине негиз болгон баатырдык идея бара-бара элдин ички душмандарына каршы күрөшүү, боштондукка жетүү идеялары менен тереңдей берген".

8. Б.Юнусалиев: "Эпос тарых эмес, бирок "Манас" эпосунун кыргыз тарыхына тыгыз байланыштуу экенин танууга болбойт. Кыргыздардын башынан өткөргөн окуялуу дооорлор, эл үчүн талыкпай кызмат кылган алдыңкы адамдардын образдары көркөмдүк формада

жомоктон орун албай койгон жок. Жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн бул эпос таалим алуучу роман-китептин, таасирдүү сахнанын жана экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин милдетин аткарып келген".

9. Ч.Айтматов: "Сөз жок, "Манас" эпосунда реалдуу турмуш, тарыхый окуялар (кыргыз элинин тагдырына байланыштуу) чагылганы талашсыз. Ал турмак, эпостун келип чыгышы да белгилүү тарыхый кырдаалга байланыштуу болушу мүмкүн".

10. Ч.Айтматов: "Эпостун бүткүл көркөмдүк түзүлүшү, пафосу эң негизги бир идеяны баштан-аяк улап, өөрчүтүп-өнүктүрүп отурат, ал эркиндик идеясы, көз каранды эместиктин идеясы. "Манас" эпосунун өлбөс-өчпөстүгү, түбөлүктүүлүгү, дүйнөлүк баа жеткис маданий эстеликтеринин катарынан орун алышы да дал ушул идеялык-эстетикалык касиетине байланыштуу".

11. Ч.Айтматов: "Биз ал турмак, кээде бул каармандар эпостук көркөм образдар экенин унутуп коюп, чынында да бир доордо, бир кылымдарда реалдуу жашаган тарыхый адамдардай сезип кетебиз. Көркөм чыгарманын багынтар күчү, өлбөстүк касиети да ушунда эмеспи".

12. Азиз Салиев: "Манас" дастанын көп варианттарда айтылып келиши, ал варианттардын ар бири эле эбегейсиз көлөмдүү экендиги... жана да андан башка он чакты дастандардын түзүлүп калгандыгы - жөн гана кокусунан болгон көрүнүш эмес да. Барган сайын чыгармачылык элдин дүйнөнү каблыдоосундагы масштабдуулукту, күлүк кыялданууларды дагы-дагы таасирдүү даражада ачып көрсөтүүгө умтула берген. Аларда реалисттик сүрөттөөлөр да, учкул фантазиялар да, драмалык кагылышуулар да, психологизм эргүүлөрү да кенен орун ээлеген".

13. Т.Аскаров: "Баамдай келгенде, "Манастын" адаттан тыш өлчөмүнүн, гиганттык масштабынын өзү идеялык-эстетикалык милдет аткаргандай. Кыргыз эли өз тарыхында далай-далай кайгылуу сыноолорду башынан кечирген, кээде каршылашкан душмандарын жеңсе, кээде жеңилип, согушкан мамлекеттерге көз каранды болуу кордугун да тарткан. Мына ушундай учурларда элге демкайрат бере турган моралдык жөлөк боло турган "Манастай" чыгарма керек болгон эмес беле? Ошондой кездерде аз сандуу кыргыз калкы бүткүл рухий дараметин ушул заңгыраган зор маданий эстеликти тургузууга жумшап, көкүрөк тереңинде уюган ой тилегин, үмүтүнү, өксөөсүн, ичтеги арманын, ал турмун кегин билдирген жок беле?"

14. Т.Аскаров: "Ушул себептен "Манасты" биз бир чети касташкан жоолордон жеңилген, аскердик жоортуулдар, казаттар оңунан чыкпай калган кезде, ошол өчөшкөн душмандарынан элдин жок дегенде санаада, кыялда өч алуунун түрү катарында жаралган чыгарма деп болжолдоого акыбыз бар".

15. Т.Аскаров: "Манас" жана анын каармандары эл үчүн рухий калкандын кызматын аткарган, калкыбыздын бирин-бири алмаштырган нечен муундары ал калканды кылымдан кылымга өткөрүп улам жасалгалап, санжыргалап отуруп, жалпы адам баласына тиешелүү чыгармачылык күчтөрүн келишимдүү монументине, жаркыраган храмына айландырылган".

16. Т.Аскаров: "Кичинекей кыргыз калкынын эл-журт катары сакталып калышында, анын улуттук аң-сезиминин кыйын мезгилинде өчпөй, алыскы жылдыздардай бүлбүл жанып турушунда "Манас" зор роль ойноду.

17. Т.Аскаров: "Манастын идеялык-көркөмдүк сапаттарын көкөлөтө көтөрүп, аларга тереңдик, салмак берген жагдайлардын бири - өз азаттыгы, көз каранды эместиги үчүн элдин сыртқы душмандарга каршы жүргүзгөн күрөшүүнүн чыгармадагы негизги өзөктөрү, мазмунду жана пафосту түзүп тургандыгы. Башкы каармандардын образы да ошол түпкү максаттын жүзөгө ашырылышына жараша чоң жалпылоочу күчкө ээ болот, чыныгы монументүүлүктүн деңгээлине чыгат, зор масштабдуу көркөм кубулушка айланат. Эгер эпостун идеялык-көркөмдүк түзүлүшү буга окшогон реалдуу көрүнүштөрдүн чагылдыруусуна негизделбесе, ал мезгил соккусуна туруштук бере албай, бат эле ыдырап сөгүлүп калмак, ички бүтүндүгүнөн, тутумдуулугунан айрылмак"

(Жогорудагы бул ой жүгүртүүлөрдүн ар бири өзүнчө жазылып, окуучуларга таратылган)

Карточкадагы пикирлерге окуучулардын кылар мамилеси да иштелип чыккан эле.

Туура нерсени дароо эле туура деп таануулабастан, ага атайын шек санатып, анын мазмунун ойлонуунун предметине айландыруу зарыл. "Туурабы?" деп айтуу баланы ой жүгүртүүгө кабылтат. Чын эле окуучу текшерет. Демек, жогорку аныктоолордун тууралыгын өз ой жүгүртүүсү (өздөрү ачкан мыйзамдар, кортундулар) менен салыштыра алат. Жарыш коёт. Окуучунун күчү даяр пикирди эске кармап алууга эмес, анын тууралыгын ырастоого жумшалат. Бул ой жүгүртүүнүн тереңдигин камсыз кылат. Ошентип, жогорудагы белгилүү адамдардын айткандары, китептен алынган корутундулар жалаң

эле билимди толуктоо милдетин көздөбөйт, алар балдардын илимий ой жүгүртүүсүнө таек болуп бере алышат. Аны сөз арсына кошуп сүйлөшөт. Жазуу иштеринде цитата,эпиграф катары пайдаланышат.

Бала деген бала. Андан окумуштуунун, чоң ойчулдун деңгээлиндеги ой жүгүртүүлөрдү күтүүгө болбойт. Бирок ал окугандарынын, үйрөнгөндөрүнүн, көргөндөрүнүн негизинде ой жүгүртүүгө, өзүнчө тыянактарды чыгарууга акылуу. Ошол себептүү алардын чыгарма менен иштөөсүн шарттуу түрдө илимий ой жүгүртүү деп атаса болот. Илимий тыянактар деле материалга ой жүгүртүп, талдап териштирүүнүн натыйжасында пайда болорун эске алсак, анда бала окуган, билген "Манасы" боюнча эмне үчүн өзүнчө ой-пикир, тыянак айта албашы керек. Ал "Манасты" кайсы бир окумуштуунун көзү менен көрүп, ошол чен, өлчөмдөр менен баалашы керекпи? Жок! "Манасты" өзүнчө ачсын, өз көзү менен көрсүн. Анан ачкан, көргөнү боюнча ой жүгүртсүн, тыянактарды чыгарсын (Мисалы, жогоруда кеп кылынган "Керектүүлүк мыйзамы", "Колдонулуу мыйзамы" деген сыяктууларды). Өз акылынан өткөрсүн. Улуу адамдар менен окумуштуулардын туткуну болуп калууга болбойт. Маселен, Т.Аскаровдун "Манас элдин жок дегенде санаада, кыялда өч алуунун түрү катарында жаралган" деген пикири менен бала эмне үчүн талаш-тартышка чыкпашы керек. Терең билим шек саноо, төгүндөө, ырастоо, божомолдоо, далилдөө менен гана келет. Ал "Манас" - кыргыз рухунун туу чокусу" деген сыяктуу пикирлерди жаттап алуу же сөзүнө кошуп сүйлөө менен келбейт. Албетте, бул жерде мисалга алынып жаткан "Манас" жөнүндөгү ойлор бери эле жагы, ал эми басма сөздө өтө көп. Мугалим так ошолордон каалаганын сузуп алып, аны окуу каражатына айландырышы керек. Окуу каражатына айланышы үчүн ал ой жүгүртүүнүн чордонуна коюлушу абзел.

Ошентип, дилнаама жазуу бул ой жүгүртүүгө көз каранды. Ал балдардын талашып-тартышуусунан, өз пикирин "Манаска" таянып далилдей алышынан, ар кандай салыштырууларды колдонушунан, маанини өлчөп баа беришинен жаралат. Мындай ой жүгүртүү өзөк окуяларга кирген көркөм уюткуларга да таандык. Ошол себептен окуу чежиресинде 3-VII класстарда сочинение жазуу иши жок, анын ардуна "Эмне үчүн кыргыз элин дүйнөнүн туш тарабына тентитти?" деген сыяктуу ой жүгүртүү жумуштары берилип, ага убакыт бөлүнгөн. Чыгармачылыктын экинчи бир түрү - көркөм ой жүгүртүү. Муну деле нагыз жазуучулук мааниде түшүнбөө керек,

жогорудагыдай шарттуу. Эгерде аны аткарууда окуучулардын ынтызарлыгы, кумарданууcу жана өзгөчө бир ыкластуулугу болбосо, жөн эле койгон жакшы.

2. **Көркөм ой жүгүртүүнү уюштуруу.** Бул иштин тобуна окуучулардын "Манас" эпосу боюнча жазган аңгемелери, пьеса-сочинениелери, поэмалары, ырлары кирет. Балдар даяр сюжетти пайдаланып, өзүнчө чыгарма жазат. Өзүнчө мамиле жасайт, өзүнчө көрөт, өзүнчө сүрөттөйт, өзүнчө кураштырат. Минтүүгө эркиндик берилет. Бирок ал эпостогу негизги ойду, өзөктү сактап калат. Пьеса-сочинение - бул эң жакшы түр, окуучу анын мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланып, эң керектүү, эң урунттуу учурларга токтолот. Экинчи, үчүнчү пландагы нерселерден аттап кете алат. Кыскалыкты камсыз кылат. Оозеки ой жүгүртүүнү өнүктүрүү аркылуу жакшы сочинениени камсыз кылуу тажрыйбасын колдонуп иштеген 7-8 жылдын ичинде "Манас" боюнча пьеса тибиндеги 200дөй эң жакшы дилнаама жазылды. Алардын бир тобу кабинетте сакталып турат. Ал эми мындай сочинениелердин талкууланышы талаш-тартышсыз өтпөйт. Ага бүт класс катышат. Баректын бети тик сызык менен экиге бөлүнгөн.

Окуучу сочинениени угуп жатып, айрым учурларды жазып калат, оң жагына кемчиликтер, баректын сол жагына ийгиликтер толтурулат. Талкууга оппоненттер да катышышат, алар беркилерден айырмаланып, майда чүйдөсүнө чейин талдашат. Мында күчтүү окуучулар далил келтирүү менен катышат. Алар өз ойлоруна турктуулукту көрсөтүшөт. Олку-солку болгондор өзгөрүп турушат. Кээ бир окуучулар карандай эле ээрчиме болот. Бирок окуучулардын баарына таандык бир жакшы касиет - оюн көркөм сөз каражаттар менен бергендиги жс берүүгө аракет кылгандыгы. Так ушунун өзүнүн баяндоодогу көркөм чен болгондугу. Кушгарлык менен аткарылган иштер окуучуларды ыракатка бөлөйт. Кээде өзүң да таң каласың, болжураган эле бала сен күткөндөн ашып түшөт, бүтүн классты толкундаткан монологду окуйт. Ошондо ал сенин көз алдыңда өзгөрөт, бөлөк турпатка ээ болот, бала жетилип жатат! Бала адабий даярдыгы бир чондордун денгээлинде сүйлөп жатат! Ошондо минтип ойлоносуң "Адамдын табияты дээринен чыгармачыл. Болгондо да анын ой түпкүрүндө көркөмдүк жөндөм чөгүп, уюп жатат. Ар бир эле адамда ошондой. Кеп - аны ачууда, козгоодо. Ал өмүр бою ачылбай, да, жарым-жартылай козголушу да жана байкалганы менен жетилбей да калышы мүмкүн. Көпчүлүк адамдар өзүнчө көркөмдүктү жаратпаганы, түзбөгөнү менен асылдыкты

тааный, баалай билишет. Бул - демек, адамдын өзүндөгү көркөмдүк табияттын аракеттениши. Балардын ички көркөм жанын ачыкка алып чыгуунун зыяны жок. Окуучунун ой жүгүртүүсүнүн жана аны чагылдыруунун кооздугуна жетишүү, сонундун дүйнөсүн жаратуу - бул да үйрөтүү илиминин милдети". Бир эле темага ар кандай мамиле жасалат. Мисалы, кыргыздарга Эсенкандын тапшырмасы боюнча кол салуу окуясын алалы. Чынар деген кыз Дөөдүрдү мындайча элестетет: кызыл нар минген, оозун көптүрүп сүйлөгөнгө маш, кыргыздын чегине келгенде Манасты жеңээр бекемин деп маралды атат. Ырымы төп келип, марал жыгылат, анан кыргызга бет алат. Окуучу Дөөдүрдүн ким экендигин, адамдык сапатын анын өз сөзү мен ачкан.

Ушул эле окуя Бекмулдун сочинениесинде башкача мүнөздө. Адегенде эпиграф - "Така туякты сактайт, туяк тулпарды сактайт, тулпар эрди сактайт, эр элди сактайт". Андан соң ата менен неберенин сүйлөшүүсү башталат. Небереси рогатка менен чымчык атып алганын айтып кудуңдайт. Анан да сабиздин отоосун отогонго баргысы келбейт. Шарты бар - эгерде чоң атасы жомок айтып берсе, небереси баарын иштейт: сабизди отойт, чымчыкты айтпайт, дайыма тил алат. Ошентип, жомок - Манастын окуясы баяндалат. Сахна караңгылайт да, ордо ойноп жаткан эл көрүнөт. Манас тоорумак менен ичке түшөт, ж.б. Ал эми Анаркандын сочинениесинде Эсенканга торгойдун безенип сайраганы да жакпайт. Мисалы:

Эсенкан (ачууланып). Алдагы эмне болгон чымчык? Эмне ал менин ким экенимди билбейби? Уруксаты жок беймаал сайрап (Колун чабат эшиктен жигиттер кирет). Ой, жубарымбектер, тиги кишинин жинин келтирип сайраган чымчыкты жаа менен атып, анан башын жулуп, мага алып келгиле. Менин ким экенимди билсин!

Окуучу ушул кыска сөз менен эле Эсенкандын эсирген образын түзөт. Торгойдун үнүн жактырбаган киши да кишиби? Көрсө, кыргыздарда өз элин талоончуларга талатпай турган Манас деген шер пайда болгон тура. Айбалтаны аштап, азган элди баштай турган баатырды кантип күм-жам кылуу жөнүндө баш катырып отуруптур. Манасты жок кылса, кыргыз баш көтөргүс болот, жумса уучунда, ачса алаканында. Ошентип, Эсенкандын мүнөзү зордукчул, баскынчылык көз карашы чыга келет. Аскар деген окуучу "Манастын" үлгүсү менен поэма жазып салыптыр ж.б.

Балдардын дүйнөсү чакан, керемет дүйнө. Мезгилдин агымы менен мандай алдыңан канча балдар класс-класс болуп чубайт. Баео, "Асман көгөрүп турат" деп жазгандан арылап бара албаган, сүрөттөөгө, оюн жазууга чоркок, жөндөмсүз көрүнгөн балдардын сүрөткер болуп чыга келиши - бул мектептик турмуштагы сыймык.

Бирок чыгармачыл ой жүгүртүүнүн маанисинде биротоло иштеп чыгат; аны өмүр бою пайдалана алат; өзүнчө толук мамилеси болот. Баланын балалык асманында өзгөчө бир баркырап күйгөн жылдыз сыңары жашап калат, анткени элдик макал ырастагандай, "сүт менен кошо бүткөн нерсе сөөк менен кошо кетет".

Кыскасы, чыгармачылык илимий жана көркөм ой жүгүртүүнүн экөөнө тең таандык. Түпкүлүгүндө булар - окуучунун көркөм уюткуларга карата мамилесин иштеп чыгуунун түрлөрү. Ал эми көркөм ой жүгүртүү эпостун өзүнөн, тулку бой өзөгүнөн бөлүнүп чыгат да, жекече мамиле менен ширелет.

Ошентип, дилнаама - бул жазуу жүзүндөгү ой жүгүртүү. Ал баланын ички дүйнөсүн, турмушка карата болгон көп түрдүү мамилесин чыгылдырып турат. Мындан бир нече жыл мурда жазылган сочинениелерди мисал катары аягына тиркей кетели.

КАРГЫШ ДУБАЛЫ (дилнаама)

(Автору - Замира Жумагулова, XI класстын окуучусу, 1993-жылдын апрель айында жазылган)

Башыма ойлор келет сансыз-сансыз,
Түндөсү олтурганда үйдө жалгыз.
Ой күлүк, кээде кетет келечекке,
А кээде өткөн-кеткен түшөт эске.
Кээде мен өкүнөмүн кыскасына,
Өмүрдүн дарыядай агып өткөн.
Кечээ эле тамтуң баскан наристе элем,
Эртең мен көзүм шумуп кете берем.
Ушундай ойлорду ойлоп олтурганда,
Тартылат улуу адамдар көз алдыма
Алар да шам чырактай жанып кайра.
Жалп этип өчкөн. Демек, мен алардын -
Учугун улап жаткан урпагымын!
Сан миң жыл, замандарды карытса да,
Өзүнүн салт-санаасын сактап келген.
Жашына жаман айтпай, ызаат кыла,
Карыга жол бошотуп, төрүн берген.
Демек, мен - салттуу элдин урпагымын!
Касташкан жоодон бетер чаап алып,

Бир тууган бир тууганын талап кеткен.
А бирок ошол бойдон жашоо бүтпөйт,
Учугун урпагы анын улап кеткен,
Демек, мен - канкор элдин урпагымын!
Жаңыдан баш көтөрүп тындуу чыккан,
Уулдарын жыга чаап, күм-жам кылган.
Бийлик деп, бийлик үчүн баарын саткан
Ата-эне, бир тууганын аябастан!
Демек, мен - ташбоор элдин урпагымын!

Ооба, анда жаман өткөн, жакшы өткөн,
Ак ниет бирок сайда сансыз өткөн.
Ошондой түрдүүлөрдүн арасында
Кыргызда айкөл МАНАС баатыр өткөн
Демек - мен - айкөлдөрдүн урпагымын!
Демек, мен - айкөлдөрдүн урпагымын!

Бирөөнүн ырдаган коңур үнү менен дагы бирөөлөрдүн аны коштогон: "Бали, бали", - деген үндөрү мени катуу уйкумдан ойготуп жиберди. Көзүмдү ачып, тегерегимди карасам, боз үйдө жатам. Төрдө аксакалдар мандаш уруна олтурушат. Алардын ортосунда куудай аппак сакалы белине түшкөн карыя дастан айтып жатат. Мен бул жерге кайдан, качан келгенимди эстей албасам да, мындай көрүнүш мени таң калтырган жок. Себеби, түндөгү эл бир үйгө чогулуп, коломтого чоң от жагып, анын тегерегинде узун сөзгө кирип, карыялар санжыра, санат сөздөрүнөн, акындар элдик дастандардан айтып, ал эми комузчулар кол ойното күү чертип олтурушу ар бир кыргыздын уул-кызы үчүн эрөөн көрүнүш эмес. Ошондуктан мен да алардын жанына олтуруп дастан уга баштадым.

Тигил карыя оозунан оргуштап чыккан сөздөрү менен, бирде күрүп, бирде күлүп, бирде ыйлап, бирде алда кимге муштум кезей кыжырланган кыймыл-аракеттери менен башкаларды эле эмес, мени да бир заматта сыйкырлап салды. Анын ушул кыймыл-аракеттери, үнү, сырткы турпаты мага абдан жакын, тааныштай учурады. Бирок, кыргыздын карыяларынын баары эле өзүнүн салабаттуулугу менен, сырткы кебетеси менен бири-бирине окшош келет эмеспи, бирөөгө окшоштуруп жатам го деп ойлодум.

Менин ушул ойлорумду сырттан чыгып жаткан аттын дүбүртү бузуп жиберди. Бул ким болуп кетти? Эки жагымды карадым, эч ким ордунан козголуп койбоду. Эмне, жаңылыш уктумбу? Ошондой го. Мен кайрадан жайланышып олтуруп сыйкырлуу ырдын караңгылыгына сүңгүп кирип кеттим.

Бирок көп өтпөдү. Эшик шарт ачылгандай болду. Карасам босогодо кебез белбоо, кең өтүк, тоту куштун куйругун тоскон түрлөп сайынган, кең көкүрөк, жайык төш баатыр пайда болду. Эки көзүн чакчарылтып, кылычын чамгарактатып, тимеле жерди азыр эле астын-үстүн кылып жиберчүдөй болуп:

- Аа, ызылдаган гана аарынын уюгу. Силерди ызылдатпай, баарыңардын тилиңерди кесип, өзүңөрдү өрттөп гана жибербесемби! - деп кыйкырды. Мен анын бул түрүн көрүп коркуп кеттим. Эки жагымды карадым. Карыя дагы эле эч нерсени сезбестен, дастанын айтып жатат. (Бирок, эмнегедир анын үнү мага же коркондуктанбы, же кандайдыр бир башка себептер болдубу, айтор, угулбай калды). Башкалар андан эки көзүн алышпастан, муюп угуп олтурушат.

Эми мени мынабул акшыңдаган баатыр менен жалгыз калгандай, азыр эле ал келип кылыч менен жара чаба тургандай сезим бир саамга курчап алды. Коркконумдан денемди калтырак басты. Бирок ошол замат жакын эле жерден мага бирөө: "Коркпо, ал сага кол көтөрө албайт. Себеби силердин ортонордо кылымдардын эч качан урагыс дубалы бар. Өзүңдү токтот, токтот..." - дегендей болду. Мен анын сөзүнүн маанисин чечмелеп олтурбадым. Үнүн угаарым менен эле жалгыз эмес экенимди сезгендей жүрөгүм ордуна келе түштү. Акыл-эсимди жыйып:

- Арыбаңыз, баатыр, жогору өтүңүз, - деп төрдөн орун көрсөттүм. Ал мен тарапка жалт карап алды да:

- Жогору өтпөйм! Мен силердин төрүңөргө олтуруп мобулардын келжирек ырын угайын деп келген жокмун. Мен булар менен эсептешкени келдим.

Ал мурдагыдай кыйкырбаса да, ачуулуу сүйлөп жатты. Бир нерсе деп ачуусуна дагы тийип албайын десем да, баарын билгим келип кызыккандыктан, дагы сурадым:

- Эсептешкендей сизге кандай жамандык кылышты экен?

- Кандай жамандык кылышты экен дейт тура. Булардын мага кылбаганы жок. Тигиниси, - ал карыяны сөөмөйүн кезей көрсөттү, - элдин баарына мени жаманатты кылганы аз келгенсип, эми анын артынан дагы шакирт сөрөйлөрү чыга баштаптыр. Баары бүтүп, менин урпактарга жек көрүмчү болгонум калган экен го. Жо-ок, мен буга жол бергенден көрө токсон тогуз тозокко түшкөнүм артык. - Ал карыяны дагы кыжырлана карап алды. - Муну карачы, ары менен элдин баарын арбап салган тура. Шашпа, мен сенин намазыңды гана окутпасам элеби!

Ошол учурда карыя аны байкап калган экен, ырын токтотуп ордунан тура калды.

- Жол болсун, баатыр. Босогого эмнеге токтоп калдың, жогору өт. - Төрдө отургандар жылышып, орун бошотушту.

- Тигини, тигини, шыйпактап калбадыбы, шыйпактаган гана ит. Сен мени төрүңө өткөрбөй эле кой. Сыйыңа тойдум. Андан көрө келмеңди келтирип, керээзиңди айт. Сени бүгүн биротоло тындым кылбасам, кесириң башыңдан ашып кетти. Алдагы алты күн мурда ажалыңды чакырган тилиңди биринчи кылып кесип салбасамбы!

Бул сөздөрдү укканда, баягы аксакалдардын бири чыдабай кетти окшойт:

- Э баатыр, бул адам - өзүнүн ыры менен өзүн гана эмес, бир кезде бүтүндөй элин калың жоодон сактап калган касиеттүү адам. Ошондуктан тилиңди тарта сүйлө! - деди. Берки карыя аны жөн кой дегендей ишарат кылып:

- Биздин элде баш кесмек бар, тил кесмек жок дейт, - деди сабырдуу.

- А мен дегендерин урдум. Мен ошолорду дейт деп жүрүп, бүт урпактарга жек көрүмчү болгум келбейт.

- Сен өзүңдү канча адамдын тилин кесип салып актайын десең да, эми колуңдан эч нерсе келбейт. Анткени, сен өзүңдүн тарых баракгарына калтырган кандуу издериң менен жек көрүмчү болуп калгансын. А мен болгонун болгондой ырдайм. Сен чындыкка чычалаба.

- Болгонун болгондой дейт тура, сен жок дегенде өзүң айткандардын бирин көрдүң беле?

- Ооба, бул берген суроон туура. Мен, албетте, алардын бирин да өз көзүм менен көргөн эмесмин. Себеби бул окуялар мен төрөлө электе эле болуп өткөн. Бирок, токто, табалабай тура тур.

- Дагы эмне дегиң бар, арсыз чал. Баарын эми эле мойнуңа албадың беле. Мени дагы айла-амалың менен арбап салгың келип турабы. Мен сага булардай кеңкелес эмесмин. Байка, алдагы илмийген моюнуңду бурап койбоюн.

- Мен сени айла-амал менен ырбабаймын. Сенин кылгандарыңды мен далилдей албасам да, менин күбөлөрүм далилдеп беришет.

- Ха, ха, ха! Күбөлөрүм дейт тура, эми уялбай капкачан сөөгү сөпөт болгон адамдарды түбөлүккө тарткың барбы? Же барып ошолордон баарын өзүң сурап алгын деп кутулгуң барбы?

- Жок, антип айтпайм. Сен элдин баарын эле өзүңдөй эки жүздүү деп ойлойсуң го. Мен күбөлөрүмө сени

жибербейм. Алар сага өздөрү келишет. Албетте, эгерде сен алар менен жолугушуудан коркпосоң.

- Ай, арсыз чал! Сенин тилиңди кескен да сага аздык кылат. Эми мени коркок дегиң барбы. Сенин "алды жагынан караса, алты миң эрдин сүрү бар. Аркасынан караса, ажыдаардын түрү бар. Кара чаар кабыланы капталында, чолок куйрук көк арстаны бир жагында чамынган" баатырыңдан коркпогон, кайдагы бир күбөлөрүңдөн коркуп калыпмынбы! Кайда аларың?!

Карыя эми оозун ачып сүйлөөрдө бет алдына кара каштуу, кырдач мурун, аркасындагы капкара олоң чачына чач учтук тагынган, узун кирпиктүү кара көздөрү бир эсе сүрдүү көрүнсө, бир эсе мээримдүү көрүнгөн ак элечекчен эне пайда болду. Ал да менин көзүмө эмнегедир жылуу учурады, бирок кайсы жерден көргөнүмдү эстей албадым.

Менменсинген баатыр аны таң калгандай карап турду да, бир топтон кийин гана:

- Мени таң калтырдың. Сени келет деп ойлогон эмесмин, - деди.

- Сен ойлобосоң да келдим. Жазадан кутулуу үчүн жок шылтоолорду айтып, кайра күнөөнүн баарын күнөөсүз адамга оодарып жатканыңда, келбей кое албадым. - Мага эмнегедир анын үнүн да мындан бир аз эле мурда уккандай сезилди.

Бул сөздөрдү укканда, тигил баатырдын көздөрү алая түштү.

- Жаза, кайдагы жаза?! Менин жазадан кутулганым качан!

- Жок! Сен жазадан кутула элексиң, кутулбайсың да. Анткени сен дүйнө, мүлк жыйноо үчүн жүздөгөн, миңдеген күнөөсүз адамдардын канын төгүп, убалына калгансың.

- Убалга жалгыз мен калган эмесмин. Силердин баатырыңар да күнөөсүз адамдарды кырган. Бул жөнүндө анын урпактары айтып чыкпады беле.

- Ооба, айтып чыгышкан...

Менменсинген баатыр эми аныкжеңишке жетишкендей эдиреңдей сүйлөдү.

- Демек, менин таламымды талашкандар да бар экен да.

- Менин таламымды талашкандар да бар деп эрте сүйүнүп жатасың. Алар сенин таламыңды талашкан жок. Алар өз кызыкчылыктарынын, доорунун, бийликтин, саясаттын курмандыктары болушкан. Бирок эр жаңылса да, эл жаңылбайт. Себеби алар жамандаган баатыр элдин

баатыры болгон. Ар дайым элин коргоо үчүн өз жанын кыюудан да кайра тартпаган.

Эсиңдеби, бир текебер бала атасынын ашына баатырды чакырбай койгону. Кийин гана сен тараптан кысым көрө баштаганда, айласы кетип аны чакырган. Эгерде сен анын ордунда болсоң, ырас болгон экен деп табалап, барбай коймоксуң, чынбы?

- Чын. Бирок ал бекер кылды да. Менин, эмне, анын атына көзүм түшүптүрбү, анын атын талашыпмынбы? Мына, кайдагы боз башка болушам деп акыры ажал тапты.

- Ооба. Ошол аш аш эмес эле көп балээнин башы болгон. Бирок, сен эмне, аны ошол "бозбаш" үчүн барды дейсиңби? Жок, эгер ушинтип ойлосоң, жаңылышасың. Ал элин сактап калыш үчүн барган.

- Эл, эл дейт тура! Өмүр бою "элимди сактайт элем" деп жүрүп өттү. А ошол эли ал өлгөндөн кийин, анын аялы сага, уулуна, энесине эмне жакшылык кылып берди. Өз бир туугандары кордук көрсөтө баштаганда, уулуң менен кайын энеңди ээрчитип Бухарга качтың. Эгер эли баатырынын эмгегин, арбагын сыйласа силерди тентитпей коргоп калат эле го. Эл деген - эл. Элге чоң муштумуңду кезеп туруп "айт" десең, "ойт" дейт. Элди деген сенин атыңды укканда, бешиктеги ыйлап жаткан баласынын жаагы сына тургандай кылып башкарыш керек. Ошондо гана алар сенден тирүүңдө эле эмес, өлгөндөн кийин да бир топко чейин эстерине келе албай коркуп жүрүшөт. Тимеле тирилип келип жара чаба тургандай коркушат: Ха, ха, ха!

- Акмак адам гана өзүнүн мыкаачылыгы менен мактана алат.

Жылып, жылып булут кетет, көк калат,
Жүрүп, жүрүп жалгыз кетет, көп калат.
Душман кыйрап, согуш унут болсо да,
Жүрөктөрдө көксөө суубай көк калат, -

деген экен бир акылман. Ошол сыяктуу сен да жүрүп, жүрүп кете бердиң. Артыңда элиң калды. Эми өзүн айтчы, баатырды ушул күнгө чейин эли сыйлап, пир тутат. Атүгүл корккондо. кудайдан кийин эле аны ооздоруна алышат. А сени элиң пир тутабы? Сага ишенип, сага сыйынган урпактарыңдын арасында азыр бир адам барбы?

- Мага сыйынышпай эле коюшсун. Мен ага таарынбайм. Менин атым тарыхта калды. Мен мына ушуга кубанам.

- Сенин атың баатырдын баатырдыгынан гана тарыхта калды. Болбосо сени бир мыкаачы, канкор, ачкөз адам катары эчак эле унутуп коюшмак. Сен сыяктуулардын

канчасы өтпөдү бул жалгандан. Канчалагандар өздөрүнүн аттарын түбөлүккө тарыхта калтыруу үчүн нечендеген бейкүнөө адамдарды кырбады.

А баатыр болсо өзүнүн акыйкаттуулугу, айкөлдүгү, баатырдыгы менен минтип дастандарда айтылып калды. Эми анын эли бар жерде дастан бар болот, дастан бар жерде баатыр бар болот. Дастан менен баатыр ар дайым элинин кызматын кылат. Кубанса көңүлүн ачат, кайгырса кайгысын тең бөлүшөт. Өйдө чыкса өбөк, ылдый түшсө жөлөк болуп жүрө берет. А сен анын эң мыкаачы, эң каардуу, эң айла-амалдуу душманы катары ошол дастанда жашай бересиң. Демек, сенин да атың түбөлүккө тарыхта калат.

- Болуптур, болуптур. Баатырыңды өтө эле мактай бербе. Эгерде мен бир алсыз, акылсыз акмак болсом, анда сенин баатырың деле бир байкуш болмок. Кезегинде мен да мыкты болгонумдан гана сенин баатырыңдын да, менин да тарыхта атыбыз калды. Бирок, ошентсе да, мен урпактардын эсинде эки жүздүү, таш боор, кара ниет катары калгым келбейт. Ошондуктан, мынабул ырчы сөрөйдүн "күбөсү", колуңдан келсе мунун тилин тарттыр. Жок, антпейт экенсиң, анда мен өзүм тилин кесип туруп, башын кыя чабам.

- Баардык эле жерде сен үчүн жакса жайына койсун, жакпаса кыя чапсын деп баштар менен тилдер сунулуп турат деп ойлойсуңбу? Билип кой, ал доор өткөн. Сен эми канча каалап, башыңды ташка койгуласаң да, мынабул турган дубалдан ары булардын дооруна өтө албайсың.

- Сен деп өзүңдү кошподуң го. Же эмне, бул дубалдан ары өткөнгө сенин кудуретиң жетеби?

- Жетет.

- Баатырыңдын да алы жетеби?

- Ооба, анын да алы жетет. Биз бул дубалдан өтмөк тургай элди аралап, абийирдүү, ак ниет урпактарыбызга ак батабызды беребиз. Эл бузган бузукуларга, алдамчыларга, кара мүртөз, таш боорлорго каргыш айтабыз. Биз ар дайым өз урпактарыбызды колдоп, коргоп жүрөбүз. Себеби биз түбөлүккө кайып болгонбуз.

- Күлкүмдү келтирбесеңчи. Кайып болгон имиш. Түбөлүккө. Ха,ха,ха! Мен деле кайып болуп кеткем. А эмне экен? Айла-амал жагынан мен сенин баатырыңдан ашып түшчүмүн. Анан эмнеге ал кайып боло алат да, мен боло албайм.

- Анткени ошол айла-амалыңды сен өзүңдүн түбөлүктүү эл сүйгөн адам болушуна каршы жумшагансың. Ошондуктан сенин эми эч кандай кубатың жок.

- Бар! - деп кыйкырды менменсинген баатыр. Анын жүзүндөгү баягы текебер күлкү жок болду. - Алым да, кубатым да бар. Азыр мен бул дубалды бузуп өтүп, алдагы алжыган чалдын башын кесип алып келип алдыңа таштаганда, сен менин күчүмдүн канча экенин билесиң. - Ушул сөздөрдү айтып, ал карыяны көздөй жөнөдү. Ортодо эч кандай дубал жоктой кетип баратканын көрүп, менин жүрөгүм оозума тыгылды. Ушул учур мен үчүн кылымга тете болгонсуду. Чуркап барып, карыяны колдон алып, бул жерден алыс жактарга алып качкым келди. Бирок бутум шилтенбеди. Үнүмдүн барынча: "Чоң ата, кач, ал сени өлтүрүп коет", - деп кыйкыргым келди. Бирок үнүм чыкпады.

Карыя болсо үнсүз-сөзсүз, же коркуп турганы, же коркпой турганы билинбейт. А мүмкүн, ага да кимдир бирөө: "Коркпо, ал сага кол көтөрө албайт. Себеби ал силердин ортоңордогу дубалдан эч качан өтө албайт. Өзүңдү токтот", - деп жаткандыр.

Тигил ага эми жетип кылычы менен чапканда, кимдир бирөө калкан менен тоскондой андан ары жылбай, кылычын көтөргөн бойдон туруп калды. Ачуусу абдан келип, күчүнүн барынча мага көрүнбөгөн дубалды ургулап жатты. Эгерде анын эмнени чаап жатканын мен мурда билсем, мен аны жинди болгон го деп ойломокмун. Ал ансайын күчөй бет алдын чапкылап жатты. Мыйыгынан күлүп, анын ар бир кыймылын ак элечекчен эне байкап турду.

- Бекер убара болуп жатасың, - деди ал бир топтон кийин. - Өзүңдүн каргышка калып бул дубалдан ары эч качан өткүс болгонуңду көрбөй турасыңбы?

- Болуптур. Мен өтө албайт экенин. Бирок сенин өтө алар, өтө албасыңды да өз көзүм менен көргүм келет.

- Көрсөң көр. Бирок мен бул дубалдан өткөндөн кийин сени экинчи көзүм чалбасын. Кайдан келсең, ошол жагыңа жогол. Бул жерге кайра келгис болгун!

Ал ушинтип айтты да, баягы дубал бар деген жерден эч кандай тоскоолдук жоктой өтүп кетти. Ошол замат баягы текебер баатырды карадым. Ал жок болгон экен. Карыяны карадым, ал да жок. Аны тегеректеп олтурган аксакалдар да жок. Ак элечекчен эне да жок.

Мен сыртка чуркап чыктым. Тээ алыста кырк чоро кыйкырык-сүрөөн менен кетип бара жатышат. Эң алдыда ак кула аргымак минген, алды жагынан караса, алты миң эрдин сүрү бар, аркасынан караса, ажыдаардын түрү бар, кара чаар кабыланы капталында, чолок куйрук көк арстаны бир жагында чамынган баатыр кетип бара жатты.

Көптөн кийин, алар узап дүбүртү угулбай калгандан кийин гана жаш баланын ичке үнү алардын артынан угулду.

Эй, алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткүндөй.
Айым менен Күнүмдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Асман менен жеримдин,
Тиреөчүнөн бүткөндөй,
Алды калың кара жер,
Жердигинен түткөндөй.
Ай алдында дайранын
Толкунунан бүткөндөй.
Ободогу жылдыздын,
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы Ай, Күндүн
Жаркынынан бүткөндөй...

(Замиранын бул дилнаамасы текшерилбей, кандай жазылса, ошондой берилди).

Эми дилнаама окуу менен удаа талкуу жүргүзүлгөн сабактан мисал келтирейин.

1. Бул эпос - Манаска эл тарабынан ыр менен тургузулган эстелик

(Автору - Каныкей Исакова, сочинение 1987-жылы январь айында жазылган)

Доскага VIII класстын окуучусу Каныкей чыкты.

Каныкей. Менин бул пьеса-дилнаамамдын темасы - "Манастын Жолойду жеңиши". 3 көшөгөлүү. Манас, Жолой, Дөөдүр катышат. Мен өзүм да катышам. Көшөгө акырындап ачылат. Сахнанын ортосунда - мен.

I-көшөгө

Мен. Түркүгү алтын ак чатырдын ичинде кабагы кайра жаачу булуттай, курсагы талкан салган тулуптай, карт-карт кекирип, кызматчысын жекирип, көлдөлөңгө кырданып, курсагын сылап ыңгыранып, бутун сундуйта сунуп, Эр Жолой жаткан болот куш жаздыкка чумуп. Жанында эки малайы төөнүкүндөй тартайган, манжалары балтайган, таманы кетмендей талпайган буттарды ушалап олтурушат. Аңгыча болбой эле алтын түркүк ак чатырга топоз кирип келе жаткансып, эки жагын элеңдей карап, желки болгон эрдин жалап, жаргак шымы дал-далынан бөлүнүп, жыртыгынан капкара буту көрүнүп, эки бети тултуюп, оозунан көбүк бултуюп, башы жарылып, шишиктен көзү араң эле жылтылдаган Дөөдүр төрт аяктап жөрмөлөп кирет. Калың кол менен кетип,

кайра өзү эле келиши Жолойду безге сайгандай чөчүтат. Бутун ушалаган малайды ыргыта тээп, көзүнөн жалын чачырап, азуу тиши качырап, жылчык көзү топтомолок болуп, көөдөнүнө каары толуп, ордунан учуп турат. Үрөйү учкан Дөөдүр чөк түшө калып, Жолойдун терге нымдалышып, шыбоо сасыган буттарын кучактап, өпкүлөп жиберет.

(Сахна караңгылайт, жай сыбызгыган музыканын доошу менен доолбастын даң-даң эткен үнү угулат. Сахна кайрадан жарык болот да, Дөөдүр менен Жолой көрүнөт).

Дөөдүр *(мурдагы тейде).* Ырайым эт, ур... мат...туу... төтөрөт?

Жолой *(бут алдында шылкылдаган Дөөдүрдүн башын буту менен өйдө кыла жутуп ийчүдөй акырая карады).* Көтөр, башыңды! Намыссыз ит! Булганч шилекейиң менен менин бутумду булгабагын. Билдиңби? Эсенкандын жугундусуна семирип, көзүңдү май басып калыптыр, акмак. Кайда, жер майышкан кол? Сүйлө, "баатыр".

Дөөдүр. Ооба, төрөм, билемин, курут дедиң бурутту. Бурут кайра бизди курутту. Эгер жанагы он эки жашар Манасы тирүү болсо, кайра бизге кол көтөрөт анын журту. Биз таянган калың колду Манасың сөз дебей койду, колуна тийгенин койчо сойду. Ой-ий, тим эле саздын жекениндей орду. Өзү ара тору эле бала экен, биз баатыр дегендей эле бар экен. Эгер билгин келсе, Манас бала эмес эле балээ экен. Тоо жердеген бурутка ошол Манасың опол тоодой чеп экен.

Жолой *(Жолой ичи көпкөн торпоктой бышылдап, айбаттуу жылаандай кышылдап, көмөкөйү кирилдеп, калбагай уурту ырилдеп).* Ошондой де, балбаным, сага ишенип коюп өзүм неге барбадым, бурутка чаңтополоң салбадым. Ошондо башын Манастын топчудай үзүп неге албадым. Эх, келесоо!

Дөөдүр. Сен эмне мага булкулдайсың, чай кайнаган самоордой буркулдайсың? Эмне, ошондо эле барсаң, колуңду кармадымбы, же кыл чылбыр менен жибербей байладымбы? Баатыр болсоң бурутка бара бергин, кой дебеймин ызы-чуунду сала бергин. Эгер күчүң жетсе, Манастын башын кошо ала келгин! Кыймылдаарга алым жок, бурутка кайра барууга менин тогуз жаным жок! Билдиңби? Барсаң өзүң баргын, тилегиңе жетип алгын! *(Муну укkан Жолой жолборстой чамынып, ордунан турат, каары казандай кайнап, кыл мурутун кырча чайнап. Калдайган*

курун белине байлайт. Бар мучөсү калдайып, чатырдан чыгат далдайып). Көрөм сени, кантер экенсиң, же артыңа качар бекенсиң? Ай, ким билет?

Көшөгө жабылат

2-көшөгө

Көшөгө ачылганда, өзүнөн өзү сүйлөнүп, ач бүркүттөй күүлөнүп, сахнага Жолой чыгат.

Жолой. Манас, Манас! Коркот имиш... Жок! Бейиштен чыкса да, жеңиле койбостурмун кызыталак буруттан, башкаларды да ушул колум менен куруткам. Ушул колум менен алардын баштарын ышкындай үзүп таштаармын! Он эки жашар Манастан коркуп, калмак,кытайга сөз боло албаймын.

Сахнада кайрадан мен.

Мен. Доолбас даң-даң кагылат, Жолой ач күсөндөй чамынат. Доолбастын үнүнөн Жолойдун калың колу чабуулга камынат. Жолой кылыч калканын тагынат. Жооо кийчү олпогун жамынат. Алдына атырылган Ачбууданы тартылат. Беш кап кумду арткандай Жолой Ачбууданга лык минет. Ээр токум кычырап барып токтойт. Даяр турган кол Жолойдун артынан түшөт. Найзалары кылкылдап, кылычтар күнгө жылтылдап, кетип барат калың кол кара саздай былкылдап.

Сахнага караңгылайт, көшөгө жабылат

3-көшөгө

Сахнага мен турам.

Мен. Эми муну таштайлы, айкөл Манас баатырдын атасы Жакыптан кабар баштайлы. Жолойдун калың кол менен келе жатканын укқан Жакып бир ордунда туралбай чебелектейт. Коркконунан сакалы куурайдай дирилдеп, муруту бетегедей биринден, өң-далеттен кетип шашат, чыйпылыктап ордого басат.

Жакып. Балам, өлдүк, уй түгүндөй көп калмак дагы келе жатат дейт, Жолой лөгү баш болуп баары келе жатат дейт. Эгер сөзүмө кулак салсаң, менин оюм мындай: аларга каршылык кылбайлы кымындай. Кыздан тогузду тартуу кылалы, үйүр жылкы мал берели, дүйнө жүктөп нар берели.

Манас *(Ордодо эч нерседен капарсыз олтурган Манас катуу чочуйт. Атасын таңыркап карап, мыйыгынан күлөт).* Көкуй ата, не дейсиң, буларга кошуп оюңда дагы нени бер дейсиң? Карууда күч турганда, каптап келген калмактан коркуп кайда качалы. Жигиттердин

баарысын кай келген коңулга каталы? Жок, ата, намысты бербейм калмакка. Андан көрө бер батаңды, душман канын чачалы? Ата, найза кармап топ бузам, ажалым жетсе окко учам. Сайышып жоону жеңермин, кармашып канын төгөрмүн. Өзүмдүн алтын журтум үчүн алтын башты берермин. Кейибе, ата, кейибе, жоо келалбайт жериме. Жигиттер! Болот текөөрлүү шумкарларым, өнүп-өскөн элибизге, кутмандуу конуш жерибизге калмак каны Жолойякылкылдаган көп колу менен келе жатыптыр. Анда эмесе, аттаналы!

Сахнада кайрадан мен

Мен. Доолбас дыңкылдап, чыңыроо чаңкылдай баштайт. Бир жигит Манаска алкынтып Аймаңбозду алып келет. Манас Аймаңбозго шак минет, кылычын кынга илет, ат үстүнөн ак олпогун киет. Ак кисесин камдап, сыр найзаны колго кармап, жоого аттанат кырк жигитин баштап. "Манас" деген ураан угулат да, көшөгө жабылат.

4-көшөгө

Мен. Учу-кыйырына көз жетпей, мелмилдеген боңбоз талаа. Кылкылдаган калмактын колуна кырк шумкар шукшурулуп тиет. Кармаш башталат. Калкан каңгырап, кылыч кыңгырап, боз-ала желек кызыл туу, айгайлаган ызы-чуу. Ушул кызыкты көрүп ал, муруттарын сербейтип эр өлүгү тоо болду. Азууларын аркайтып ат өлүгү зоо болду. Жарк эткен кылыч менен шарт эте баш куланат. Шыркыраган кызыл кандан боз талаанын куму жошолоно кызарды. Калмактын башы сайдын ташындай шыгырады. Ошондой эрдемсинген Жолой булкунуп алды. Башына бир ой кылт этти. Жолой *(өзүнчө)*. Оо, жараткан, бул не деген шумдук. Кой, бейчеки кан төккөндө, эч нерсе жок. Андан көрө жаш Манасты жекеме-жекеге чыгып, тебетейдей ыргыта сайбайымбы. Топтон суурулуп чыгып, тебетейдей ыргыта сайбайымбы. (Топтун суурулуп Жолой чыгат. Ат оозун бура тартып Манастын алдына бетме-бет келет). Эй, жаш баатыр Манас, эр болсоң, бейчеки кан төгүшкөнчө кел, жекеме-жекеге чык!

Манас *(ээрдин кашына өбөктөй калып)*. Охо, мени ким чакырып жатат десем, шум Жолой сен белең? Сени көргөнүмө кубанычтуумун!

Жолой *(кара кучкө карс-карс күлүп)*. Ошондой де, Манас баатыр. Сени бир алп экен десемчи. Буруттардын та-

янган тоосу ушу кара түйрүк немеби, ыя? Ха-ха, ха-ха-ха-ха-а!

Манас *(кабагын түйүп).* Урушта туруш жок, Калча! Кезегиңди ал опкок, жеңе албасаң энеңди ал, соргок. Мен даярмын.

Жолой *(жүрөксүй).* Э-э, Манас, Манас деп койсо барбая түшөт экинсиң, суу толтурган чаначтай дардая түшөт экенсиң. Мейли, кезекти мен алып көрөйүн, жеңилсең жеңип, өлтүрсөң өлөйүн.

Сахнага мен чыгам

Мен. Түпөктүү найзалар карууда айланып, зыпылдап жел да жортту, жер айланып эки баатыр беттешүүгө чыгышат. Манас болсо Аймаңбозун туура тартып, Жолой туруп берет. Жолой күү менен келип Манстысаят, найза чамындыдай быркырап кетет. Ачбууданын алдыңкы эки буту жерге бата түшүп Жолой кыйшайып барып оңолот. А Манас былк дебей эле турат.

Жолой *(өзүнчө).* Ээ чын эле мага караганда, эр окшойт. Дөөдүрдүн айтканы чын чыкты, оо, кудай, пендем десең Манастан өлтүрө көрбө?!

Манас. Чын Жолой болсоң качпассың. Эми кезек меники. (Жолой калтырап коркконун билгизбөөгө аракеттенип, Манаска туруп берет. Ошентип эр Манас Жолойду качырат, алдында атырылат Аймаңбоз оозунан ак көбүк чачырап, Манас сыр найзаны сунуп, зымырап келип Жолойду саярда, өзү да коркуп араң турган Жолой Ачбууданына алмак-салмак камчы уруп, баатыр салтын унутуп, артын карабай качып берет. Шертке турбай качып берген жолойго Манастын найзасы чала тиет. Үзөнгүдөн бут тайып, ээрден Жолой кыйшайып, "өлбө жаным, өлбө" деп эр Жолой качып берген экен. Манас бучкакап артынан сая түшөт. Жер кыртышынан сөгүлүп, кулак учунан аба зыпылдап өтөт. Жолой жанын өөзүна тиштеп, бир буулугуп, бир ыйлап, келмесин нечен кайталап, жөнөп барат кудайлап, Артындагы Манастын кара кашы жыйрылып, адамдан башка түрдөнүп, ач бүркүттөй күүлөнүп Жолойго жетер-жетпес болуп келе жатат. Айласы куруган Жолой бет алдындагы кылкылдаган дайрадан эптеп өтүп, тобокел кылып жай ташын сууга салат. Заматта алай-дүлөй болуп, ачык асманды булуп чүмкөп, айлананы туман каптайт. Манас Жолойду таппайт да, кайра кейиштүү кырк жигиттин көздөй тартат).

Сахна караңгылайт.

Кайрадан доолбастардын үнү жаңырып, алыстан-алыстан манасчынын көкүрөктү эзген касиеттүү үнү угулат.

Сахна кайра жарык болот. Сахнада мен.

Мен. Балким, Манаска чейин деле кара күчтүн ээси болуп, өз кара курсагы, керт башынын кызыкчылыгын ойлогон далай алп, балким, Манастан да күчтүү адамдар жашап өткөндүр... А балким, андайлар көптүр. Бирок алардын биринин да атын эл жүрөгүнө кут кылып сактаган жок. Тарых билбейт! Эл өзү үчүн кызмат кылган, кара башын туу кылып коргогон адамды - Манасты эсинде сактап калган. Жөн эле сактабастан, аны ырга салган, атадан балага, муундан муунга жеткирген. Балам Манастай болуп эл коргосо экен деген тилек да, мүдөө да болгон. Натыйжада ыр океаны жаралган. Бул эпос - Манаска эл тарабынан ыр менен тургузулган эстелик. Мындай сыймыкка эл үчүн зор кызмат өтөгөн гана адамдар татыктуу болушат. Ошону менен бирге "Манас" эпосунан өзүм үчүн чоң ачылыш ачтым. Ал эмне? Эгер чечмелеп айтсам, Манас сыяктуу эл керегине жароо, эч олку-солку болбостон калк ишине керт башымды тартуулоо. Балким, бул сөздөр жөнөкөй эле эч ким тартып ала алгыс терең ишеним. Бул мендеги эпосту жакшы түшүнгөндөн кийинки ыйык сезим. Ал келечектеги эң негизги куралым. *(Көшөгө жабылат).*

Мугалим. Мына, Каныкейдин сочинениесин уктуңар. Ал силерден ой-пикирлерди, сынды күтүп турат. Мурда кандай иштесек, азыр да ошенткиле, сичинениени талдагыла. Кана, ким топ бузуп берет?

Исмаилова Калмира. Сочинение мага жакты. Пьеса сочинение түрүндө жазылган. Көпчүлүк жерлери жамактalып, ырга окшоп кетет. Мисалы, "карт-карт кекирип, кызматчысын жекирип", "ичи көпкөн торпоктой бышылдап, айбаттуу жыландай ышылдап" деген сыяктуу жерлери бар. Дагы айтайын дегеним, жакшы сичинениеге сын айта албайт экенсиң. Мындан көрө ортозаар жазылган ишти талдоо кызыктуу.

Оңолбаева Гүлжан. Мен Каныкейдин сочинениесине өзүмчө ой айткым келет. Сөздөрү куюлушуп турат, окуганы да уккулуктуу. Салыштыруулар - анын табылгасы. Сөз берметтерин орду мен пайдаланган. Азыр эле Калмира бул сочинениенин жакшы экендигин белгилеп кетти. Мен анын айткандарына кошула бербейм. Калмира

жакшы сочинениеге сын айта албайт экенсиң" дейт. Бирок өзү ошол жакшы чечмелеп айтып бере алган жок. Бул сынчынын кемчиликтери. Менин оюмча, ийгиликтер катары төмөнкүлөрдү эсептесе болот. Оюн пьесаларын даштырган.Укканга таасир калтырган татынакай саптар көп. Баш жагында эргүү басымдуу, аягы эң жакшы бүткөн. Ал "Манас" эпосунан өзү үчүн көрөңгө сузуп алган. Канықейдин сочинениесин макташ үчүн, анын аягындагы ойлоруна көңүл буруунарды суранам. Бирок бул сочинениенин кемчилигин да айтышыбыз керек да. Байкасаңар, "тигинтти-минтти" деп Канықей өзү көп сүйлөйт. Окуянын туткуну сыяктанып калган.

Исмаилова Калмира. Сен Канықейди окуянын туткуну болуп калган деп айтуу менен, анын өз ойлору, окуяга болгон жекече баасы жок деп айтып жатасыңбы?

Өмөлбаева Гүлжан. Жекече баасы бар, аны мен таным. Бирок Манастын Жолойду жеңиши аркылуу ал чени айтып, эмнени бөлүп көрсөтмөкчү болуп жатат, ул нерсе, мени оюмча, пьесанын борбору болуп керек .

Мырзакматова Назгүл. Биз ким биринчи эмнени айтса эле, ошону ээрчип кете беребиз, ошонун тегерегинде талашабыз. Менин оюмча, Канықей сочинениесинде көп эле өскөн. Ага төмөндөгүлөрдү далил кыла алам: эпостогу белгилүү мазмун чыгармачылык менен кайра жазылган, бардык жерде Канықейдин өз үнү, өз баасы бар. Окуялар байланыштуу. Жолой Манас менен кармашканга чейин эле аны жек көрүп каласың, оболу мен соргок баатырдан жийиркенип олтурдум. Бул эмненин күчү? Сочинениенин күчү. Бирок кемчилигин да айта кетким келет. Дөөдүр адегенде башка тепсе былк этпеген кул сыяктуу көрүнөт, анан ал кантип Жолойго тең ата болуп алды? Ушул сыяктуу жерлери ишенимсиз.

Канықей. Мен кемчиликтин баарын мойнума алам. Мага сочинением үч башка болуп көрүнүп жатат. Башы менен аягы өзүмө жагат да, орто жери жакпайт. Окуянын баарын сахнага алып чыгууда ойлорум бириндеп, чачылып кетип жатат. Сын бергениңерге ырахмат!

Байсалбекова Зейнегүл. Мен сочинсниени, ага берилген бааны, уктум. Канықейдин сочинениеси мени аябай толкундатканын жашыра албайм. Баарыңар чарчап калдыңар, ошол себептүү силерге "Манас" эпосунан Канықейдин Тайторуну чабышынан үзүндү айтып берип, силерди эс алдыргым келет (Зейнегүл кудум актердой төмөнкү саптарды көркөм аткарып берет: "Бурап-бурап жиберип, бурамасын имерип, дүрбүнү алдым колума.

Тайтору үч жүз аттын соңунда. Каргадай бала жонунда. Башын жерге салабай, аркардай арыш алалбай, артта келет Тайтору. Аттиңай, энеңмин деп жалбарсам, күүлөнгөн чунак укпайт ээ, кылчайбай кылыч шилтейт ээ. Ошондо талаада сөөгүм даңкайып, көмүүсүз калаар бекен, чакылдаган чакчыгай көзүмө уя салар бекен? Тал жибектей чачымды, айдай иймек кашымды, куркулдап кузгун тытпайбы, кардан аппак этимди, жулкуп таштап бетимди, ит-куш келип жутпайбы? Ботодой болгон көзүмдү каркылдап карга оет ээ, каалгандай ак тишке шакылыктап сагызган, ойноктоп эркин конот ээ! Бүлкүлдөгөн бөйрөктү түлкү какшаал оет ээ, бурулуп бүткөн булчуңду бурдап-бурдап сугунуп бөрүлөр талап тоет ээ. Жоболоңдуу төлгөнү тартпай кобой не болдум, тоодой болгон Торуну чаппай койбой не болдум...")

Мугалим. Зейнегүл, ырахмат, көп жаша! Сочинениеге катуу толкунданганыңды сездире алдың, окуучулардын көз алдында төлгө кылып ат чапкан Канықей эне турду. Анын ички толгонуусун балдарга жеткире алдың. Эми ушул монологуң үчүн сага сыйлык - сен менин ордума мугалим болуп сабакты жүргүзөсүң. Кана, улант.

Зейнегүл. Сабакты улантабыз. Пьеса-сочинениени уктук. Эми ой толго мүнөзүндөгү сочинениесин ким окуйт?

Чолпон. Мен окуп көрөйүн.

Зейнегүл. Доскага кел.

II. Ой толгоо

(Бул сочинение да 1987-жылы январь айында жазылган).

Каимова Чолпон. "Алмамбет менен Чубактын чатагын" кандайча түшүнсөк болот? Алмамбет менен Чубакты Манас "Алмамбет, Чубак эгизим деп айтпады беле. Анан кандайча, кай себептен чатакташат?

"Алмамбет, Чубак кеңешип, четте калчу менминби? Алмамбет кетип чалгынга, оорукта жатчу менминби?" - деп ойлойт Чубак. А буга эмне себеп? Албетте, баягы эле "Манастан Чубак кем бекен?" деген кур намысчылдык. Чубак өзүнүн оюнда: "Кытайдан тентип келген Алмамбетти эмне үчүн алдыма өткөрмөк элем? Эмне үчүн Манас мени кеңешке чакырбай койду. Эмне, мен Манастан кемминби? Ал ногойлордун көсөмү болсо, мен нойгуттардын сырттанымын", - дейт. А чынында эле эмне үчүн чалгынга кыргыздын накта уулу Чубак барбастан, кангайдан келген Алмамбет кетти? А мүмкүн, ал айнып, орто жолдон кайра өз элине, өз жерине кетип калар? Жок, жок, жок! Ал эч убакта кангайга кайтып кетпейт. Эки аяктуу, жумуру баштуулардын баары эле

м боло бербейт. Алардын ичинде адамдары да бар, ши сүрөтүндөгү айбандары да бар. А Алмамбет - адам- к жогорку касиеттердин ээси, адам деген наамга та- ктуу баатыр. Ошентип, Алмамбет туулган жерине эч акта кетпейт. Себеби анын жердештери (Эсенкан, ңурбайлар) анын бардык сапаттарын, ой-туюмун, имин талкалагысы келген. Анан Алмамбет кайра ошол жакка кантип кетсин. Бул биринчи жагынан. Экинчи жа- нан, Алмамбет ал жактын шарт-өзгөчөлүктөрүн, тилин, нин, үрп-адатын, оболу жолунун ой-чуңкуруна чейин билет. Ошондуктан Алмамбеттин чалгынга барышы эң туура. Ал эми талашканы эмнеси? Ушул жерден бир нерсе келип чыгат. Чубаккка дагы бир жагынан карап көрүшүбүз керек. Чубак чалгынга, болгондо да ашынган душманга барууну талашып жатат. Мына бул Чубактын аныс баатырдыгы эмей эмне?! Калмак, кытайлар кыргыз- дарды таң-тамашага, оюн-зоокко чакырып жаткан жери жок да. Анда талашса бир жөн эле, Ага эч ким таң кал- мак эмес. А булчу? "Душманга Алмамбет барып, а мен эмне үчүн калып калам?" - деп жатат. Бул эрдиктин эр- диги эмей эмне? Кокуй, чалгынга мен эмес, Алмамбеттин кеткендиги эмей ырас болду деп, коңулга кирип жатып алса, анда Чубак Чубак болбой калмак. Бирок ал антүү- нүн ордуна чалгынга Алмамбет кетип, мен эмнеге барбай калам деп таарынып атат. Чубактын Чубак болушу, анын нукура баатырдыгы так ушунда. "Манастын" "Манас болуп кылымдардан кылымдарга унутулбай калышы да дал ушундай адамдык чыныгы сапаттарды ичине камты- ганынан улам болгон.

Зейнегүл. Мен талкуудан мурда Чолпонго суроо берүүнөрдү каалап турам. Анткени ой толгоо сочинениеси суроодон жана жооптон турат да.

Найзабеков Мирбек. Чолпон, эгер ушул ой толгоонду башкача жаз десе эмне кылар элең?

Чолпон. Мен бул сочинениени эки окуучуну сүй- лөштүрүп, диалог аркылуу жазмакмын. Минтип жазуунун жакшы жагы майда-чүйдө нерселерден оңой эле аттап кетесиң. Оюндун баары башкы маселеге бурулат. Бирок формасы башкача болсо да, баары бир, жогорку ойлорумду бермекмин.

Ташматов Таалай. Чолпон, эгер өзүндү өзүң сындасаң, бул сочинениенди кандайча баалайт элең?

Чолпон. Мен муну өзгөчө кызыгуу менен жаздым. Өзүмдү унутуп, жалаң ойлорум менен каалгып учуп жүрдүм десем да болот. Кээде эки кишиге айланып кетип жаткансыдым: суроо берүүчүгө жана жооп бергенге. Ойлор көп эле болучу. Бирок негизги нерсени ачууга

аракет жасадым. Азыр эле окуп жатып, өзүмдүн кемчилигимди сездим. Алмамбеттин чалгынга барышын бир жактуу түшүндүрүп салдым окшойт. Алмамбеттин достукка бекемдигин, Манастын ага ишенимин кошо кетсем болмок экен.

Молдалиев Чубак. Чолпон, ушундай сочинениени жазганда кыйналбасыңбы?

Чолпон. Өткөн жылы VII класстын адабияттындагы чыгармалар боюнча укмуштай талашып тартыштык. Бирок аныи баары оозеки болучу. Анда сочинение жазууга анча машыга элек болчубуз. Азыр сочинение жазгандан ыракат алам. Кадыресе толкунданам.

Атыканова Гүлнур. Чолпондун сочинениесинин өзөгүнө патриотизм. Ошону туюнуп жатып оюма булар келди. Акыйкат, эркиндик, көз каранды эместик үчүн күрөш байыртан эле башталган. Демек, бак-таалай үчүн болгои күрөштүн тамыры терең. Бак-таалай жөнүндөгү ойго ой, идеяга идея уланып жүрүп олтурган. Акыры алар жеңиш жөнүндөгү куралга айлангандай.

Зейнегүл. Чолпонго, Гүлнурга жана суроо бергендин баарына ыракмат! Эми, балдар, фантастикалык сочинениелерди уксак да, ага тиешелүү баа бересек. Кана, ким даяр?

Таштанбекова Гүлшан. Мен окуюн.

III. Кыял берметтери.

(Бул сочинение да 1987-жылы жазылган).

Гүлшаи. "Бүгүн мении уйкум эле келип туруп алды. Көрсө, уйку мени кызыктуу сонун түш көрүүгө чакырып жаткан тура. Анаи эле көзүм ачылбай, бир паста магдырап уктап кетипмин. Ажайып түш... Тим эле укмуш, кызык. Шыпыргы минген сыйкырчы экенмин. Шыпыргымды минип алып дүйнө кыдырып жүрдүм. Анан Бухара деген шаарды көрөйүн деп, ошол жак көздөй шуулдап учуп жөнөдүм дейсиң. Бир паста жетип бардым. Үйдүн тебөсүнө кондум. Элдин чурулдай түшкөнүнөн карай салсам, бир укмуш. Көк ырапыс тон кийген, көгала сындуу ат минген алп келатат. Аны көргөндөр коркушуп, турган жеринде селейип калышты. Алар эмес менин да жүрөгүм шуу дей түштү. Анан дароо эле алп немени сыйкырлап ташка айлантып салайын дедим. Кайра антпейин, балким, кызыктуу окуя болор деп күттүм. Ооба, мен ойлогондой болду. Капка шарт ачылып, жоо жарагын байланып, ок өтпөс тон кийген Темиркандын кызы, кара сурдун сулуусу Каныкей чаап чыкты. Астындагы тулпары ок жылаидай ойнойт.

- Эй, баатыр! Эгер эр болсоң, мени менен сайышка чык! Жөнсөң, каалаганында беребиз, жеңилсең, башыңды

кесип алам. Кезегиңди ал! - деп Каныкей кыйкырды. (Андан ары Гүлшандын сочинениесинде Каныкей менен Чубактын сайышы сүрөттөлөт. Акыры Чубак качат, артынан баатыр кыз сая түшөт. Чубак Манастарга жолугуп кутулат). Ошентип, ойгонуп кетсем түшүм экен. Мен өмүрүмдө эч качан соку минип, сок билгги менен камчыланган, же шыпыргы минген сыйкырчы болбос элем. Анткени Каныкейдин акылы, уздугу, дарыгерлиги, сарамжалдуулугу, керек учурда баатыр боло алгандыгы - мен үчүн идеал. Менин жан дүйнөмдү жарык кылып турган кооздук, асылдык, сулуулук. Аны мен сиңирип алдым. Өмүрүмдө аны эч кимге тарттырбайм жана коргойм. Эгер адамдын жан дүйнөсүндө алдейленген кооздук, асылдык, сулуулук, болбосо, анда ал эмнени коргойт. Андайлар башка азгыргыч кыял-жоруктардын туткуну болуп калат".

Зейнегүл. Ыракмат, Гүлшан. Эми сөз кезеги пикир айтуучуларда. Менин суранычым, оюңарды кыска-кыска жана тез айтсаңар. Агайдын сабагындагы экспресс-талдоого окшоштуруп көрөлү да.

Калназарова Элнура. Гүлшан эң сонун кыялдана алган, сыйкырчыга айланып кеткен. Сочинение ушунусу менен кызыктуу.

Адамалиев Лурнис. Мен Элнуранын айтканыиа каршымын. Сочинениеде көп кемчилик бар. Эпостогу окуянын өзүн эле кайталап койгон. Айырмасы - бул жерде сыйкырчынын көзү меиен көргөндүгү.

Раманкулова Назгүл. Мен да ошол кайталоолорду байкадым. Гүлшан "шыпыргы минген", "шыпыргымды миннп" деген сөздөрдү удаа келген сүйлөмдө колдонгон. Бул - ката.

Нусупова Дарийка. Ким деле болсо ката, кемчилик кетирет, бирок баарын эле анын көлөкөсүндө калтыра берүү жанылыштык.

Турдугулова Динара. Сен көлөкөдө калган жерлери деп кайсыны эсептейсин?

Дарийка. Кыялдануулардын жана аягындагы эң сонун корутундусун.

Жусупов Турусбек. Корутундусу мага жакты.

Ашыпова Гүлнара. Чынында, эпос биздин кызыктуу окуялары менен гана азгырып жаткан жок да. Каныкей менен Чолпон сыяктуу Гүлшан да "Манастан" өзүнө кымбат нерсени тапкан.

Тайтакова Элмира. Менде Зейнегүлгө сунуш бар. Чолпон Каимова дагы бир фантастикалык сочинение жазыптыр деп уктук. Азыр ошону окуп берсе.

Зейнегүл. Балдар, силер кандай дейсинер?

Окуучулар. Окусун угабыз! (Кол чаап жиберишет).

Зейнегүл. Болуптур, аягында пикир да айтасыңар. Кел, Чолпон.

VI. Өткөн кылымга саякаттап баргың келеби?

(сочинение)

Каимова Чолпон. "Оо кыял, кыял, учкулсуң да күлүксүң, кызыктуусуң, сырдуусуң. Аралайсың ааламдын мейкиндигин. Өткөндөгү, алдыдагы кылымдарга барасың. Баса, экөөбүз сүйлөшүп олтура берип, Чубак баатырдын байыркы Бухара шаарынан көргөн окуясынан кечигип калбайлы. Кана эмесе, жүр кеттик. Жок, сөз башынан болсун. Менин досум Канат техникага аябай кызыгат. Көп күндөрдөн бери сырдуу техникалык иштин үстүнө иштеп жүрөт. Мен сурасам, айтпай койду: - "Убагында билесиң", - деп. Бир күнү үйүнө чакырды. Бардым. Ал өзүнүн ар кандай приборлордон киши жол таап бара алгыс бөлмөсүндө экен. Бет маңдайында экраны боз чаңгыл болуп чыбырчыктаган бир нерсе. Ал менден мындай деген кызыктуу суроону сурады.

- Өткөн кылымга баргың келеби?
- Албетте, баргым келет.
- Сөзсүзбү? Айныбайсыңбы?
- Сөзсүз. Айныбайм. Бирок кандайча бармак элем. Мындай нерсе миң жылда да ишке ашпайт. Сүйлөйсүң да тимеле.
- Ишкеашты. Ашкан үчүн ушинтип айтып отурам да. Сен айныбасан эле болду. Анда эмесе даярдан.
- Кандайча?
- Дал ушундайча.

Канат жанагы телевизорго окшогон прибордун жайнаган кнопкаларынын бирөөсүн басты. Ошол замат мен өзүмдүн кийгенимди билбейм, карасам үстүмдө узун, шөлбүрөгөн көйнөк. Дагы бир кнопканы басты элс, мен өзүмдү өзүм билбей каалгып учкан бойдон түз эле боз чаңгыл болуп турган экранды көздөй жөнөдүм. Мага экран катуудай, азыр аны менен сүзүшүп башым быт-чыт болчудай сезилип кетти. Бирок сүзүшпөстөн эле экрандан өттүм. Кебез менен кыскандай жумшактыкты сездим. Анан жымжырт караңгы тунгуюкка куладым. Андан башка эч нерсени билбедим. Этегим желге желбиреп, калкылдап барам, жылдыздар дүйнөсүндө. Кулагымда шамал ышкырат, жан-жагымда жылдыз жыбырайт. Тээ төмөндө өтүп жатат, Ильич шамдары жалт-жулт этип зымырап. Кээ кезде алдымдан от куйруктуу ракета, космостук кораблдер кезигет. Улам-улам жакындап келе жаткан

учу-кыйыры жок караңгы тилкеден белгисиз сырдуулук сезилет. Зуу! XX кылымдын чегинен ашып, XIX, XVIII, XVII, XVI, XV, XIV... кылымга кирип кеттим. (Мында бир да Ильич шамы жок. Ракета, кораблдер да кездешпейт). Деңиздерден, тоолордон өттүм. Мына өрөөндөр башталды. Зуу! Ой, кайда кетип калдым? Тээ төмөндө кайсы шаар, кайсы кылым? Белгисиз. Караңгыда шаар дүпүйөт. Ар кайсы жерде бийик-бийик миналар, үстүндө жарым айы бар. Ал эми асмандагы каалыган ай шооласын шаардагы жыбыраган жарым айларга төгөт. Анан алар шоолага чагылышып, жаркылдаган сансыз көп айларга окшоп кетет.

Күмүш седепке окшоп жылтылдаган жылдыздары чексиз, түпсүз кара-көк асманда илинип турган чоң жарым ай шаар үстүндө койкоюшкан сансыз көп айлардын ханзаадасы сыяктанат... (Андан ары Чолпондун сочинениесинде Бухара шаарынын дарбазалары, найзага окшогон түркүктөр, шырт этксн дабышты тыңшаган сакчылар, барскаи баткыдай оозун кере ачып эстеген кароол баш, ээгинде эрбейген төрт кылы бар, кылжыйган ичке мойну сынып кетчүдөй илмейген молдонун кулак жара заңылдап азан чакыра башташы, андан кийин Чубактын эч ким кийирбей, эч кимди чыгарбай шаарды камашы, бой-мүчөсү кслишкен, оймок ооз, бото көз, кара сурдун сулуусу, аялзаттын нурдуусу Саани кыздын душман менен беттешүүсү үчүн, атасынан уруксат сурашы, Темиркандын макул болушу, андан ары найза сайышуусу, Чубактын качышы таасын сүрөттөөлөр менен ангемеленет).

...Анткени батып бараткан күн кыпкызыл болуп, экөөбүнүн мандайында тийип турган болучу. Санирабига: "Мына, мына, азыр Чубак күнгө кирип кетет да, мен кармай албай калам", - деп ойлоду. А Чубак минтип ойлонууда: "Мына, мына, азыр мен күнгө кирип кетем. Ошондо эмне болот? Албетте, күйүп өлөм. Бул артта келаткан кыздан коркунучтуу эмеспи". Бирок ошол учурда батып бараткан күндүн шоолаларынын арасынан эки карааңды көрө койду: "Токто, токто, бул Манас менен Бакай эмеспи". Чубак ошол замат күнгө кирип кетем деген ой сыйкырынаи бошонду. Мен да алардын сөзүн угуп калуу үчүн учуп жөнөдүм. Бирок дал ошол учурда алоолоно тийип турган күн да, караандар да, Чубак менен Санирабига да жымырап эрип кеткенсип жок болду. Мен капкараңгы, кулак чып бүтүп калгансыган жымжырттыкка дуушар болдум. Баштагыдай эле кебез менен кыскандай кысымды сездим жана баштагыдай эле бет алдымда турган чыбырчыкталган айнекти сүзүп алуу-

дан коркуп кеттим. Бирок эчтемени сүзбөй эле айнектен ары өтүп, бет алдыман Канатты көрдүм. "Кое турбайсыңбы бир аз. Эң кызык жерине келгенде, бүтүрүп салдың. Эмне анча шашылдың" деп айтайын дегиче, менден мурда озунуп, Канат оозун ачып, саатчасынан кулак тундуруп чырылдап жиберсе болобу? Мына, кызык. Канат адамча сүйлөбөй, саатча чырылдаганы эмнеси? Көзүмдү ачып жибердим. Таңкы саат жети. Саат мектепке барууга убакыт болду деп жаагын баспай чырылдап жатыптыр. Ой, тооба ушундай да түш болот экен ээ. Кайдагы Канат? Дос тургай эч убакта көрбөгөн адамым. Бирок, чынында элс, биздин техника эң жогору деңгээлге чейин өнүккөн убакыт качандыр бир кезде келсе, анда мен сөзсүз өткөн кылымдарга саякатка бармакмын. Ошентсе да, кыял баарынан күчтүү, күлүк, кызыктуу жана сырдуу".

Зейнегүл. Азаматсың, Чолпон. Заматта тээ мурунку кылымдарга зуулдап барып келе койгонун карасан. Чарчадың го, эми эс ала тур. Сөз кезеги окуучуларда.

Кенжегулова Салтанат. Мен Чолпонду ээрчип, кошо кыялданып, седептей жылтылдаган жылдыздардын арасында кошо учуп бараттым. Кулагымда ышкырган шамалды, караңгылыктагы белгисиз сырдуулукту сезип турганымды жашырбайм. Жайкы түндүн сыйкырланып калгансыган жан көшүлтө мемиреөсүн туйдум. Ошентип, Чолпон сочинениеси менен мени да сыйкырлап салды. Анан ичимден "Мен эмне үчүн мындай сочинение жаза албайм" деп ойлодум да, өз кемчилигимди сездим. Оозеки пикир айтканда, жакшы сүйлөйм, бирок сочинение жазганда анте албайм. Көбүнчө колум да тийбей калат. Сабактан кээде калып калганым да таасир этет окшойт.

Чикеев Арген. Анын эмнеси бар экен, Чолпондой болуп кыялдан. Ракеталардан, космос кораблдердии үстүнөн учуп өт. Жаз, бүткөндөн кийин ондо, ашыкча жерлерин сыз, калып кеткен жерлерине кош.

Алканов Калнур. Арген, сенин өзүңдө Чолпондогудай сапаттар барбы?

Арген. Бар деп айта албайм. Себеби мен ыр жазам. Эмнегедир кыялымдын баары ыр саптарына түшпөйт. Ойлорумду батыра албай кыйналам. Каныкейдин ою кулулушуп, ыр "жыттанып" турса, Чолпондун жазганы эркин, ишенимдүү, ар бир сүйлөмү ыр сабына окшош, мазмундуу. Бул - фантастикалык ангеме. Ушул иштин артынан жүрүп олтурса: балким, Чолпон Андерсен сыяктуу жазуучу болору шексиз.

Шыгаева Кундуз. Мен да бир-эки сөз кошо кетейин. Салтанаттын, Аргендин айткандарына кошулам. Чолпон өтө көп окуйт. Ошол себептүү ал көп билет. Кээлер көптү билсе деле уккун келбейт го, ал эми Чолпон сүйлөсө да, жазса да, толкунданып, эргип турат. Ойлойм да, Чолпондо жогоркулардан башка шык да, талант да бар. Бир нерсени тез байкайт, тез түшүнөт, дароо өзүнчө жыйынтык чыгара алат. Кыялкеч болуу менен бирге эмгекчил. Ойлогонун ишке ашырат.

Боронбаева Нуржамал. Мен бул сочинение боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгармакчымын. Чолпондун жазганы бул кыял эмес, кызыктуу дүйнө. Ажайып дүйнө. Чолпон акылы менен ушундай бир кереметти жараткан. Балким, бул окуучу мектептик жылдарда эле жазуучу болуп калыптанып жаткандыр. Эгер таштап койбосо Арген айткандай, чоң жазуучу болот. Экинчи белгилерим - бул ачылыш. Чолпондун ички мүмкүнчүлүгүн жаңы ачылган булактын тунуктугуна салыштырар элем. Үчүнчүдөн, бул -кызыктуу өмүр. Чолпон кийин, балким, эч нерсе жазбай калар, бирок ушул сочинениеси менен өткөн жылдарды; бизди, бүгүнкү күндү эскерет. Демек, бул сочинениени бүгүнкү күндөрдүн белгиси деп эсептейм. Ошондой эле бүгүнкү окулган сочинениелерге баа коем. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде биздин Арал кыштагынан 226 жоокер курман болгон. Алардын арасында туулган жердин топурагы тартсын, ыдайым жеңиш менен келейин деп ырымдап Манастын жеринен бир ууч топурак ала кеткендер да бар.

Мен ошолорго арналган бизднн айылдык эненин монологун силерге баа катары тартуулайм. (Нуржамал төмөнкү саптарды толкунданып көркөм айтат: "Сен, балам, суу түбүндө сүлүктөй, суурулуп чыккан күлүктөй элең. Сен, балам, кош тегирмен ноодой, кошулуп аккан суудай элең. Тобурчакка ат коштуң, топ солдатка баш коштуң, топурап келген фашистти, топ-тобу менен боздоттуң, балам. Билемин, Мекен үчүн кармашта эр жигиттин башына нелер келип, нелер кетпейт. Башына мүшкүл иш түшөт. Бурулушта өрмөк бар, бурма моюн өрдөк бар, булка-булка жулкушуп, бут тайган жерде өлмөк бар, балам. Кайрылышта өрмөк бар, карала моюн өрдөк бар, кара ниет жоо менен кармашып жатып өлмөк бар, балам. Анан эмне болду? Күмүш орден тагынган, күлүстөн жигиттер күлмүндөп күлүк минип келди алыстан, сен жоксуң. Алтын орден тагынган, ажалы жок жигиттер алкынтып аргымак минип келди алыстан, сен жоксуң. Бүт дүйнөнүн калкына көрөрүнө күн болуп, жеңиш келди, мен жоксуң. Алтын куйрук чагылган ай

астында сойлоду, күмүш куйрук чагылган күн астынан сойлоду. Балам, сен казаттан кайтпай калдың. Ак сүтүмдү актадың. Ошондо да жүрөк дегсн жүрөк да, сени ойлогондо, мандайымдан тер чыбырчыктап чыгат, эмчегим сыздап ооруйт, балам. Өпкөм көбөт, бетимди жаш жууйт. Көргүм келет сени. Бирок сен жоксуң. Сен Жеңишснн, жан балам. Сен Жеңишке айланып кеткенсиң, сенин көзүң - Жеңиште, жүрөгүң - Жеңиште, акылың - Жеңиште. Жеңиш - бул сенсиң, жан балам. Жеңиш - бул сенсиң, жан балам. Жеңиш - бул сенсиң, жан балам!!

(Окуучулар кол чабышты)

Мугалим. Сочинениенин авторлоруна, сабак өткөргөн Зейнегүлгө жана талкууга катышкандардын баарына чыгармачылык нйгилик каалайм. Эмки сабакта жаңы сочинениелерди окуу, талкуу, талаш-тартыш улантылат, аны Элнура, сен уюштурасың. Кааласаң, окуучуларды эки командага бөлүп, жарыштыра аласың, жаңы ой айткандарга, талаш-тартышты кызыттыргандарга, мурдагыга салыштырмалуу өсүшү барларга өзгөчө көңүл бурсаң болот, балким, алардын эмгегин упай, көрктүү окуу, учкул сөздөр менен белгилерсин.

...Мына - андан бери көп жыл өттү. Жогорудагы Каныкей, Гүлшан, Чолпон - үчөөнүн сочинениелеринин негизинде уюштурулган сабактын бактысы бар экен. Ал ошол кезде кызматы боюнча командировкага келген методист окумуштуу С.Байгазиевдин катышуусу менен жазылып алынды. Ал эми жазылбаган, мазмуну боюнча өтө күчтүү сабактар канча дейсиз! Жүздөп саналган. Муну эстеп жатышымдын жөнү бар. Ошол Зейнегүл, Нуржамал, Элнура, Чолпон сыяктуу ондогон окуучуларым уюштурган чыгармачыл сабактар бир кезде менин СССРдин эл депутаты болуп шайланышыма чоң кол кабыш кылган. Анткени окуучуларым сочинениеден жана анын негизинде терен ой жүгүртүүлөрдү чагылдырган талкуулардан уюп бүткөн сабактары менен тике Талас шаары менен Талас районунун сахналарына чыгышты. "Биздин агайыбызга добуш берсеңиздер экен" деп үгүт жүргүзүшкөн жок, бирок эң сонун сабактарды көрсөтүштү. Аларды угууга ата-энелер, мугалимдер, окуучулар катышты. Бул эл алдында өткөрүлгөн, окуучулар өздөрү уюштурган ачык сабактар эле. Ошентип, дилнаамалар менен ой жүгүртүү ишмердигинин үзүрүн көргөн жагдайым бар.

Ал эми "Манас" окуу программасы менен "Манас" сабагы" окуу китеби балага, ой жүгүртүү ишмердигин, иш

аркылуу инсанды, калайык-калкты, заманды өз колу, өз аракети менен ачып түшүнүүгө, ачып жатып калыптануу-га, жетилүүгө мүмкүндүк берүүчү сааттарды, багыттарды, маалымат-материалдарды тартуулайт.

6. "МАНАС" ОКУУ ПРОГРАММАСЫ

III-XI КЛАССТАР БОЮНЧА

1. "Манас" үчилтиги 1992-1993-окуу жылынан бери Талас дубанынын бардык мектептеринде өзүнчө предмет катары окулуп жатат. Ар бир класста жумасына бир сааттан. Ошондо бир окуу жылынын ичинде III-XI класста бардыгы 315 саат сабак берилет.

2. Бул окуу чежиресин (программасын) түзүүдө төмөндөгүдей жол-жосундар көңүлдүн чордонунда болду.

а) Мазмунду өздөштүрүү боюнча:

- балдарга эпостун жүрөк титиреткен окуяларынан бери үйрөтүү, "Манас" дүйнөсүн ачуу;
- эпосту кыргыз элинин ажары, жүзү, миңдеген жыл-дарды камтыган жан дүйнөсү, көркөм дөөлөтү катары ба-лага сиңдирүү, аны өмүр сабагына, рухий күлазыкка айландыруу;
- "Манас аркылуу балага элдик биримдикти, улут аралык ынтымакты, атуулдук ар-намыстуулукту, ишкердикти үйрөтүү;
- "Манас" менен баланын аруу дүйнөсүн, жарандык та-ламын жетилтүү.

б) Усулдук жагынан:

- кайталанмалуулук (унутуп коюу - баладагы кемчилик эмес, табигый касиет, ошондуктан бул иш 3төн 11-класска чейин ырааттуу жүргүзүлөт);
- колдонуучулук (такай окуучунун колдонуусунда болбогон иш тез унутулат, ошол себептен көрктүү окуу жана таймаштар 3-11-классты бүт камтыды);
- топтомочулук (эпосту үйрөнүү мезгилинде окуялардын, образдардын топтому - комплекси түзүлөт да, алар эпосту ырааттуу жана толук билдирүүгө мүмкүн-чүлүк түзөт);
- үзүрдүүлүк (бардык аракет бүт үзүрдү - натыйжа алу-уга багындырылган, бул - программанын баш багыты);
- эриш-аркактык (бул бир эле классты эмес, бүт 3-11-классты толук камтыйт).

3. Бул окуу чежиресинин мазмуну төмөндөгүлөрдөй бөлүктөрдөн турат. 1) "Манастын" өзөк окуялары - 67 саат. 2) топтомолор - 25 саат, 3) ой жүгүртүүлөр - 20 саат, 4) көрктүү окуу жана таймашуулар - 67 саат. 5) сөз берметтери - 29 саат, 6) дилнаама жана аны тал-

куулоо - 45 саат, 7) манасчылар - 15 саат, 8) "Манас" жана тарых - 12 саат, 9) "Манас" жана кенже эпостор - 10 саат, 10) "Манас" дүйнөсүнө саякат - 25 саат.

4. Бул окуу чежириси усулдук колдонмолордун, окуу китебинин жүгүн көтөрбөйт, "Манас сабагы" боюнча мугалимдин ишмердигине багыт берет.

5. "Манастын" бардык варианттарын бир учурда окутуу мүмкүн эмес. Ошол себептен окуу чежиресинин өзөгү кылынып профессор Б.М.Юнусалиевдин жетекчилиги менен бириктирилген "Манастын" кыскартылган вариантарынын төрт томдугу пайдаланылды. Бирок бир эле нуска аркылуу бардык варианттар жөнүндө сөз кылууга болот, антүгө "Манасчылар", "Манас жана тарых" ж.б. темалар мүмкүнчүлүк берет.

6. Бул окуу программасы Талас дубанынын акимчилиги жана дубандык элге билим берүү бөлүмүнүн өтүнүчү боюнча түзүлдү. 1992-жылдын 15-июлунда дубандын кыргыз тил, адабият мугалимдеринин бирикмесинде жактырылып, окутуу ишинде колдонулууга сунуш кылынган.

III класс - 35 саат

"Манас" бул кыргыз элинин жүзү, ажары жана миңдеген жылдарды карыткан жан дүйнөсү - 2 саат.

"Манастын" маанаси жана аны окуп үйрөнүүнүн зарылдыгы.

"Түлөберди манасчы" уламасы.

"Манас" бөлүмү.

I. **Кыргыз элинин чабылышы жана сүрүлүшү** - 2 саат.

Баскынчылардын кыргыз элин кырып-жоюп, тирүү калганын дүйнөнүн түш-тарабына чилдей таратып жиберилиши. Башка элге сиңип кетүү коркунучу. Акбалтанын кеменгерлиги. Ишкердик. Жакыптын байышы.

II. **"Айбалтаны ким аштайт, азган журтту ким баштайт"** - 2 саат.

Жакыптын түшү. Мал багар эмес, эл багар Манастын төрөлүшү. Баланын сыны, турпаты.

III. **Көрктүү окуу** - 2 саат.

Манастын көрүнүшү.

IV. **"Кеткенден алар кегимди, өткөндөн алар өчүмдү"** - 2 саат.

Ошпурдун колунда. Согуш оюндары. 40 бала. Калмактын 80 баласы менен болгон мушташ. Жакыптын чочулоосу.

V. **Жаш Манастын алгачкы жеңиштери** - 2 саат.

Манастын Канжарколду, Кочкуну, Дөөдүр алпты, Жолойду жеңиши. Байдын келиши. Нескара.

VI. **Көркүү окуу** - 2 саат.
Жолойдун Манастан жеңилиши.

VII. **Сөз берметтери** - 3 саат.

I-VI темалар боюнча.

VIII. **Ой жүгүртүүлөр** - 2 саат.

I-V темалар боюнча.

IX. **Манастын элинин Алтайдан Таласка келиши** - 2 саат.
Кошой. Туулган жерди душмандардан бошотуу. Согуштар. Баатырларды жыйноо - "кулаалы жыйнап куш кылуу, куранды жыйнап журт кылуу".

X. **Аккула** - 2 саат.
Жакыптын кесирлениши. Таарынуу. Баба дыйкан. Аккулага ээ болуу.

XI. **Алмамбеттин Манаска кошулушу** - 3 саат.
Алмамбеттин төрөлүшү. Чатактын ырбашы. Алтынай. Ызгыч куш. Түш. Манастын Алмамбетти сынашы. Той.

XII. **Ой жүгүртүү** - 2 саат. IX-XI темалар боюнча.
Алмамбет өз элинин душманыбы? Манас аны эмне үчүн сынады?

XIII. **Сөз берметтери** - 2 саат.
IX-XI темалар боюнча.

XIV. **Көркүү окуу боюнча таймаш** - 4 саат.
III, VI темалар. XI темадагы "Ызгыч куш", "Түш".

IV класс - 35 саат.

XV. **Көркүү окуу** - 2 саат.
III, VI, XI темада белгиленгендер.

XVI. **Каныкей** - 2 саат.
Каныкей менен Чубактын сайышы. Жуучулар. Калың. Манастын Каныкейге үйлөнүшү.

XVII. **Көркүү окуу** - 2 саат.
Каныкей менен Чубактын сайышы.

XVIII. **Сөз берметтери** - 2 саат.
XVI тема боюнча.

XIX. **Манастын ууланышы** - 2 саат.
Душмандын амалы. Өздөн чыккан жат, өзөктөн күйгөн өрт - Көкчөкөз менен Көзкаман. Манасты куткаруу жана айыктыруу.

XX. **Көрктүү окуу** - 3 саат.
Манастын өксөөсү.
XXI. Салыштыруу - 1 саат.
Манасты ууландыруунун Сагымбайда жана "Маджму ат-таварихте" чагылдырылышы.
XXII. **Ой жүгүртүүлөр** - 3 саат.
XVI, XIX темалар боюнча.
1. Каныкейден качкан Чубак коркокпу?
2. Алмамбет менен Көкчөкөздөрдү салыштыр.
3. Эмне үчүн ууландыруу керек? Бүргө баатырдын өлтүрүлүшүн кошумчалоо.
XXIII. **Көкөтөйдүн ашы** - 2 саат.
Жер тандоо. Кыргыз көчү. Кабар. Бокмурундун көпкөндүгү.
XXIV. **Көрктүү окуу** - 2 саат.
Кыргыз көчү.
XXV. **Нескаранын чатагы** - 2 саат.
Ашка коноктордун келиши. Нескаранын Маанкерди сурап, чатак чыгарышы. Кыргыз баатырларын сыноо. Арам ой. Таласка кетти чабарман.
XXVI. **Каныкейдин сарамжалдуулугу** - 3 саат.
Алдын ала билгирлик. Чоролорго жасалган камкордук. Ийне жоор уздар. Жоо кийимдери.
XXVII. **Сөз берметтери** - 2 саат.
XIX, XXIII, XXV, XXVI темалар боюнча.
XXVIII. **Манастын ашка келиши** - 2 саат.
Чатактын тыйылышы. Аштын шаан-шөкөттөрү.
XXIX. **Көрктүү окуу боюнча таймаш** - 4 саат.
III, VI, XI, XVII, XX, XXIV темалардагы көрктүү окуулар пайдаланылат.

V класс - 35 саат

XXX. **Окуяларды топтоштуруу** - 3 саат.
III-IV класста өтүлгөн урунттуу окуяларды кайталоо жана аларды топтоштуруу.
XXXI. **Көрктүү окууларды кайталоо** - 3 саат.
Мында III, VI, XI, XVII, XXIV темаларда белгиленген көрктүү окуулар пайдаланылат.
XXXII. **Кошой менен Жолойдун күрөшү** - 2 саат.
Балбан тандоо. Кандагай шым. Күрөш. "Ит чиркин, бек карма".
XXXIII. **Көрктүү окуу** - 2 саат.
Кошойдун балбан тандашы.

XXXIV. **Сөз бермети** - 2 саат.
XXVIII, XXXII темалар боюнча.
XXXV. **Түкүбай менен Эр Агыштын күрөшү** - 1 саат.
Күрөш. Агыштын күлкүсү.
XXXVI. **Ой жүгүртүүлөр** - 2 саат.
Кошой өзү кызыл көз чал болсо, анан күрөшкө түшкөнүн кантесиң! Дагы күрөшүп жүрүп уктап калганын кара?! Баштан эмне үчүн аттоо керек?
XXXVII. **Манас менен Коңурбайдын сайышы** - 2 саат.
Ат тандоо. Беттешүү. Алмамбет: "Колго түшкөн коенду, кое берген оңорбу?" Манас: "Бирөөнүн тону тон болбос, бирөөнүн аты ат болбос". Эгер Манас ошол бойдон Алгараны олжолоп алган болсо, андан аркы окуялар болбой калар беле?
XXXVIII. **Көрктүү окуу** - 2 саат.
Баатырлардын турпаты. Курал сыны. Аколпок.
XXXIX. **Сөз бермети** - 1 саат.
XXXV, XXXVII темалар боюнча.
XXXX. **Коңурбайдын кол салышы** - 1 саат.
Намыстануу, ызалык жана жылкы тийүү.
XXXXI. **Чубак менен Алмамбеттин чатагы** - 2 саат.
Алмамбеттин чалгынга кетиши жана ордо чатагы. Бакай: "Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет". "Эр чекишпей бекишпейт".
XXXXII. **Көрктүү окуу** - 2 саат.
Эки баатырдын айтышы.
XXXXIII. **Ой жүгүртүүлөр** - 1 саат.
Бул чатакта айыпты кимге тагуу керек?
XXXXIV. **Манастын уйкусу** - 1 саат.
Чубактын Манасты ойготушу.
XXXXV. **"Азууларын аркайтып, ат өлүгү тоо болду, муруттарын сербейтип, эр өлүгү зоо болду"** - 2 саат.
Согуштук ыкмалар. Манас менен Коңурбайдын сайышы. Аймаңбоздун сууга агышы. Колдун келиши. Кыргын согуш. Шадыкан.
XXXXVI. **Көрктүү окуу боюнча таймаш** - 3 саат.
Мында III, VI, XI, XVII, XX, XXIV, XXXIII, XXXVIII, XXXXII темада белгиленген көрктүү окуулар пайдаланылат. XXXXV темадагы Кыргын согуш учуру көрктүү окууга кошулат.

XXXXVII. **Окуяларды топтому боюнча кайталоо** - 3 саат.
III-V класста өтүлгөндөр боюнча.

VI КЛАСС - 35 саат.

XXXXVIII. **Манасты унуткансып** - 1 саат.
Кол санагы. Серектин сергектиги.

XXXXIX. **Манастын жарадар болушу** - 1 саат.
Жеңиш. Алдануу. Бакайдын сезгичтиги.

L. **Баатырлардын набыт болушу** - 2 саат.
Шыпшайдардын келиши. Чубактын, Сыргактын, Алмамбеттин өлүмү. Аккуланын окко учушу. Манастын *акыркы* кайраты.

LI. **Манастын дүйнөдөн кайтышы** - 2 саат.
Жарааттын күчөшү. Сараланын келиши. Керээз. Күмбөз.

LII. **Көрктүү окуу** - 2 саат.
Алмамбет менен Чубактын тирүүлөй коштошуусу. Сараланын келиши.

LIII. **Сөз берметтери** - 1 саат.
XXXX, XXXXI, XXXXIV, XXXXV, XXXXVIII, XXXXIX темалар боюнча.

"СЕМЕТЕЙ" БӨЛҮМҮ

LIV. **Каныкейдин Көбөш кандан чабылышы** - 2 *саат*.
Кастык. Семетейди алып качуу. Бакайдын жардамы.

LV. **Көрктүү окуу** - 2 саат.
Каныкейдин Талас менен коштошуусу.

LVI. **Букарга бараткан жолдо** - 1 саат.
Төлгө. Жышаан. Ысмайыл.

LVII. **Каныкейдин Тайторуну чабышы** - 1 саат.
Күлүктүү суутуу. Ат жарыш. Ысмайылдын чечими. Эне жаиа бала. Периште. Суроо. Тайторунун чыгышы.

LVIII. **Көрктүү окуу** - 4 саат.
Каныкейдин Тайторуну чабышы.

LIX. **Семетейдин Сарытазга жолугушу** - 1 саат.
Жаратылыш көркү. Куш салуу. Көмүр өчүрүү. Жаңылык. Семетейдин таарынышы. Каныкейдин жомогу.

LX. **Семетейдин Таласка келиши** - 2 саат.
Таластын көрүнүшү. Бакай, Жакып, Абыке, Көбөштүн тосуп алышы. Кумайык менен Акшумкар. Та-

лас дайрасын кечүү. Күмбөз берген белги. Көчүп келүү. Чоролордун чыккынчылыгы. Күлчоро менен Канчоро.

LXI. **Ой жүгүртүүлөр** - 1 саат.

IV, X темалар боюнча.

1. Жакып менен Көбөш ит баласы Кумайыкча да боло албаганы неликтен?

2. Эмне үчүн Жакып өз келечегин өзү кыркышы керек?

LXII. **Айчүрөктүн учушу** - 2 саат.

Чынкожонун чатагы. Айчүрөктүн Семетейди издеп чыгышы. Чачыкейге жолугуу. Үч сыр. Акшумкардын жоголушу. Күлчоронун чалгыны.

LXIII. Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү - 2 саат.

Тайбуурул. Үргөнчтү кечүү. Айчүрөктүн түшү. Чынкожо менен Толтойдун жеңилиши. Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү.

LXIV. **Көркүү окуу** - 2 саат.

Айчүрөктүн Чачыкейге жолугушу. Тайбуурул - канаттуу тулпар. Үргөнчтүн көрүнүшү. Айчүрөктүн түшү.

LXV. Семетейдин Коңурбай менен согушу - 1 саат.

Коңурбайга каршы аттануу. Сыйкырдуу кароолчулар. Семетейдин жараланышы. Коңурбайдын өлүмү.

LXVI. Тайбуурулдун тартууланышы - 1 саат.

Үмөтөйдүн кол салышы жана өлүмү. Тайбуурулдун тартууланып кетиши. Канчоро менен Чачыкейдин кастыгы.

LXVII. Семетейдин кайып болушу - 1 саат.

Канчоронун чалгыны. Төлгө таш билдирген жышаан. Буктурмадагы кол. Кыяз. Канчоронун чыккынчылыгы.

LXVIII. **Көркүү окуу боюнча таймаш** - 3 саат.

LII, LV, LXIV темаларда белгиленген көркүү окуулар пайдаланылат.

LXIX. **Окуяларды топтому боюнча кайталоо** - 2 саат.

LIV-LXVII темалар боюнча.

VII КЛАСС - 35 СААТ

"СЕЙТЕК" БӨЛҮМҮ

LXX. **Күлчоронун туткунга алынышы** - 1 саат.

Канчоронун кан болушу. Элдин абалы. Бакай, Канкей, Айчүрөк жана Акбаланын көргөн күнү.

LXXI. **Сейтектин төрөлүшү** - 1 саат.
Кыяздын арамдыгы. Айчүрөктүн баланы аман сактап калышы.
LXXII. **Күлчоронун Айчүрөккө жолугушу** - 1 саат.
Күлчоронун тарткан азабы. Анын Айчүрөккө жолугушу. Карадөө. Аяш ата Момунжан. Чороиуи айгышы. Кыяздын өлүмү.
LXXIII. **Сөз берметтери** - 2 саат.
IV-XXII темалар боюнча.
LXXIV. **Сейтектин Таласка келиши** - 1 саат.
Каныкейге жолугуу. Канчоронун өлүмү.
LXXV. **Көркүү окуу** - 2 саат.
Күлчоро менен Канчоронун кайым айтышуусу.
LXXVI. **Семетейдин элге кошулушу** - 1 саат.
Кайып болуп кеткен Семетейдин дайыны. Эне сүтүнүн ыйыктыгы.
LXXVII. **Ой жүгүртүүлөр** - 2 саат.
Адамдын өлбөй кайып болуп кетишин кандайча түшүнүү керек? Куру кыялбы?..
LXXVIII. **Сарыбайдын согушу** - 1 саат.
Сарыбайдын кол салышы. Куялы. Сейтектин жениши.
LXXIX. **Түбөлүк өлбөстүк сапарга аттануу** - 1 саат.
Бакай, Каныкей, Семетей, Айчүрөк жана Күлчоронун кайып болушу. Эл тизгини Сейтекте.
LXXX. **Топтомдор боюнча кайталоо** - 7 саат.
Анын ичинде окуялар топтому - 3, "Бейне" топтому - 3, "Сыпат" топтому - 1 саат.
I-LXXIX темалар бүт пайдаланылат.
LXXXI. **Сөз берметтерин колдонуу боюнча таймаш** - 3 саат.
I-LXXIX темалар боюнча.
LXXXII. **Ой жүгүртө билүүгө машыгуу** - 4 саат.
Окуядан ойду чубап алуу ыктары. Үлгү, машыгуу.
LXXXIII. **Көркүү окуу боюнча таймаш** - 6 саат.
III-VII класска кирген бардык көркүү окуулар пайдаланылып, чыгармачыл сабактар өткөрүлөт.

VIII КЛАСС - 35 СААТ

LXXXIV. **Үчилтикти окуялар жана "Бейне" топтому боюнча кайталоо** - 3 саат.
Окуялар жана "Бейне" топтому пайдаланылат.

LXXXV. **Сөз берметтерин кайталоо** - 2 саат.
III-VII класстар боюнча.

LXXXVI. **Көркүү окуу боюнча чыгармачыл сабактар** - 3 саат. III-VII класста өтүлгөн көркүү окуулар пайдаланылат.

LXXXVII. **Манасчылар** - 15 саат.
Манасчылар жөнүндө кеңирэк маалымат. Түш көрүү жөнүндө. Алардын нускаларындагы өзгөчөлүктөр. Сагымбай менен Саякбайдын варианты. Кытай жергесиндеги манасчылар. "Маджму-ат-таварик". В.Радловдун, Ч.Валихановдун жазып алгандары.

LXXXVIII. **Дилнаама** - 9 саат.
Окуучулардын эркин тандап алышын камсыз кылуу үчүн аларга төмөндөгүдөй темалар сунуш кылынат: "Манас" менин өмүрүмдө", "Каныкейдин кайсы сапаты мага өзгөчө жагат?", "Чубак кандай баатыр?", "Бакайдын акылгөйлүгү", "Алмамбеттин кыргыз баатырына айлаиышы анын бактысыбы, же трагеднясыбы?", "Жолойдуи сүрөттөлүшү", "Кошойдун алптыгы", "Түш көрүү жана ишеним", "Төлгө таш", "Манасчылар - кылымдарга салынган көпүрө", ж.б. Булардан башка темаларды тандап алууда да окуучулар эркүү.

LXXXIX. **Дилнаама боюнча таймаш жана талаш-тартыштар** - 4 саат.
Мында окуучулардын чыгармачылык менен жаза алуу даремети өнүктүрүлөт. Калыптануу деңгээли, издеиүүлөр, табылгалар жана өксүктөр бааланат.

IX КЛАСС - 35 СААТ.

XCX. **Окуялар жана "Бейне" топтому боюнча кайталоо** - 3 саат. III-VII класста өтүлгөн материалдардын негизинде түзүлгөн топтомдор пайдаланылат.

XCXI. **Сөз берметтерн боюнча кайталоо** - 2 саат.
III-VIII класста өтүлгөндөр боюича.

XCXII. **Көркүү окуу боюнча чыгармачыл сабактар** - 3 саат. III-VIII класста өтүлгөндөр боюнча.

XCXIII. **"Манас" жана тнл** - 3 саат.
"Манас" - кыргыз тилинин казынасы, адабнй тилдин уюткусу, кору. Лексикалык катмарлар. Оозеки

көркөм чыгармачылыктын мүмкүнчүлүгүнүн пайдаланылышы.

LXXXXIV. "Манас" дүйнөсүнө саякат - 13 саат.
"Манастын" мазмунундагы асылнарк жана көркөм деөлөттөр: жер, эр, сулуу, тулпар, жарак сыпаты; атанарк жана дин; адамдагы алптык, сыйкырчылык, чыккынчылык, достук, ж.б. сапаттар. Булардын баары өзөк окуялардын негизинде ачылат.

LXXXXV. Дилнаама - 7 саат.
Төмөндөгүдөй темалар сунуш кылынат: "Манас" менин сыймыгым", "Өйдө бассам өбөгүм, ылдый түшсөм жөлөгүм", "Манас - бул түпкү тегим, жетн атам жана мен", "Манас" - миңдеген жылдарга саймаланып калган кыргыз өмүрү", "Манас" Теңирим жана колдоочум", "Манастын Таласты турак кылып алышынын сыры", "Манас" келечекте", ж.б. Булар окуучунун каалоосу боюнча башка темалар менен да алмаштырылат.

LXXXXVI. Дилнаама боюнча таймаш жана талаш-тартыштар - 4 саат. Жазылган сочинениелер боюнча.

X КЛАСС - 35 СААТ.

LXXXXVII. Окуялар жана "Бейне" топтому - 3 саат.
III-VII класста өтүлгөндөр боюнча.

LXXXXVIII. Сөз берметтерн боюнча кайталоо - 2 саат.
III-VII класста өтүлгөндөр боюнча.

LXXXXIX. Көркүү окуу боюнча чыгармачыл сабактар - 3 саат. III-VII класста өтүлгөн көркүү окуулар пайдаланылат.

LL. "Манас" жана кенже эпостор - 10 саат.
Кенже эпостор жана алар камтыган олуттуу турмуш көйгөйлөрү. Элдин эпнкалык арымынын чар тараптуулугу.

LLI. "Манас" дүйнөсүнө саякат" (уланды) - 6 саат.
"Манастын" мазмуиуна чөгөрүлгөн элдик даанышмандык, каармандардын билгирлиги, тапкычтыгы, акылгөйлүгү. Түш, төлгө, жышаан жана элдик педагогика жөнүндө.

LLII. Дилнаама - 7 саат.
Тандап алууга төмөндөгүдөй сочинениелер сунуш кылынат: "Боштондук - улуу акылмандык", "Манас" - Улуу Педагогика", "Манас" - бул мен ачкан

планета", "Манас" - бул менн ачкан аалам", "Өмүр сабактары", "Манас" менин өмүрүмдө", "Манасты Бакайсыз, Каныкейсиз кандайча элестетүүгө болот", ж.б. Окуучулардын каалоосуна жараша булар башка темалар менен да алмаштырылат.

LLIII. Дилнаама боюнча таймаш жана талаш-тартыштар - 4 саат. Окуучулардын жазган сочиненнеси боюнча.

XI КЛАСС - 35 СААТ

LLIV. Окуялар жана "Бейне" топтому - 3 саат. III-VII класста өтүлгөндөр боюнча.

LLV. Сөз берметтери боюнча кайталоо - 2 саат. III-VII класста өтүлгөндөр боюнча.

LLVI. Көркүү окуу боюнча чыгармачыл сабактар - 3 саат. III-VII класста өтүлгөн көркүү окуулар боюнча.

LLVII. "Манас" жана тарых - 12 саат, "Манастын" тарыхтагы издөрине үңүлүү. Окумуштуулардын изилдөөлөрүн салыштыруу (Б.Юнусалиевден Т.Оторбаевге чейин). Жазуучулардын ой-пикирлери (О.Айтымбетовдон Ч.Айтматовго чейин). Издөө, далилдөө жана төгүндөө.

LLVIII. "Манас" - кыргыз элинин улуттук сыймыгы - 3 саат. LLIX. Дилнаама (өмүр сабагы жөнүндө дил кайрыктар) - 8 саат. Окуучулардын тандап жазышына төмөндөгүдөй темалар сунуш кылынышы мүмкүн: "Манас" менин жан дүйнөмдө", "Манаска" таазим", "Манас" дүйнөсү", "Эрдик жөнүндө эргүүлөр", "Манас жана бүгүнкү күн", "Манас" - сенектикти билбеген, бардык мезгилге заманбап дастан", "Манасты" керектөөнүн сыры", "Дайыма колдонууда болуунун үзүрү", "Манас" дүйнөнүн жети кереметинен кем калбаган сейрек көрүнүш", "Манас" жана Кыргыз Республикасы", "Манастан" мен сиңирип алган нарктар", ж.б.

LLX. Дилнаама боюнча талкуу - 3 саат. Жазылган сочинениелер боюнча.

МАЗМУНУ

Бет ачар 3

КУТ КУРЖУН

Биринчи көзү *5*

Жети осуят 6

Биринчи осуят 6

Экинчи осуят 28

Үчүнчү осуят 39

Төртүнчү осуят 48

Бешинчи осуят 62

Алтынчы осуят 69

Жетинчи осуят 79

Жети осуят жөнүндө 93

КУТ КУРЖУН

Экинчи көзү 144

"Манас" жок болуп кетпөө жөнүндөгү улуу сабак 148

"Манастагы" өзөк окуяларды үйрөтүү 156

"Манас" үчилтиги боюнча түзүлгөн чежире-топтомо 181

"Манас" окуу программасы 243

МАНАСТЫН ЖЕТИ ОСУЯТЫ

колдоомо

Редактор *Жапиев Ж.*
Сүрөтчүсү Турумбеков К.
Техредактору *Шевченко Л.Я.*
Корректору *Кылычбекова К.*

Терүүгө 12.11.1996-жылы берилди.
Басууга 25.01.1997-жылы кол коюлду. 80 басма табак.

Бишкек шаары, С.Ибраимов көчөсү, 24
Мамлекеттик "Учкун" концерни